

АБДЫРАИМОВ ЫРЫСБАЙ

# ОТ МЕНЕН ЧОКТУ АРАЛАП



Ырысбай Абдыраимов

# ОК МЕНЕН ЧОКТУ АРАЛАП

*Повесть*



Областтык китепкананын
АБОНЕМЕНТ БОЛУМУ
Инв. № 51367

Бишкек - 2018

**УДК 821.51**
**ББК 84 Ки 7-4**
**А 13**

**А 13 Абдыраимов Ырысбай**
**Ок менен чокту аралап:** Повесть - Б.: 2018. - 222 б.

**ISBN 978-9967-9139-2-9**

*Ырысбай АБДЫРАИМОВдун адабий-көркөм публицистикалык бул повестине ал "Азаттык" радиосунда иштеген жылдары учураган чыныгы окуялардын изи менен жазылган чыгармалары кирди. Повесттин бул биринчи китебинде кыргыз-эл жери үчүн башын сайып, акыйкаттык издеп, өлүмдөн жалтанбаган баатыр жигиттердин элеси көркөм сүрөттөлдү.*

**А 4702300100-18**

**УДК 821.51**
**ББК 84 Ки 7-4**

**ISBN 978-9967-9139-2-9**

© Абдыраимов Ы., 2018.

## АЛГЫ СӨЗ

Ал кезде дүйнөнүн кайсы бурчунда, түз, жайык жерде жүрөбү, же тоо-токойдо, аска-зоодо турса да, азыркыдай алеки саатта сүйлөшөр, тасмага "чырк" эттирип, олуттуу окуяны үн-шоокуму менен түшүрүп алып, жазуулары менен сүрөт, көрмөлөрдү кайра эле өзүнөн жөнөтө салчу зымсыз телефон Сакадайдын түшүнө кирчү эмес. Баянын дароо оңдогонго маш, каалаган сандагы баракка көбөйтүп, көчүрмөлөп ийчү кампутер, кол китеп өңдүү жабдууларды укканы менен колуна илешпей, ыраатын көрө элек кез. Ал тургай өткөн кылымдын токсонунчу жылдарынын ортосунда "Азаттык" радиосуна ишке кирип, үнү жаңыра баштаганда деле өлкөнүн аймак, дубандары түгүл, борбор калаа Бишкекте да интернет желеси жайыла элек, желе эч кайда туташпаган учур. Сары чийкил, арыкчырай, кодоо жигит дене-бойду титиреткен аңтар-теңтер далай окуялардын үстүнөн чыккан. Издеп тапкан курч, кулакка жагымдуу жаңылык-окуяларды андан кийин он жыл бою да көрүнгөн жерге сыңар тизелей калып, кол менен чиймелеп жүрдү. Элеттин байтагында зырылдап-күүлдөп добуш коштогон байыркы автоматтык телефон станцияларында жөн-жай кардарлар менен аралашып, кезек күтчү: борбор менен туташтырганда гана бир бөлмөгө кирип, тыңшоочу колундагы кагаз менен ооз-кулагына араң жеткен телефон аркылуу окуп берчү. Телефон кээде үзүлүп калчу. Айла куруткан мындай чакта бөлмөдөн кайра чыгып, кыйлага дейре кайра нөөмөт күтүүчү.

Жыл артка баракталган сайын "үндү тунук, таза жазат" деген үмүттө ар кайсы ишканадан факсимилдүү телефон изде-

чү. Ал аркылуу "Азаттыктын" Бишкектеги кеңсесинин телефондорун буту жеткен жерде суранып улатып алып, акысын төлөп окуп атты. Бара-бара телефакстын тыңшоочу менен алгач чек ара түйшүктөрү, адам укуктары, жер көчкү, суу ташкын окуякөйгөй, ал кырсыктарды четтетүү, алдын алуу тууралуу ой бөлүшөөр каарман менен бетме-бет баарлашуу уюштурганга өттү.

Ал көрүнүштөрдү тизмектегендеги жүйөө – Бүткүл дүйнөлүк "Эркин Европа/Азаттык" үналгысынын кыргыз кызматында келишим менен иштеген жыйырма жылдай аралыкта өзү көргөн олуттуу окуялар маалында Сакадайдын жанында бөлөкбөтөн адам, ал өңдүү башын тобокелге сайган калемгер жүргөн эмес. Ызы-чуу менен жума – ай, жылга уланган тоз-тополондо өзүн сергек, токтоо кармап, тынчтык менен келечектин бarkбаасын таразалоо үчүн не деген уйгу-туйгу ойго чөмүлүп, ок менен чокту, суу ташкын, жер көчкү менен өрттү аралап, көзгө сайса көрүнгүс жер түпкүрүнө тик ылдый бир жүз алтымыш метр түшкөндө да тулку бойду дүркүрөткөн сезимге кептелгенин андан бөлөк жан туйбаган. Анткени, кыйын кырдаалда, шайлоо, референдумдарда түн бир оокумга дейре, көбүнчө таң супа салганча көчө-жолдо жалгыз жүргөн күндөрдүн далайы көз алдынан кум сыңары чубурду. Түнкүсүн чырм эткени кирпигин ирмебесе да, күндүзү жумушун токтотчу эмес. "Түн – бакырдыкы" дегендей убакытты кызганып, таң супа салганда жетеер жерине күүгүм киргенде жолго чыгып, ишин үзгүлтүккө учуратканды жек көрчү. Ал үрөй учурган болумуш, кырсык, алаамат, өңүттөрдү маанилүү деп эсептеп, көргөн-билген ошо окуяларды килтейген повестке татыырын чамалады. Аша чапкан көркөм боёгу, алымча-кошумчасыз, коога кандай жанданып, эмне жыйынтык менен бүткөн тейде, болгонун болгондой эсептеп, ак баракка алейне түшүргөн кербези...

Сакадай бир жерде тыным алуу, чарчоо дегенди оюна жуутпайт. Күнүгө облустук администрацияны, ички иштер, өзгөчө кырдаалдар башкармалыктары менен шаардык мэрияны,

дубандагы мекеме-ишканаларды түрө кыдырат. Прокуратурага, сотторго, партиялардын кеңселерине, адам укугун коргоочу уюмдарга кайрылып, алар изилдеген, же талкуулаган маанилүү окуялардын учугун чубаганы тызылдап жүгүрмөй... Бут жетпеген элетке, андагы ишенимдүү кишилерге телефон чалып, же ыраактагы айыл-кыштактарда адаттан тыш жаңылыктардын болуп жаткандыгын изилдемей, көйгөйлөр менен ал түйшүктөрдүн чечилишин сүрүштүрмөй. Карапайым калктын жашоосу , көйгөйү ойлондурат. Жакын арада күтүлгөн окуялардын алдын-ала тамырын тартып, анын элге тийгизеер пайда-залалын, кайгы-касыретин ойлоп, кокус тушугаар капсалаңдарга бел байлап, шымаланып туруу өнөкөткө айланган. Ар тарапка чалгын салып, дүрбөлөңгө түшүп, өз касиетин аңдаган эмес. Андай касиетин бөлөк адамдар баамдашканын ошолордун азил-тамашага чаптырып, чаргыткан кептеринен улам сезген. Дубан акимиятындагы маалымат катчы Орозалы: "Кайсы жерде маңдай жылыткан кандай кабар, шыбыр сөз, же кайгы-касирет, окуя болгонун кулагыңыз чалат. Узун кулактык менен аны бизден мурда илип-изилдеп, билесиз. Анан бизди сынаганыңбы, же атайылаган ыкмаңызбы, ким билет, жумуш башталып-башталбай атканда эчтемени туйбаган, алда-неден кабарсыз адамдай биздин тамырды тартасыз. Ушу сиз жер тыңшаар маамыттан бетер когоргон көк майсалуу жердин алдында болоор кубулуштарды гана билбесеңиз керек...Эчтекеден сыр албагандай бөөшсүнүп, дегеле бирдеме укпагандан бетер чекмелеп сурай бересиз, ээ?" -деп, тамашага чалып, күлгөнү эсинде.

Дем алыш убактын биринде улуттук коопсуздук комитетинин ак куба, жаш кызматкери ага "жайкын турмуш менен алааматты сиздин баскан -турганыңыздан байкап турчубуз" - деп сырын ачкан.

Сакадай күлө бага:

- А кантип? – деп сурады.

Ал:

- Кандайдыр капсалаң, кырсык чалды, же "тигил жерде кишелер топтолду" дегиче буту-бутуңузга тийбей, алыс-жакынына карабай, шамалдай шуулдап, жетип барасыз. Сиз – бизге барометрсиз – деп, баамдаганын кылтыйткан. Коопсуздук мекемесинин карапайым кийимчен чабармандары жаңжал маалында айланасынан жылбай, ким менен сүйлөшсө, сөзүн тыңшап, сак-сактап көз салып, изин кууп жүрүшөөрүн такай сезчү. Мындай касиетин өзү да боолгобой, көңүлүнө да түйбөптүр. Алар анын артынан калбай, эмнегедир аңдый беришчү.

Сакадай "Азаттыкка" жаңы орношкондон тартып, сегиз-тогуз жыл бою утурумдук учкай жаңылыктарды жайылтуу менен чектелди. Дубандагыларга радиодон адегенде кенен убакыт берилчү эмес. Кылым жаңыргандан кийин жүрөк түшүрүп, эл-жерге бүлүк салган коогалаң окуялар азуусун арсайтты. "Ал жок, бул жок" деп шылтоо табууну, жумушка байланышкан кыйынчылыктарга көңүл бөлбөй, өз көйгөйүн козгоону, жеңилдик суроону эрөөн көрчү да, оюна жуутчу эмес. Токулуу атка шак ыргып минип, камчы шилтебей аны чаап жөнөгөндөй мүлдө жумушка, шек-шыбыртка чек арачы дөбөттөй кулак түрүп, биздин жерге түн уйкусунда жойлоп, сойлоп кирген шектүүнү тузакка түшүргөн жоокерлердей дайым даяр, сагызгандай сак. Шагырр-р-шутурр-р этип, асманды тең экиге жара тилген чагылгандай тез кыймылдап, жер жүзүнө эзелтен ысык табын чачкан оттуу Күндөй балбылдап күйүп, нур төгүп, көөдөй түндө шамчырактай жарыгын аябаган Айдай шоола чачып, "жоону сайса, эр сайды, аты калды – Манаска!" -дегендей, багынган жоонун байтактысына, дөбөсүнө Тууну сайса да, бир эрдемсибей, эчтеме жасабагандай, мактоо, атак-даңк күтүү капарында жок, шыр басып кеткен аскердей озуйпа өтөө - биротоло канына сиңди.

# 1-БӨЛҮМ

Чоң окуялардан - жерди чет элдиктерге берүүнү жектеген Жалал-Абаддын чок ортосунда өкүм сүргөн түңгүч ири тополоң, мына азыр көз алдында сызыла өтүп жаткандай, Сакадайдын эси-көөнүндө кадалуу турат. Ага дейре парламенттик шайлоодо баштан аяк мыйзам бузулган. Добушту каалагандай экчөөгө беш манжасын салган бийликтин басымы изи кургай элегинде тарых барагына кирген. Кепти орду менен сүйлөгөн көз айнекчен Валерий, басыгы шамдагай Альберттен бөлөк киши укугун талашып, дубандын байтагына ирегелеш район-шаарларда бирин-серин адам иштөөчү. Экөөнүн ар кимиси оолак турган кеңселеринен укугу тебеленип, ыйлап-сыктаган аялдар, ыдык көрүп, капсалаңга туш болуп, сабалып-токмоктолгон кишилер үзүлчү эмес. Сакадай тагдыры татаал, кордук тарткан адамдарды айыл-кыштактардан гана эмес, ушул кеңселерден да таап алчу.

1997-жыл. Күздүн аяккы айы. Ал көнүмүш адатындай жаңылык сураштырып, Альберттин кеңсесине барган. Укукчу менен анын туугандары, кеңсесинин кайратмандары жер сатууга каршы жыйынга үндөп, күн мурунтан айыл-кыштактарга чакыруу барактарын таркатып жүрүшкөн. Кеңсе алдында жүдөө орус кемпир кетеерин, же кимдир-бирөөнү күтөөрүн билбей, эки анжы ойдо буйдалып турган. Сакадай андан жөнөкөй кийинген эки киши "баш аламандыкка үндөдү" деген күмөн менен алдуу-күчтүү Альбертти кармап, убактылуу кармоочу жайга жетелеп кеткенин укту. Алардын милиционер экенин кийин көчөдө атайын формачан жүргөн кезинен тааныды. Кызыл шапкечендер укукчунун сары изине далайдан бери чөп салган. Укукчу менен ээрчишип, ага кол-бут болгон юрист Абдиназар, Альберттен кабар алганы убактылуу кармоо жайына барганда өзү да колго түшүрүлүп, олтургузулат. Комитеттин дагы бир каар-

маны, өлүмдөн да жалтанбаган Молдасали областтык автобекетте митингге чакырган баракчалар менен тузакка чарпылды. Ал жазыксыз адамдарды абакка салган чечим менен макул болбой, сот кеңсесинин жанында ысык-суукка карабай, өзү жалгыз пикетке чыгып, адилетсиздиктен зар какшаган карапайым адамдардын тутунаар туусуна, сүйөнөөр жөлөгүнө айланган. Альберттин элдик жыйын уюштуруу жөнүндөгү кайрылуусуна калаа бийлиги жооп берген эмес.

Жер сатууну жектеген акция күнү "Тынчтык" кино-театрынын маңдайына, анын каптал көчөлөрүнө эл жык толуп, батпай кетти. Бишкектен учуп келген Дооронбек, Жыпар, Өмүрбек, бейтааныш дагы бир нече депутаттар эл ичинде чогуу жүрдү. Дубандын орто бой, суйдаң чач прокурору митингде кепке чыккан кишилердин кыргыз жерин чет элдиктерге берүүгө каршы сүйлөгөн сөзүнө кийлигишкенин койбоду. Ал эмне гана айла кылбады: үн күчөткүчтү улам талашып, сөздү бузуп, бакырып-кыйкырып, сүйлөттүрбөөгө далалаттанганын айт. Иши кылып, бир орунда тим турбай тызылдап, жан алакетке түшүп, чогулгандарды таратуунун амалын издеди. Акыры аргасы курудубу, же колунан кокон тыйын келбей, чогулгандар аны тоотпой турганына көзү жеттиби, бир кезде тер баскан бети-башын жүз аарчысы менен сүртүнүп алып, четке чыкты. "Азыр таркабасаңар, жаза тартасыңар" - деди, коркутуп. Ага кулак салган киши жок. Сакадай көп узабай а кишинин караанын трубинадан да, жыйындагылардын арасынан да таппай калды.

Убакыт түшкө таяды. Күтүүсүздөн "Тынчтык" кинотеатрынын өөдө жагындагы көчөдө үч катар тизилип келаткан аскерлердин карааны көрүндү. Этегин шамал талашып, эки жакка алчылантккан жоокердик боз күрмө, эски-уску көк тумакчан аскер балдар буркан-шаркан түшүргөн суу ташкындай болуп, прокурордун буйругу менен көз ачып-жумганча

аянтка жетип келди. Алар түз эле калың адамдарды аралап, жиреөгө өттү. Жагдай май чачкандай ырбаарын болжогон эмеспи, күлбото кошулуп тургузулган трубинадагы депутаттар капилет кырдаалга бир аз апкаарый түштү. Депутаттардын бири өңү кубарганы менен акыл токтотуп, жыйынга чогулгандарды таркабоого үндөдү. Жоокерлерге тигилип: "Эй солдат, сен кимге кол көтөрүп атасың? Сени багып чоңойткон ата-энеңдей адамдарды урасыңбы?.. Токто! Прокурордун тилине кирбей, артка кайт!" - деп сүйлөп, жоокерлердин ментин тайдырууга жан үрөдү. Армиядагы боз балдар ага кулак түргөн жок: шыкалып турган адамдарды ары-бери түртүп, арасын ачып, киши боюнан бийик трибунанын алдына жетишти. Чамасы депутаттарды кармоого, элди артка сүрүп, бириндетип, таратууга буйрук алышкандай. Ошондо Доронбек агай топтолгондордун артына өттү. Кагылышты болтурбоо үчүн каргылданган үнү менен:

- Айланайын балдар, туугандар!.. Садагалар!.. Уруш-талашты койгула! Андан көрө, быякка жүргүлө! Ичкери кирип, кеңешели. Келгиле, быякка басалы! - деп, кино-театрды көздөй басты. Ага көнгөн митингчилердин агымы Күнбатыш жакка бурулуп, депутатты ээрчиди.

Сакадай керектүү шоокум менен тараза басымдуу ой айткан азаматтардын кебин тасмага да, кагазга да түшүрдү. Кечки саат алтыдагы уктурууга. "Азаттыктын" Бишкек кеңсесине окуяны камдап, баяндаганы Жусуп+Пушкин көчөсүнүн бурчундагы көөнө каанага жетүүгө ашыкты. Бишкек бюросу Сакадайдын жаңылыгын кампүтөргө көчүрөт да, аны обого таркатуу үчүн "Азаттык\Эркин Европа" радиосунун Мүнхендеги, кийинчерээк Прагадагы баш ордосуна жөнөтчү.

Күндүзгү саат бешке аяк басты. Жол жагы айнектелген өжүрөдөй бөлмөдө баяндамасын ылдам жазып бүтүп, радионун студиясында үн кабыл алган Уланга телефон чалган

соң, опурталдуу окуяны шоокуму менен коштотуп, окуганга өттү. Баяны жарымдап калган. Капыстан бөлмөнүн эшигин бейтааныш милиционер уруксат сурабай ачты. Ичкери баш багып, босогодон эскертүүсүз аттады. Эмне максат менен быякка кайрылганын түшүндүргөн да жок. Же аты-жөнүн, кызматын айтпайт. Сакадай мындай энөөлүккө биринчи мертебе учураганы. Кыялында: "Ушундай да тартипсиздик болобу?" - деп ойлонуп, баяндамасын окууну тынымга токтотту. Сураса да, чоочун жигит үн кайтарбады; бөлмө ичин бир сыйра көзү менен тинте карап чыкты. Чамасы күмөн туудурган шеги табылбай калдыбы, каалганы жаап, кайра сыртка үнсүз бет алды. Кызык...

Ал арада телефон узак шыңгырады. Тыңшоочтон Улан: "Эмне болду, байке? Неге токтодуң?" – деп, чоочугандай сурап атат. Ага үндөбөгөн себебинин учун чыгарбады. Бишкек менен ишин бүтүрүп, чогулушка бачым жетүүнү көксөдү. "Капылет кокустук болуп, чыр чатак чыгып кетүүсү ыктымал. Андайды өз көзүң менен көрбөсөң, күмөндүү собол жаралат". Барпы драм театрынын сол капталындагы жол менен өтүп, облбийликтен ары Ленин көчөсүнө түштү. Андан ары кино-театрга эки аттам.

А көрсө, Токтогул багынан тартып, азыркы Ж. Бакиев көчөсүнүн баш аягына, тээ мэрияга чейин созулган бурумга кагаздан эшилген жип тартып, андан ары ылдый жагы Ленин көчөсүн кошуп, төрт бурчтан тосулуптур. Жип арасынан эңкейе өтөөрүндө милициянын капитаны ары жактан ылдам басып, жетип келди. Капитан: "Бул жокто жол жок. Тээ Нагима Айтматова көчөсү аркылуу ылдый өтөсүз" - деп, ичкери кирүүгө уруксат бербеди. "Туура, эрежеге баш ийебиз. Бизде ээнбаштык, тартип бузуу деген жорук-жосун жаралгандан бери жүрүм-турумубузга жат". Сакадай өзүн-өзү жубатты. Ошо көчө менен жүгүрүп, кайра "Тынчтык" кино-театрына барса, жыйналыш дагы эле күүлдөгөн күчүнөн жанбаптыр.

Жарым айдан кийин сакал-муруту өскүлөң Альберт абактан чыкты. "Эч кайда кетпейсиң" - деген шарт менен убактылуу бошотулуп, үй камагына которулду. Ал өзүнө чоң айып тагылганын, ал кине менен далай жылга тартиби оор түрмөгө кесилеерин кыйытты. Мамлекет өз алдынчалыкка ээ болгону менен мурдагы бүтүлүү завод-фабрикалар, колхоз-совхоз, мекеме-ишканалар бүлүнүп, менчикке айланып, иши токтогон. Көпчүлүк жумуш таппай, үй-бүлөсүн араң-зорго багып калган чак. Иштин жоктугунан көбүнэсе шаар калкы, бөтөнчө жогорку билимдүүлөр чет жакка, соода-сатыкка агын суудай агылды. Сакадай: "Билимдүү, таланттуу инсандар жер оон кетсе, боорун эми көтөрөөр мамлекет кантип оңолот?"- деп ойлонду, кыялында.

- Мен да кетем, чет өлкөгө - деди Альберт тамекисин тартып бүтүп.

- Антсең, "коркуп, качтыга" чыгарат. Эрдик кылып, кайра артка кайтпа.

- Бул жерде эмне кылам? Бала-чаканын келечегин ким ойлойт? – Укукчу кучак жая Сакадайга суроо узатты. – Кесипке жараша иш жок... Бир мен эмес, институттарды "кызыл" диплом менен бүтүргөн карындаштарым, иним үй-бүлөсү менен бош олтурат. Кантип жашайбыз? Чайкоочулук колдон келбейт.

- Алты саны бүтүн адам жашоого кайыкпайт, ыгын табат. Өлкө да бара-бара оңолоор. Алдуу-күчтүүнүн баары башы оогон жакка кыйшайып, өз жыргалын ойлоп, сыртка кете берсе, бул жерде ким калат? Анда жерибизде сайдын ташындай көбөйгөн кошуналар менен ханзулар тамырлайт го.

Сакадайдын бул кебине Альберт чыйт түкүрдү. "Мага баары бир" - дегендей кол шилтеди да, терс бурулду. Анын сөзү чынга айланды. Ай өтпөй кеңсеси жабылып, укукчунун карааны көрүнбөй калды. Иш бөлмөсү жабылган бойдон кийин ачылган жок. Сакадай Альберттин баш калка сурап, Австрия-

ны көздөй жөнөгөнүн кыйла убакыт өткөн соң, Абдиназардан укту. Альберт анан үй-бүлөсүн да чакыртып алды. Карындаштары бала-чакалары менен Орусияга оогон бойдон агасындай туулуп-өскөн айылына кайрылган жок. Жалал-Абадда колуна көтөргөн балдары менен жөө жүрүшкө чыккан карындаштары жана инисин укукчу абакта жатканда чыркыратып сүйрөп барып, камашкан болчу.

## 2-БӨЛҮМ

Арадан үч жыл өттү. Сакадай эми чуу менен такай коштолгон президенттик шайлоонун үстүнөн чыкты. Ал окуя элди кыйла дүрбөтүп, удургутту. Көз каранды эместик алгандан чейрек кылым өтсө да, даңгыр жолго түшө албай, өлкөнүн башы чуру-чуу, утуру капсалаң окуялардан чыкпай койду. Калемгердин жаны мына ушуга кейиди. Тынчтык байырлабаган жерде кут-берекени, мелмилдеп аккан дарыядай тынч өнүгүүнү кондуруу да адегенде кыйынга турду.

Ажолукка талапкер ал жарыштан өтпөй, кулады. Аны жактагандар Бишкек-Ош жолуна чыкты. Жолдун Коргон районундагы кандидат туулуп-өскөн айылдын тушунан тартып, эски тооканага чейинки бөлүгү тосулду. Беш күн-түн бою бул арада жеңил жана оор жүк ташыган, кала берсе жүргүнчүсү бар авто унаалардын жол жүрүүсү тыйылды. Бул бөлүктө жолоочулар жөө калды. Унаасы менен өтүүнү көздөгөндөрдүн автомашинасы жол тоскондор чайпалтып, түрткүлөгөндө көңтөрүлүп барып, кайра оңолду. Ортодо бир кыйла аралык буулду. Сакадай тосмо жолдун каршы-терши жагында жеңил да, жүк тарткан оор да машиналар кербендей тизилгенин түшкө чукул, кечке жуук кыдырып барып-көрүп, санын билди. Мындай чукул кезде демейкидей күн-түн жөө жалаң, бат жана калыс, так иштөө - бешенесине жазган. Жол тоскондорду күнүгө аралап өтүп, алар менен жүргүнчүлөрдүн маанайы, жолду буугандарга наразы болгондор, улам өзгөргөн кырдаал жана башка көйгөйлөр тууралуу кечке жуук, же дубан борборуна, ал жактан күн батышты көздөй жол жүргөндө район байтагы Коргонго жетип, телефон аркылуу жагдайды баяндап турмай.

Чакан уюмдун чалгынчысы кан жолдогу тополоңду тасмага жашыруун тартат. Талапкердин таламдаштары алда-неден шектенип, аны кармап алышты да, видеотасмасын бир

сыйра көрүп чыгышты. Тасмага митингчилердин сүйлөгөндөрү, кеңеш курганы, тамак-аш ичкенинен өйдө түшүрүлгөн. Жол буугандардын арасында Сакадай менен Бекен да жүргөн. Өкмөткө тиешеси жок уюмдун кызы адегенде Бекенди "видеотасманы тартып алган", андан соң, "пахта талаасына сүйрөп барып, зордуктоого шымаланды" - деп айыптап, арыз жазат. Көрмөтасманы жол бууган аялдар тартып алганын ал жердегилер баары көргөн. Ал дооматтын артынан Бекенге облуста гана эмес, Бишкекте да нечен ай бою эркин гезитинин ишин токтотуп, сурак берүү шыбагасы тийди.

Кан жолдогу ызы-чууга кошул-ташыл облустук Ак үйдүн алдында Топчубек менен бирге "Акаевге кол салуу уюштурду" - деген доомат тагылып, абакка кесилген адамдардын туугандары ачкачылык кармады. Наар татпай, керелден кечке кезээрип, тикеден тик тургандардын караанык күздүн шамалдуу, жамгыр-кар себелеген ызгаар күндөрүндө да обл бийликтин темир кашага менен тосулган үч кабаттуу кеңсесинен үзүлгөн жок. Ак жеринен жазага жыгылып, ар кайсы түрмөлөрдө жаткан адамдарды азаттыкка чыгарууну көшөкөрлөнө талап эткен аксакалдар менен аялдар, кээде балдар, ар кайсы курактагы кишилер каккан казыктай кырк күн турду. Карапайым кишилердин бул жоругуна таңданбаган адам жок. Ал кезде берегидей жосундун болоорун, көк муштумдай көгөрүп ачка олтурган адамдарды эч ким оюна албаган. Обл кеңсе жана улуттук коопсуздук кызматы менен ички иштер башкармасынын, прокуратуранын кызматкерлери бул ачкачылыкка элеттиктерди ким түртүп чыгарганын кез-кез Сакадайдан сурашчу. Калемгер ал жагынан кабарсыздыгынан ийин кысып койчу. Билген күндө деле ага тиешеси болбогон соң, тигил, же бул адам, таанышыбы, же башкабы, айтор дегеле өзүнөн бөлөк кишинин иши тууралуу бирөөгө күбүр-шыбыр эткенди жактырчу эмес. "Эгер өлкөнүн чек арасын бузуп, мамлекетибизге

кол сала турган шектүү пенде көзгө илинип, дайыны угулса, андайдын тамырын соолутууга жан үрөйлү".

Орто бойлуу, арык чырай, көөнө жука шляпанын үстүнөн ак жоолук оронгон аялдын тоолуктарды обл Ак үй алдына келүүгө үндөгөнү, а кезде күтүлбөгөн көрүнүш болду. Бирок, Сакадай ал зайып тууралуу эч кимге ооз ачпады. Жабылып калган кайсы бир журналдын кабарчылык күбөлүгүн кармап, оор жумушка бел байлаган бейтааныш айымга абайлоону кыйытты. Ары-бери өткөн сайын ачкачылык кармагандардан кабар алмай. Бирок, ачкачылыкты токтот деген жергиликтүү атка минерлер, кызыл шапкечендер алардын максат-тилегинин тамырын тартканы менен оокат ичпей койгондордун саламатчылыгын ноябрдын шамалдуу күндөрүндө дарыгерлер да сурабады. Жаан-чачында алардын бирлери өнө боюна башынан ылдый жылтырак кагаз жамынып алышчу. Аялдар кабат-кабат жоолук салынып, наристелерин бооруна кысып, ным жерде олтурушчу. Жер сыз тартып, ары-бери тынбай, жөө-жалаң каттагандардын таманынан да ным өткөн кез. Тоолуктар ара күндө ооругандарын улам бөлөгүнө алмаштырат. Кымбат баа жеңил автоунаа ташып, жылуу, таш тепкичинен өйдө килем салынып, мамлекет курган таза бөлмөдө олтурган чоң кызматтагылар сырттагылардын абалына көңүл кош карагандай сезилчү.

Ал арада Акаев келеери тууралуу каңшаар желдей тарады. Эрте менен күн бүркөлүп, кыламык кар жаап аткан. Башка жактарга да абай салып, пикетчилердин жанына баргыча күндүзгү саат онго чукулдады. Ага дейре ачка тургандар менен облмилициянын генерал начальниги, анын орун басарлары менен шаардык милиция сүйлөшүптүр. Эриндери кеберсип, суусаган кишилер Сакадайды ортого алышып, үйүлө калышты. Түрлөрү чочулагандай. Сураштырганга үлгүртпөй кара тору, жашы алтымышка таяган тумакчан киши тароого үндөгөн милиция өкүмүн күчөтүп, коркутууга өтүп, болбосо,

камап салышаарын кыйытканын айтты. Бул адам бөлөктөрү утуру алмашса да, облбийликтин алдынан кадам жылчу эмес.

- Коргондо жол тоскондор соттолуптур. Айып пул салыныптыр. "Алар шаарга жетип, митинг өткөрсө, силердин талабыңар тигилердики менен камырдай аралашып, жуурулуп кетет. Силерге эч ким көңүл бурбайт. Кокус, эки ортодо чырчатак чыкса, жабыркашыңар да ыктымал. Ошон үчүн таркасаңар болот эле!" - деп жатышат. Коргондуктардын жөрөлгөсү бир жаңсыл сээлдегиче, үй-үйүбүзгө таркап, ачкачылыкты убактылуу токтото турсакпы! Камалгандар ага дейре бошотулбаса, кийин деле уланта беребиз. Кандай дейсиздер? – деп, а киши жанындагыларга жалооруй акыл салды.

Топтолгондор саамга унчуккан жок. Акыры арасынан кимдир –бирөө берегидей үн катты:

- Жылбайбыз. Таркасак, кайра жыйналыш кыйын. Акаевге каршы кутумду биздин туугандар уюштурган жок да. Ак жерден айып тагып, абакка тыгышты. Камалгандар бошотулса, бул жерде бир да мүнөт кармалбайбыз. Колунан кокон тыйын жакшылык келбеген бу Ак Үйдөгүлөр кесебизге аш салып бербесин, карапайым адамдар ак мээнет менен жашаары, базарда араба түрткөн тиги балдарга да дайын. - Ушундай кептен кийин бөлөк адамдар да чечкиндүү сунушка моюн сунгандай, сөз жаңыртылган жок.

Күн шашке. Сакадай милициянын акциядагыларга үрпөңдөгөнүн тактаганы Чехов көчөсүнө жайгашкан областтык ички иштер Башкармалыктын башчысын кыйла күттү. Ал иш бөлмөсүнө келген жок, кайда экенин орун басар, жардамчысы да айтпайт. Сакадай: "Болжолу, өлкө башчысы дубанды кыдырганда коопсуздукту сактоонун жол-жобосун тактап, аны уюштуруунун ташпишин тартып жүргөндүр" - деп ойлонду.

Түштөн кийин Жалал-Абаддын "Эркиндик" көчөсүндө турган шаардык ички иштер бөлүмүнө жетти. Кезек тийгенде

начальнигинин бөлмөсүнө аттады. Бөлмөдө анын ээси менен облмилициянын жетекчисинин орун басары бет маңдай сүйлөшүп олтурат. Көңүл бураар түрү жок. Шаардык милиция башчы Сакадайды жакшы тааныйт. Ошентсе да, саламдашып, өзүн орун басарга тааныштырган соң, ага кайрылган себебинин четин чыгарды.

Полковник ачка олтургандар менен кездешкени жагдайында сыр бербей, коркутуу-үркүтүү тууралуу суроосун да жоопсуз калтырды. Тулку-бою чоң милициянын өң -түс, көз карашынан тырчыганы, чабармандын соболун жактырбаганы сезилет. Сакадай ага карабай, суроону кайра жаңыртты. Бою узун, кең далы, кыркма мурут, милициянын алыбеттүү, өңүбашы корей түспөлдөш бул полковниги:

- Биз сизге отчет берүүгө милдеттүү эмеспиз... Түшүнүктүүбү?... Ары барыңыз - деп орусчалап, каарый сүйлөдү. Башка сөзгө өткөн жок. Мындан бөлөк жооп бербей турганын туюнткандай далысын салып, тескери, бөлмөнүн ээси жакка бурулду.

Бишкек-Ош жолун буугандар добуштарды кайра эсептеп, президенттик шайлоонун жыйынтыгын жокко чыгарууну көксөдү. Ал жүрүш эки күн, 31-октябрь, 1-ноябрь күндөрү областтык администрациянын алдындагы аянтка көчтү. Бийлик ээлери митингчилердин кайрылуусуна көңүл бурбай, сыртын салды. Аянтка жыйналгандар кийинки күнү, бешим ченде областтык бийликтин имаратын көздөй жүрүш жасады. “Акаевге каршы кутум уюштурду” -деген айып менен камалгандардын жактоочулары бир четке жылып, обладминистрациянын тосмолорунун бурч жагына сүрүлдү. Алар Коргондуктарга кошулган жок. Милиционер жигиттер жөө жүрүшчүлөрдүн алдын торой чыкты. Кирпик ирмегиче убакыт өтпөй, эки тараптын ортосунда жаңжал тутанды. Ары-бери түртүш, жакалашмай, муштум такамай, аягында кол да шилтенди. Токтоолук кылган кызыл шапкечендердин да сабыры түгөндү: жаңжалдашкан шайлоочуларды кармоого өттү.

Алар туш-тарапка жайылып, чилдей тараган адамдардын артынан сая түштү. Бекен эчтекеден кайра тартпай, көк жалдык менен фото аппаратын "чырыктатып", кармашты сүрөткө тартып аткан. Капысынан эле генерал "журналистти кармагыла!" - деп буйруду. Эки колунан толгоп, бурамак болгондор менен алышып атып, Бекендин кийими айрылды. Көрсө, аны талапкердин "эң жакын адамы" деп эсептешкен экен.

Калемгердин колун кайрып, милициянын эски кеңсесине көздөй сүйрөштү. Аянтка чукул "Мөлмөл" мейманканасын көздөй качкан "Асаба" гезитинин калемгери Караматты да үч-төрт кызыл шапкечен артынан сая кууп, бучкактап алган. Каарман кызды тызылдата кууп баратқандар ал конок үйгө кире качмакчы болуп, мейманкананын каалгасына жеткенде кармап алышты. Татынакай кыздын чучуктай чыңырган үнү Сакадайдын кулагына ыраактан илинди. Карамат да аянттын ортосундагы суу бүркмөнү курчаган айлампанын үстүнө чыгып алып, милициянын жөө жүрүшчүлөрдү кармап, апаларды сүйрөп бараткандарын жана окуянын жүрүшүн сүрөткө түшүрүп аткан. Ага ошо тарткан сүрөттөрүн "өчүрөсүң" деп чочоңдошуптур. Мындай чакта Сакадайга канат бүтөт: окуянын изин суутпай, теребелди удургуткан куюндан бетер тез иштемей өнөкөтү кармады.

Ал Токтогул көчөсүндөгү жарандык коомду колдоо кеңсесине шашып-бушуп, жүгүрүп жетти. Ойдо жок жерден жаралган жорук-жосунду кагазга ылдам түшүрдү.

Сакадай кагаздарын жыйыштырып бүтүп, темир тепкич менен ылдый басты. Тополоңдо колго түшкөндөрдүн тагдырын билүүгө шашты. Ага экинчи кабатка өйдөлөгөн укукчу аял бет маңдай чыкты. Укук коргоочунун жүзү капалуу:

- Ушундай да болобу?.. Милиция элди уруп-сабап... Канчаларын кармап, ИВСке сүйрөп кетти – деп, токтоно албай, ыйлап ийди, ал. Аял каш-кабактын ортосунда болгон жаңжалдан Сакадайды "кабарсыз калды" деп ойлоду окшойт.

Сакадай областтык Ак үйдүн алдындагы тополоңду баштан-аяк көрүп-билип, укукчу ал окуяны угузганга чейин "Азаттыкка" жаздырганын, ал баяндама жарым саатка жетпей обого жаңыраары жөнүндө үн катпады. Бышактаган аялды жооткотту. Ошентсе да аянттагы соңку кырдаал тууралуу укукчу менен баарлашты. Аны Бишкектеги кеңсенин оператору телефондон жаздырып алды. Ал жылдары "Азаттыктын" уктуруулары кечки саат алтыда жана сегизде обого чыгарылчу. Таңкысы да ушул эле убактарда жаңырчу.

Көз байланды, эл орунга олтурган убак, кечки саат сегиздер чама. Ага карабай кармалган адамдардын тагдырын билгени кайра ички иштер бөлүмүнүн убактылуу кармоочу жайына барбаса, санаасы тынчыыр эмес.

Убактылуу кармоочу жайдын үл-бүл жарык чачкан кеңсесинин тушунда бир нече киши котолоп турат. Аркы-беркини сурап, жооп алгыча болбой, камалгандарды алда-кимден уккан Шермамат жетип келди. Ал ачуусун кармана албай: "Балдарды эмнеге каматтыңар?"- деп күрсүлдөдү. Милициянын бөлүмүндө бөлөк жетекчилер менен бирге жүргөн областтык дагы бир башчыны сыртынан сөгүп алды. Шермаматтын тайманбас, баатыр мүнөз түрү да, сүрү да бар. Ал ичкери кирип, милициянын башчылары менен сүйлөшкөндөн кийин ызы-чууда колго түшкөн адамдар бошотулду.

Эртеси областтык кеңешме чакырылды. Сакадай күн мурунтан келип, маалымат катчыдан сураштырып, чогулуш талкуулай турган күн тартибиндеги маселелерди билди. Жыйналыштын башталаарын күтүп, үч кабаттуу областтык администрациянын биринчи кабатындагы кош канат каалгасы ачык залдын кире беришинде ары-бери басып жүрдү. Белгиленген сааттан өтүп баратат, жыйындын башталаары күмөн. Тактыкка көнгөн жигит мындай жосунга көнбөй, ичинен буулукту.

Аңгыча көгүш шинелчен, баскан сайын шымынын эки кыргагындагы кызыл жиби көзгө урунган генерал-майор - об-

ласттык ички иштер башкармасы көрүндү. Ал сырты кызыл калың китепче, кагаздарды колтуктаган обл администрациянын аппарат башчысын жандап алган.

Сырттан кирген экөө Сакадайдын жанына токтоду. Анын саламына көңүл бөлбөй, алик алышкан да жок. Генералдын жүзүнөн каар төгүлүп, сөгүнүп алды. Сакадайга сөөмөй нускап, аппарат жетекчиге даттанды:

- Азаттыкта кечинде "милиция менен митингчилер тирешти" деп сүйлөгөн - мына ушул! - деди да, калемгерге бурула карап: - "Тирешти, мушташты, кагылышты..." деп айтпай койсоң, болбойт беле, ыя? Бар жокко бизди уят кылып...

- Агай, эки тарап жакалашканын болгондой баяндадым. Анын эмнеси уят?.. Окуяны өзүндөй, калыстык менен эч кимге жан тартпай кабарлоо – биздин милдет. Жаңжалды кечээ аянттагылар жапырт көрдү. Чындыкты жашыруу кыйын – деди Сакадай тартынбай.

Генерал ызырынып, муштумун түйдү да, кантеерин билбей туталанды.

Курсагы челкейген, бети-башы токочтой томолок, ак жуумал болгону менен каш-чачы кап-кара аппарат жетекчи кабак бүркөп, Сакадайга сөөмөйүн силккиледи да:

- Мен сизди.., сиз иштеген радиону буржуазиянын пропагандачысы катары жек көрөм, - деди оозуна башка сөз кирбей.

Казылуу аппарат башчынын өткөн кылымдын алтымышынчы-жетимишинчи жылдардын туманында адашып жүргөнү айкын болду. Анткени, жаңы кылымдын биринчи босогосун аттаган эки миңинчи жыл дооран сүрүп, кыргыз өлкөсүнүн өз алдынча мамлекет болуп, демократиянын жели сокконуна он жылга чукул убакыт орноп калган.

Сакадай бүткүл дүйнөгө эч кимдин, ар кандай топтун, же партиянын, камчысын чаппай, сөз эркиндиги аркылуу түрдүү-түмөн улуттардын тең укуктуулугун, ар бир өлкө, адамдын эр-

киндигин сактап, калыстыгы жана чагылгандай ыкчам иши менен таанылган "Эркин Европа/Азаттык" радиосунун максатын тигиге түшүндүрүүгө ниеттенди. Бирок, төрөпейилге теңелүүнү эп көрбөй, өз оюнан кайра айныды. Кыялында: "Кызы, аппарат башчы эски доордун бешигинен бошоно элек. Балким, таразадай так радионун уктурууларын уга электир. Кийин аңдап алаар. Азырынча муну менен теңтайлашып, айтышкыча, убакытты сый кетирбей, чогулушка кирип, ортого коюлаар маселенин чоо-жайын тактап алганым дурус. Чиновник менен радио жагдайында талашып-тартышууга көңүлү чаппады. Мындай "төрөлөргө корогон кайран убакыт" деди өз көңүлүндө.

Ал жыйналышка кирмек болуп турганда улуттук коопсуздук кызматынын областтык башкармасы Таштандын караанын көрүндү. Таштан сабыры суз калемгердин жүзүнө кадалды да:

- Ай байке, эмне болду? – деп сурап, анан тиги экөөнө суроолуу тигилди.

Генерал колун обладминистрацияны тосмологон темир кашагаларга көздөй жаңсап, баштагы кебин кайталады:

- Тирешүү менен бирге "Акаевге каршылар ачкачылык кармап олтурат" деп, радиодон күндө сайрайт. Биз тартипти сактап атабыз го!..-

Сакадай КГБнын баштыгын Ак үйдүн адамдарына жан тартса керек деп күткөн. Бирок, Таштан ага ээк жаңсап:

- Ай, бу киши чындыкты айтып атпайбы! – дей салды. Муну уккан губернатордун жана итиреңдеген аппарат башчысы менен генерал -майор кеп таппай, ооздору жап болду. Башка сөзгө өтүшкөн жок. Биринин артынан бири ээрчип, экинчи кабатка алып чыкчу, кызыл-тазыл килем төшөлгөн тепкичтерди көздөй бурулуп, өйдөңкү кабатка бет алышты. Сакадай чындыкты айткан коопсуздук башкармасынын калыстыгына ичинен кубанды.

Кийинки жылдын август айында Өзбекстандан качкан жан кечтилер областтын чек арасын бузуп, Чаткал тоолорун

ашып өттү. Кара-көгүш селде чалынган башы менен колдорун үксөйгөн жүн басып, кийим-кечеси жүдөө куралчандар Чаткалдын Акташ айылындагы койчунукуна келип түнөйт. Бейтааныштардын түрүнөн чоочуган үй ээси аларды тамак-ашы менен сыйлап, боз үйгө түнөтөт. Чакырылбаган "коноктор" курсагын кампайткандан кийин кошкуруп-бышкырып, уйкуга кирет. Койчу бала-чакасын жан кечтилерден оолак жакка жашырат. Атынын кара тер түшкөнүнө карабай, чаап олтуруп, түн жарымда Каныш-Кыяга жетет. Райондук ички иштер бөлүмүнө чек араны бузуп өткөн жоо жөнүндө кабар берет.

Ал жакка Сакадайга тааныш генерал, милициянын өзгөчө отряды менен жоокерлерди баштап барды. Жан кечтилерди жок кылуу операциясынын башында генерал өзү турду. Ак - Ташта, үрөң-баранда эки тараптын ок атышуусу тоо жаңыртат. Койчунун үйүнө түнөгөн террорчулар бири калбай жок кылынат. Кыргыз жерин душмандардан сактаган жоокерлер менен алардын генерал командиринин каармандыгын угуп, калемгердин төбөсү көккө жеткендей сүйүндү. Облуска бир апта өтпөй келген Өзбекстандын ички иштер министринин орун басары жоочуларды тыйпыл кылган кыргыз милициясы менен анын генерал башчысына таазим этип, кол саат менен сыйлады.

Сакадайга Бишкектен телефон чалышты:"Жан кечтилердин асман тиреген тоолуу чек арадан ашып өткөнүн кантип билдиң? Алар менен болгон кармашты, өзбек министрдин алкышын кайдан алдың? Борбордон мурда кантип уктуң?"- деп кызырандап, кызыккандар да чыкты. Сакадай "издеген адам табат" - деп, күлүп койду. Ал Чаткалда шеит кеткен жан кечтибасмачылардын тизмеси, баскынчылардын курал-жарак, окдарылары жөнүндө мөөр басылып, кол коюлган эки баракты ишенимдүү адамдан таптыртып алган эле. Баракта өлгөн басмачылардын, алардын баштыктарынан табылган Халифат орнотууга үндөгөн баракчалары менен мылтыктары, жардыргы-

чы, кол пулемету жана ок-дарыларынын саны даана жазылган. Тизмени берген кишинин колун кур койбой, ал адам тууралуу жан адамга ооз ачпоого касам ичкен. Сакадай телефондон кекетип-мокоткон үрпөң башка: "Жергиликтүү бийлик, ички иштер башкармасындагылар жана башкалар менен ийиндеш иштешсеңиз - утасыз. Алар менен зарыл убакта тынымсыз кабарлашкан киши өз жеринде болгон окуялардын тамырын тартып, ийне-жибинен өйдө изилдеп турбаса, бөлөктөрдүн алдында сабагынан "эки" баа алган окуучудай башын шылкыйтып, жер тиктегени ыңгайсыз го!" - деп жооп узатты.

- Тизмени бизге да жөнөт, - деди Бишкектен чалган төрө.

- Борбордогулардын колу узун, кайда сунса, жетет. Ички иштер министрлигине кайрылып, сураштыргыла! А мен бирөөнүн табылгасын башкага бере албаймын. Ошондой убада бар.

- Тигил кыйкыра баштаганда Сакадай үн чыгарбай телефонду ордуна койду.

Ал милициянын генералы менен кыйла закымдан кийин Аксы калайманын териштирген сотто кездешти. А кезде генерал чек ара аскерлеринин кол башчысына орун басар . Соттун танаписинде генерал түрдүү тамашаларды айтып, жанына чогулгандарды күлдүрчү. Сакадай жакка да кеп ыргытып, тамашалашчу. Генерал ошондо өзүнүн каармандыгы, ак кызмат өтөгөн эмгеги эске алынбай, атак-даңкы унутулганына кейиди. Ак жеринен соттолуучулардын тизмесине кошулганына аң-таң. Ыраңы: "Кайсы кара теке сүзүп, ойдо жок балакетке кабылдым?" - деп өкүнгөндөй. Улам-улам баш чайкап, жабыр тарткандардан утуру үзүр сурап атты.

Областтык сотто кезектеги сурак жанданды. Саратан өкүм сүргөндүктөн сыртта аба үп. Сот залы салкын. Жөнөкөй кийимчен генерал айыпталуучулардын орундугунда шаабайы сууп, олтурган. Милициянын генералдан кийинки экс башчысы, областтын мурдагы прокурору аны менен катарлаш

орундукта. Сакадай алардан кийинки катардан орун алды. Бул жерден сотто жабыр тарткандардын, прокурорлор жана сот-толуучулардын, алардын жактоочуларынын, күбөлөрдүн далил сөздөрү тунук угулат. Үн тасмага түшүрүү жеңил. Кобур-собур тыйылып, ортодо тым-тырстык. Танапис бүтүп, баары соттун түштөн кийинки уланышын күтүүдө. Судья төргө келип, териштирүүнү баштагыча кыйла убакыт бардай. Сакадай областтык Ак үйдө болгон кер-мур окуяны генералдын эсине салды. Генерал чын ыкласы менен өз жоругуна өкүндүбү, же тамашага чаптырдыбы, айтор, ал жагы Сакадайга кызыксыз эле. Ал үчүн итабар жыл өтсө да чатагын унутпай, чачын буурул баскан төрөнүн улуу башын ийип, үзүр сураганы маанилүү болду. Генерал жүзүн калемгерге бурду да:

- Кечирип койчу, иним! Билесиң го, мен “итмин” да! – деп, жалбара сүйлөдү.

Сакадайдын дитинде анын чек араны бузуп кирген Чаткалдагы жоочуларды жок кылган эрдиги турган. Башына мүшкүл иш түшкөн аксакалга боору ооруп, аны капа кылууну чеки санады:

- Сөгүшүңүз ошондо эле унутулду. Мактоо, көңүл чөктүргөн жеме - шамал айдаган камгактай кыялымдан оолак кетет. Ким экениңизди мойнуңузга алганыңызга, ракмат! Баатырдыгыңыз эсте, байке! - деди жарпы жазылып.

# 3-БӨЛҮМ

Чек ара тактaлбай, кимге тиешелүү экендигинин башы ачылбаган жайлар бир далай. Ошондонбу, кыргыз-өзбек чек арасында кырсык ат тезегин кургатпай катталчу. Өзбек жоокерлери биздин жарандарды кармап алып, өз жагына сүйрөп кетип, абагына тыккан, же атып өлтүргөн, антпесе, бодо малы менен кой-эчки, жылкыларын айдап кеткен жоругу дамаамат кайталанчу. Коңшу өлкөнүн кызматтары чек аралаш конгон кыргыз кыштактарына электр жарыгын, же ичкенге таза суусу менен талаага эгин суусун бербей койгон кез да арганы куруттчу. Андай капсаланда Сакадайда тек турмай жок. Жука кийингeн арык-торук чек арачы жоокерлерге боору ооручу. Үстүндө жука күрмө, ийнине аскан куралын араң көтөрүп бараткан илмийген арык балдар чыкыроон кыш менен аптаптуу жай саратанда жөө-жалаң жүрүшчү. Өзбекстандын жоокерлери зуулдаган машиналары менен кыдырып, чек арасынан ары-бери өткөндөрдү өзбү, өзгөбү, кой-эчки, бодо мал, жылкыбы, же кишиби, анысын териштирбей, атып салчу. Алардын чек арага жакындагандарды атып өлтүрүп, тирешкен жаңжалы кыйлага созулду. Сакадайдын чыр-чатактуу чек ара бекетине батыл жетип, жаңжалдын себептерин изилдегени эсепсиз.

Тескерисинче, өз чек арасын бойлогон жолу менен жүргөн аскер унаалуу өзбекстандык бою эки метр, дөөдөй чоң, кара көз айнек тагынып, эки метрди бир аттаган солдаттарды көргөндө: “Эмне үчүн биздин аскерлер аларга окшоп тың эмес?” – деп, сар-санага батчу. Бир курдай чек араны кыдырганда учтуу зым менен тосулган тилкенин ары жагында автоматчан, колунда жетелеген ити бар өзбекстандык эки жоокер жандай жүрдү. Күзөтчү ит секирип өтүп, каап алчудан бетер ортого тигилген тикенектүү зым тосмого бой уруп, кулак тундура арсылдайт. Сакадай ага карабай, камыш баскан талаадан

кайра бурулду. Башына темир туулга кийип, жүн баскан билегинин жеңин чыканагына дейре түргөн бою теректей узун өзбек, калемгер жалдап барган автоунаасына кайткыча күзөтүп, катар басты. Биздикилерден чек араны минтип кайтарганы байкалбады. Чек ара тилкеси ээн турду.

Коңшу өлкөлөрдөн ооп келген кыргыздардын жашоо-турмушун изилдөө үлүшү да ага тийди. Бирде турак-жай курууга жер, жарандык, балдарына туулгандыгы жөнүндө күбөлүк берилбегенине кызыгат. Кээде жумуш, пенсия, жөлөк пул, медициналык жардам, билим, кесип алуу көйгөйлөрүн териштирет.

Ноокендин Арал айылында өмүр сүргөн Кадырбек, уулу менен үлүшкө тийген талаасын кыдырып жүргөн. Ал кыргыз жерин суроо-сопкутсуз, жайма-жай чалгындаган өзбекстандык куралчан эки жоокерди көзү чалат. Куурайга далдалана башын ыгып, жашынымыш эткен "тигилерди" өз жеринен чыгып кетүүсүн эскертет. Артына кайрыла бергенде өзбектер чуркап келип, анын жонуна асылат. Ата-бала алар менен кармашка түшөт. Экөөнү тең жыгып, "атып өлтүрөм!" - деп кыйкырып, мылтык кезегенине карабай, автоматтарын колдорунан жулуп алат. Куралынан айрылган солдаттар Кадырбекке "акелеп" жалынат. Артынан калбай ээрчишет. Балбан жигит баскынчы эки аскерди курал-жарак, октору менен бирге райондук милицияга тапшырат. Мына, кыргыз жерин коргоо деген... Кадырбек Сакадайды кийин жолуктурганда: "Чек ара бузукуларын тутканга түшүрүп, автоматтарын огу менен өткөрсөм да, мамлекет аны эске албай койду! Биздикилер чек араны коргогондор менен иши деле болбойт окшойт, ээ байке!" - деп, бир чети тамашалай жылмайып, бир чети таарынып жүрдү. Кызыл-Жарлык Бакыт өз аты менен чек араны жалгыз кайтарчу. Ал жүз гектар жердин "кыргыздыкы" экенин далилдеп, мамлекетке кайтартып алган. Үлүш жерине айдап, бышырган коон-дарбыз, жүзүм, дагы башка жашылча-жемиши менен чек ара бекетинде кызмат кылган аскерлерди бакканы да

Сакадайдын эсинде. Сузактын Төбөй кыштагында жашаган Мадан аксакал көзгө сүртөөр дарыдай зарыл болуп турганда менчик окуу жайын чек ара заставасына белекке тартуулаган. Ал өзү эски үйүндө бала-чакасы менен калганына өкүнгөн жок. Сакал-мурутсуз, кыймылы шайдоот аксакалдын берешендигин Сакадайдын "Азаттыктагы" баяндамасынан уккан президент Роза Отунбаева бекетти атайын келип көрүп, ак жүрөк Маданга мамлекеттин Ардак Грамотасын тапшырган.

Аксынын Торук айлынын жарымы Өзбекстанда калды. Ал жактык кыргыздарга там-ташынын жыгач-эмеректерин машинага жүктөп көчүрүүгө тыюу салынган. Үй жүктөрүн ийин-далысына артып, өзбек чек арачыларынын көз алдында бирден ташып өтүүсүнө гана уруксат этилген. Ортосун бетон арык бөлгөн чек арада куралдуу өзбек жоокерлери кол баштыгың түгүл, коюн-чөнтөгүңдөн өйдө эрикпей, бирден тинтет. Жадесе кыргыздар ал жакка өстүргөн тамеки жалбырактарын да Кош - дөбө айылына жонуна көтөрүп өтүп, тизип, кургатып, анан тапшырышчу. "Турак-жайларын саталы" - дешсе, аны сатып алаар кардар чыкпайт.

Берегидей үлүш Ноокендин Чек, Сузактын Кыдырша айыл тургундарынын бешенесине да бүттү. Чек айылында өзбек жоокерлери андагылардын көчүп кетүүлөрүн улам күтүлөдү. Үйлөрүн тинтип, ашыкча ун, буудай, жашылча-жемиштеринен өйдө тартып алышчу. Өзбекстандыктар айылдын баш тарабына, мурунтан "Сталин арык" деп аталган суу жээгине чек ара бекетин тургузган.

Сакадай Сакалдылык Мырза менен Өзбекстан өзүмдүк кылган айылды кыдыра баштады. Ортодо эч кандай чек ара белгиси коюлбаган, темир тикен тосмо да, бетон мамы да жок. Чек кыштагы кимдин карамагында экендиги башы ачыла элек кез. Айылдагы Кыргызстандын тили өзбек тургундары "көч-көчтөн" улам үйлөрүн бузуп, кыштак ичи чаң-будуң. "Сталин арыктын"

өйдө жагынан, кыргыз талаасынан аларга турак-жай үчүн жер бөлүнгөн. Чектиктер көчүп барган жерде там курууга жараар кыш-жыгач, терезе-каалгаларын дубалдан чыгарып, ташып өтүүгө камданып атышкан. Көчүү-конуунун жүрүшүнө кызыгып, Сакадай айылдын тең жарымынан аша чапканын, кошуна мамлекеттин талаш жеринде жүргөнүн элес албады. Бир кезде Мырза чыканагы менен аны капталга түрттү. Угулаар-угулмаксан түрдө: "Болду, байке, жүрүңүз чыгып кетели!" - деди да, камырабаган калемгерге көңүл бурбай шыпылдап, өзү кыргыз тарапты көздөй жолго түштү. Сакадай анын узаганына маани берген жок.

Капыстан эки жээгинде терек өскөн кыштактын чаңдуу жолунун ылдый этегинен өзүн көздөй жүгүрүп келаткан кош караан көрүндү. Аскер кийимчен, колдорунда курал. Сакадай жагдайды дароо аңдады. Арт жакка кайрылып, кызыл ашыктан ашкан чаңдын жукараагын тандап жүрдү. Аздан соң кылчая караса, өзбек жоокерлери жакындап калыптыр. Алар жетсе, туткунга алат. Адегенде кадамын ылдамдатып, мына-мына этегинен кармаарда жүгүрдү да, суу үстүнө коюлган тактай көпүрөгө ыргыды. Анан "Сталин арыктын" кырганына аттап секирди. Ортодо жоон талдын көлөкөсү түшкөн ылайка суу. Өзбек жоокерлер арыктан аттай албай, менчиктеген чек ара бекетинде токтоду. Кармай албаганына бушайман тарткандай, аркы жээкте туруп, эмнегедир ырсая күлүштү. Өзбекстан чек аранын кургак танабын каз тамандуу трактор баткыдай аң кылып казган. Тереңдиги үч метрдей, ага түшкөн пенде оңойчулук менен чыга албайт. Аңды жандай аралап жүрүп, кээде чуңкурга түшчү. Тикенектүү зым тосмолору менен чек арачылары Бек-Абад жана Кыдырша айылынын тушунда, Кара-Дарыя суусунун аркы боюнда турган жашыл түстүү мунараларын, аскер бөлүктөрүн да аларга байкатпай, сүрөткө тартып алган.

Ошентип, чектиктерге, коңшу өлкөлөрдөн кыргызга оогон башка көчкүндөргө да жер таркатылды. Аларга үй ку-

руугa насыя бөлүндү. Курулуш жыгачтары, шыйпыр менен жабдуу, тамак-аш, таза суу, электр жарыгы туташтырылышы керек. Там-таш, жол, суу түтүгү менен айыл ооруканасы курулуп бүтүп, жай турмуш баштоосуна чейин кабар алды. Көйгөйлөрдүн чечилишине өз баяндамалары менен көмөктөш болду. Узак менен Аксынын, Коргондун суу ташкын, жер көчкүсүндө калган, же коркунучтуу жайлардан көчпөй көшөргөн тоолуктардын жаңы жердеги жашоосуна чейинки абалды айгайлап, муктаждыктарынын бүтүшүнө көз салып, бийлик уюмдарына кулак какты.

Пахта баасы укмуш арзандап, төрт-беш сомго түштү. Жер менен жан баккандардын мээнети мынчалык бекер бааланбас. Эгин себилген жаздан тарта пахта буласы сатылганга дейре акысына тыйын кармабаган айылдыктар үчүн мындан артык кордук жок эле. Дыйкандар бааны көтөрүп, анын буласын өз ишканаларыбызда иштетип, түрдүү – түмөн чыт-чыбыр иштеп чыгаруу, токтоп турган өнөр жайлардын ордуна жаңыларын куруу менен республикабыздын экономикасын өйдөлөтүүнү суранды. Арзан баага түшүмүн сатууга көнбөй, жол кыргагына чыккан пахтачылар спецназдын ур-токмогу менен таратылды. Ал кезде менчиктештирүү саясатынын шарданы улам күүлдөп-күчөгөн поезддин дөңгөлөктөрүндөй шакылдап, алга умтулуп бараткан.

Район прокурору сөзүнө каяша кылган башкарма Акыбайга кекенди. Ага "Ленин Жолу" колхозун туура эмес менчиктештирди" - деген айып койду. Акыбайды ички иштер бөлүмүнүн убактылуу кармоо жайына каматты. Колхозчулар жөн турбай, аны бошотууну көздөдү. "Бишкек-Ош" жолунун Ноокен жана Коргон райондору бириккен бөлүгүнө топтолушту. Алар жол тоскон жок. Ары-бери өткөн автоунаалардын жүрүшүн тоспой, жол четинде тынч турушту. Ак жерден шектүү саналганын айкындап, чоңдор суранып, каалгасын ке-

нен ачса да, Акыбай көктүгүнө таянып, кармоо жайдан чыкпай койду. Ал жүйөсүз козголгон кылмыш ишти биротоло жабууну каалады. Ошондо гүбүрнатыр баштаган жетекчилер аны автоунаалары менен облуска жеткиришти. Соттун күчү менен кылмыш ишти жаптыртышты. Акыбай абактан акталып чыгып, түш оогондо келип, рахматын айткандан кийин гана ага жан тараткандар тарады.

Шамалдуу-Сай чек ара аскер бөлүгүндө көз жумган жоокердин жан кыюусу табышмактуу болду. Аскер бөлүккө барган Сакадайды "жоокер өз куруна өзү асынып алды" деген ажатканага ээрчитип барышып, ал курун байлаган жыгачты көрсөтүштү. Өмүрү кыйылган баланын сөөгүн туулуп-өскөн айылындагы жерге берүү үчүн үйүнө алып кетишиптир. Бөлүктүн баштыгы да сөөк коюу зыйнатында жүргөнүн укту. Автоунаасы менен табыт чыккан үйгө жетти. Жигиттин денесин медициналык текшерүүдөн өткөрүүгө ооруcананын өлүкканасына жүктөп кетишиптир. Артынан бараарында кимдир бирөө текшерүү бүтүп, сөөктү энеси башка ага-туугандары менен үйүнө коштоп келе жатышканын айтышты.

Уулун жоктоп, көз жашы бетин жууп, боздоп ыйлаган эненин каргылданган үнү муун-жүүндү бошотот. Мекенибиздин чек арасын кайтарганы аскерге алты саны аман, ден-соолугу бүтүн жиберилген жалгыз уулу үйүнө жансыз кайткан окуя кимди өкүндүрбөйт? (Ошол чакта аскерге колунда бир да мыдыры жок, турмушун араң өткөргөн, жалаң айыл-кыштак калкынын балдары чакырылып, кызматтагылардын уландары түрдүү шылтоолор менен калтырылганы жөнүндө каңшаар тараган. Албетте, мындай кеп-келечтер чын чыкчу эмес. Өлкөнүн чейрек кылымдык тарыхына жакын убакта гана жогорку билимдүү жигиттер өз ыктыяры менен аскерге жөнөдү).

Зарлап-какшаган аял ый аралаш: "Уулумдун асынып өлгөнүнө ишенбейм" - деп, үнжазгычка араң сүйлөдү. Жоокер-

дин сөөгү бейитке коюлуп, батага баргандар тарай баштаган. Куралдашы менен коштошкон чек арачылар да аскер бөлүгүнө кайтканы автоунаалардан орун алды. Сакадай командирдин аты-жөнүн, аскердик даражасын сурап, анын этекки үйдө олтурганын билди. Ал үйгө жетеерине отуз-кырк кадамдай калган. Үйдөн аскер кийимчен үч-төрт офицер удаама-удаа чыкты. Аскер бөлүктүн командирин жолдун оң ыптасына токтогон жашыл түстүү "Мерседес" автоунаасы ташыйт экен. Орто бойлуу, полковник ага олтурaары менен машина турган жеринен зуулдап жөнөдү. Артынан жүгүргөн Сакадайдын: "Жолдош полковник, токтой туруңуз! Мен сизди издеп жүрөм" -дегенин командир уккан эмес окшойт. Максаты – жоокердин өлүм себебин андан суроо эле. Зымсыз телефонуна улам чалды, полковник албайт. Кууп олтуруп, "Мерседестин "Бишкек-Ош" унаа жолуна чыга бериштеги бурумга, дүкөнгө токтогонун көрдү. Аны айланып өтүп, машинасын алды жакка токтотту. Сакадай дүкөндөн чыккан полковникке дагы кол булгады. Ал карабайт. Командир жайгашаары менен кызматтык автоунаа аткан октой алдыга кайра атырылды. Кан жолдо унаа сеелдей түштү. Ээнсиреген жолдо Сакадай машинасын ылдамдатты. Алдыда бараткан "Мерседестен" ашып өтүп, машинасын бир четке токтотту. Бет маңдай жүргөн автоунаадагылардын көзүнө даана көрүнүү үчүн аспал жолдун оң кыргагында туруп, кол булгады. Командир байкаганы менен машинасын токтотпой, өтө берди. Полковниктин чөнтөк телефонуна кайра чалганы оңунан чыккан жок.

Айласыздан чек ара кызматынын Оштогу башчысына чалды. Жумуш күнү бүткөн башчы жооп кайтарбады. Бишкектеги пресс - катчынын телефонун таап, ага аскер бөлүктүн командирине жагдайды түшүндүрүүнү суранды. Пресс- катчы полковниктин жообун "Азаттыктын" Бишкек кеңсесинин электрондук дарегине салып ийүүнү макул тутту. Бишкек кеңсе үнду Сакадайга жөнөттү.

Областтык китепкананын
АБОНЕМЕНТ БӨЛҮМҮ
Инв. № 51367

Жоокер өмүрүн кыйган окуя областтын чек арасында кийин да кайталанды. Өзбек чек арачылары атып өлтүргөн жигиттин энеси менен бир туугандары “радиого чыксак, ал жактагы туугандарыбыз менен тап-такыр катташтырбай коёт” - деп, үн жазгычка сүйлөөдөн жаа бою качты. Ал жылдары коңшу мамлекетте “Азаттык” менен “Би-би-си” радиолорунун кеңселери жабылып, үн толкундары тосулган. Эки мамлекеттин чек арачыларынын бири-бирине ок чыгарган тирешүүсү дегеле эстен чыкпас.

# 4-БӨЛҮМ

2002 – жыл жаңырды. Депутат Азим облус байтагына чакыртылып, камакка түштү. Сакадай чилденин ызгаарында прокуратуранын айланасынан издеп, депутаттын жардамчысы Тажимаматты көчөдөн тапты. Калың кара каш, кара тору, чолок тончон толмоч киши кебетеси эр ортонунан эбак ашкандай. А кишини Кара-Суулук Жаныш жандап жүрөт. Жаныштын үстүндө тизе-бутун жапкан узун, боз пальто. Алардан Азим райондук прокуратурада иштегенде бир адамдын өлүмүн тескегени боюнча ага кылмыш иши козголгонун укту. Ал окуянын изи сууганына жети жыл өткөн. Иштин чоо-жайында саясаттын эшме жиби оркоёт. Анысы Жогорку Кеңештин сессияларында, депутаттын тагдырына байланган чогулуштарда аттын кашкасындай ачыкка чыкты. Депутат Үзөңгү-Кууш капчыгайы Кытайга соога кылынганын жактырбай, Аскарга импичмент жарыялаган. Тузак ошонун кайрымжысы катары коюлгандай. Сакадай иштин ийне-жибин тактаганы облустук прокуратурага баш бакты. Кыйла күттү, прокурор жок. Анын орун басарынан Азимге тиешелүү тыңгылыктуу жооп чыкпады; орун басар ары-бери кайпытып, прокурордон гана жооп алууга шылтап, тим болду.

Нөшөр төккөн түнү депутат туулуп-өскөн айылга барууга жолго чыкты. Топурак жолду камырдай ийлеп, ылай-баткакка айланткан жамгыр, түнү менен карга айланды. Кыштактагылардын түрүн байкап, депутаттын кармалышы менен макул болбогондорду сүйлөттүрүп алды. Эртеси таңга жуук Кербенди көздөй жөнөөчү автоунааны күтпөй, үч жолдун айрылышынан Бишкек-Ош жолуна жакыныраак Кара Жыгач –Ташкөмүр жолуна салды. Илеелеп, бир аз дөңсөө туш келсе, кыйла кучуркөнүп, карга тыгылып, араң-зорго жүргөн чакан автобус менен ире-ширеде жолу шыбыргактаган облус байтагына жетти.

Бак – дарактарды бубак басып, айлана кебездей ак карга чулганган кезде Кербенде, райондук бийликтин алдында каршылык башталды. Талабы – депутатты азаттыкка чыгаруу. Ал эртеси да кайталанды. Кар баскан-турган сайын карч-курч этет. Кол-бутту какшатып, суугу сөөктөн өткөн чилде күчүндө. Аймактын жылтыр тумак, кара жака күрмөчөн прокурору митингчилерге эскертүү баракчаларын өз колу менен таркатты. Анын кызматкерлери менен милиция аязда тургандарды ары-бери түртүп, таратуу менен убара. Бирок, андан жыйынтык чыкпай, адамдар көшөрүп, турган жеринен жылбады. Арасында Азимдин туугандары менен айылдаш, тамыр-тааныш, теңтуштарынан сырткары энеси, кайын ата кайын энеси, кайнилери жүрөт. Өйдө-төмөн баскан кайын атасы Шергазы ойлуу. Карыянын башында тебетей, көкүрөгү бүчүлөнбөгөн күрмөсүнүн сол төшүндө согуш ордени. Аксакалдын байбичеси кара баркыттан чапан кийип, ак жоолукчан. Байбиченин калыбы буту талыдыбы, же өзү чарчадыбы, шуу үшкүрүп, акимчиликтин кире беришиндеги бетон орундуктан жай алды. Кызыл шапкечендер байбичени эки колтугунан кармап, ордунан тартып тургузууга жан үрөдү. Нарпаша эне ордунан козголбой, алардын колун чапкылап, өзүнөн оолактата түрттү да:

- Менин уулумду ак жеринен камаган - силер. Аны камактан чыгармай сайын бул жерден карыш жылбайм. "Кетирем" деп убара болбогула. Баламды, "Иштерманды" бошотуп бергиле! – дегени кулакка чалынды.

Кара-Суулуктар Азимге "Иштерман" деген ат коюшкан. Сакадай муну тоолуктардын депутат жөнүндө өз ара сүйлөшкөнүнөн боолгоду. Бишкектик калемгер Элнура менен укукчу Сыдык да жүрөт.

Милициянын начальниги алардын ким экендигине, кандай жумуштун айынан Аксыда жүргөндүгүнө кызыгып, Сакадайга баш жаңсады:

- Бу байкени жакшы тааныйбыз, таанышуунун кереги жок. Силер менен эми учураштык. Кана, билеличи жөн жайыңарды? – деп, документтерин сураган тейде колун сунду.

Сыдык ички чөнтөгүнөн сууруп чыккан кызыл тыштуу күбөлүгүн узатты. Милиционер күбөлүккө көз жүгүрттү да:

- Эстедик сизди... Менимче, мурда милицияда кызмат өтөгөнсүз... Форманы чанып, бул жакка өткөнүңүзгө жол болсун! А-аа пенсияда турбайсызбы!. Бишкекте, жеңенин беш бармагын ашап, ысык үйдө эле олтурсаңыз болмок - деди жактырбай. Суроосуна жооп күтпөдү. Жүзүн жылаңбаш, коюу чачтуу журналист кызга буруп, ага собол таштады:

- Сизди чилдеде тоо арасына ким чакырды?

- Биз да сиздей элдин мүдөө-буйругу менен жүрөбүз. Депутаттын кандай тариздe камалганын изилдейбиз. Калктын маанайын, митингчилерге жасаган мамилеңерди байкаштырабыз. "Үзөңгү-Кууш, Каркыра чет жерге кетпей, эли-жерим бөлүнбөй, бүтүн болсун, бүкүлү турсун" - деген депутатты качанкы бир ишке шылтоолоп, темир торго киргизгени адилеттик эмес го - деди Элнура тартынбай. Милиция иштин башы элетте эмес, борбордон чечилеерин, депутатка прокуратура жагынан күнөө тагылып, камакка алынганын тилге алды. Кебетеси Элнура менен Сыдыкты кыйла өгөйлөп, аларга "кеткиле" деген сөзүн тике айта албай, айбыккандай. Ошентип, айтышкан алым сабак кыйла созулду.

Жумуш күн аяктап, иңир кирди. Сакадай суук бөлмөлөрүндө эч ким түнөбөй, бетон таштан курулганга сууктугу ичи-тышынын айырмасы жок, көөнө мейманкананын алдына токтоду. Бут үшүгөнгө жер тепкилейт. Ага катарлаш имараттын темир мамысынын учундагы электр шамы мышыктын сары көзүндөй үл-бүл жарык чачат. Аяз кол, бети-башты чымчылап, кара суук сөөктөн өттү. Ооз-мурундан чыккан жылуу дем булоолойт. Экинчи кабаттын бир бөлмөсүндө депутаттын штабы бар, ал жерде жардамчы Тажимамат отурат.

Тамак-аш, бышкан оокат саткан шам-шум этеер жай, дүкөн тегиз жабылган. Түнөп жүргөн үйгө эт, тамак-аш сатып алып, ала барууга көңүлдөндү. Көп өтпөй жоон-жолпу райпрокурор көрүндү. Аны кара тебетейчен, бою шырыктай узун, кайчылаштырган колун эки колтугуна тыккан арык орун басары ээрчип алган. Прокурор Элнура менен Сыдыкка буйрук берди:

- Жүргүлө, биз жакка!

- Эмнеге бармак элек?

- Силерди облпрокурор чакырып атат. Сүйлөшөт экен. "Экөөнү таап кел" - дегенинен издеп жүрөм.

Чачы кардай аппак Сыдык тамекисин соруп алды да, түтүнүн ооз-мурдунан бурулдата үйлөп:

- Баса туруңуз, артыңыздан жетебиз.

Тиги экөө өз жолуна түштү.

Меймандар жөн жерден чакырылбаптыр. Сакадай тынчсызданып, ал жерден бура басып кетүүнү оң таппады. Тигилерге караан болууну болжоду. Элүү-жүз метрдей ары жакта жалгыз аяк жол менен баскан сайын карды карч-курч эттирип, прокурор кайра пайда болду. Элнура менен Сыдык темир тепкич аркылуу мейманкананын экинчи кабатына жүгүрдү. Райпрокурор менен анын орун басары Сакадайга көңүл бөлбөй, мейманкананын өйдөңкү бөлүгүнө умтулду. Үстүңкү кабаттагы бөлмөлөрдүн каалгалары бирден ачылып-жабылганы сыртка угулуп турду. Чамасы, Бишкектиктерди издеп жатышкандай. Аларды таба албады көрүнөт, прокурор жерге түштү да, калемгерден конокторду дайынын сурады.

- Билбейм аларды. Бирөөлөрдүн кайда жүргөнүнө кызыгуу – биздин жумуш эмес, - деди Сакадай тырчып.

- Анда сиз жүрүңүз.

Ал кесиптеш жаңы таанышын калкалоо үчүн прокуратурага баруудан кайра тартпады. Айып иш жасабагандан кийин эмнеден жазганат эле? Кең бөлмөсүнүн астанасын

аттаар замат райпрокурор жылтылдаган калың тумагы менен күрмөсүн чечип, бурчтагы кийим илгичке илди. Көмүрдөй кара, майланышып-жылтыраган чачын салаасы менен оң жакка тарамыш этти. Албырган, тунук бети-башын салааларынын учу менен сылагылап бүтүп, жазма стол үстүндөгү телефонго кол жүгүрттү. Байланыш түйүнүнө чалды да, ага областтын прокурору менен туташтырууну буйруду. Убакыт көпкө созулбай, телефон кайра шыңгыраганда ал жамбашына кимдир-бирөө ийне сайып ийгендей ордунан ыргып турду. Тыңшоочту кулагына такап, Бишкектик коноктордү улам кайра издесе да таппай, илинчегине илдире албай койгонун телефондун аркы учундагы адамга эбиреп - жебиреди: -Жанымда "Азаттык" турат. Сүйлөшөсүзбү, телефонду ага берейинби? – "Жакын келиңиз" дегендей тез-тез колун жаңсап, Сакадайдын колуна телефонду карматты. Кулагынаминтип шыбырады: – Областтын прокурору... Мен бүтүргөн ишти да айтып, мени мактап коюңуз, макулбу?

– Тигинин жан талашканына ыңгайсыздана түшкөн калемгер: "Куулугун көр. Менин тилим менен өзүн мактатканы чакырган тура! Түздөн-түз кызматтык милдетин өтөгөн киши алкоого чаңкабас. Баштыгына калемгердин сөзү менен көрүнүп, актанууну чамалаган сыяктуу" - деген ойго жеңилди. Ага облпрокурор да кыйды неме туюлду: кайырмакты ыраактан ыргыткандай көрүндү. Анын түшүнүгүндө

Сакадай бөлөк журналисттерден тажрыйба жагынан ат чабым алдыда, зоболосу бийик, мартабалуу сыйлыктарга татыктуу имиш. Мактап-алкап ийди. Чеке жылыткан мындай сөз оңтойсуз абалга койду. Сакадай өзү жөнүндө күтүүсүз көз караштı күткөн эмес. Бирок, ыраактан ыргытылган укуруктун түпкү оюн ансыз деле дилинде болжоду. Тегин жерден дарактын учу кыймылдабайт! Облпрокурор күндүзгү окуяны үстүртөн сурамыш этти да, сөздүн ток этеер жерине токто-

ду. Маалкатпай, калемгердин кадыр-баркын таразага тартып, салмактап баалабай эле кудуксүрөп, кыжалат тарткан убарасынын жөнүн шар айтса болмок.

- Тигилерди ким чакырды? Алардын Аксыда эмне жумушу бар экен?.. Сиз айтсаңыз боло, "Жалал-Абад обулусу тарапка өтпөгүлө. Мага караган жерге мен өзүм эле жетишем" деп... Жемиңизди жедирип... Быякка кадам бастырбай койбойсузбу!

- Кечиресиз, жер-суу – менин менчигим эмес. Ар бир жазмакерди изилдеп, иликтеер көйгөйлүү темасы, багыт-максаты бар. Аларды мыйзам да чектебейт. Кол алдымдагы жумушчуларым болуп, же бир ишканада иштеген күндө да, "тиякка бар, быякка бар" - деп жумшап, аларды тизгиндей албайм. Алар өз тапшырмасы менен жүргөндүр. Болгон окуяны кандай жазат, кантип баяндайт, алардын өз иши, менден сурабайт. Кийлигишүүгө акым жок.

- Анда сиз кулактандырып коюңуз. Абайлап, караштырып жазсын!

- Анте албайм. Бирөөнүн кебин тиешеси жок адамга ташуу – адамдык эмес. Калпты чиймелеген адам суракка түшөт. Аны борбордогулар бизден дурус өздөштүргөн,- деп кепти бүтүрдү.

Райпрокурор Сакадайдын ар бир сөзүн жаза кетирбей тыңшап, үмүттүү тиктеди. Бир чети областтагы баштыгы да сурагандыктан анын бүтүргөн кызматын тилге алымыш этти. "Сөзү бүттү го!" - деп ойлоп, кетүүгө ашыкты. Аңгыча болбой, райпрокурор телефондон бейтааныш башка бир адамга күпүлдөп, буйрук берип атат. Тердеп алган экен, бош колундагы жүзаарчысы менен бети-баш, моюн-желкесин сүртүнүп атат да: - Бол ылдам! Ыкчам жетип кел! Чай берип койолу, күтүп калды... - Болжолдо телефондун аркы учундагы адам "кимди күтөбүз?" деп сураган шекилдүү.

Прокурор ачуу кыйкырды:

- "Азаттык" келди... Атаңдын башы, эмне сурайсың! "Кимди-и, кимди-и..." деп коёт? Ресторанды камда. Машинаң менен тез келип, экөөбүздү сала кет.

Мындайды күтпөгөн Сакадай тигинин кылык-жоругуна таң калды: "Менин атымдан сүйлөп, сурабай-этпей, өзүнчө чечим чыгарганын."

-Эмнеге анттиңиз? Кимди шаштырып атасыз?

- Райондук жетекчини... Сиздин сыйыңыз...

- Коюңуз, бирөө бөөдө убара чекпесин! Кереги жок. Алда качан түн кирип, убакыт бир оокум болду. Эч кимдин тамагына муктаждык жок. – Сакадай сейректеген маңдай чачынын арасынан жылтыраган майлуу башы көрүнгөн адамдан батыраак кутулуунун аргасын издеп, эс алууга шылтады.

Прокурор таң кала тиктеди. Саамга үндөбөй турду да, майланышкан көмүрдөй кара саамайын тарап жатып, күпүлдөдү:

- Эмне, сый көрсөңүз... порука болобу?..

Сакадай сөзүн толук түшүнбөй, жолун бууган немеге итиркейи келди. Ошентсе да, кармандлы.Чечкиндүү түрдө:

- Кандай атасаңыз, өз эркиңиз. Бирок, бизге бирөөнүн оокаты өтпөйт – деди да, каалганы шарт ачып-жаап, бөлмөдөн узады.

Прокурор оозун ачкан бойдон өз жайында каткан бойдон мостоюп, кала берди. Кийин сураштырса, райпрокурор экинчи мертебе издеп барганда Бишкектик меймандар үстүңкү кабаттагы бир бөлмөнүн шифоньерине кирип, жашынышканын өздөрү айтып беришти.

Анын эртеси Кербендин ар башка көчөлөрүндө, акимчиликтин алдында коёндой окшош ак түстүү, жап-жаңы эки "Волга" автомашинасы биринин артынан бири куйрук улап, ээрчишип жүрдү. Ал унаалар номердик белгисинен улам областтык прокуратурага караштуу болуп чыкты. Көрсө, мамлекеттик телеканалдардын атайын жиберилген чабармандары

экен. "Волгадан" түшкөн операторлор тасмага базар, дүкөн, ашканаларды, айтору, ар кайсы жерди тартып атышты. Бир күндөн кийин "Аксыда наразылык болгону жалган. Азимдин камалганына каршылар Кербенде жок" - деп, телеканал жар салды. Кечээ акцияга катышканы үчүн прокурордон эскертүү кагазын алган, же митингде жүргөндөр жөнүндө кабар жок. Кудум 12-январда райбийликтин маңдайында эл топтолбогондой, бурмаланган көрүнүштү тартып, чыгарышты. Аксынын тоо танабында карапайым адамдардын кайнап, бугуп жатканын эч ким эсепке албады.

Чилде айынын экинчи жарымынан тарта туш-келди айылдарда ачкачылык өр алды. Кырчылдаган кышкы аязда күндүзү үлгүрбөгөндүктөн адамдардын чын эле оозуна наар албагандыгына ынануу үчүн күүгүмдөн жатаар маалга чейин алар түнөгөн үйлөрдү кыдырмай... "Иштерман түрмөдөн бошотулсун!"- деп, топтолгон ак саамай энелердин тамак жебей-ичпей олтургандарын кечинде Кербендин көп кабаттуу үйлөрүнөн учуратты.

Сакадай "Азимдин энеси ооруду" - деген кеңшаарды угуп, ал чоңойгон Жүзүмжан айылын аралады. Апаны үйүнөн таппады : байбичени райондук ооруканага жаткырышкан экен. Кайра көз байланганда кеселканага кирип, акыбалын сураса, ырас сыркоолоп атыптыр. Уулу үчүн күйүт тартканы карыянын ой баскан жүзүнөн баамдалат. Керебетке капталдап жаткан байбиче аянычтуу көз жүгүрттү. Үнү угулаар-угулмаксан.

- Азим түрмөдөн чыгабы, ыя балам?

Калемгер апаны жубатуу үчүн, ишенимдүү түрдө шыр эле минтип айтып ийди:

- Чыгат, эне!

- Качан чыгат?

- Сот ишти акыйкат териштирсе, бошотот.

Аксынын Кара-Суу айылын кыдырып, мечитте ачкачылык туткан балдарга кезикти. Мечитке маңдайлаш айыл өкмөт-

түн көөнө каанасына жергиликтүү депутаттар чогулду. Алар ары - бери тартышкан соң, бир тилге келишти. Жергиликтүү сессия Азимди абактан чыгарууну парламенттен суранган чечимди бекитти. Чилде күчүндө, айлана-теребел мамыктай аппак карга бөлөнгөн. Бак-дарактардын бутактарынын учуна чейин бубак. Кыштак ичин аралаган жолду муз каптап, тайгак. Тез арада Бишкектеги кеңсе менен байланышуу зарыл, ага телефон таза абадай керек. Кудуреттүү байланыш бөлүмү район байтагы – Кербенде. Ага жетүү үчүн ортодо элүү чакырымдан ашык жол, автоунаа аны кыйлада басып өтөт. Айыл өкмөттүн кызмат телефону менен борборду туташтыруу машакат, ал үчүн адегенде Кербендеги телестанцияга буюртма жаздырып, күтүп олтуруу зарыл. Качан ал жак менен туташтыраары бүдөмүк. Күтүүгө такааты жок. Убакыт деген, так төбөдөн канат күүлөп, шуу сызган ак шумкар сымал зыпылдайт. Мындай чакта тоо боорундагы Кара-Сууга маңдайлаш, тээ жайык жердеги Кызыл-Туу айылын аралап, бак-дарактуу Сары-Челекти көздөй ийрелеңдеп кирип кеткен жол боюндагы байланыш түйүнүнүн телефон үкөгүнө барууга акыл салышты. Бирөөлөрү "ага айланып убакыт короткуча, дөбөдөн тик ылдый түз жүргөн оң" дешти.

Кар калың, тизеден өйдө чыгат. Дөбөдөн түз түшөөрдө жаздым бастыбы, же кар алдындагы жарга туш келдиби, бир нече мертебе оңкочук атып түштү. Кээде көмкөрөсүнөн, биреерде чалкасынан жыгылган кез көп болду. Үстөмөндөп түшкөндө башындагы тумагы бир жакка, колундагы кийим-кече, кагаз-кугаз, үн жазгыч жана башка буюм салган тышы кызыл сумка бир четке ыргыды. Шыр басканга денеси оттой кызыды. Кайра туруп, моюн-башы менен коюн-колтук, жең учуна кирген карды күбүп атса, өйдө жактан "ха-ха-халаган" каткырык жаңырды. Үн тааныш. Өйдө жакка бурулса, сыдырылып түшкөн дөбөнүн башында Жаныш ыкшып күлүп атат, жа-

нында бейтааныш дагы бир жигит. ( Жаныш кийин ар башка кыштактардын бычакка сап жигиттеринен куралган Азимди коргоо комитетин ачты. Жоогазын ыңкылабынан соң, ага губурнатырдын орун басарынын кызматы тийди. Кийин областтык токой башкармасынын орун басары кызматында олтурду. Андан соң жумуш тийбей, айылга көчүп кетти.) Алар кээ күндөрү сейрек унаа менен дөбөгө дейре жеткирип коюшчу. Сакадай байланыш бөлүмүнө барган соң, анын жака-белиндеги адамдар аркылуу телефончуну чакыртат. Ал келгиче Бишкек кеңсеге сүйлөөр кебин оюнда камдап, үндөрдү да көгөнгө тизгендей иреттейт.

25-январь, 2002-жыл. Кара-Суу айылынын чок ортосунда бурганактаган карга карабай, эл көп жыйылды. Митингчилер камактагы

"Иштерман" уулун бошотууну талап эткен бүтүмдү жактады. Уй мүйүз тартып, үч-төрт катар болуп, жыш турган алдыңкы сапта тургандардын арасынан кимдир-бирөө " Акаев кызматтан кетсин!" - деп, ураан таштады. Буга дейре мындай чакырык эч жерден чыккан эмес. Ал ураан эң алгач ушул кыштакта жаңырды. "Ураан чакырган ким болду?" - десе, Азимдин окуучу курактагы уулу Руслан экен. Болжолу Бишкектен келген жайы бар. Узун бойлуу, буудай ыраң, арык, жылаңбаш уландын үнү да ошо күнү ободон жаңырды. Ал жерге аким баштаган райондун милициясы, прокурору, коопсуздук кызматынын өкүлдөрү барган. Алар жыйындын жүрүшүнө абай салып, обочодо чогуу турушту. Чогулушту алып баргандар акимди да сөзгө чакырды. Аким элдин ортосуна дароо чыкты да, наразылык иш-чарасына өлкөдө биринчи ирет Аксыда уруксат этилгендигин, алардын үн-сөз талабы, наразылыктары облус башчысына, андан ары жогорку жактагыларга да кулактандырылгандыгын айтты.Ошондон кийин митинг козу карындай көбөйдү: тоолуу аймактын ар кайсы айыл-кыштак-

тарында биринен удаа бири тынымсыз уланды. Наразылык акцияларына жалгыз Кара-Суу айылын байырлагандар гана эмес, ага коңшулаш Кара-Жыгач, Жаңы-Жол, Ак Жол, Аблетим, Кызыл-Туу, Кызыл-Жар, Кашка-Суу айыл-кыштактарынын тургундары да кошулду. Кез-кез Кербенде да уланды.

Он алтынчы февраль. Көк-жылтыр муз баскан көчөдө баратып, Асанбай агай бет маңдайынан чыкты. Бу кишинин Жеңижок, же Асаке деген да аты бар. Жеңижоктун ырларын кумдайынан жыйнап, ак сүйлөп, төбөсүндө кылыч ойноп турса да, чындыкты жазганбай ачык айткан Асакенин жүрөктүүлүгүн көп уккан. (Кайсы бир жылы кыргыз мамлекеттик университетинин бир деканы өз үйүндө Асакени мейманчылайт. Сүйлөшүп отуруп, декан акынды борборго чакырат.

- Жакында өзүбүз окуган университеттин ректорлугу колума тийчүдөй. Элетте жүрбөй, Бишкекке кел. Сени окутуучулукка кабыл алайын – дейт окумуштуу. Декан өзү жана жубайы, Асаке үчөө бир курста билим алышкан.

Ошондо Асакең ачуусу келип, сөгүнөт да:

- Эй, мен университетти "беш" менен бүтүрүп, бүтүндөй бир курска староста болуп жүргөм. "Үч" менен окуган сага далай жолу мугалимдерди эптеп көндүрүп, стипендияга араң илештирчү элем. Эми мен катардагы окутуучу болуп, ушу сага баш ийемби?.. Урдум сендей деканды – дептир да, аяшы сунуп аткан оокатты таштап, баса берет. Аяшы күйөөсүнө айтат дейт: "Асанбайдан ушуну укмаксың". Асаке: "Тилимдин азабын далай тарттым: туура кепти айтканыма көбү жек көрдү. Борбордогу университетте иштебей калганым аз келгенсип, чоң сыйлыктардан да кур калдым"- деп өкүнгөн бир ирет. Дагы бир ресторанда кимдир-бирөө атасына багыштап түлөө өткөрсө, ага чакырылган губурнатыр менен акимдер, чоң кызматтагылар тамак жеп бүткөндөн кийин ордунан дуу туруп, тарай баштайт. Ошондо Асаке аларды торой чыгат да: -Эй,

бата кана?... – деп тигилерди ашата сөгөт. Сыртка ашыккан төрөлөрдүн оозуна сөз бүтпөй, аңкайып, ордунда селейишет. Оокат тартылып бүткөндөн кийин ага келген бүткүл адамдардын катышуусу менен көзү өткөн кишинин арбагына куран окутулуп, бетке бата тартылаарын жеткинчектер деле билишет эмеспи. Жылкынын учасы менен чучук, казы-картасына тоюп, карт кекирген төрөлөр тиштерин чукуп, чыгып баратып, каада-салттын ушул жагын унуткан экен.)

Асанбай Сакадай менен амандашып бүтүп-бүтпөй:

- Жогорку Кеңешке телефон чалганы шашып атам. Түндө Азим иним токмоктолуптур, Сака... Адаханга айтпасам болбойт. Ой энең...

- Аны кайдан билдиңиз? Сиз депутатка жолуктуңузбу?

- Азим менен айылдашпыз, тууганбыз. Раш экөөбүз тамак-аш көтөрүнүп алып, кечинде кабар алганы бардык ( Раш дегени акын Рахматулла ). Кепти таштабас, кадыр-баркыбызды билген тааныш милийсалар аркылуу ИВСке кирип чыктык. Байкуш Азим иним аябай кыйналыптыр. Белин кармап, бүкүрөйүп, алдыбызга үч бүктөлүп чыкты – деп, Асаке капаланып, көзүнө жаш алды.

- Ким уруптур?

- Билбейм. Жалгыз адамдык камерада жатат экен. "Жарыкты өчүрүп, кээде түнкүсүн маскачандар кирип келишет. Денемдин бети-башыман башка бөлүгүн ургулашат" дейт.

- Чынбы?

- Чын эмей...

- Сөзүңүзгө далил барбы?

- Керек десең, өз колубуз менен жазып, кол коюп беребиз. Анын түп нускасын парламентке салып ийдик.

- Анда ал тууралуу радиого да сүйлөп бересиз, ээ?

- Сөзсүз – деп, Асаке ашыккан түрдө мурутун жанып койду да, телефон байланыш ишканасын көздөй жолун улады.

Сакадай Азимдин сабалганы жөнүндө эч кимге сөз чыгарбады. Адегенде Асанбайдын мүнөзүн аны жакшы билген адамдардан сураштырууну чечти. "Ал кишинин сөзү туура чыгабы, ага ишенсе болобу, кийин айтканын танып ийбейби?"- деген соболуна акын менен ийиндеш жүргөн кишиден моберекидей жооп алды:

- Дарга ассаң да, ал жалган сүйлөбөйт. Сөзгө да, сырга да бекем.

Сакадай Асанбайды кайра издеп таап, окуя тууралуу суроо-жоопту үн тасмага түшүрдү. Калемгерге экинчи ирет учураганга чейин Асаке депутат Адахан менен сүйлөшүп, Азимдин токмоктолушун айтууга үлгүрүптүр. Парламенттик сессияда Адахан убактылуу кармоо жайына камалган Жогорку Кеңештин өкүлүнүн сабалганы тууралуу кабар таратат. Азим азаттыкка чыкканда айткандай, аны алгач бети-башына чүмбөт кийген эки киши камерадан качып чыгууга үндөйт. Камактагы киши качса, артынан ок атылышы да мүмкүн. Качууга көндүргөнү экинчи жолу киргендердин өңү-башын көрүп, таанып калуу үчүн ал бетиндеги чүмбөттү сыйрып салмак болуп, бирине кол узатат. Ал бейтааныш койнунан союл сууруп чыгат да, аны менен Азимди жоон санга катуу чабат. Токмоктун айынан депутаттын көзүнөн от чагылып, кулап түшүп, ооруга араң чыдайт.

Анткени менен Иштермен жагдай устаранын мизинде кылтылдап тургандыгын боолгоду. Сабалганын мойнуна алса, тоз-тополоңго шам жагышы ыктымал: абактагыларды кайтарып, ага үзбөй тамак-аш берип, кам көргөн милийсалар жумуштан айдалат, же түрмөгө түшөт. Анда ал кызыл шапкечендердин бала-чакасын ким багат? Дагы бир жагы - өзү туулуп-өскөн айылга барган чоңдорду айылдаштары туткунга алганы. Алар окуянын чын-бышыгын билди дегиче, барымтага түшкөндөрдү соо койбошу ыктымал. Ушу себеп өзүнөн кабар алганы келген туугандарын жооткотууга түрттү. Жаны ооору-

ганын сездирбей, олтурган ордунан козголгон жок: "Мына, көргүлө! Милиция мени урмак түгүл, ак шейшепке бөлөп, жакшы багып атат. Аман-эсен кайтарылып жатам. Мени эч ким уруп-соккон жок. Урук-туугандарга айта баргыла, мен үчүн эч кимдин чекесине чертпесин. Сот болсо, өзүмдү актап чыгам" - дейт, аларга. Ушул эле кебин телеканал да тарттырып алып, элге жар салат. Депутат абактан бошогондон кийин Сакадай андан: "Эмне үчүн антип жалган сүйлөдүңүз? Болгон окуяны неге жашырдыңыз?" - деп сураган. "Антпесем, мени кайтарган он эки милиционерге кылмыш иш козголмок. Алар соттолуп кетмек. Анда алардын убалын ким тартат?" - деп жооп кайтарган, Азим. Ал бу сөзүн Асакеге да айтат. Депутаттын: "Андан көрө, алардын ордуна жалгыз сиздин камалганыңыз жеңил эмеспи" - дегени акынды ызалантып, күйбөгөн жерин күл кылды. Көңүлүн чөктүрдү. "Жалган айттыга" чыгарылган Асанбайга кылмыш иши ачылды. Ал таңкы үрөң-баранда тумагын баса кийип, кулакчындарын түшүрүп, үйүнөн чыгып кетти. Аны кармоого тумандуу таңда барган милийса таппай калды. Чын кеби калпка айланган акын Казакстанда убактылуу баш калкалап жүргөнү кыйладан соң угулду.

Сакадай депутатка кол салынганын жөндөп билгени ички иштер бөлүмүнө баш бакты. Жетекчиси менен кыйла тартышты. Убактылуу кармоочу жай шаардык ички иштер бөлүмүнө карайт. Демек, абактагы окуяга жооп бөлүм башчынын мойнунда. "Депутаттын өзү "сабалганым жок" дебаткандан кийин ашыкча кеп керексиз". Милиция баштыгы ушу сөзүнөн ары өтпөдү. Ал Азим камалган камерага кирүүгө, сүйлөшүп чыгууга да уруксат берген жок: ага тергөөчү тыюу салган. Сакадай: "Калыстык жок тура! Телеге тартууга мүмкүн да, көз каранды эмес радиого эшик жабык"- деп өзүнчө күбүрөнүп, зээни кейиди.

- Анда өзүңүз түшүндүрмө бериңиз – деди амалы түгөнүп.

Ак саргыл жүздүү бөлүм башчы буга да көнбөй, баш чайкады:

- Азимдин телеканалга сүйлөгөнү жетет. Ал өз оозу менен "токмок жеген жокмун" - деди, сөз бүттү. – Бирок, милициянын жооптон тайсалдаганы шек жаратты. "Сыр жашыргандарына караганда депутаттын келтек жегени чын. Бул жоруктан облпрокурор кабардар болуу керек. Ага да суроо салып, көрөйүн". Ушул ойдун кучагында ички иштер бөлүмү менен прокуратуранын ортосунда кыйла сандалды. Сырты темир кашаалар менен коргондолгон областтык прокуратурага удаа барып, жетекчисин таба албады. Орун басарынын демейдегидей оозу бек, билсе да үн чыгарбайт. Азимдин жообун көрмө тасмадан көчүрүп алуу ниети да текке кетти: телеканал деректири депутат тартылган тасманы ички иштер башкармасынын орун басары Бишкекке жөнөткөндүгүн айтты. Демейки теле материалдарды борборго милиция ташыбаса керек эле.

Абал курчуду. Азимдин сабалганы адегенде Жогорку Кеңештеги сессияда сөз болду. Кечинде радиодон обого тарады. Муну уккан анын урук-туугандары менен айылдаштары, теңтуштары чогулуп, кеңеш курат. Жыйын Кара-Суулук он чакты адамды айылдашынан кабар алууга обулуска жөнөтөт. Өкүлдөр обл бийликке келет. Сакадай алар менен губурнатырдын бөлмөсүнө ээрчише кирди. Кара-Суулуктар: "Азимди биз менен кошо "Азаттык" да көрүп чыксын!" - дешти. ( Радиодон дамаамат уктурулган баяндамаларда аты-жөнү толук аталса да, тааныш-билиштер Сакадайды "Азаттык" атап алышкан. Билгендер калемгерди бейтааныштарга ошентип тааныштырат. Арадан нечен жыл суудай агып, анын чырымы кырчылдаган жигиттей көрүнгөнү менен жаш курагына абай салган радионун деректири "эс алыңыз" деп, максатын жашырып, келишимди токтоткон. Андан бери башка жумушта иштеп жүрсө да, маңдайынан карпа-курп чыккан жакын-алысы деле: "Саламатсыңбы? Кандайсың, Азаттык!?" - деп учурашып, эмне менен чебелектеп жүргөнүн, өлкөнүн ысык-суу-

гун, акыркы жагдайын сураганда ичи жылып, элдин эсинде бардыгына көңүлү көтөрүлөт. Чамасы, радио угармандарга аты сиңип, жатталып калган белем!? Айрым бирөөлөр Сакадайды антип чакырбоого, ал атты жазмакерден өчүрүүгө кыйла убак жан талашты. Бирок, ага көзү түз эместердин тилегин таш капты. Көрө албастардын тилеги эмдигиче орундалбай, эл оозунан аликүнчө Сакадайдын "Азаттык" аты түшө элек). Гүбүрнатыр бирде алдындагы кагазга үңүлүп, бирде аяк-быякка көз таштап, каанасынын төрүндө чалкалай отурду. Кара-Суулуктардын суранычын кулагынын сыртынан кетиргендей. Кеп нугун башкага бурду:

- Ал тууралуу өзүнчө сөз болот, – деди көңүлсүз гана.

ИВСке бараткан жолдо депутаттын туугандарына Асаке да кошулду. Сакадай өкүлдөр менен абакка бирге кирип, Азимден "Асанбай менен Раш көргөндөй токмок жегениңиз ыраспы? Ал сөзүңүздү эмнеге жокко чыгардыңыз?" - деген соболун берүүгө үмүттөндү. Анткени менен анын ою ордунан чыккан жок: ички иштер бөлүмүнүн темир дарбазасынын оозунда тик турган начальниги жалгыз адам сыяр каалганы кара-суулуктарга кенен ачты. Алардын соңунан ичкериге жулунган Асакени артка түртүп токтотту да, дарбазаны ичинен жаап, кулптап алды. Сакадай да сыртта кала берди. Ал тоолук өкүлдөрдүн убактылуу жайдан кайра чыгуусун күттү. Алардан сурап, Азим туугандарына да телеканалга сүйлөгөн кебин кайталаганын укту: депутат "мен үчүн акылсыз ишке барбагыла! Эч ким залал тартпасын! Элди тынчтандыргыла!" - деп, жердештеринен сураныптыр.

Парламенттин депутаты Бектур Азим камалгандан бери Жалал-Абаддан жылган жок. Ал кесиптешинин кармалып, камакка отургузулган себебин чечмелеген прокурордун чечимин алып, Бишкек кеңсеге телефакс аркылуу жөнөттү. Азимден кабатырланып, байтактан дагы эки депутат - Дүй-

шон менен Адахан учуп келди. Үч депутат убактылуу кармоо жайына кирип, Азимге жүктөлгөн айып менен тергөөнүн жүрүшүнүн чоо-жайын билүү чечимине токтошту. Ошо кезде Адахандын чөнтөк телефону шыңгырады. Ага Кара-Суу айылынан балдар чалыптыр. Адахан алар менен сүйлөшүп бүтүп:

- Кыргызстанда биринчи жолу чоңдор барымтага алынды – деди. Саам өтпөй, ал Бектур менен Дүйшөнгө жаңы буйрукту табыштады: – Туткунга түшкөндөр тууралуу эртең парламенттен сүйлөбөсөм болбойт. Мен азыр Ошко кайра жөнөйүн да, таңкы самолет менен Бишкекке учуп, жетейин. Азимге силер, экөөңөр учурагыла.

Шаардык ички иштер бөлүм башчысы көнгөн өнөкөтүн кайра карматты: эки депутатты да убактылуу кармоо жайына киргизбей, аларга да Азимди көрсөткөн жок. Ал арада Сакадай Асакеге кошулуп, ИВСте депутат менен учурашкан экинчи адамды кепке тартуу үчүн издеди. Ал жумушунда жок болуп чыкты. Иңир киргенде "үйүнөн табаармын" деген үмүт менен Барпы көчөсүндөгү батиринин каалгасын тыкылдатты. Жыгач дарбаза ачылган жок. Оо бир кыйлада короонун ичинен бой турпаты көрүнбөгөн тестиердин үнү чыкты. Өспүрүм жазмакердин аты-жөнүн сурап билди. Анан бир топко үн чыкпай, тым-тырстык өкүм сүрдү. Сакадайдын баамында короонун ичиндеги эшик акырын ачылып-жабылды. Дарбазанын каалгасынын ары жагында турган бала чамасы үй ичиндегилер менен кеңешип аттыбы, айтор кыйладан соң, Асакенин шериги атасынын ден-соолугун сураганы айылга жөнөп кеткендигин айтты. Ал жактан качан кайтаарын да билбегенге чыкты.

Парламент да депутаттын тагдырына убайым тартты. Жогорку Кеңеш Азимдин баш коргоо чарасын өзгөртүп, эки жакка кетпөө талабы менен үй камагына коё берүүнү самады. Сакадай депутаттын иши сотто каралгыча, үй камагына убактылуу чыгарылып, тергесе болоорун чоттоду. Кара-Суу-

га утуру телефон чалып, Азимге жан күйгүзгөн айылдаштары учугун үзбөй кат артынан кат жөнөткөнүн, аны бошотууну тынымсыз сурангаңын укту. Кайрылуулары президентке, башкы прокуратурага, Жогорку сотко, Өкмөткө, Эл аралык мекемелерге аталган. Бирок, Ак Үйдөгүлөрдүн биринен да ага оңдуу жооп чыкпады. Элдин үнүнө кулак төшөбөсө, бийлик кадырынын тым-тыракайы чыгаарын өлкө чоңдору ойлобогон тейде. Анын артынан бороон-чапкын буюгуп, деңиз толкунундай улам түрүлүп келатканын эч ким капарына албагандай. Ал жышаан артын өлүм менен ый баскан кайгылуу окуялардан кийин оркоюп билинди.

Асакени кепке кайра тартуу керек болду. Акын мурдагы сөзүн дал өзүндөй кайталады. Чындыктын айынан өз башына тоодой мүшкүл үйгөнүнө өкүнгөн жок. Өзүнө кылмыш иш козголгону тууралуу үн катпады. Сакадай анын учугун тактаганы шаардык прокуратурага учурады. Иш бөлмөсү жабык турган прокурордун дайын-дарегин орун басары менен катчысы да билбейт экен. Ал ишканадан эми узай бергенде кимдир-бирөө атынан чакырып, үн катты. Артка кылчайып,тепкичте кол булгаган прокурордун жардамчысын көрдү. Жумуш мезгили аяктап, күн кечкирип калган. Жардамчы Сакадайды издегендигин, Асакеге ачылган кылмыш ишке күбө катары суракка алынаарын угузду. Тергөө төрт саатка созулду. Түн кирип калса да коё бербейт. Таңдан бери наар татпай, тынымсыз басып жүргөн калемгердин башы ооруп чыкты. Тергөөчүнүн соболдору кадимки оор кылмыш жасагандарга жасалган басымдай туюлду. Асанбай акынга кандай аталыштагы кылмыш иш ачылганын сурады эле, суракчы аны да өзү тергөөгө алаары менен сыр ачпай, билбемишке салды.

Сакадай иштин жүйөөсүн чамаласа да, эртеси күнкү жумушту шаардын прокурорунун бөлмөсүнөн баштады. Көк кителчен, эки ийнине полковник даражасын туюнткан үч чоң

жылдыз тагынган ак жүздүү, калың кара каш, кырк жаштын ар жак – бер жагындагы киши жек көрө тиктеди. Сакадай анын кызматын сыйлап, "сиз" деп сүйлөгөнүнө карабай, бөлмөсүнө баш баккан адам менен жылуу амандашууну мындай кой, прокурор асманды таштап ийчүдөй үңүрөйдү. Олтурган үстөлүнөн тике тура калып, албууттанат. Мансаптуулардын ичинен мындай төрөпейил, маданияттуулуктан бир жээк алыс чиновник менен алгач беттешкени. Ал көзүн чукуп алчудан бетер сөөмөйү менен ортоңку манжасын жазмакерге туштады да, сенсиреп:

- Аксакалдын жумушун бүтүрсөк... Кезек сага да жетет. Көрөсүң!

Сакадай иштин тактыгы менен далилине таянды. Нары Азимдин токмоктолгонун өз оозунан угуп, акыбалынан кабар алып чыккан соң, Жогорку Кеңештин депутаттарына түшүнүк кат жазган эки акындын алдабай тургандыгына ишенди. Бүкүлү бойдон жутуп ийчүдөй акшыңдаган прокурорго жай гана:

- Албетте. Кайсы жерде "жооп бер" десеңиз, ага күн-түн даярмын – деди ага бет маңдай олтурган калыбын бузбай. Тигинин коркутканына жүүнү бошогон жок.

Жанатбекти да тергөө абагында, жалгыз кишилик бөлмөдө кыйнашкан. Электр тогу уроор үстөлгө олтургузуп:"Уулумдун адам өлтүргөн ишин жабуу үчүн Азим менден акча алган"- деп кол менен жазып берүүгө мажбурлашкан. Жаны кыйналса да, аксакал жалган жазууга көнбөйт. Мына ошондо тамагын бууп, ручка кармаган колунун үстүнөн мыкчый кармашып, зордоп жаздыртышат. Башчылары чакыргандыктан анын жанындагы желдеттер бөлөк бөлмөгө чыгып кетишет. Ыңгайды күтүп турган Жанатбек ширеңке чагат да, үстөлдө кала берген кол жазманы күйгүзүп иет. Анын карайган күлүн таманы менен тепселеп жок кылат. Тоо тарапта эл топтолуп, кырдаал күчөдү. Топ таштай чачылган ар кайсы айыл-кыштакта чогулуш... Сакадай эл кеңешеер кыштакка таң эрте жетүүгө үлгүрүү үчүн түн бир

оокумда жолго чыгып, машина күткөндөн тажабады. Такси эле кармабаса, түнкүсүн ал жакка түз каттаган унаа сейрек. Мындайда түш келген унаа менен ар кайсы бурумдарга жетип алат да, жети түндө жолдо үшүп, машина аңдыйт...

2002-жыл, февраль, Токтогул шаарчасы. Азимдин иши райондук соттун имаратында каралмай болду. Соттун экинчи кабатындагы тар, суук залга анын тарапкерлери баткан жок. Олтургучтардын ара-арасындагы адам басып өтөөр жерден да орун алышты, дубал жандап тике да турушту. Залдын каалгалары жабылды. Прокурор, милиция, сот адистери киргенде гана эшик ачылбаса, башка адамдарга сыртка чыкмай жок, милиция кайтарууда. Жабык бөлмөнүн сыртынанбы, же биринчи кабаттанбы, айтор жан ачыгыдай кыйкырык угулду. Залдагылар "жети жыл мурунку окуяга тиешеси бар" - деп кармалган күбөнү "спецназдар уруп жатышат" деп боолгошту. Күндүзгү саат ондо башталаары чечилген сот түш оогондон кийин араң козголду. Соттун ачылганынан жабылганы тез бүттү: ага айыпкер Азимдин сот менен прокурорго ишенбөөсү себеп болду.

Кезектеги сот кайра уланды. Имараттын алдында нааразылык. Пикетчилерге караганда катар-катар тизилип, калың кийинген спецназдын жигиттери, милиция жайнайт. Алар сотту калыстыкка үндөп, депутатты актоого чакырган жазуулары бар ак кагаздарды кармаган отуз-кырк чакты адамды түртүп, сүрүп олтуруп, бат эле жолдон чыгарып, ар кимисин ар жакка таркатып ийишти. "Пикетчилерди эмне куугунтуктайсыңар?" - деген Турсунбек менен кошо үч-төрт адамды раймилицияга жетелешти. Спецназдын командири өзүн ала качып, тетири бурулса да, Сакадайдын улам микрофонду сунганына карабай, суроону жоопсуз калтырды.

Сот алдынан өткөн көчөнү көк муз каптаган. Сакадай бешим убакка чейин соттун жүрүшүн үн тасмага түшүрөт да,

Бишкек-Ош жолунун жээгиндеги байланыш түйүнүнө чуркап баратып, тайгаланып, эки-үч жолу чалынып түштү. Буттун ооруксунганына көңүл буруугa чолоо жок, убакыт чимирилген доңголок... Ал баяндамасын мейманканада, же байланыш түйүнүндө, кайсы жерден бош орун табылса, ошол жерге олтура калып, "кечикти" дегенде саат бешке дейре жазып бүтүүгө ашыгат. Сүйлөшүүчү түйүндө да кезек: Бишкек кеңсеге өзү буюртма берет. Андан жаздырган репортаж, жаңылыктарды Бишкек кеңседегилер карап, талдап бүткөндөн кийин "Азаттыктын" Прагадагы баш кеңсесине жөнөтөт. Радионун кечки саат алтыдагы уктуруусуна жетишүү үчүн бүткүл денеси эзилип-жанчылып турса да, кыялында убакыттан утуп, ишти эң мыкты, кынтыксыз бүтүрүүгө умтулат. Нары адамдардын эки кулагы таңга жуук, анан кечинде радиодо болоору жадында. Башка ой жок.

Сот тыныгуу алды. Эмки териштирүү 12 – мартта уланат. Ага Бишкектен Жаркын "барсам" деп, деректирден сурапыптыр. Ал Сакадайга бир жагы - курсташ: Сакадай менен Фрунзедеги Кыргыз мамлекеттик Университетинин кыргыз филологиясы жана журналистика факультетин чогуу бүтүргөн. Насип буйруп, экөө тең "Азаттыктын" чабарманы болуп, туш-тарапка чапкылап, чогуу иштешет.

Айткени менен Жалал-Абадда жүргөн Сакадайды борбордон Токтогулга кайра тез жетүүгө буйрушту. Чамасы ичкериде сот жүрсө, ага кошул-ташыл сыртта митингде тургандарды Турсунбек менен бирге кодулашкандай. Жаркынды "үлгүрбөй жатат" дешти. Кечке жуук ал жакка жетүү да көйгөйлүү, такси түз барбайт. Ал адегенде Таш-Көмүргө, андан Кара-Көлгө бет алган автоунааларга улам которулуп жүрүп, түнкү саат үчкө чукул Токтогулдун жол боюндагы үл-бүл жарык тийген мейманканасына түштү. Кош кабат конок үй ар жактан топтолгон жолоочуларга толтура. Ары-бери каттагандардын

түнгө калып, чарчаганы ушул үйгө конот. Эптеп табылган орунда бир аз чырм эткиче уйкусу умачтай ачылды. Ортосун тактай дубал бөлгөн кошуна бөлмөдөгүлөр "кырк жылкынын" ачкыл суусуна тоюп алганбы, бакырып-кыйкырып ырдап, кыраан-каткы. Таң куланөөк салганда колуна радио кармаган Жаркындан сот, 18-мартка жылдырылганын укту.

Сакадай 14-мартта таң азандан Кара-Суу айылын тээ баш жагынан кар малтап, ылдый жөнөдү. Айлана жым-жырт. Бу арада балдардын окууга бараар маалы. Кар бетине жалгыз аяк из түшкөн. Жалкы чыйыр созулуңку тартат. Демек, окуучулар окууга барганы жолго чыккан эмес. Эгер мектепке барышса, көп из түшүп, жол тапталмак. Жарым сааттан кийин сол жактан жапыз мектеп көрүндү. Ага кирчү жол да күрөлбөгөн, эмне окуу токтогонбу?.. Мектептин короосунда да, ичинде да бир жан жок. Бөлмөлөрү боп-бош... Кечээки жыйында депутаттын таламдаштары "балдарды окууга жибербейбиз" - деп антташкан. Быягы түшүнүктүү, ошо шертти бузбаган өңдөнөт. Мектептин каалгаларын жаап, кайра жол улады. Бет маңдайдан чылымын буркурата үйлөп, кара тумак, купайкечен муруттуу киши чыкты. Калемгер аны менен саламдашып бүтүп, үй-бүлөсүндө мектептен билим алган уул-кызы бар-жоктугуна кызыкты. Мектептин бош калганын, окуучулар сабакка каттабаган жөнүн сураштырды. Бир аздан кийин экөө кайым айтыша кетти.

- Окууга баргызбайбыз.

- Эмне үчүн?

- Окутуп эмне кылабыз? Биз ишенип шайлаган Иштерманды бийлигиң эмне кылды да, балдарды төбөсүнө көтөрөбү?

- Балдардын шайлоого тиешеси жок. Алар билим алсын. Окуудан калтырганыңыз – келечегин буууганыңыз. Утурумдук иш бүтөт. Карайган түндүн атмагы, бүркөлгөн күндүн ачылмагы бар. Бүркөлгөн Күн деген түбөлүк түнөрүп тура бербес.. Бир күн сабактан калса, канча окууну билбей калат.

- Эй кабарчы, эмне деп атасың? – деп күпүлдөдү мурутчан киши, оңураңдап. Сөздүн маанисине баам-парасаты жетпеген шекилдүү. – Үмүтүңдү үз! Бу өрөөндөгү ата-энелер "балдарды окууга жөнөтпөйбүз" деп шерттешкен. Керек болсо, райондогу бүт мектептерди жаптыртып, байкот кылабыз. ( Сакадай купайкечендин "бу өрөөн" дегенин "Аксынын тоо бөлүгүндөгү алты айыл өкмөткө караштуу мектептер жабылган окшойт" деп түшүндү.)

- Уул-кызыбыз окубаса, билим-илим, өнөр-кесиптен калат. Келечегин азыртан тушабаңыз. Коюңуз, балдарды окууга жөнөтүңүз. Аларды саясатка аралаштырбагыла!

Кар себелеп киргенге башындагы кара тумагы ак чала баштаган киши колун бир силкти. Ары басып баратып, артына кылчайды да:

- А сен, мага акыл үйрөтпө. Иштермандан ашкан билимдүү, акылдуу пенде жок. Акылды ошондон сурайбыз. А сен... өз ишиңди бил, колуңдан келгенин кыл! "Жибербейбиз" – дедикпи, бүттү...

Түшкө жуук айыл өкмөткө топтолгон кишилер мындан аркы чечимдерин акылдашты. Каптал жыгачтары ылдый түшүрүлгөн жүк тартчу машинанын үстүнө чыгып алып, ар ким өз акылын айтууда. Күүгүм кирээрде алда-кайдан "обл прокурдун орун басары ОМОНдорду ээрчитип келатыптыр" - деген имиш желип учту. Аларды айылга киргизбөө үчүн көчөнүн үч-төрт бөлүгүнө кыдырата таш тизилди. Тал-теректер кыйылып, кыштак жолу тосулду. Бирок, түн тынч өттү: милициянын карааны көрүнгөн жок.

Жыйын эртеси, 15-мартта да чогулду. Ага жыйналгандар губурнатырды айылга чакырууну болжошту. Турсунбек телефон менен сүйлөшкөндө губурнатыр Кара-Суу айлына келүүгө убада бергенин айтып жүрдү.

Азимдин айылдаштары облус башчыны 16-мартта кечке дейре, акыя күтүштү. Бирок, анын карааны шерттешкен

күнү көрүнгөн жок. Телефон аркылуу аны менен кобурашкан Турсунбектин айтымында "губурнатыр элден үзүр сураптыр. Ош шаарында өтөөр конференцияга чакырылгандыктан Кербенден кайра артка кайтып, Азимдин киндик каны тамган айылы Кара-Сууга барууга чолоосу тийбеди". Экинчи жүйөөсү - президенттик администрациянын башчысы Аманбек губурнатырдын эл менен жолугушуусуна уруксат бербей, тыюу салган экен: "Сени да барымтага алуусу ыктымал" - дептир ал. Турсунбек байланыш бөлүмүнөн жылбай, Ак Үйгө тынымсыз телефон чалдыртты. Көздөгөнү губурнатырдын Аманбекке шылтаган кеби чынбы, жалганбы? Ак Үйдүн аппарат башчысынын эмне себептен губурнатырды "Кара-Суу айылына барба" - дегенин текшерүү болду. Бирок, көшөргөн укукчунун далалаты сый кетти: президенттик администрациянын кабылдамасы телефон алганы менен тыңшооч аппарат жетекчиге туташтырылбай жатты. Администрациянын башчысы экөөнүн ортосунда болгон кепти губурнатыр он жылдан кийин башталган соттук териштирүүлөрдө, гезиттер менен телеканалдарда да кайталап, күбөгө тартты.

Депутаттын жактоочулары 16-мартта, эки күндөн кийин Токтогулда башталa турган Азимдин сотуна камданды. Кеңешмеде соттун жана Аксы райондук акимчиликтин алдында өтөөр митингдерге барчу адамдар, Бишкек-Ош жолунун жээгине чыгаар атчандар бөлүштүрүлдү.

2002-жыл, 17- март, жекшемби. Эртең менен саат сегиз-тогуздарда Аксынын Кара-Жыгач айылына туш-тараптан жөө-жалаң, жеңил жана жүк ташуучу автоунаалар менен жана атчан болуп, ар түрдүү курактагы кишилер, жигиттер, аялдар биринин сонунан бири куйрук улаш келе баштады. Арадан жарым-бир саат өтпөй, Кербен - Кара-Жыгач – Сары-Челек – Таш-Көмүргө каттаган үч айрылыш жолдогу автобекеттин жака-белине адам батпай кетти. Сакадай элдин агым- кыймылына байкоо

салып, четте турду. Узун такта олтургучта олтурган бейтааныш аялдар аны суракка алганга да үлгүрүштү. Анын ызы-чууга аралашпай, байкоо салып, үндөбөй турганынан "тыңчы" деп күдүк санаштыбы: "Кимсиң? Эмне максатта жүрөсүң? Кайда баратасың, жумушуң эмне?"- деп такышты. Бутунан тартып, башынан өйдө, кийимдеринен бери сынап, көз жүгүртүштү.

Унаа бекетке жыйналгандар алдын-ала макулдашкандай үчкө бөлүнүүгө өттү: "Бишкек –Ош" жолунун боюна чыгууга көнгөн атчандар буудандарынын соорусуна камчы чаап, убайчубай Таш-Көмүрдү көздөй жолго түштү. Дагы бир топ – үстү ачык жүктүү автомашинага жапырт умтулду. Алардын эртең, дүйшөмбү күнү, 18-мартта Токтогулда улантыла турган Азимдин сотуна жөнөөрү ачык-айкын болду. Жонуна баштык асынганы менен жука кийимчен, жөө-жалаң, жылаңбаш жигиттер менен алардан бир аз улуурак адамдар, аялдар район борборуна каттаган Кара-Жыгач – Кербен жолуна түштү. Тоолуктардын ызгаарлуу күндөгү жүрүшү – андан бери арадан канча жыл канаттуудай калкылдап учуп өтсө да унутулбай, үч тарапка бөлүнүп бараткан адамдардын кылкылдаган элеси алигүнчө Сакадайдын көз алдында турат.

Ал "Азаттыктын" Бишкек бюросунун деректири Кыяска жөн-жайды түшүндүрүп, кечкиге баяндама камдоого уруксат алды. Кара-Жыгачтагы телестанциядан Бишкектеги кеңсеге репортажды жаздыруу кыйла убакытты уурдады. Бүткүл ой-санаасы Кербенди беттеп жөнөгөн адамдардын артынан учту. Аларга бачым жетүүнүн амалын издеди. Урунуп-беринип, шамдагай кыймылдаса да, үч –төрт сааттан ашык убакыт кирпик ирмемдей билинбей өтүп кетти. Ишин бүтөөрү менен сыртка ашыкты.

Жол – ээн: жерге жарык түшкөндөн тартып, буга дейре ары-бери кым-куут каттаган кире да, адам да жок... Айлананы боз чалган Күндүн көзүнө тигилип, түш ченден эчак оогонду-

гун боолгоду. Жанында Кара-Суу айлынан Дүйшөнбек деген жигит караан болуп жүрөт.

Бир кезде "Сыны-Кербен" каттамы менен жүргүнчү ташыган эски автобус ташбака жылыш менен автобекетке утурлап келатты. Ичи толо жүргүнчү. Жолдо андан бөлөк унаа көзгө сүртсө, табылгыс. Ошо дөөтүгө жармашуудан бөлөк арга калбады. Чакан автобус эки сааттайбы, же андан ашыгыраакпы, агезде ойго келбептир, иши кылып, кыйраландап, кыйла жол жүрдү. Бир кезде автобусту атчан киши тосуп чыкты. Ал айдоочуну «четке токтот» - дегенсип, камчысын жол кыргагына сермеди. Сакадай кайсы кыштакка жеткенин, унаа кандай жерге токтогонун билген жок. Калемгер автобустан түшөөрү менен үч-төрт аял ага жүгүрүп келди да: «Милиция атты, атты... Адамдар өлдү...- « дешип, буркурап ыйлап ийишти. Күн боройлоп, бүркөк. Муздак шамал кишини ичиркентип, этек-жеңди жулмалайт.

Сакадай буркан-шаркан түшүп, сыздаган аялдарды жоошуткуча шашты:

- Койсоңорчу!..Баткенге жоочулар басып киргенде ок чыгарбаган аскер, эми өз кишилерибизди атабы? Андай дебегиле! – деп, муун-жүүнү калтырап-титирегенин эптеп басты. Эмнегедир кыжырланды.

- Ишенбейсизби?

- Жок, көзүм менен көрмөйүнчө ишенбейм. Каза тапкандар кайда, көрөйүн.

- Аларды машинага жүктөп, алып кетишти.

Эки-үч жигиттин коштоосунда эки жүз метрдей алды жакка барды. Жолдун тең ортосу менен бир четинде уюган кан, таш менен корголдонуптур. Боз дөбөнүн оң капталында бир канча адам нес болгондой эңсеси катып, үнсүз-сөзсүз дымып олтурат. Жол жээгинде атылган октун тыш кабыгы жайнайт. Сакадай алардын арасынан автоматтын атыла элек, сөөмөйдөй - сөөмөйдөй бир канча узун октору менен тапан-

чанын да атылбаган бытыраларын таап, жерден терип алды. Окторду кагазга ороп, Дүйшөнбекке: «Эртең булар - далилдикке жарайт. Калган ок-бытыраны да жыйнап алгыла» –деп карматты. Саат төрт жарым – беш экенин болжоду. «Азаттыктын» кечки алтыдагы берүүсүнүн ачылаарына бир саат калган... Ага үлгүрөөр бекен? Ай ким билет?.. Жашыган аялдарды кантип соороттуунун амалын таппай, кыйналды. Жол менен жөө келаткандарга мылтык кезегендерге кеги кайнап, көзүнө айланган жашты тыя албай шашты кетти. "1999-2000-жылдары, кылым башында Баткендин чек арасын бузуп кирип, кол салган душмандарды атууга түз буйрук беришпеди эле, карапайым элге эми кантип ок чыгарышты экен?" - деп өзүнчө күбүрөнүп, болгон окуяга такыр ынанбады. "Окко учкандардын сөөгүн Кербенге ташып кеткендир. Кыска убакытта ал жакка жетүүгө үлгүрбөйм. Эмне кылуу керек?" Кыялында өзү менен өзү кеңешти да:

- Жарадарлар кайда? Аларды билгендер барбы? Ооруканa кайда?- деп бакырды.

- Билбейбиз – деген жоопту ден дароо тарткандардан укту. "Ок тийип, жараат алгандар – жардам алуу үчүн сөзсүз оорукaнага барат. Демек, ооруканaны табуу абзел". Сакадайдын эсине ушул ой кылт этти. "Окко учкандардын санын тактайын. Далилдикке жарадарларды таап, үнүн жаздырайын. Алар кантип ок жаңылганын, ким атканын ачык айтаар". Жол четинде токтоп турган кызыл түс «Москвичтин» ээсин чакыртты. Ал табылгыча алда-нени койнуна жашыргандай кош колун көөдөнүнө кайчылаштырган кыз ага үн катты:

- Байке, сиз Бишкекке барасызбы?

- А кайда-ан эми... Эмне болду?

- Өтө маанилүү видеотасма бар. Милисиялар элден качып баратып, түшүрүп койгон окшойт. Жолдон таап алдык. Балким, бул жердеги калаба тартылгандыр. Борборго ала барасызбы?-дегеним...

- Жок, жакын арада ал жакка барбайм. Тополоңдуу Аксыдан жыла албайт окшойм. Тасманы ишеничтүү адамдын колуна тапшырыңыз, ээ? Эгер чын эле тирешүү тартылган болсо, кассета чоң ишке жарайт. Кечиресиз, убакыттан уттуруп атам, жумушум шашылыш... – деди да, кызга көңүл бурбай, унаанын каалгасын тартты. Кыздын өңү-башына да астейдил көз жүгүртпөдү, таанып калууну ойлободу. Унаа ээсине ашыккан түрдө: "Кайсы жерде оорукана болсо, ошол жакка айда. Кызматыңды төлөйм!" - деп жалбара, буйруду. Убакыт – алтын. Калың кыштактын көчөсүндө май түгөндүбү, "Москвич" ык тутуп, бузулду.

"Какаганга муштаган" дегендей каскакты кара. Калемгер унаадан түшө калып, башка машина табылып калабы? - деген үмүттө жолдун аяк-быягына кылчактады. Аңгыча каптал көчөдөн чолоңдогон кишини жөлөп –таяган эки киши көрүндү. Көчөнүн башка жагынан башы кебез менен таңылып, боздоп ыйлаган аялды алып чыгышты. Сураштырса, көк жоолук менен чекесин таңган эркектин бутуна ок жаңылып, келиндин башына таш тийиптир. Экөөнүн үнүн тасмага ылдам түшүрдү да, аларды жөлөп-таягандарга ооруканага бат жеткирүүнү табыштады. Араң-зорго от алып, кыбыраган "Москвичке" албууттанат. Же, жакын арадан оорукана учурабайт. Кеселканага качан жеткирет, аны кайдан табат?.. Убакыт учкан куш, зуулдап атат...

О-ох... Оор күрсүнүп, миң сан ойго жуурулган Сакадай араң жүргөн машина менен кылдырап отуруп, жол четинде адеп учураган ооруканага эптеп жетти. Аблетим айлындагы кеселкана тура. Көз эчак байланган. Машинадан аткан октой ыргып түшүп, доктуркананы көздөй жүгүрдү. Короосуна кирип баратса, кимдир-бирөө жандай чуркап жүрөт. Тааныган адам го! «Сакадай, Сакадай, токто, шашпа! Чай ичип ал!» - деп, чыканагынан кармап, артка тартты. Калемгер билегин

тигинин колунан булкуп сууруп алды да: «Чай-пайыңды коё тур да, ары бар. Быякта чайым чыгып жатат». Ашыккан бойдон ооруканалын каалгаларын эч кимден сурабай ачып - жаап, жарадарларды издеди. Он чакты жарадардын шоокум – ый, онтогону төркү бөлмөдөн чыкты... Бөлмөнүн эшиги ачык астанасын аттаары менен Сакадайдын көзүнө жылаңач темир керебеттерде кан жайнап жаткан өңчөй эркектер урунду. Ок алардын ич-жамбашына, кол-буттарына тийгенби, жан алы калбай ары-бери оодарылат. Тыбырчылап, жардам сурап, боздоп атышат. Онтогон үн коңшу бөлмөдөн да угулуп атты. Сакадай баарынын үн-сөзүн тасмага түгөл түшүрдү.

Бирөөсү айтып атат:

- Ашказанымда ок турат, байке! Ичимде ок ойноп атат, тезирээк алгылачы!.. Мени аткан милицияны тааныйм...Баймурат атты. Ох ичим...- Керебетте чалкасынан түшкөн узун бойлуу жигит аны кыйчылдата ары-бери ооналактады. Курсак тушун эки колу менен басып, онтоп атты. Ага жанындагы жарадарлар да кошулганда бөлмө ичи онтоолорго толуп кетти. Сакадайдын аларга боору ооруп, жаны ачышты. Жаалы күчөдү. Ачуусун тиштенип басты да:

- Врачтар кайда? - деп чаңырып ийди.

Дубал бурчун ыктай колдорун чөнтөгүнө салып, жарадарларга үнсүз тиктеп, ак желекчен эки киши турат.

- Буларга эмне жардам кылбай атасыңар? Кур дегенде ооруну басаар укол сайсаңар боло..

Жашы элүүлөргө таяп, учу чыйратылган кара муруту ээгине түшкөн казылуу дарыгерге тил бутту:

- Бул жерди айылдык оорукана дейт. Буларга операция жасоо керек, ага мүмкүнчүлүк жок.

- Анда Кербенге жеткиргиле да. Эмнеси болсо да, ооруну жеңилдеткиле!

- Жол жабык. Жолду милиция тосуп алган.

- Жол жабык деп карап тура бербей, Кербенге талаа менен болсо да ташыгыла! Же, райондук ооруканадан хирург-анестиозологдорду чакыргыла да.. Биз азыр эле көрүп келдик, жол ачык . Таңга чейин күтсөңөр, ким билет булар эмне болоорун!

Акыйнек айтышканга убакыт тар. Жаны менен алпурушкан жарадарларды айыктыруу врачтардын милдети... Сакадай шарт бурулду да, жүгүргөн бойдон сыртка атып чыгып, байланыш түйүнүн издөөгө киришти.

Эсинде...Оорукананын үстүңкү көчөсүнөн байланыш түйүнүн тез эле тапты. Аны тосмологон жыгач кашаалардын эшикчесин тартаарда кара басып, жарык лып өчтү...Убакыт алтын, жылып атат. Эми телефонду кайдан табат?.. Көөдөй караңгылыкта калып, кечки саат алтыдагы уктурууга үлгүрбөй калганын түкшүмөлдөдү. Кур дегенде саат тогуздагы уктурууга жетишүүсү керек. Кайра артка кайтып, «Москвичтин" ээсинен телефону бар жерге айдоону жалбара суранды.

Унаа менен аймак байтагын көздөй чапкылап, кезиккен айылдан сураганы байланыш түйүнү. Кереги ташка тийгир телефон жок... Убакыт " к-а-ак" деп каркылдаган канаттуудай учуп өтүүдө. Машина чоң жолдон солго бурулду. Тилеги асмандан түшкөндөй болуп, АТСке туш келгенине сүйүндү. Ага кирип баратып, «Москвичтеги» балдарга айтты;

- Менин жаныма эч кимди, жадесе Кудаяр кан тирилип келсе да, киргизбегиле! - Дароо Бишкек кеңсенин деректири Кыязга чалды. Ал үйүндө экен. Күнгө жекшемби болчу. Сакадайдан бөлөк кызматкерлер дем алууда. Кыяз: «Жарым саат убакыт бериңиз. Мен кеңсеге барып, баяныңызды жаздырып алайын» -деди. Сакадай ошентип, "Азаттыктын" кечки саат тогуздагы уктуруусуна алааматтуу алгачкы жаңылыкты жиберди. Анын артынан 18-марттагы таңкы уктуруу үчүн репортажга киришти. Баяндаманы Бишкектеги кеңсеге жаздырып бүткүчө бир кыйла убакыт өттү. Сыртка чыкса, жанаарак топурап жүр-

гөндөрдөн эч ким жок, «Москвич" да көрүнбөйт. Телефончунун кызмат акысын төлөп берген соң, сурап, түнкү саат он эки – бир чаманы какканын укту. Жолду айланып жүрүп, жөө жүрүшчүлөр менен милиция кагылышкан Боспиектин капталындагы Жерге-Тал айылына токтоптур. Бирок, түнү бою райборбор жактан автоматтын тытыраган үнү угулуп турду... Кербенге жети-сегиз чакырым калганын, асманга учуп чыккан кызыл-тазыл ок ошол тараптан атылып жатканын боолгоду... Сакадай түнү бою кирпик каккан жок. Санаасын ок атуу тынчытпады. Ал түнөгөн үй ээси чоочудубу? Калемгердин райборборго унаасы менен таң куланөөк салганда жеткирип коюу өтүнүчүнө көнбөй, шаарчанын чет жагына түшүрдү. Сакадай ушуга да кайыл.

Ошентип, Аксы жаңжалы "Азаттыктан" дүйнөгө эң биринчи таркады. Калемгер 18-мартта таң саардан Кербенге түшчү көчөнү аралай жөнөдү. Соройгон жылаңач дубалдары гана калган эски тамдан быкшыган чычала созолонуп, түтөп жатат. Ал өрттөнүп бүткөн балдар инспекциясынын кеңсеси болуп чыкты. Андан ары райондук ички иштер бөлүмүнө туш келди: айнек-каалгалары талкаланган, имараттын дубалдарын бойлой толтура таш... Милициянын башчысына кирүүгө уруксат сураса, эшик көзөмөлдөп, темир туулга, автомат кармаган жигиттердин жолотоор түрү жок. "Окуянын чоо-жайын билгенге начальнигиңерби, же УВДнын өкүлүбү, болбосо, ИИМден келгендер болсо да, чакырып бергиле" - дегенине көнүшпөдү.

"Азаттык" тараткан кабарды ички иштер министри Таштемир уккан эмес окшойт: 18-мартта КТРдин таңкы жаңылыктарында: «Аксылыктар мас болуп алып, бирин-бири бычактап өлтүрүшкөн» - деп сүйлөйт. РОВДнын алдында дүрбөгөн митингчилер, уюлгуган чаң, бороон, алардан ары бронетранспортер, куралдуу жоокерлер Кербендин төрт тарабында быкпырдай жайнайт... Алар түнү бою ар кайсы шаар-райондордон самолет менен ташылган экен.

Кол баштыкта ок тийген балдардын үндөрү түшүрүлгөн тасма. Калемгерди аңдыган адам арт жагынан жүгүрүп келип, анын колунан жулуп кетүүсү мүмкүн. Кара-Суу айлынан райбор-борго келген балдарга: «Мага тооругандарга көз салып, баскыла. Он кадам алдыда жана он аттам аркада төртөөң жүр. Оң-солдон да эки-үч арышта ары жакта эки-үчтөн жандагыла. Жаза тайып, баштыкты тарттырып ийбейин»- деп табыштады. Алардын кош-тоосунда адегенде райадминистрацияга баш бакты. Ал жерде имаратты күзөткөн милициядан башка эч ким жок болуп чыкты. Анан прокуратурага бурулса, ал жер да жабык. Демек, булардан да кабар алуу мүмкүн эмес. Бак-шактуу райондук ооруканынын түшүна жеткенде коштоочу балдар кыйылып: «Бизге уруксат бериңиз, тажадык» - дешти. Аларга ыракматын аябаган Сакадай ооруканынын башкы дарыгерине учурады. Башкы врачтан окко учкандардын курмандыгына, токмоктолуп, жараат алгандарга эмне себеп экендигин, канчоо каза таап, нече жарадар аман-эсен дарыланып жатканын, алардын абалы кандай экендиги тууралуу сурады... Сааттын жебеси күндүзгү он -он бирди кагууда.

Ооруканынын башкы төбөлүнөн ошентип өтүндү. Коюу сары чачын артка кайырган ак жуумал доктор ак да, көк да деген жок. Түз карабай, ооз ачканга жарабады. Сакадайдын кайталаган суроосуна оо бир топтон кийин ыңгырана “кийин келиңиз” – демиш болду. Врач үчүн кеселмандар бирдей го! Ооруканага түшкөндөрдүн ал-жагдайы жөнүндө ачык айтуусу абзел. Мамлекеттик жашыруун сырды сураган жок. Сакадай доктурдун мамилесине ичи сууп, дарыгердин бет маңдайын-дагы телефакстан жазуулары көп узун кагаз сыртка чубуруп, чыга баштаганын көзү чалды. Тизмелүү кагаз кайдадыр жө-нөтүлүп аткандай. Калемгер ичинде: «Каза тапкандар менен жарадарлардын тизмеси болушу ыктымал” -деп жоромолдоду.

Башкы дарыгер үн чыгарбагандан кийин көңүлү өлүкка-нага барып, курмандыктын эсебин билгенге ооду. Ал жерден

шеит кеткендердин көз жашын көлдөткөн ата-энелери менен агайын туугандарын кезиктирди. Мына, доктур жашырса, кайгы баскан бу кишилерден сурап, өлүм-житимдин саны менен жүйөөсүнүн тамырын тартып, тактап билсе болот.

Өлүккананын бир ыптасында ыйлап тургандарды жубатып, өзү да көз жашын тыя албады. Жашын аарчып, ичкери киргени бекем жабылган темир каалганы булка тартып, ачты. Күңүрт тарткан жапыс тамдын сол ыптасында кийизге оролгон эки адамдын сөөгү жатканын боолгоду. Ооз-мурдуна ак даки тартынган кара желекчен врачтын колдору кан, ал дагы башка бирөөнү жарып жатат. Дарыгер Сакадайга суроолуу тигилди да, окко учкан канча киши өлүкканага түшкөнүн сураганга үлгүртпөй, «кирбеңиз» дегенди ымдады.

Укукчу Сартпай да өлүкканада турган. Жарыгы жарытпаган бөлмөдө болуп жаткан дене жарууну бейтааныш бирөө видеотасмага тартып атты. Сартпай анын кайсы теледен экенин сураса, тиги жооп таба албай, мукактанып, күмөн санатты. "Ким жиберди?" - деген соболго ал "тияктагылар" дегенди туюнтуп, башын жогору жакка экчеди. Сартпай:

- Тарткан видеоңдун көчүрмөсүн бизге да чыгарып бер, макулбу? Ишке тиркейбиз. – Оператор батыл жооп айта албай мукактанды: кимдир-бирөөдөн колдоо күткөндөй буйдалып, ары-бери кылчактады. Тергөөчү да үндөбөдү. Эки табытты жарып бүтө электе оператор видеокамерасын иштетпей, четке жылды. Укукчу:

- Эмне тайсалдап калдың, тартпайсыңбы? –деген суроосуна андан : -Кассета толуп калды - деген жооп укту.

- Бөлөк операторлор канча саат тартса да, тасмасы түгөнбөйт! Сеники эмне, дароо эле толуп калат? Же, камераңды башка жерде да иштеттиң беле?

- Кечээ, тиякта да тарткам.

- Боспиектеби?

Оператор "ооба" дегендей, башын үнсүз ийкеди. Сартпай аны илгиртпей түшүндү да, жолдогу кандуу булоон тасмага түшүрүлгөнүн жоруп, сыртка чыкты. Шеит кеткендердин ага-тууганына тасманын олчойгон далил экендигин түшүндүрдү. Ал аялдарга өлүкканадан чыга берген операторду көздөй ымдады. Аялдардын бири тасмачыны токтотуп, анын эки колун бекем кармап, эмнелерди тартканын сурап, алаксытып турду. Башкасы тасмачы мойнуна илген камеранын моюнтуругун чыгарып, камераны өз соңунан кийин топурап тургандардын бирине, колдон – колго өткөрүп, анысы андан аркысына узатып ийди. Боспиектеги коогалаң менен өлүкканада врач жарып аткан табыттар тартылган тасма ошентип, ишенимдүү жайга жашырылды. Прокурордун илмийген жардамчысы менен тергөөчү Сартпайга жалдырады: "Кассетаны алсаңар да, видеокамераны кайтаргыла. Ал өтө кымбат". Укукчу "билбеймге" чыкты. Ал окуяга дейре өлүкканага бир автобус спецназ келген. Алар окко учкандардын денесин коңшу аймакка жүктөп кетишкени жиберилген экен. Бирок, аларды курман болгон уулдары менен туугандарын жоктоп, кайгыга батып, сыздап тургандар өлүкканага жолотпой, ооруканадан кууп чыгышат. Көрсө, жансыз денелерди жарып, аларга тийген окту алып, анын ордуна "бычак сайылып өлтүрүлгөнгө" чыгаруу үчүн табытты бөлөк жакка ташып кетишмей болгон тура. Ал үчүн Кербендин чет-жакасындагы аэробекетке тик учма кондурулуптур. Бул тууралуу окко учкандардын жакындарына дарыгерлер алдын ала кабардар кылат.

Ал эки тасма Жогорку Кеңеште Аксы окуясы талкууланаар маалда гүбүрнатырлык кызматка бааланды. Тасма айылкыштактарды аралай чапты. Бишкек-Ош жолунун Таш-Көмүр шаарындагы бөлүгү тосулганда, айдоочулар менен ары-бери каттаган жолоочуларга да көрсөтүлдү. Жыл жаңырып, 17-март болгон сайын телеканалдар обого ошо тасманы коюшат. Ал

тасмада көрүнгөндөй, тынч митингге чыкканы Кербенди көздөй жөө келаткан кур кол адамдарды боз дөбөгө чукул, милиция тосот. Алар өз ара талашып-тартышат. Топтолгондорду ак түстүү "Волга" аралап өтүп, маңдай-теской турган жергиликтүү чоңдор менен элдин жанына токтойт да, автомашинадан Турсунбек түшөт. Милиция укук коргоочуну кармап, булкуп, жетелеп кетүүгө урунганда аялдар аны арачалап калууга умтулуп, калкалашат. Эки жак ар кимиси өз тарабына тартышып атканда күтүүсүздөн мылтык атылат. Тасмада "дүң-ң-дүң-ң..." деп атылган октун үнү милициялардын арт жагынан жаңырып аткансыйт. Ок атылганда жөө адамдар артка качат. Алардын арасынан бир нече адам жерге кулайт. Кансырап, эс-учун жоготкон жигиттерге жаны ачыган аялдар ызы-чуу түшөт. Бая артка кетенчиктеген тоолуктарга алда кайдан кайрат бүтөт да, жөө жана атчан кишилер баяраак алдын торогон милиция менен чоңдорду кууп жөнөйт. Элдин сүрүнөн жалтайлап, куугундун алдына түшүп, бири-бири менен жарыша качкан милиционерлер көрүнөт. Эки-үч спецназ кийиминин жеңи өйдө кайрылган билегин, багелеги тизесине дейре түрүлгөн бутун ак желекченге сунат. "Тез жардам" машинасы жанында турган дарыгер чийилген билек менен териси сыйрылган жоокердин бутуна көк дары сыйпап атат. Ок тийип, жайрап калгандар менен булардын иши жок...

Ок чуу-чуу учат. Тоз-тополоңдун арасында жүргөн Аналы денесине "тып" этип бирдеме тийгенин адегенде элес албады. Ичи кызып, курсак тушун кармаган колуна кан урунду. Уландын нур чачкан кызыл жүзү кубарды да, томолонуп барып, арык ичине ооп түштү. Эсин жыйып, жол жээгине араң-зорго жөрмөлөп чыкты. Жакын арада ары-бери баскан караандар мунарыктап көрүнөт. Улан аларга жалдырады:

- Байкелер, жардам бергиле, өлүп баратам...

Бирок, бет маңдайына токтогон кош караан райборбор-

го жөө аттанган кишилерден жат болуп чыкты. Жүзүнө беткап кийген спецназдын бири Аналыны ичке тепти да:

- С-сука, сен өлүшүң керек – деп бакырды.

Экинчиси да жемелеп, уландын уучуна жолдон тапкан чоң ташты карматты. Ичи тызылдап, дем алуусу оорлогон жигит алаканын жазып, ташты түшүрүп ийгенде экинчи спецназ мылтыгынын кундагы менен көөдөнгө урду:

- Сен бизди ушу таш менен соктуң. Эми колуңдан кайра түшүрсөң, мээңди чачырата атып салам – деп, дембе-дем ага таш мыкчытып, мылтык карматып, сүрөткө тартып алды.

Кайдан-жайдан жете келип, Аналыны баса жыгылып, бооруна тарта, кучактап ыйлаган инисин желдеттер желим союл менен чаап киришти. Эсинен танган ага-ини арты ачык турган машинага ыргытылды. Машинанын үстүндө тактайдын таарындысына уйпаланып, жансыз үч дене жаткан.

Сакадай ооруκананын экинчи кабатына чыгып, жарадарларды хирургия, травматология, жаак-бет бөлүмүнөн издеди. Бөлүм башчысы ордунан чыкпады, башкы дарыгер чакыртыптыр. Он чакты ак желекчен врач чогулган бөлмөгө баш бакты. Алардан жарадарлардын акыбалы, эмнеден жарадар болгондугун, диагноздорун сураса, бирөө да ооз ачпай койду. Тобокелге салып, жарадарлар жаткан бөлмөлөрдү кыдырата аралап чыкты. "Көп болсо, айдап чыгаар!" - деген ойдо болду. Операция жасалгандардын экөө (ашказанында ок турганы да) түндө үзүлгөнүн билди. Бети-башы, көөдөнү менен жамбашына ак даки оролуп, колу-буту, ээк-жаагы таңылган жарадарлар толтура. Оорунун айынан онтогон, жөөлүгөн жан...

Башкы дарыгердин кабинетине кайра келсе, анын каалгасы жабык. Күттү... Окко учкандар менен ок тийип, жарадар болгондордун тизмесин сураганда, баш врачтын: "Кийин учураңыз" – деген жообун чын бүткөн. Доктурдун айткан убагында ордунда турбаганын кара. Оозунан чыккан сөзгө ээ болушу керек эле.

Сакадай ишти өз убагында баштап, аны өз мөөнөтүндө бүтүрө албаган, айткан шертинде турбай, ар кайсы шылтоонун башын чапчыгандар менен эзели келишпейт. Ага бардык жумуш өз саатында аяктоосу, так болуусу зарыл. Кенедейинен ушуга көнгөн...

Башкы врачтын изи сууду. Сакадай эми Азимдин жардамчысын ишке салууну чоттоду. Тажимамат аксакал - Кербендик дарыгерлерге тааныш, кадыр-барктуу да. Жергиликтүү эмеспи, алардын сырын билет. Ага: «Байке, ооруканадан сырга бек дарыгер таап бериңиз. Башкы доктурдун телефакста узун тизмелүү барактарды кайдадыр жөнөтүп атканын көрдүм. Ал чамасы, ок тийип көз жумгандар менен жарадарлардын тизмесидир. Ошону алдырталы» - деп жалбарды. Ырамалык Тажимамат агай дароо баш ийкеп, Сакадайдан бир аз сабыр кылууну өтүндү. Кимдир-бирөөгө телефон чалып, тапшырманы табыштады. А киши эгиз козудай болуп ээрчишкен Жанышты жаштыгына карабай, тең ата көрүп, "Алпкаракуш" деп эркелетчү.

Убакыт түштөн кийинки саат үч-төрттөн ары ооду. Сакадай Тажимаматтын бөлмөсүндө маанилүү санаган окуяларды чиймелеп бүтүп, Бишкек кеңсеге узатты. Ага дейре жөндүү акыл тапкан экен. Аңгыча ак халаты бүчүлөнбөгөн тейде окко учкандар менен жарадарлардын тизмеси жазылган кагазды колуна кармап, орто жашар дарыгер жетип келди.

Калемгер "жашырсаңар, мынакей!" - деп угуза сүйлөп, дарыгер сунган тизмени телефакс аркылуу Бишкектеги кеңсеге чубатып ийди. Ошентип, адегенде Боспиекте төрт адам окко учканы ырасталды. Ички иштер бөлүмүндө түндө кармалып жатканда тийген ур-сокку менен үстүнө таң аткыча куюлган муздак суунун зардабынан дагы бир киши үйүндө көз жумду. Аны менен бирге колго түшкөндөр кыйла азапка батты. Кийимдерин чечиндирип, көмкөрөсүнөн жерге жаткыры-

шат да, түнү бою желим союл менен сабап, суракка алышат. Кол-буту сынгандарды "дарактан жыгылдым...Үйдүн үстүнөн жерге кулап түшкөндө чыгарып алдым. Догум жок" - деп, күч-кө салып жаздыртып, зордоп кол койдурушту. Көнбөгөндөрдү уруп-тепкилеп, сабамай... Терисине батпай семирген бирөө, жерде жылаңач жаткан туткундун колун үстөлдүн буттары менен бастырып, үстүнө олтурду. Жаны ооруганына чыдабаган туткун: "Эмне десең, айтканыңдай жазып берем, үстөлдү ары тарт!" - деп жалооруду... Боспиектеги калабада колго түшкөндөр таңга чейин адам чыдагыс кыйноолорду баштан өткөрдү.

Ире-ширеде үйүнө кайтып бараткандa ок көзөп өткөн боз уландын жансыз денеси Кербендин көчөсүндөгү бетон арыктан табылды. Баарын кошкондо эки күндө алты адам мерт болуп, кыркка жакынына ок тийгени ырасталды. Күүгүм тартканда райондук милицияга таш ыргытылып жаттыбы, соккудан улам таштын темир дарбазага "даң –ң - дуң-ң" этип урунганы угулат. Ага удаа асманды көздөй мылтык атылып, кызыл, сары, көк түстөгү ок обого учту. Түн жарымдан оогондон кийин да жигиттердин ар башка көчөлөрдө удургуп, качып жүрүшкөнү угулуп турду. Аларды номерсиз бир машина көчөмө-көчө кууп жүрүптүр, ок да үзүптүр. Кербенге түнү менен жоокерлер, милиция кызматкерлери, ички иштер министрлигинин аскерлери ташылды. "Буран" жана "Тайфун" деген ат менен эки операция киргизилгенин да жашыра алышпады.

19-март, Кербен, "Алтын казык" кино-театрынын аянты. Кино-театрдын үстүңкү эки чети менен ортосунда кара көз айнекчен үч снайперчи ары-бери басып, чогулган элге мылтыгын кезеп, көз салууда. Аянтка тизилген аскерлер, алардын артында атайын камдалган жоокерлер иттерин жетелеп, кылкылдаган элди секиченин алдына жолотпой, тирүү дубал сыңары тосуп турат.

Аба бекети жактан жүрүп келген маршруттук чакан автобустан кагаз-калемин кармаган журналисттер менен видео-

камераларын ийнине көтөргөн телеоператорлор убай-чубай түштү. Алардын соңунан көрүнгөн өкмөт башчы Курманбектин өйдөлөтүлгөн секичеге чыгып, сүйлөгөнүнөн токтогону тез болду. Премьердин мурда жолуккан сайын Сакадай менен кол кармашып, саламдашчу маалымат катчысы аны менен амандашкысы жок: көрмөксөнгө салды да, жүзүн буруп, колун артына алган калыбында мыкчыя, тактайды тарсылдатып ары-бери басат. "Азаттыктын" калемгери үндү тунук жаздыртуу үчүн секиченин бурчуна коюлган үн күчөткүчтүн жанында тик турду.

Өкмөт башчынын оозунан:"Эки-үч адам курман болуптур" -деген кеп чыкканда аянтка жык толгон адамдар чуулдап ийди. "Жалган, жалган, төртөө!" - деп туш-тараптан күүлдөп, кыйкырышып, аны сүйлөттүрбөй коюшту. Кызарып -татарган премьердин оозуна башка кеп кирбеди. Аянттагылардын ызычуусу сеелдегенде, ал:

- Жалган маалымат таратkandar жооп берет – дегенге араң жарап, секичеден түшүп кетти. Калыбы, калпы чыкканына уялды. Өкмөт башчыдан кийин узак сүйлөгөн баш прокурордун кебин тыңшаган адам болбоду. Сакадайдын жанында тумагын баса кийип, кайыш курткачан Турсунбек жүрөт. Анын көздөрү киртейип, өңү шапайган, үнү каргылданып, сакал-муруту өскөн. Ал түндө ички иштер бөлүмүндө жатып, таң эрте бошогон.

Микрофон алдына тебетейчен Шергазы аксакал чыкты. Карыя жаны кейигенин жашыра албай, үнүнүн жетишинче кыйкырды:

- Азимди камактан чыгарып койгондо, мындай шойком окуя болмок эмес... Бу окуяга ким күнөөкөр?.. Буга – Акаев күнөөлүү, буга Карыпкулов айыптуу... Мындайга Абышкаев, Акматалиев, Кудайбергенов, Үзөңгү-Кууштү Кытайга карматкандар күнөөкөр. Күнүгө 200-300 киши ачкачылык кармаса, "Аксыда эки-үч адам эле ачкачылык тутуп олтурат" деп, тес-

кери сүйлөгөн КТР күнөөлүү!.. Элдин жолун тоскондор, адамдарды аткандар айыпкер! Аларга буйрук бергендерди таап, жазалаш керек!

Түшкө жуук кыргактарына ак чүпүрөк байланган үстү ачык машиналарда каза тапкандардын сөөгүн кино-театрдын алдынан өткөн көчө менен тоолуу айыл-кыштактарды көздөй ташып өтүштү. Ага-тууган, жакындарынан айрылгандардын өкүрүк-ыйы Кербенди жаңыртты.

Ошо күнү кечке жуук Азим Токтогулдагы абактан чыгарылды. Милиция менен аскер адамдарынын коштоосунда аны Кербенде таркабай турган элдин алдына алып келишти. Чогулгандар райондук милицияга, өрт өчүрүүчү мекемеде жана башка жайларга камалгандар бошотулгуча таркаган жок. Бишкектен калемгерлердин, адам укугун коргоочулардын тобу келгендиктен кампутер талашка түштү.

Сакадайга 20 - марттын кечинде гана көчөлөр ээндеп, жым-жырттык өкүм сүргөн Кербенден кайтуунун оңтоюу келди. "Кыябан жол менен колунда куралы, же оюнда жамандыгы жок, эч кимге залалы тийбей жөө келаткан адамдарга ким ок атты? Ок атууга ким буйрук берди? Райондун байтагында болгону тынч митинг өткөргөнү жүргөндөрдүн жолун торобой койсо, болот беле?"... деген сансыз ойлор санааны туманга чулгап, жан-дүйнөнү бүлүккө түшүрдү. "Ал түйүндүн жандырмагын кантип чубаса болот? Чындык канткенде алаканга салгандай ачыкка чыгат? Нечендеген кыргыз жери коңшуларга эч-себепсиз олжого тартууланып кеткендей, алардын түпкү сыры билинбегендей, бу коогалаңдын тамыры кайда житкени табылабы?" Сакадайдын мындай соболу калабаны териштирген гарнизондук, аскердик соттордо утуру жаңырганы менен так жооп болбой, жабылуу аяк жабылуу бойдон кала берди.

Жөө жүрүшчүлөр менен милиция кагылышканда спецназдын жараланган буту-колун ак кебез менен таңдырып жат-

кан жоокерлери тасмага тартылган. Сакадай ал жигиттерди аскер врачы аркылуу областтык ооруканада жаткан жеринен таап, бирок, ич жылыткан жооп ала албады. Сотко спецназдын жоокерлери түрдүү себептен улам катышкан жок. Алардын түшүнүк каттары гана окулуп турду. Боспиекке буйрук менен барган аскерлер күбөлөр менен беттештирилген жок. Сакадай аларды өз ара, же командирлери менен арай-көз чарай сураштырганда, же жиги чыкпаган кылмышка күмөндөлгөн кишилердей төрт дубалдуу муздак бөлмөгө тургузуп койгондо, ийненин учугу өзүнөн өзү табылаарын аңдап турду. "Аскерде кимге кандай курал, канча ок-дары таркатылганы, алардын номерлери жазылып калчу эле го! Атылган окторду издеп таап, номерлерин салыштырса, жөө кишилерге атылган октун кайсы мылтыкка дал келээри, ал курал-жарактын ээси ким экендигин тапса болот. Мылтык менен октун ээси чыккандан кийин ок чыгарууга кайдан, кимден буйрук болгонун да аныктоо мүмкүн" – деген тыянак чыгарды, Сакадай.

2002-жылдын апрелинде премьер-министр, губурнатыр, облпрокурор алмашты. Бишкектеги кеңседен Сакадайга ошондо: "Прагага барасыз. Ал жактан сизге чакыруу кагазы келди. Чет өлкөгө сапарга аттанууга зарыл кагаздарды камдаңыз" - дешти. Калемгер аларды 20-майда бүтүрдү. Аны үйдөгүлөрүнөн башка эч ким билген жок.

12-майда жаңы губурнатыр менен прокурор Аксынын Кара-Жыгач айылынын айдөшүндө болгон жабырлануучулардын кеңешмесине барды. Жыйындагылар бир нече адамдын өмүрүн жалмап, алардын жубайларын жесир, балдарын жетим калтырган окуянын чыныгы себепкерлерин таап, аларды акыйкаттык менен соттоону каалашты. Ак Үйдөгү чоңдорду кызматтан бошотууну тилешти. Шеит кеткендердин үй-бүлөсүнө кун төлөөнү, балдарына жөлөк пул чектөөнү бекитти. Түшкө жуук ачылган чогулуш сүйлөгөндөрдүн көптүгүнөн кеч бешимге дейре созулду.

Жыйын жабылаар замат Сакадай жумушун бүтүргөнү жолго түштү. Кербенге тез жетүүнүн камын ойлоп, Кара-Жыгач-Кербен жолунун четинде такси күттү. Эл тараарда микрофон тийген өкмөттүк эмес уюмдун төрайымы Болайым андан окчун жерде сөз алып, сүйлөй баштаган. Ага эч ким кулак түргөн жок. Чогулушта болгондор ызгаарлуу кечте туш келди чачырап, үй-үйүнө кээси жөө, бөлөктөрү атчан, идиректүүлөрү автоунаа менен таркап атты. Сакадай андан бир жума өтүп-өтпөй, Бишкекте чакырылган жыйында Болайымдын: "Мен Кара-Жыгачта сүйлөп жатсам, "Азаттыктын" кабарчысы микрофонду өчүрүп койду. Өтө чо-оң киши экен" - деп, куру жалаа жапканын Бишкек кеңседегилерден угуп, айран - таң калды. Ой тообо!.. Ал чачы тармал, толмочунан келген бул аял менен эгерим маңдай-тескей сүйлөшкөн да, жүздөшкөн да эмес. Аты-жөнүн такташып, таанышмак тургай, көрбөй-этпей эле ой жоруму менен карандай калпты соктурган докчул бет тырмачылар болот экен, ээ? Мындайды кыргызда "укмуштуунун төөсү жорго. Куру доомattан сакта!" дечү эле...

5-июнь, 2002-жыл. "Бишкек-Ош" жолу Нарын дарыясында турган Таш-Көмүр ГЭСтин тушунан торолду. Тосмодон оорулуу адамдарды, кош бойлуу зайыптарды тарткан кирелердин өтүүсүнө уруксат этишти. Калгандарга жол жабык. Жүргүнчү белети бар Ош менен Бишкектин аэропортторунан учак менен алыс жакка сапар тартчуларга, "200 – жүккө" жол ачылды.

Түштөн кийин жолду ачууну суранган гүбүрнатыр менен Таш-Көмүрдүн шаар башчысынын сүйлөшүүсү суу кечкен жок. Чоң бийлик окуяда жабыр тарткандардын Кара-Жыгачта бекиткен токтомун жүзөгө ашыра алган эмес. Кан жолду бууганга ушул кенемте себеп болду. Азимди коргоо комитети жабык жыйын куруп, жагдайга жараша чечимин бекитти. Комитетке Жаныш башчы. Түркүн чечим - комитеттин жыйырма бир мүчөсүнүн элегинен өтүп, алар жактырган

соң гана тышта калган адамдарга жар салынчу. Сакадайга да ошондо айтышчу. Комитеттин жыйынына алардан бөлөк бир да киши киргизилчү эмес. Куралсыз он башы, жүзбашылар даярдалды. Алар каруусуна кызыл чүпүрөк байланган. Күмөн санаткан, арак-шарап татып, бейбаштык кылгандар, жыйындагыларга ушак-айың, же чагым менен жик салып, ынтымакты ыдыратчулар – жол буугандардын арасынан чыгарылчу. Комитеттин чалгынчылары ГЭСтин бет маңдайындагы көгүш жана кызгылтым түспөл чоку-кырларга чыгып, бүт айлана-чөйрөгө, Бишкек-Ош жолунун аркы-берки учуна, Нарын дарыясынын жээги менен булуң –буйткаларына, боз адырлардын коңулколтугунан өйдө көз салат. Чокудагылар шек туудурган кимдир-бирөө, бейтааныш адамдардын тобу, же бийлик кармандары, куралдуу кишилер көзгө чалдыкса, же шыбырт-шоораты билинсе, комитетке кабарлайт.

6-июнь. Жол тоскондорду көз айнекчен вице-премьер да муюта албады. Түш оой аба үп тартып, күн кызыды. Чоку-кырды кайтаргандар боз чап адырдын жантайышынан жол тоскондорго дүрбү салган милициянын подполковнигин кармап алышты. Аны жетелеп келишти. Ийнине асынган күрөң түстүү кайыш баштыгы  ачылганда баштыктан ГЭС, борбордук жол, демонстранттардын жайгашкан жана түнөгөн жайлары чийилген карта чыкты.

Подполковниктин кайдан-жайдан, эмне максат менен адыр аралап жүргөнү, дүрбү салган жагдайы териштирилди. ”Калдайган тоо-ташка жашынбай, түз эле биздин жаныбызга келип, максат-мүдөөбүздү сурасаң, сырыбызды алаканыңа салып бермекпиз. Биздин Боспиекте жөө жүрүшчүлөргө ок аткандарды таап, жазала. Милицияны элге каршы салган бийлик ээлери алмашсын. Ушундан бөлөк мүдөөбүз жок” - дешти. Милиционер ал суроолорго үн катпады. Эртеси ички иштер башкармасынын начальнигинин полковник орун басары ме-

нен мамлекеттик автоинспекциянын областтык башчысын тутуп келишти. Экөөндө тең форма жок, жөн-жай спорт кийимчен, тердеп-тепчип алышкан. Алар Нарын дарыясынан балык уулап атканда кылтакка илинет. Биринин үстүндөгү нымдашып, денесине жабышкан көйнөгү жон ылдый айрылып жүрөт. Комитеттин бир мүчөсү: "Полковник менен эки подполковникти барымтага алдык" - деп айгай салып, тегерегиндегилерге угуза айтып, мактанып ийди. Беркилер ызаландыбы, колго түшкөнүн моюнга албай тырчышты да:"Биз барымтага түшкөн жокпуз, жалган" - деп, өздөрүн ороп тургандарга актанып атышты. Сакадай сураганда бул жосунду Тажимамат ырастаган да жок, төгүндөй да албады. Ал талаа командиринин баштыгын колунан түшүрбөй, кармап жүрдү. Баштыкты алдырып ийүүдөн чочуладыбы, картаны Сакадайга да, башкага да ачтырбай, көрсөтпөй койду. Көп узабай, кармалган милиция кайра кетүүгө уруксат алды.

7-июнда вице-премьер-министр комитеттин мүчөлөрүн Таш-Көмүргө, сүйлөшүүгө чакырды. Комитет жолугушуудан баш тартты. Алар бийликтегилерге жол тоскондордун алдына келип, акциядагылардын көзүнчө тил табышууну таклип кылды. Бу мертебе комитеттин сунушу да четке кагылып, чоңдордон ачык жооп түшпөдү.

Жол буугандар ачкачылык кармоого өтүп, оозуна наар алуудан баш тартты. Түнкүсүн Нарын дарыясынын жели уруп, мээлүүн тартканы менен күндүзү айлана-тегереги Күндүн ысыгына кызыган тоо -таш менен курчалган жолдун боюнда дем алуу оор, алапайды табуу кыйын. Бир жагы күн куйкалайт, көлөкө жок, айлана-чөйрө саябандуу бак-дараксыз жалама таш, тегерек чайыры көңүл айланткан аспал жол менен боз шагылташ баскан бийик адыр... Тердеп-бышкан эркектер ачкалыкка сыр бергилери жок, аялдардын кээ бирөөлөрүнүн таңдайы-кургап, эрини киберсигени байкалат. Алсырагандар бар. Үч

күндөн бери наар татпагандарга дарыгерлер көз салуусу зарыл эле. Бирок, врачтар бул жакка бут баспады. Тажимаматтын үндөөсү менен аны ээрчиген Сакадай доктур издеп, бир жагы ачкалыктан эси ооп жыгылгандардын абалын билгени Таш-Көмүрдөгү ооруканага бет алды. Жол тосуп, тамак-аш ичпей олтургандарга доктур жиберүүсүн өтүнгөнгө башкы дарыгер ордунда жок болуп чыкты.

Бир кезде сары – кызыл түстүү үч автобус жол тоскондордун жанына жарым чакырым жетпей, токтоду. Эң алдыда турган автобустун эшиги ачылып, ички иштер башкармасынын аскер кийимчен, каш-кабагы, баш-көз, ыраңы тажик түспөлдөш начальниги түштү. Ал обочодо кол телефону аркылуу кимдир-бирөө менен кеңешкендей болду. Автобустун ичи, башына туулга кийген спецназга толо экени сыртка даана көрүнөт. Алар чабуулга өтсө, шек-шооратын үн тасмага түшүрүп алуу үчүн Сакадай унаанын капталына жетип барды. Арадан жарым саат өтпөй, автобустар негедир артка бурулду. Болжолу, буйрук өзгөртүлдү. Жол күүгүм ченде ачылып, эртеси таңга жуук кайра тосулду.

8-июнь, таң атты. Эрте мененки саат жетиде жол буугандардын жанында бейтааныш адамдардын карааны пайда болду. Алар жол тоскондорго аралашпай, обочо турду. Узун бойлуу, ак куба жигит Сакадайга бир нече кагаз сунду да:

- Байке, мобу повесткаларды тигилерге берип коюңузчу?

- Ийи?

- Сиз тааныйсыз да бардыгын.

- Тааныганым менен буларга эч тиешем жок. Менин жумушум башка, булар башка...Бул эмне кагаз? - Сакадай чоочун киши сунган шапалактай баракка көз кырын салды. Кесинди кагаздарга кечээ милиционерди кармаган балдардын аты-жөнү жазылыптыр. Алар суракка чакырылган.

- Тергөөгө өздөрү барбаса, иш чатак болот.

- Ал жагын барып, өздөрүнө айт... Милдетиңди мага түртпөй, өзүң аткар да, - деди Сакадай бейтааныштын өкүм кыла сүйлөгөнүнөн милиционер экенин түкшүмөлдөп. Ал, ырас эле облосттук ички иштер башкармасынын тергөө бөлүмүнүн башчысы болуп чыкты. Анын кызмат-дарегин калемгер ошо күнү кечинде, Жалал-Абадга барып, маңдай-тескей жүз бакканда билди.

Жол тоскондордун алсыраган чарк-чамасын баамдаштыбы, жана келген чоочун кишилердин башы бириге калды. Алар өздөрүнчө күбүрөштү да, бир ымалага келгендей бат эле таркап, көздөн кайышты. Кийин арада бир сааттай тым-тырстык өкүм сүрдү. Майнап чыкпай, жол тоскондордун шаабайы сууду. Көңүлдөрү чөгүңкү. Оокат-азыгы да түгөнгөн. Тарап кетүү жөнүндө күңкүл-мыңкыл кеп-сөз аралай баштады. Ар кимиси өзү менен өзү убара. Бир-экиден үйлөрүнө жөнөп олтуруп, адамдардын карааны да сейректей түшкөн.

Сакадай жол четиндеги үйдүн бөлмөсүндө үн жазгычтын тогун текшерип, кийим-кечесин иреттеп аткан. Пардасы тартылган терезеден өңү көрүнбөгөн аялдын "спецназ келатаат!" - деп, чучуктай чыңырган үнү тынчтыкты бузду. Күтүүсүздөн жаңырган үн жолдун адыр танабынан угулгандай болду. Калемгер буюм-кийимдерин унутуп, сыртка шуу атып чыкты. Жаңжал башталаарын сезип, оң колуна микрофонду, сол колуна үн жазгычты даяр кармады. Эркектердин арасынан кимдир-бирөө жол буугандарга: "ГЭС жакка эмес, тоону көздөй качкыла!" - деп кыйкырып, колун кокту-колотко сермеди.

ГЭСке бурулган жол четинде: "Чоочун адамдардын кирүүсүнө тыюу салынат. Уруксатсыз киргендерге ок атылат" - деген жазуу илинүү турган. Качкандар баамдабай дарыя жакка жүгүрсө, ал жактан ок жаңылбаса экен - деген чочулоо болду.

Спецназдын добулбасы тынымсыз кагылып, кулак тундурат. Колдорунда желим союл, калканы бар милициянын өзгөчө

отрядынын жоокерлери жол торогондорду короого кол салган бөрүдөй туш келди, дыркырата кууп жүрөт. Тузакка илинген, же качып бараткан аялдардын кыйкырык-чыңырыгы... Жерге эңкейе берген абышканы кош колу менен жүзүн калкалаганына карабай, башка-көзгө чапкылап, эки бутунан жер шыпырылта сүйрөп жөнөштү. Адырды өрдөй качкан аял этегинен тарткан спецназды кайрыла берип, как маңдайга тепти. Бирок, кара кийимчен башка эки желдет капталдан чыга келип, желим союлу менен аялды үстөккө-босток токмоктоп атты...

Кечээ талаа сумкасын алдырган жылаңбаш подполковник майкачан болуп алып, аны колоттон жетелеп түшкөн Кубанычты жолду чарк айланта кууду. Кубанычтын көйнөгүнүн этегине колу илешпей калган милиционер аны бутка тээп, жыкмак болду. Бирок, Кубаныч эликтей так секирип, тосулган бутту аттай качты. Сакадайдын майдан талаасынан акыркы көргөнү ошол болду.

Ал Бишкек-Ош жолунун кыргагынан жылбай, бир четте көз алдында болуп жаткан ызы-чуу, кармашты үн тасмага жаздыруу менен убара. Жолдун аркы четинде жол тоскондорду бучкактап кармап, колго илешпегендердин артынан сая түшкөн спецназчылар...

Алеки саатта айлана-чөйрө тазаланып, бир да адамдын караанı көзгө илешпеди. Сакадай билегине кимдир-бирөөнүн колу чап жармашканын сезди да, кылчая карап, ийнинде аскердик улуу лейтенанттын үч жылдызын, бети-башы чүмкөлгөн орто бойлуу офицерди көрдү.

Лейтенант бүткүл күчү менен калемгерди сүйрөгөнгө өттү. Сакадай жоокердин жетегине моюн сунуп, каршылык кылбай, аны менен жарыша чуркады. "Түшүрүп, же жоготуп, болбосо, аскерлерге жулдуруп ийбесем экен" – деп, эси-дарты жолдогу окуялардын үн-шоокуму түшүрүлгөн үн жазгычта. "Жол тоскондор кайда кетти? Алардын маңдайына кандай

тагдыр жазды? Үн жазгычты түшүрүп койсом, кийин кайдан табам?.. Кантип иштейм?" Жүгүрүп бараткандa башына ушул ой зымдай уюду.

Улуу лейтенант аны унаалардын эң артында токтоп турган каалгасы ачык автобуска жеткирди. Каалгадан башы көрүнгөн эки жоокер билегинен кош колдоп кармап, калемгерди ичкериге тартып чыгарды. Автобус жол тоскондор менен спецназчыларга шыкалган. Сакадай энтиккени менен иши жок, тополоң чыккан жерден радиого түз баяндап жаткандан бетер үн жазгычка сүйлөп атат: "Жол буугандар менен кошо "Азаттыктын" кабарчысын да кармап алышты. Бизди автобус менен кайда алып баратышканы азырынча беймаалым"...Калган сөздү андан ары улагыча болбой, "токтот" деп буйрук беришти. Аңгыча арт жагындагы төбөсү автобустун шыбын тиреген спецназ оор салмагы менен аны эки ийнинен ылдый көздөй ныгыра басты. Бет маңдайдан жете келген дагы бири колунан үн жазгыч менен микрофонду жулуп кетти. Арттагы жоокер өйдө тургузбай, көк желкеден зыңгырата басып, былкылдатаар эмес. "Диктофонду кайтар, аны алууга акың жок" - деп айтып, эринин жыйганга үлгүрбөдү: спецназ жаак-бетине соккулады. Бөлөгү төбөсү менен бөйрөккө чапты. Каптал орундукта отурган каскачандын муштуму ооз-мурдуна урунду. Көзүнөн от чагылып, саамга алдастады. Автобустун алды жагына сүйөнүп, төр жакты тиктеп, таптая олтурган аялдын: "Эй, Азаттыкты эмне урасың?" – деп, чаңырганын кулагы чалды. Бөлөгү үндөбөдү. Сакадай эсин жыя, кол булгаган жигиттин өңү-башына тигилди: өзүнөн кыйла кичүү сары шым, саргыч мурут, ыраң-бешенеси өзбек чалыш неме "ушуну көрмөксүң" - дегендей тикирейе тиктейт. Сакадай эрини жарылганын этибарга албай, оозунан шүүшүндөп аккан канды колунун сырты менен аарчыган болду да:

- Ай жигит, мага эмне жөндөн жөн кол көтөрдүң? Сага кандай зыяным тийди?...

- Тек олтур! Сен кимсиң?..– Ал кайра демитти.

- Мен да сендей жоокермин, "Азаттык" радиосунун облустагы кабарчысы болом. А өзүңчү?

- Андай экен, ошол сентирде жылбай олтур! Жолдо эмне жүрөсүң?

- Мен да сен сыяктуу озуйпа менен жүрөм. Тапшырма алган соң, Таш-Көмүр эмес, дүйнөнүн от менен чок күйгөн түбүнө жетебиз. Атың ким, фамилияңды айтчы?

- Эмне кыласың?

- Мушташпайм сени менен, сотко берем.

- Бар, колуңдан келгенин кыл! – Саргыч муруттун мурдун балта кесеер түрү жок.

Сакадайдын ага теңелгиси келбеди. Тирешкен күндө деле тигинден чабал: күнүгө спорт менен машыккан жигит соо койбошун сезди. Нары ал чоң муштумдун шериктери тегерегинде. Алар сөзсүз өз жоокерине жан тартат да, ур-тепкиге алып, көмөлөтүп салаары ажеп эмес. Эрегиштен утпайт, ага алаксыса, жумуш калат. Колдоруна кишен салынган жол буугандар да боор ооруганга жарабады. "Кара эчкиге жан, касапчыга мал кайгы" - дегендей ар кимиси өз ою менен алек, калемгерге көңүл бурган жан жок. "Жадесе калаба башталгандан бери сүйлөшүп жүргөнү менен азыр торго түшүп, автобустун орто жеринде алп кара кушка окшоп, үңкүйүп олтурган Жаныш да жан тартканга жарабады". Сакадай ушуга капаланды.

Автобус жарым сааттай жол жүрүп, "Бишкек-Ош" жолунан ылдыйыш Нарын дарыясынын жээгиндеги бетон дубал менен курчалган короого жетип, токтоду. Спецназдын жигиттери кармалгандарды ары-бери булка автобустан түшүрүп, бирден жетелеп барып, дубал тиктетип тургузду. Катардын эң башында Тажимамат. Эки билеги кишенделип, көйнөгү тытылган Кубанычты алда-кайда айдап өтүштү. Жоокерлердин бири Сакадайдын колдорун артына кайрып, белинен чечип

алган шымынын куру менен билек тушунан бекем таңып салды. Калган автобуска жүктөлгөндөрдү да эркек-аял экенине карабай, бир катарга тизишти.

Бир кезде милициянын арык, кара сур полковниги дубал бойлоп тургандарды тизмелөөгө өттү. Сакадайга кезек жеткенде ал аты-жөнү менен үй-дарегин, "Азаттыкта" иштеерин жаздыртты. Милиционерден калемгердин да туткунга алынганы жөнүндө ички иштер министрлигине, же болбосо, прокуратурага, радионун Бишкек кеңсесине кабарлап коюуну өтүндү. (Эки күндөн бери сүйлөшпөгөндүктөн радиодогулар анын дайынын билбей, кабатырланышы ыктымал.) Полковник үндөбөй, ары басты. Андан үмүт үзгөн калемгер министрликтин ары-бери өткөн орус кызматкерин токтотуп, аппараттарын кайтарып бердиртүүсүн сурады.

Жарым сааттан кийин областтык ички иштер башкармасынын мурдатан ага тааныш бөлүм башчысы Исабек жанына келди. Ал Сакадайдын байланган колун жарым-жартылай бошотуп, бети-башына көз жүгүрттү. Кулагына "үн чыгарбаңыз, азыр келем" - деп шыбырап, кайра узады. Исабек кебинде турду. Чейрек сааттан кийин  Сакадайды медициналык бөлүмгө баштап кирди. Бөлмөдөн чыгып баратып: "Бул каанадан жылбай туруңуз. Сыртка чыксаңыз, жол тоскондор менен кошо сизди да жүктөп кетүүсү ыктымал" - деди да, ошол бойдон көздөн кайыды. Ак желекчен орус аял Сакадайдын  жарылган эрин-жаагына көз жүгүрттү. Адегенде суроосу боюнча медициналык аныктама жазып берүүгө макулдук берген, кийин эмнегедир андан баш тартты. Эки саатгай убакыт өттү белем, күнгө ишемби болгондуктан сары чач аял эс алуусу керектигин айтып, бөлмөнү бошотуусун өтүндү.

Сакадай сыртка чыкса, короо ээн. Автобустар да, жайнаган жөө жүрүшчүлөр да көзгө илешпейт. Милиционерлер, кайгуулчулар, ички иштер жана чек ара аскер бөлүктөрүнүн

жоокерлери ары-бери басып жүрөт. Бир милиционерге таш тийген окшойт, мурдунун канжалаган бел баскагына ак даки чапталган. Дагы бирөө жүзү менен чачын каккылап атат. Сураштырса, жол тоскондор таш менен урганда автобустун талкаланган айнегинин сыныктары тийип, көзүнө кириптир. Обочо жактан областтык ички иштер башкармасынын жетекчиси көзгө чалдыкты. Анын катарында генерал-майор турат, ички иштер аскерлеринин командачысы. Сакадай генералды сыртынан тааныйт. -Сизди да кармап алыштыбы? – деп, облбашкарма жөн-жай гана сураган болду.

- Кармаганына таарыныч жок. Үн жазгыч менен микрофонду тартып алышты. Аны кайтартып берсеңиз... Жолду буугандар менен алардан ыдык көргөн милицияны да жаздыртмак элем.

Облбашкарма жооп кайтарганга үлгүрбөдү. Жанына жетип барган кызматкери алда-нени айтып, аны алаксытты. Башкарманын ордуна Исабек жооп берип, Сакадайды облуска жеткирерин кабарлады. Үн жазгычты ички иштер башкармалыгынан сураштырууга кеңеш берди.

Ошентип ал, кечки саат беште көөнө автомашина менен Нарын дарыясынан областтын борборуна жөнөдү. Жол тоскондордун жарымы Сузакка, калганы автобус менен Жалал-Абадга ташылганын, алардын ичинен тогуз адамга кылмыш иши козголгонун "Волгада" чогуу бараткан кызыл шапкечендерден укту.

Ички иштер башкармасына жетип, Исабек дайындагандай тергөө бөлүмүнүн каалгасын каккылады. Уруксат берилгенде каалганы ачып, төр жактагы орундуктан бүгүн, Нарын дарыясынын жээгинде ага чакыруу баракчаларын сунган ак куба, узун бой адамды тааныды. Ал баштагыдай жумшак эмес, кабагы бүркөлүү. Ийнинде чоң, эки жылдызы бар кызмат кийимчен, бийлигин таанытчудан бетер катуу-катуу бакылдайт. Сакадай тигинин эрте мененкиге караганда бат кубулганына

таң калды да, эси-дарты аппараттарын бачым алып, иштетүүдө турду, бөлөк жумушка убакыт коротууну туура көрбөдү.

Дал ушул сааттарда "Азаттыктын" Прагадагы кеңсесинде иштеп аткан Эсенбай Сакадайдын дайын-дарегине кызыгып, ички иштер министрлигинин басма сөз жетекчиси Жолдошбекке телефон чалат.

- Ай аны Таш-Көмүрдө жок деп жатышат го...

- Сакадай эки күн мурун эле байланышка ошо шаардан чыгып жаткан. Эч кайда кетүүсү мүмкүн эмес. Издегиле!

- Ай таптым, мына кармалгандардын тизмеси... – Пресс катчы Бишкек-Ош жолун тосуп, колго түшкөндөрдүн тизмеси жазылган телефакстын кагазына үңүлөт да:

- Ай Эсеке, анын "Аксылыктардын лидери" дегендердин катарында турат го! Мындай болсо, тиги комитеттегилер менен бирге камалып кетүүсү мүмкүн! Аларга кылмыш иши козголду.

- Ал кайдагы лидер?... Өз жумушу менен жүргөн журналист да тиешеси жок жерде лидерлик кылчу беле? Ал болгону - "Азаттыктын" чабарманы...Жоке, аны таап, аппараттарын кайтартып бер. Үн жазгыч, жабдууларды Сакадай базардан сатып алган эмес, аны ага америкалыктар берген. Америкалыктар, билесиң, бир тал ширеңке үчүн чыр чыгарышы мүмкүн. Бул жагын да ойлоп койгула да, Сакадайды тез бошоткула!

- Ошондойбу?... Анда Жалал-Абад менен кайра байланышайын,- деп жооп берет министрликтин басма сөз жетекчиси.

Областтык ички иштер башкармасынын бөлүм начальниги үн жазгычтын Сакадайга тиешелүүлүгүн ырастаган кагазды сурады. "Азаттыктын" чабарманы жол торогондордун арасында журналисттерден жалгыз өзү жүргөндүгүн, көгүш түс, төрт бурчтуу, көлөмү ширеңкедей аппаратын айыра таанырын айтты. Бөлүм башчы калемгерден үн жазгыч, жабдуулардын иш кагаздарын талаада көтөрүп жүрбөй тургандыгын, алар үйдө калганын укканын актангандай туйду. Подполковниктин ийиир,

үнжазгычты кайрыыр түрү жок, "документти көрсөттөн" башкага өтпөй койду. Саратандын күнү узарса да, иңир кирип баратат. Убакытты создуктуруу мүмкүн эмес. Сакадай үмүтү үзүлүп, Күн уясына бата баштаганда башкармалыктан чыгып, обл Ак үйдүн кеңсесин көздөй жөнөдү. Облбийликтин өң-тааныш кызматкерлеринен бир гана айыл чарба бөлүмүнүн башчысына кез келди. Ал да жумуш мөөнөтү эчак бүткөндүктөн бөлмөсүн жабууга камынып аткан экен. "Азаттыктын" өңү-башынан маанайы суз экендигин байкап, же кан жолдогу окуядан кабардарбы, айтор, радионун Бишкек кеңсесине телефон чалууга уруксат этти. Сакадай Бишкектен телефон жообу келгиче бүгүнкү жаңжалды кыска гана, жарым барактай чиймелегенге үлгүрдү. Жумушун бүтүрүп, бөлмө ээсине ыраазылык айтты да, жолго түштү. "Жол тоскондорду балким, шаардык ички иштер бөлүмүнө камашкандыр" - деген үмүт менен ал жерге барса, каалгасы бекем жабык, тыкылдатса, ачпай коюшту.

Жол бою ар жерде унаа күтүп, ар башка автомашиналарга которулуп, түнкү саат үчтөрдө үйгө жетти. Аялы, кайын энеси, уул-кыздары кирпик ирмебей, аны күтүп олтурушуптур. Радиодон эки күн бою үнү угулбаганга, кимдир-бирөө бир күн мурда ооруканада жүргөнүн айтып, дареги чыкпаганга " сыркоолоду бекен?" - деп чочулашкандай. Таң атса, Нарын дарыясынын боюндагы көмүрчүлөрдүн шаарынан издөөнү чечишиптир. Сакадай үйүндө эки сааттай уктамыш эткени менен санаасы сайда – Таш-Көмүрдө турду: кармалгандар, токмок жегендер кантти? Аларды доктурлар караштыбы?

Таңкы саат алтыда ошол жакка жөнөгөн бойдон шашке ченде жыйналган элдин үстүнөн чыкты. Шаардын базарында топтолгон адамдар түшкө дейре кечээки окуяга кабатыр болушту. Спецназдын куугунунан качып кутулгандар түнү бою ызы-чуу салат. Чуру-чуу басылбаганга Жалал-Абадга ташып кеткендерди кайра артына кайтарышкан экен. Наразылык-

тарын ортого салып, акылдашкан соң, жөө жүрүшкө чыгуу чечимине токтошту. Колдоруна ак, сары, кызыл тасмаларды көтөрүп, Таш-Көмүрдүн көчөлөрүн аралап жүрүштү. Түш оогондо толкуган адамдар Нарын дарыясына курулган көпүрөдөн чубалып өтүп, Бишкек-Ош жолунун боюна жетишти.

Саат үчтөн кийин жол кайра бууллу. Жөө жүргөндөрдү Азим , Бектур жана Дүйшөн ээрчите басты. Бир сааттан кийин жолдо кайгуул-күзөт батальону менен милициянын өзгөчө отрядынын жоокерлери жүктөлгөн сары түстүү автобус кайра пайда болду. "Икарус" Нарын дарыясына салынган Таш-Көмүрдөгү көпүрөнүн тушуна токтоду. Эки тараптын ортосу жарым чакырымдай. Не бар, не жок, калемгер адыр айдөшүнө конуп, жол менен айланага өөдө жактан көз салып турду.

Автобустан кечээ колго түшкөндөрдү тизмелеген полковник түштү. Ал тасмадай созулган кара жолдун ортосуна токтоп, үн күчөткүч аркылуу буйругун окуду:

- Урматтуу депутаттар... Бекназаров, Асанов, Чотонов! "Бишкек-Ош" жолу стратегиялык маанидеги жол! Ошондуктан жолду ачып коюуңуздарды эскертебиз!...Эгер ортодо кандайдыр бир кокустук, же жаңжал чыкса, жоопкерчилик сиздерге жүктөлөт! Сиздерге жарым саат убакыт берилет... Убакыт саноо башталды.., – деди да сол билегиндеги саатына үңүлө караган соң, артка бурулду.

Жол тоскондор былк этпей, каккан казыктай өз ордунан жылган жок. Алардын алдыңкы сабында какайып турган депутаттар да солк этпей, үн чыгарбады. Жыйырма мүнөтчө өтпөй, автобус Нарын дарыясынын үстүнөн өтүп, көпүрөнүн аркы башындагы түз жолго чыкты. Кийин жол ачылып, жөө жүрүшчүлөр жолдун эки тарабына жайгашты.

Сакадай баянын жол четиндеги байланыш түйүнү аркылуу окуп берүүгө аргасыз болду, жакын арада андан бөлөк телестанция жок. Окуяга тиешелүү кишилерди байланыш ту-

йүндүн жалгыз адам араң сыйчу тар бөлмөсүнө кезеги менен бирден чакырат. Үнду телефон аркылуу радионун Бишкектеги оператору тасмага түшүрөт. Бишкек кеңсесиндегилер анын үн жазгычты алдырып койгонунан, аппараттарын кайрып ала элегинен жакшы кабардар. Сакадай алар менен сүйлөшкөн сайын Ошко, же Жалал-Абадга каттагандардан, же таксилерден үн жазгыч бердиртип жиберүүлөрүн күтүлөйт.

Арадан үч күн өттү. Бишкек кеңседе да, даяр үн жазгыч ашыкча эмес. Кеңсеге караштуу "Азаттыктын" азаматтарына бирден гана аппарат берилгенинен ал да кабардар. Аскерде деле өзүнө бекитилген курал-жаракты кайсы жоокер болсо да, башка бирөөгө кармата бербейт го, бизде да ошондой тартип. Демек, жабдуу таап иштетүү - өз түйшүгү. Бирок, сатып алганга санариптик диктофон элеттеги дүкөндөн табылаар эмес. Ошол себептүү милицияга алдырган микрофон менен үн жазгычты кайра таптыртуу керек. Түн киргенде жол боюнда майда-чүйдө оокат-азык, суусундук саткан күркөнүн ичине кирип, гезит төшөлгөн тактайга жатты. Кубаныч:

- Үшүйсүз, түнкүсүн дарыядан Нарындын муздак шамалы согот. Бөйрөктү уруп койбосун! Суунун аркы жээгиндеги үйлөргө, же мейманкаларга түнөңүз - дейт.

Сакадай ага көнбөдү. Анткени, кокус жол кыргагындагыларды жарым түндө, болбосо, баары уйкуга көшүлгөн таң жарыла электе кармап кетишсе, же чабаган салышса, алардын дайын-тагдырын таппай, окуянын ысыгын өз көзү менен көрбөй, билбей калат. Ысык жайда түнөөнү эңсесе, бул жакка эмнеге келди?

Жолдошбек: "Үн жазгычты шаардык ички иштер бөлүмүнөн сураштырсын" - деп табыштаптыр. Ал жактын тааныш башчысы "диктофон бизге түшкөн жок" – деп, башын чайкады. УВДнын тергөө бөлүмүнө кирсе, бөлүмдүн башчысы дайын-дарегин айтуунун ордуна үн жазгычтын баасын сурайт. Баанын ага кандай тиешеси бар, түшүнүксүз. Сакадай да төрт

бурч, алакандай үн жазгычтын баасы канча экенине кызыккан эмес. "Баасы бир машинага барабар" – деп, оюндагы кепти айта салды. Подполковниктин көзү алайып:

- Көлөмү оттун чогундай диктофон ошончо кымбатпы? - дейт.

- Ичине бүт дүйнөнүн окуясы баткан жабдуу арзан турбас.

Жана эле тамаша чаргыткан бөлүм башчынын жүзү дароо бүркөк күндөй катаал тартты:

- Диктофондогу жол тоскондорду кууган шоокумдарды өчүрөсүз. Ансыз үн жазгыч колуңузга тийбейт.

- Микрофон кайда?.. Үн жазгыч экөөнү бирге тартып алышкан.

- Мен аны билбейм, болгону ушу. Анан... мен тууралуу эч кайда арызданбайсыз, макулбу?.. Көрдүңүзбү, мен мыйзам бузган жокмун. Диктофонуңуз – мына, ала бериңиз.

- Аппараттардын айынан башкармалыкка улам каттадым. Эки апта убара тарттырдыңыз. Дароо эле берип койсоңуз болмок. Канча жумуштан алагды кылдыңыз!

Бөлүм башчы сынай тиктеп, саамга ооз ачпады. Кирпик ирмемден соң, көңүлүн өйүгөн оюн ачыкка чыгаргандай болду: - Байке, кокус иштен кетсем, сизден көрөм. Анда үй-бүлөмдүн убалына каласыз. Мен он баланы баккан адаммын. Мурунку жана азыркы турмушумдан...

- Бөлөктөр азыр, коколой башын эптей албай жүргөндө... Мунуңуз жакшы, - деди Сакадай, тигинин балдарына кам көргөнүнө ийип. – Үй-бүлөңүз үчүн убаракерчиликти кечирдим.

Милиционердин жарпы жазылды. Ордунан козголо:

- Жүрүңүз анда. Аба үп болуп, чаңкап кеттим. Эшикке чыгып, сизге шоро куюп берейин. Чогуу түштөнөлү. Акчасын мен төлөйүн.

Сакадай анын сунушунан сыпаа баш тартты:

- Жок, ырахмат! Тамак-ашты менин ордума балдарга бериңиз.

Подполковник үн жазгычты микрофонсуз кайтарды. Алар бири экинчисине туташпаса, ишке жарабайт. Сакадайдын ичи убара тартып, бөөдө жайраган алтын убакытка ачышты. Бишкек-Ош жолунда тоз-тополоң токтобой турса...Канча жумуш арабөк калды. Бишкектеги кеңсенин деректиринин акылы менен аппараттарды тартып алгандарды, муш жаскаганды табууну облпрокуратурадан суранды. Табиятынан даттанууну сүйчү эмес.

Прокурордон 8-июнда, Таш-Көмүр ГЭСинин тушунда жол тоскондорду дыркырата кууган кайгуул-күзөт батальонунун жоокерлери менен "омончуларды" катарга тизип берүүсүн үмүт кылды. Анткени, Сакадай алардын бой-келбет, өңү-түсүн эстеп калган. Тизилген жоокерлердин ичинен өзүн басмырлап, кол тийгизгендерди айра таанып бермек: алардын аты-жөнү, жашаган жайы билинсе, сотко ашырып, жоголгонду өндүрүүгө жол ачылаар. Сакадайдын ушул кебине бою кодоо, казылуу жаш облпрокурор мыскылдагандай "ха-ха-лап" күлдү. Калемгер анын каткырыгын эмнеге жоруурду билбеди. Айтканы ашуу ашпасына көзү жетти... Ою Таш-Көмүргө батыраак жетүүдө калды.

Азимдин Бишкек-Ош жолунун боюнда саргара турган күйөрмандары түшкө дейре жыйын курду. Таш-Көмүрдөгү көпүрөнүн жанында. Жөө жүрүшкө камынышты. Адегенде Жалал-Абадга, андан кийин Ошко жөө жетүүнү көздөштү. Сакадай жол четиндеги байланыш түйүнүнөн орундук таап, ал кеңештин максат- чечими, жүрүшкө чыгаар элеттиктер жөнүндө баяндама камдап алган. Сырты айнек менен тосулган бөлмөдөн жагдайды Бишкек кеңсеге кабарлап бүтөөрүндө

Азим, уруксатсыз эшик ачты. Ал калемгерге чоо-жайын түшүндүрбөй, колун тыңшоочко узатты да:

- Телефонду мага берчи?

Сакадай депутаттын кандай ой-максаты бар экенин ту-

шүнбөдү. Каалгасы жабык телефондуу күркөдө экөө. Түйүндүн аркы учунда – "Азаттыктын" Бишкек кеңсесиндеги үн жазгыч – оператору Максат.

- Ай, бул эмне кылганыңар?- деп, депутат ага күпүлдөдү. - Мунун ордуна бөлөк бирөөнү жөнөтпөйсүңөрбү? Мунуңар олтурат аппараты жок, мурду, бети-башы канжалап. Мамлекеттик гезиттер менен телеканалдардын чабармандарын Таш-Көмүргө , мына, самолетко жүктөп келишти.

Бишкек кеңсенин оператору үндү такай жаздырып алчу. Жаздырылып, даярдалган кабар, баяндамаларды деректир, же баш редактор жараткан соң, "Азаттыктын" баш ордосу – Прагага жиберет. Жабдуу, кызмат маселеси – ага карабайт. Операторго доомат артуу – туура эмес болду.

Сакадай өспүрүм курагында да балдар менен кокус чатакташып, таяк жеп калса, ал тууралуу эч кимге ооз аччу эмес. Даттанган учуру болгон жок. Азим менен токмоктолгону, же ооруганы, кыйналганы жөнүндө сүйлөшпөгөн. "Мен буга арызданган, жалооруган эмес элем... Балким, автобустагы урушту кимдир-бирөөлөрдөн кулагы чалгандыр. Менин атыман сүйлөгөнү... Адегенде мени менен макулдашып алса, бир жөн. Биздин ишке кийлигишкенге мунун тиешеси жок." Депутаттын акылдашпай, операторго буйрук бергени оңтойсуз туюлду.

Азим күркөдөн чыгып баратып, телефонду кайра карматты да:

- Аксы тополоңунда сен да жабыр тарттың. Ага жараша өкмөттөн компенсация алганга акың бар. Документтериңди камдап, Бишкекке жөнөт.

Сакадай "токмок жегеним тууралуу сага арызданганым жок эле" - дегенди туюнтуп:

- Эч качан бирөөдөн жардам үмүттөнбөйм. Капчыгы какшыган казынадан бөлкөнтай күтпөйм. Ден-соолугум тың, бир тал чачым түшкөн жок. Анан неге жардам алуум керек?

Ишим да үзгүлтүккө учурабайт – деп күбүрөндү, тигинин көңүл бурган-бурбаганы менен иши болбой.

Депутаттын кеби Максатка да кызык туюлду шекил. Ал Сакадайга:

- Бу кандай киши, байке?.. Сиздин айлап-жылдап Аксыда жөө-жалаң, чилде суугунда көк муштум болуп жүрүп, жалаң ошо депутатты коргоо тууралуу жасаган ишиңиз көзүнө көрүнбөптүр да, ээ?

- Макс, ага көңүл бурба!... Эмгегибизди билбесе, сарткай сары. Биз анын кызыкчылыгы үчүн жүгүрбөйбүз. Ага ишибизди көрсөтөлү деген оюбуз да жок. Депутаттын сөзүн жаздырган болсоң, сактап кой да, биздин чоңдорго угуз. – Сакадайдын Максатка табыштаганы ушу болду. Ал арына келе түштү.

Күн так төбөдөн оогондо жол тоскондор азык-түлүк, кийим-кечек, буюм-тайымдарын таш-шагыл ташуучу чоң автомашинага жүктөштү. Өздөрү убай-чубай, жөө - жалаң жолго түштү. Колдорунда кызыл-тазыл тасмалар. Аларда Акаев баштаган жогорку кызматтагылардын бийликти тапшыруусун, жөө жүрүшчүлөрдү аткандардын соттолуусун эңсеген жазуулар толтура.

Бишкек кеңсе менен кайра сүйлөшүүгө, Таш-Көмүрдөн жөө жүрүш башталганын кабарлоого туура келди. Баяндаманы жаздырып бүткөндө телефондон бухгалтер Айнуранын шаңшыган үнү угулду:

- Байке, Прагага барасызбы, жокпу?.. Кайсы тарап сизге ыңгайлуу?.. Түркия аркылуу жеткениңиз дуруспу, же Москва жак менен Прагага учканыңыз жакшыбы? – деп, күтүлбөгөн суроо узатты. Паспортуңуздун виза ачаар бетин бүтүргөнүңүзгө бир айдан ашты. Ушунча күттүк, жообун бериңиз. Мен сиздин ал жакка барып-келүүңүз үчүн самолетко билет издешим керек.

Сакадай мындай чечимди күткөн эмес. Ошондуктан ага кайрыыр жообун билбей, мукактанды.

- Айнура, "тиякка-быякка, Прагага жөнө. Камын"... - деп, мага сенден бөлөк эч ким айта элек... Кур дегенде кеңсе деректири эстетип койгондо... Таш-Көмүрдө ызы-чуу токтобой атса...Анан кантип бул жакты таштап кетем?... Барам эле.

Бул күн 12-июнь болчу, 2002-жыл. Жөө жүрүш төбөдөн кактаган Күндүн ысыгына, аспал жолдун каңылжаар жарып, көңүл иренжиткен жытына, дем кыскан үп абага карабай уланды. Айыл-кыштактарды аралап өтүп баратып, жөө жүрүшчүлөр окуяга катышы бар деген жогорку бийликтегилердин кызматтан кетүүсүн талап эте дуу-дуу кыйкырышат. Алар бир күндөн кийин Ноокенде, андан соң Базар-Коргондун Акманында болушту. Жол бою бир кишиге да, бир бөйрөгү кызгылт, экинчиси саргыч тарта бышып турган өрүк менен алмага да зыянын тийгизишкен жок. 15-июнда Топурак-Бел ашуусун ашып өтүп, Жалал-Абадды көздөп, жол менен тик ылдый жөнөшкөндө Сакадай такси жалдап, Бишкекке кайтты. Прагага сапар тартаарын эч ким билген жок. Керектүү кагаздарын 20-майда тактап бүткөн. Жумуштун айынан Айнура эсине салбаса, Прагага барууну унуткан болчу.

Бир жумага жетпей, Европанын алтын шаары атыккан Прагага Бишкек кеңседеги баш редактор Бурулкан экөө жетти. Бурул кайда барса, орусчадан бөлөк чет тилди билбеген Сакадайды жаш баладай колунан жетелейт. Ал англис, немис тилин үйрөнүп албаганына өкүнөт. Көчөлөрдө, дүкөн, ашкана, метро, иши кылып, кайда кирбе, жалаң чехче, же англисче жазуулар. Түнү – күндүзгүдөй жарык, кабак бүркөп, ой баскан, антпесе, кыжылдашып, талашып-тартышкан адам учурабайт. Күлүп-жайнаган эле киши... Бардыгы сылык-сыпаа, кичи пейил. Банкка киресиңби, акча алмаштыруу жайыбы, же метро менен автобуска чыгасыңбы, жөөлөшкөн, түртүшкөн, же кезек талашкан, катуу сүйлөгөн пенде жок, ты-ып-тынч. Калаанын кооздугу, тазалыгы эстен кеткис. Адырлары көк-жашыл. Жаңгагы да,

алма, кокон гиларсы да бар. Үйдү куурчай кызыл ашыкка дейре өскөн көк майсан чөптү бирөө тебелебейт. Шуудурум чөпкө бутагынан үзүлүп түшкөн кызыл алманын тунуктугун айт. Жомоктогу жашоонун дал үстүнөн чыккандай болосуң, сага эч ким тийишпейт. Адамдарды түрө текшерген полиция да көрүнбөйт. Жумушуңду өз убагында бүтүр да, каалаган жагыңа бас, жыргап жашай бер. Автобусу жүргүнчү бар-жогуна карабай, ар бир аялдамага өз убагында келип токтоп, саамдан кийин сапарын кайра улайт. Үрөй учурган окуяларды көбүнэсе көөнө совет аймагынан, же чет жактан барган адамдар жасап, чехтердин көңүлүн калтырганбы, алар эмнегедир сырттыктарга ишенбей карашаарын сезди, Сакадай. 1968-жылы болгон "Прага жазынын" (ошол жылы советтик аскерлер бул шаарга танкалар менен кирген) салдары эси-көөнүнөн унутула элекби, орусча сүйлөгөнгө жооп берээри кумөн.

Сакадай күндөрдүн биринде жумуштан кийин үйүнө баратып, метродон орус үнүн капыс укту. Ал мындайча болду. "Азаттыктын" баш кеңсеси орун алган беш кабат, айнектүү имараттан чыгып, Карл аянтынынын оң ыптасы менен өткөн жер алдындагы поезддин аялдамасына жөнөгөн. Тепкич менен ылдый түшүп баратканда атылган октун дарысынын күйүгү жыттанып, айланага боз түтүн жайылды. Метродогу эл чуру-чуу түшүп, жабалактап, төмөндөн жогору көздөй качып баратат. Аларды көрүп, орусчалап: "Эмне болду?" – деп, сурап ийгенин өзү да баамдабады. Денеси үркту. Өйдө чуркагандардын бири аны жандап өтүп баратып, орусчалап: "Ал жакта атып жатышат. Барба" - деди да жылт койду. Бирок, атылган мылтыктын үнү угулбайт. "Бара көрөйүн, эмне болду экен?" Сакадай өзүн токтоо кармап, метрого түштү. Поезд да жүрбөй, токтоп калган экен.

Аялдамадан убара тарткан эки топ көзгө урунду. Алардан башка пенде жок. Алгачкысында өң-кебетеси сары, орус

түспөл, сакал-чачы өскүлөң тарткан бирөө көмкөрөсүнүн түшүп, жерге жаагы такалып жатат. Чолок көйнөкчөн эркек полицай сыңар тизелеп, аны суракка алуу менен убара, бирдемелерди жазууда. Көгүш шапкечен полицай кыз колдору артына кайрылып, билегинен таңылган кишинин эки бутунун үстүнөн тебелеп турат. Андан ары он аттамдай жерде экинчи бир топ - киндигине дейре жылаңач адамды киндик тушунан ак даки менен таңуунун үстүндө. Сакадай: "Тил билгенимде ушуларды үн жазгычка түшүрүп алмакмын" деп өкүндү. Метронун баш жагында өйдө-ылдый баскан бою узун полицай "четке туруңуз" дегенсип, дубал жакка кол булгады. Флоренс көчөсүндөгү батирине жетүү үчүн күндүзгүдөй жарык метронун ичи менен жөө жүрүп, коңшу аялдамадан поездге олтурду.

Европаны топон суу каптаган саратан толуп турган кез. Германиянын дарыясынан ашып-ташкан суу Праганы аралап аккан Влтава дарыясына да мелт-калт толуп чыкты. Атүгүл жээктеринен ашып, дарыя кыргактарындагы көчөлөрдө акты. Аны билмек кайда?

Сакадай эрте менен жумушка чогуу барганы кошуна Бурулдун батирин тыкылдатты. Ал: "Байке, үйдүн кожоюну Иржик (орусча Юра делеерин Тынчтыктан укту) үч-төрт күндөй бөлөк жакта түнөп туруубузду суранып атат"- деп калды.

-Эмнеге?

-Себебин айткан жок.

Жеңил-желпи,бир күндүк кийим-кечесин баштыкка көтөрүнүп, ишке барса, кечкиреерде Уландыкында түнөөрүн айтышты. Сакадай бир бөлмөлүү батирде жашаган Уланды ыңгайсыз калтырууну туура санабады. Эртеси түшкө жуук чехиялык орусча сүйлөгөн кызматкер Итко кире калды. Ага бүгүн өз квартирасына кайтаарын айтты. Метродо суу ташкынга байланыштуу поезд жүрбөй калган.

Сары түспөл тармал чачтуу көк көз аял таңдангандай:

- Кантип? – деп сурады.

-“Кантип болсун?!..” Ушинтип эле, темир жолду бойлой жүрүп, жөө эле жетип алам.

Көчө өткөн темир жол бекетинде үй-жайсыз, дейди, нашаа чегип, арак ичкен мас адамдар көп болоорун, алар бейчеки кишиге кол салуудан кайра тартпай тургандыгын да эшиткен.

Итко тынчсыздана:

- Темир жол көчөсү опурталдуу... Көчөңүздө эмне болуп жатканын билесизби?.. Коё туруңузчу, мен азыр... – деди да, өз бөлмөсүнө көздөй жүгүрдү. Арадан беш мүнөт өткөн жок. Бет маңдай олтурган алып баруучу Айнура Жекше кызы бир кезде:

- Байке, байке сизге кат келди. Карасаңыз, кампүтерди...

Сакадай бешинчи кабаттагы бир каанада Айнура Жекше кызы, Жаңыл Жусупжан Чытырбаева, Амирбек Аззам уулу Усманов менен бирге олтурат. Кошуна бөлмөдө “Азаттыктын” деректири Нарын Айып, Баян Жумакадырова, Эсенбай Нурушев, Бурулкан Турдубек кызы. Өзүнчө бөлмөдө радионун кийинки деректири Тынчтык Чоротегин. “Азаттыктын” казак кызматы менен канатташ сырттагы бөлөк каанада Улан Алымкул уулу менен үналгынын Прагадагы азыркы жетекчиси Сагындык кызы Венера Жуматаева иштөөчү.

Сакадай өзүнчө таң калды: “Мага кимден кат-кабар келмек? Бишкек менен айылга интернет жете элек”. Айнура кампүтердеги көрмөтасманы ачып көрсөтүп, англисче жазылган катты которду: Итко: “Квартираңызга барууга мүмкүн эместигин эми түшүнгөндүрсүз” - деп жазып, сөзүнүн аягына тасманы тиркеп коюптур. Сакадай тасмага көз жүгүртүп, анын санааркаган оюн боолгоду. Видеотасмада экинчи кабатына дейре суу толгон Флоренс көчөсү. Аскерлер оору-сыркоолуу карыялар менен кош бойлуу келиндерди, бөбөк менен балдарды өйдөңкү кабаттардан көтөрүп түшүп, кайыктарга олтургузууда. Башка бир көчөдө улуу-кичүү дебей, жайнаган адамдар суу жээгине бийик тактай дубалдарды тик тургузуу менен

алек. Такта дубалга арта ташталган жылтырак кагаздардын үстүнө кум толтурулган каптарды жыйып, үйөрдү тосуп атышат. Президент Вацлав Гавел алды-арты менен айланасында өзүн коштоп-коргогон жан сакчысы жок эле  суу тоскон эл менен аралашып, кыдырып жүрөт.

Прагадагы баш кеңседегилер биринен – бири өтүп, утуру үйлөрүнө мейманга чакырат. Алардын жашаган үйлөрү тим эле жомоктогудай туюлду. Амирбек машинасы менен жекшемби күнү Чехия менен Германиянын чек арасына дейре саякаттатты. Сакадай эзелтен сыра кайнатып, атагы чыккан Плзен шаарындагы байыркы заводдун жер төлөсүнөн пиво татты. Падышалар байырлаган Карлштейн чебинин музейин кыдырып, асман тиреген мунарасына чыкты. Душмандар нече күн бою сепилди камалап турса да, такыр багынбай: "Биз токпуз. Бизден арткан кешиктен ооз тийгиле" - дегенди туюнтуп, кайра аларга мунаранын башынан эчкинин этин ыргытып, чептегилердин жоону сүргөн эрдигине суктанды. Бийик дөбөнүн чокусуна орногон чепке туш-тараптан таза жол келет да, ал адыр-тоону ашып, Альпы тоолоруна уланат. Чехиянын айыл-кыштагыбы, же шаар, жайыт-токоюбу, кайда барса да, тазалыгы тамшантат. Сулуулугу менен дүйнө калкын таң калтырып, кокту-колотко курулганы менен көз жоосун алып, саякатчылары менен эс алуучулары жайнаган Карловы Вары шаарын аралады.

Ал арада Бишкек-Ош жолунда жөө бараткандар Жалал-Абадга жайгашып, Сузактын чет жакаларындагы айыл-кыштактарды түрө кыдырганы радиодон угулуп турду. Алар Өзгөн, Кара-Суудан өтүп, Ошко жетпей кайра артына бурулуп, Бишкекти көздөй бет алды. Жөө жүрүш Кара-Көл шаарынын кире беришинде токтоду.

18-июль, Прага. "Эркин Европа/Азаттык" радиосунун баш кеңсеси. Радионун кыргыз кызматы имараттын бешинчи кабатында. Айнек дубалдардын сыртынан шаардын бүт айлана-

сы алаканга салгандай даана көрүнөт: калаадагы кооз, эң башкы Карл аянты, президенти менен өкмөтүнүн чатыр-тышы кызыл-тазыл сарайлары, чоң сааттуу кең көчө, шаар ортосунан агып өткөн суусу киргил туюлган Влтава дарыясы, ага салынган кылымдык көпүрөлөр, көпүрө аркылуу убай-чубай каршы-терши каттаган трамвай менен суудай агып, өз мөөнөтүндө так иштеген автоунаа, такси, автобус... Көчө жайнаган дүр-дүйнөлүү, сатуучулары сылыктыгы менен өзүнө тарткан дүкөн, ресторан, чолок шым кийип, көкүрөгүнө фотоаппаратын асынган улуу-кичүү саякатчылар... Бирде өр тартып, бирде ылдый түшкөн көк-жашыл адыр үстүндөгү дубалдары алтын түспөл, төбөсү көк-жашыл, кызыл түс турак-жайлар, курулуштар ... "Эркин Европа/Азаттык" радиосунун имаратын күн-түн бою айланасын курчаган жашыл туулгалуу аскерлер кайтарат.

Сакадай өз ою менен алпурушуп олтурганда бөлмөгө "Азаттыктын" деректири Нарын Айып менен бирге көз айнекчен киши баш бакты. Нарын ал адамды Сакадайга англис тилинде тааныштырды. Ал жөнүндө англисче күлүп-жайнап сүйлөшкөн экөөнүн оозун тиктеп, Сакадай ушу мертебе да чет тилди өздөштүрбөгөнүнө катуу кейиди. Нарындын котормосунан улам көз айнекчен америкалыктын аты –жөнү Жефф Трембл, кызматы – жыйырма төрт мамлекетке жыйырма сегиз тилде уктурууларын жайылткан "Эркин Европа/Азаттык" радиосунун президентинин орун басары экендигин билди. Вице-президент радионун Прагада иштеген кызматкерлеринин арасынан жалгыз гана Сакадайды бүткүл дүйнөлүк радиолордун президенттеринин чогулушуна чакырганы келиптир.

- Мен англисче билбейм. Орусчаны араң сүйлөйм,- деди Сакадай тартынып. Анын кебин Нарын которуп бергенде Жефф Трембл Сакадайды далыга таптап:

- Оо жакшы, жакшы... Орусча сүйлөбөгөнүңүз жакшы. Сизге котормочу берилет. Анда сизди жыйындан күтөбүз – деп күлүп, санаасын тынчытты.

Жарым сааттан кийин Сакадай кең залдагы кеңешмеде олтурду. Ага карапайым өзүнөн башка бүткүл дүйнөлүк радиолордун президенттери, "Эркин Европа/Азаттык" радиосунун ана башчылары менен улуттук ар башка кызматтардын деректирлери, америкалык конгрессмендер, Латвиянын президенти жана бир нече өлкөлөрдүн элчилери менен Ооганстандын тышкы иштер министри Абдулла Абдулла катышканын расмий тааныштыруудан улам аңдап түшүндү. Бир кезде радионун вице-президенти Жефф Трембл трибунага чыгып, жыйындагыларга "Азаттыктын" өкүлү Сакадайды тааныштырды. Ал фамилиясы аталып, өйдө турганда, жыйындагылардын баары ага тиктешип, дүркүрөтө кол чабышты. Трембл Сакадайдын оор шартта кызмат өтөгөнүн, Аксы окуясында элге ок атууну дүйнөгө биринчи болуп кабарлаганын баяндады да, Таш-Көмүр ГЭСинин жанында колго түшүп, ур-токмокко кабылганын айтып жатып, сөзүн үздү:

- Биздин кызматкерге ушундай да жапайы мамиле кылышабы? – деп ыйлап ийди. Көз жашын жүзаарчуусу менен сүртүп, кебин андан ары улантты.

2002-жылдын октябрь айында Аксы окуясы боюнча соттун туңгуч отуруму Кербенде башталбай жатып, токтоду. Ага күйүт тарткан жабырлануучунун милицияны төпөштөгөнү себеп болду: эң арткы үстөлдөгү киши олтургучтарды тебелеп, залда соттолуучулардын биринчи сабында турган милицияны төшкө тепти. Милиция артка кетенчиктеп, эки колу менен жүзүн жашырып, эңкейе калып, эчким сурабаса да: "Мен аткан эмесмин, ок атканга мен буйрук берген эмесмин" - деп актанып атты. Каза тапкан жигиттин тууганы анын жонуна минип алып, ашата сөгүп, муштуму менен төбөсүнө соккулады. Калган соттолуучулардын да үрөйү учуп, бир даары терезеден секирип качып чыкмакка дубал түбүнө корголошту. Дагы бири бурчка такалды. "Айып бизде эмес. Күнөө жогорку тарапта!"

– деп, чурулдашты алар. Уруш-талашты эч ким тыя алган жок. Гарнизондук сот ишти кароону айласыздан Майлуу-Суу шаарына которду.

Бирок, колот ичине тамыр жайган чакан калаадагы териштирүүгө жабырлануучулардын көпчүлүгү бут баспай койду. Алардын көөнү суракты Кербендин өзүндө өткөрүүдө турду. Ал тилек ишке ашкан жок. Ага карабай, эки апта жүргөн аскердик сот "кызмат абалынан пайдаланган" деген кине коюлган райондук жана областтык деңгээлдеги жетекчилерди шарттуу тартиби менен үч-беш жылга эркинен ажыратты. Кербенди көздөй жөө келаткан адамдарга ок атылганы, андан эч жазыксыз адам каны чачырап, киши баласы бөөдө окко учканы менен эч ким камакка алынган жок. Ак Үйдө буйрук бергендердин бирөөсү да сотко тартылбады. Жооп да тартышкан жок. Суракка чакырылгандар – баякы эле облус менен Аксыда кызмат өтөгөн милиция, прокурор, аким, губурнатыр деген майда кызматтагылар. Албетте, жөнсүз жерден ызы-чууну жаратып, карапайым адамдар менен милицияны кагыштырган бийлик төбөлдөрүн коргоп, калкалаган иш капилет ок жаңылган жигиттердин жакындарын жоошутмак эмес. Бала-чакалуу уулунан айрылган Камкаян эне күйүт баскандардын муң-зарын укканы Кара-Жыгачтагы жыйынга чакырылып, үстөлдө олтурган Курманбекти көздөй басты. Көйнөгүнүн үстүнөн жеңсиз кара баркыт кемсел кийип, белине ак жоолукту байлап алган. Эне баласынын күйүтүнөн арыла элек чак. Бөйрөк тушун сол колу менен таянып алып, оң колундагы таягынын учун ажого туштады да:

- Элди аткандарды таап бербесең, ушу таягым менен сени да Аскардын артынан кууп иемин, – дегенде кара күчкө күлгөндөр болду.

# 5-БӨЛҮМ

Саратан. Сакадай Сузактын Бек –Абад айылын кыдырып, Кемпир-Абад суу сактагычынан башталган канал-арыктардын какшып калганына туш болду. Суу сактагычта суу мол, Өзбекстан тарапка дарыядан ашып-ташчудай болуп, ээжаа бербей, оргуштап агып жатат. Совет доорунда бул суу сактагыч биздин өлкөгө караган. Москванын буйругу менен Кемпир-Абад көлү пахта көп өстүрүлгөн кошуна республикага убактылуу берилип, анын ордуна Сох дарыясынын алабындагы өсүмдүк айдап-өстүрүүгө жарабаган какшыган жер кыргыздарга тийген.

Сакадайды ой басты: "Анан эмне дарыя жээгинде жашаган калкка үч-төрт күндөн бери суу тийбейт? Саратан оожала электе талаага суу жетпесе, эгин кантет? Сууга кулак байлаар мурабы, айыл башчысы кайда жүрөт да, эмне жумуш бүтүрүп атат?".. Кайдыгерлик. Бек-Абаддыктар кеңсесине барса, тиги мекеменин эки төрөсү тоотпой койгондо дыйкандар "Азаттыкты" издешет. Эгин өспөй, түшүм байлабаса, калктын как талаага жумшаган ак мээнети текке кетеби? Эл түлөө өткөргөнүнө карабай, асмандан бир тоголок тамчы түшкөн жок. Айыл калкы үлүш жерине жашылча, пахта, беде айдап, жан багат. Бозоргон талаадагы өсүмдүктөр соолуп, куурар алдында турганын ойлоп, дыйкандардын мээнети текке кетээрине ичи ачышты.

Областтык бийликке дыйкандардын сууга муктаждыгын айтып, талаачылыкка көргөн камкордугун сураса, алар муну башкага төңкөштү: "Суу чарба башкармасына телефон чалыңыз..." Ага кайра иш буйрушту. Суу чарба башкармасы ордунда жок. Сузак акими Жусупбекке телефон чалса, ал районду тармак башчысын чакыртып алып: "Бек-Абаддыктардын үнү "Азаттыкка" жетиптир. Сууну дароо ачып бербесең, көкөңдү көрөсүң. Бүтүргөн жумушуң тууралуу ошо кишинин

өзүнө отчет бер" - деп, а кишини Сакадайдын "канжыгасына" байлады. Ал Сузактын башкы суу мурабынан телефон чалуу күтпөдү: элдин зарыккан көйгөйүн бүтүргөнүнө, каниет...

Бир аптадан соң, Бек-Абаддык Каримберди аксакал зымсыз телефондон:

- Сакадай, биз талаада кырк-элүү киши топтолуп, сага ак бата тилеп атабыз. "Азаттыктан" сүйлөөрүң менен бешим чейде суу чыгып, эгиндер "тирилди". Өмүрүң суудай узун болсун! Кудайдан сизге ушуну тилейбиз! Менден башкалар да өз ооздору менен ракматын айтып, бата каалаганы телефонду сурап жатышат. Мына, угуп коюуңуз буларды да!... - Анан аялдын, кийин дагы бир кишинин үн-тилеги угулду... – Алардын ак пейилден чыккан каалоосун эшитип, "элге керегибиз тийген тура!" - деп ойлоп, тула-бою кубат алды . Суунун тартыштыгынан ага дейре Ноокен менен Базар-Коргондун дыйкандары кырды бычак боло жаздаганда суу коруганга милиция да тацылган болчу.

# 6-БӨЛҮМ

2005-жылы февраль айында Жогорку Кеңештин депутаттарын шайлоо ызы-чуу менен коштолду. Анын жыйынтыгын таанылбаган аймактарда нааразылык жанданды...

Күн жаңы көтөрүлгөндө үч айрылыш жолдун бурчуна тигилген боз үйдүн айланасына эл чогулду. Алар жабыла жол тосууга умтулганда боз үйдөн Дооронбек чуркап чыкты. Жол ортосунда кишилердин көчү көбөйгөндө өөдө-төмөн өтүп жаткан машиналар жүрүшүн жайлатып, топураган караанга жетпей токтоду. Дооронбек өз башымчалык кылгандарды таркатууга шашты.

- Кайткыла!.. Жетишет!.. Мен десеңер жолдогуларга жолтоо болбойлу. Жүргүнчүлөр менен машиналарда кине жок. Бир мүнөт тостуңар, болду. Койгула... Быякка баскыла эми... Андай тентектик кылбагыла – деп, ордуна кайткан көпчүлүктөн бөлүнүп, жолдо көгөрүп тургандарды жол четине бирден жетеледи. Ал буга дейре бир да жолу өзүн даңазалабады. Аны үч айрылыш жолдун боюна чогулгандарга Медеткан, Өмүрбек, Баяман, Роза үгүттөдү. Бул саясатчылар бөлөк талапкерлерди кубаттап чыкмакка башка аймактарды кыдырып кеткенде, Доке жалгыз калды. Ал тээ этектен карааны көрүнгөн өз атаандашына кол булгап, эл алдына чакырып алды:
- Бери өт, айланайын! Кел, секиге чык.

Аңгыча татынакай кийинген сымбаттуу жаш талапкер жылмая берип, маңдай туш келди. Дооронбек ага кол сунуп, секиге тартып чыгарды да, экөөнө тигилген адамдарга карап:

- Айланып, садагаң кетейин туугандар! Баарыңар көрүп, таанып алгыла. Биздин аймактан депутаттыкка мендей эле талапкер. Бу жигит - өз уулуңар! Шайлоодо мага эмес, дал ушул ырчы балаңарга добуш бергиле! Ушу баланы шайлагыла! – Дооронбектин мындай кең пейилдигине ичи жылыган көпчүлүк шатырата кол чаап ийди. "Шайлоо аймагына караган айыл-

кыштакты эки жолу кыдырып чыксам, калк мага оойт" – деп, олуялык менен айткан Эл артисттин кеби туура чыкты. Булутүн таштаганда эл ага ооду. Доке төбөсүнөн сылап, чоңойткон айылдаш иниси депутаттыкка атаандаш болуп чыкканы менен экинчи айлампада андан утулуп калды.

Дооронбек өөдө жактан жүрүп келип токтогон ак түстүү "Волга" унааларын таанып, ичкери басты. Машинадан аким менен анын орун басары түштү. Орун басар менен акимдин Дооронбекти каралап, үчүнчү талапкерге жан тартып, мекеме-уюмдардын кызматкерлерин бийлиги менен коркутуп, ошого үгүттөп жүргөнү билинген. Үчүнчү талапкер кызматтагы туугандары менен коюн-колтук алышкан ала-топу досторуна таянды. Боз үйдө жалгыз олтурган Доске ийиле салам берген орун басардын колун кармады да, ачуу толгон көздөрү менен ага тигилди:

- Экинчи мага келбегин, уктуңбу? Сендей тууганым жок. Кызматтан бүгүндөн калбай кет! – деди каардуу түрдө.

Осолдугу чыккан орун басар башын шылкыйтып, боз үйдөн чыккыча шашты: -Макул, макул...

Анын өңү өзгөргөнүн илгиртпей баамдаган аким боз үйгө кирүүгө даабады. Бул убакта элдин арасынан "жөө жүрүш менен районго барабыз" деген сөз чыкты. Адеми тумак, жасалгалуу калың күрмөчөн аким муну укту да, жалган жерден шылтоо тапты:

- Жогору барбагыла. Район борборуна кире беришге силерге каршы топучандар топтолуп турат. Алардын колдорунда кетмен-күрөк, бычактары бар экен. Кагылышып, кан төгүлүп кетүүсү мүмкүн.

Ойлонбой терс сүйлөгөн аким чалыштын бу кеби топтолгондордун кулагынын сыртынан кетти. Акимге көңүл бурбаган Доке да жүрүштү макул тапкан жок. Элге тамаша койгон шайырлардын ичинен Нуркандын кеби чогулгандардын

намысына тийди. Карагаттай көздөрү менен бүткүл жүзүнөн күлкү төгүлгөн Нуркан суроо таштады:

- Төрт аягы тыбыраган тулпарыңар турат,бутун чаласыңарбы? Канатын каккан шумкарыңар турат, канатына чабасыңарбы? Өз уулуңарды колдобой, өзгөгө барасыңарбы? Өздөн таппаганды, өзгөдөн табасыңарбы? Эл уулун "өлтүрүп", Ноокен эли сөзгө каласыңарбы? Же татыктуу уулуңарды колдоп аласыңарбы?

Бийликке каш кайтарган жөрөлгө 23-февралда облус байтагында кайталанды. Жөө жүрүшчүлөр эки акимди "биздин талапкерге каршы чыктың!"- деп алдына салып, Алай, Кара-Кулжадан бери жөө айдап келишти. Ал төбөлдөрдү түштөнүүгө чакырган Коргондун баштыгы көз жазгыртып, качырып ийди. Жөө жүргөндөр ажо менен Борбордук шайлоо комиссиясынын төрагасын "отставкага кетсин" – дешти.. Алар шайлоодо бийликке жагынгандар тандалып, депутаттык жарыш чоңдор каалагандай нук менен жүргөнүн жана добуш бурмаланып, мамлекеттик телеканал, радио жана гезит-журналдар окуяларды бурмалаганына моюн толгошту. «Акаев - «МСН» газетасынан колуңду тарт!», «Бийлик, кысым кылба!», «КТР - эл алдында жооп бер!» - деген кызыл тасмаларды көтөргөндөр жөө жүрүшүн Барпы атындагы облаттык кыргыз театрынын маңдайынан баштап, ага коңшулаш көчөлөргө жайылды. Жөө жүрүш кийин обл бийликтин алдында жыйынга айланды. Кесибине жараша иш таппай, базарда соода-сатык менен жан баккан Анаркан шайлоонун жүрүшүндө адилеттүүлүктүн жоктугун чеки санады:

- Шайлоо адилеттүү өтсүн. Кыргыз элине булганч шайлоо татыксыз. Бизде калыстыкты табуу кыйын. Элди пул менен сатып алгандар, добуштарды пачкелеп салдыргандар шайланды. Бийликке ишенбейбиз. Медер «Эл үчүн реформа, Акаевге отставка» кыймылы-

нын лидери. Ал бийликтин жоргосун чапкан "Алга, Кыргызстан" партиясына жан тартуу ашыкча болгонун ортого салды. Бул партия Аскардын доорунда бийликке таламдаш жүрчү:

- Наразылыгын айтчуларга тоскоолдук толтура. Ошондуктан биздин азыркы шайлоого ишеничибиз жок, таза өтөөрүнө үмүт аз.

Күн бүркөлүп, жамгыр төккөнүнө кайыл болгон жөө жүрүшчүлөр Жалалабат мэриясына чейин барышты. Алар президент менен Борбордук шайлоо комиссиясынын төрагасын кызматтан кетүүгө үндөштү. Албетте, мындай чакырыкты жогорку кызматтагылардын уккусу жок. Губурнатырдын орун басары Бактыяр мамлекет башчыга жан тартып, анын кызматты тапшыруусуна негиз жок деген ойдо:

- "Акаев кетсин!"- деген пикир жүйөөсүз. Шайлоодо жыдыган талапкерлерди ал мыкты кадр кылып өстүргөнүн унутпайлы. «Жаңы Кыргызстан» партиясынан Ашым мамлекеттик сыналгынын маалыматын айыптады:

- Бизден депутат болчуларды "акча жасады" деп, калпты чындай койгулап, каралап атышат. Кампутерде акча жасалса, колунан келгендин баары андан басып чыгарып, пулду самандай сапырат эле. Жок шылтоону бетине шыбап атат. ЖТРдин жалган маалымат таркатканына наразымын. Телеканал элдин алдында жооп берсин.

Кара көз айнекчен шайлоочу Акматтын айтымында №25 - Караүңкүр шайлоо аймагында бийлик мыкчегерлери кызматсыз талапкерге каршылыкты күчөттү:

- Шайлоочулар "губернатордун орун басары биздин кандидат үчүн добуш бересиң" - деп, мажбурлап атат, бизге капа болбогула" - деп, штабга арызданышты. Булутүн таштаарда губернатордунорунбасарынын,Базаркоргонакиминин аларжактырган талапкерди үгүттөөгө акысы жок болчу. Коргондо, Караүңкүрдө добуш эсептеерде электр жарыгы атайын өчүрүлдү.

Бул иш таза шайлоо эмес. Кана Аскар ант берген таза шайлоо?..

Губурнатыр Жусупбек шайлоодо ырасмий бийлик мыйзам бузууларга барбаганын бетке кармап, актанды. Анын айтымында, бийлик өкүлдөрү адилет жана таза шайлоого кам көрдү. Ал облбийликтин маңдайына жайналган жөө жүрүшчүлөрдүн алдына чыкпай, көйгөйүнө көңүл да бөлгөн жок. Бирок, Сакадайдын суроосуна ылайык эки жердеги шайлоо комиссиясынын ишин териштирүүгө убада кылды. Барпы театрында жергиликтүү чоңдор жана кызматкерлер чакырылган жыйында төрдө олтурган Аскар, аны Ленин-Токтогул көчөлөрүнүн бурчунда калың эл акыя күтүп турушкандыгын укпагандыр. Акаевди тарткан автоунаалар күн мурунтан макулдашылбаса, токтобой, өтүп кете береерин болжогон жөө жүрүшчүлөр кечке жуук бу көчөнү бууп салышты. Алар ажого шайлоо чатактарын жөнгө салуудан тышкары жер, суу, үй-жай, паракорчулук жөнүндө айтууну көздөшкөн. Бирок, ажону жыйын бүткөндө облустагы аба бекетке башка жол менен алып өтүштү. Адилетсиз шайлоонун айынан жер-жерлерде толкундоолор күчөдү. Андан улам калемгер моминтип ойлонду:

"2005-жылы Акаев Жалал-Абадда 4-марттан тарта облбийликти ээлегендердин маңдайына келип, тизе бүгө жыгылып: «Макул, кызматтан кет десеңер, ажолук мөөнөтүм бүтөөр ноябрь айына дейре чыдай тургула. Ошо күздө өлкө башчылык тагымдан түшөйүн да, президенттик шайлоого уруксат этейин! Ал тандоодо өзүңөр татыктуу санаган адамды ажолукка шайлап алгыла!» - деп тил эмизип, ал убадасында турганда, 20-мартта таңкы үрөң-баранда спецназ митингчилерди уруп-сабап, куубаганда... Балким, ошо жылдын жыйырма төртүнчү мартындагы "жоогазын" төңкөрүшү, андан кийин 2010-жылдагы апрель, май, июнь калабалары тутанбай калаар беле? Мамлекетибиз утуру аңтар-теңтер боло бербей, казынадан, сырт жардамдан уурдагандар тыйылып, тынч жашамак.

“Кумтөрдүн” алтынына өзү ээлик кылганда, мемиреген тынч чыйырга түшүп, ар тараптуу өнүгөөр эле. “Өзүмчө хандык доорумду сүрөм” деген Носиржон аттуу ички жоо баш көтөрмөк эмес” Ушул ой азырга чейин аны азгырып, тынчын алат.

Ооба, күнү бүгүнкүдөй, устунга кагылган мыктай болуп, Сакадайдын жадынан чыкпай, кадалып турат: 2005-жылы 3-мартта КТР: « Жалал-Абадда депутаттыкка талапкердин кеңсесинен жасалма акча табылды» – деп, чуу салган. Эски тегирменге бет маңдай көчөдөгү кеңсеге облмилиция “акча жасалды” деп шектелген кампүтерди тартып алганы барган. Милициянын начальниги Өмүрбек менен штаб башчы Жусупбек кызыл чеке болуп, кыйла тартышты. Экөө өз таламдаштарынын курчоосунда. Бири “кампүтерди алам” десе, экинчиси “ аны бербейм” дейт. Кампүтер коюлган кеңсенин каалгасын Жусуптун жандоочулары үймөлөктөп тосуп салышты. Парламенттик шайлоонун жыйынтыгына наарazы депутаттыкка талапкер Курманбекти жактагандар бул кабарды укканда таманына ийне сайылгансып, тырчыбай койгон жок.

Будуң-чаң алгач Коргондун тоолуу кыштактарында чыкты. Кийин ал жактагы шайлоочулардын шамалы облус байтагына жайылды. Ал Тогуз-Торого баратса, машинасына тосқоолдук кылып, тарапкерлери менен жолугушуусуна үзгүлтүк жасоо үчүн жолго кар көчкү түшүртүшөт.

4-март, 2005-жыл. Сакадай обл Ак үйдүн пресс-катчысынан бул күнү эч нерсе күтүлбөй турганын, обл ички иштер башкармасынан түн тынч өткөнүн, кылмыш катталбаганын, күмөнсүрөөр шыбыр - шыбыш угулбаганын сурап билди. Саат тогуз жарым чамасында обл Ак үйдүн алдынан өтүп баратып, дүпүйгөн бак-дарагы кыркылып, кийин оргутма суу орнотулуп, утуру майрам, жыйын, шаан-шөкөт өткөрүлгөн «Эркиндик» аянтында Медер, Асан, дагы башка бир топ балдарды учуратты.

Калемгер амандашып бүтүп, алардан:

- Медер, эмнеге жыйналдыңар? Чогулуш өткөрөсүңөрбү, же башка ой барбы?- деп сурады. Ал:

- Жо-ок, агай, жөн жай эле. Иш жоктугунан эмне кылаар арга таппай, өзүбүзчө тамаша куруп... – деп, беркилерге карап, табышмактуу күлүп койду. Жанындагылар сыр бербей, аны коштоп, жылмайышканы менен сыр беришпеди. Эмненидир жашырып атканы баамдалып турат. Сакадай ичинен алдаңеден күдүксүрөсө да, такыбады. "Эркиндик" аянтынын арт жагында китепкана менен маалымат каражаттарынын борбору иштөөчү. Ал зымсыз телефону менен башка жактарга да чалып, акыбал тынч экенине ынанды. Кампүтердин тогун жандырды. Экинчи кабаттагы бөлмөнүн босогосун аттаган кыздан чегип сураса, аянтта жыйналган адамдардын карааны жанагыдан кыйла көбөйгөн. Санаасы тынчыбай, аянтты көздөй кайра басты: чогулгандар ошо кезде обладминистрацияга жабыла жүгүрдү. Алардын жабык турган темир кашагалуу дарбазаны эки жакка кайрып ачканы, дарбазадан агын суудай болуп кирип барып, облкеңсенин короосунда жайнаганы көзгө илешти. Көрсө, Медер аянтта топтолгон адамдарды баштап, обл Ак үйдү алда качан ээлеп алган экен.

... Обл Ак Үйдүн ичкерки кош канаттуу каалгасы ичинен катуу бекитилиптир. Аңгыча болбой, облпрокурор, облУВДнын начальниги, дагы башка жетекчилер көрүндү. Сакадай ал ачендиктерден ичкериге ала кирүүнү суранды. ОблУВД Өмүрбек: «Коё туруңузчу, байке!» - деп, каалганы өзү кирген соң, кайра жаап, жакындатпай койду. Экинчи кабаттын ачык турган терезесинен көрүнгөн ак жоолукчан аял Аскардын дубалга илинип турган калдайган сүрөтүн жулуп алды: дубалга бир уруп, портреттин бырын-чырынын чыгарды. Айнеги талкаланган сүрөттү майдалап-бырчалап тытып, жерге чубата таштады.

Кошуна терезеден башын чыгарган балдар шапке-калпактарын булгалап, ураалап кыйкырып атышат. Сакадай алардан;

- Медергеби, же башка жетекчи балдаргабы, айткыла! Эшикти ачтырсын! «Азаттыктын» кабарчысын киргизсин - деп айткыла, - деп өтүндү.

Обл Ак Үйдүн биринчи кабаттан экинчи кабатка жогорулаган тепкичи толо, андан өйдө жактарда да шыкалган адам... Медер үчүнчү кабатта ары-бери басып, чөнтөк телефону кулагында. Кишилердин жык-жыймалыгынан губурнатырдын кабылдама-бөлмөсүнө аралап өтүү кыйын. Облбашчынын кабинети бек. Биринчи кабаттын тепкичтеринде тик турган адамдарга ак жуумал, шыңгай бой облпрокурор кайрылды:

- Бул ишиңер мыйзамсыз, туугандар! Жооп бересиңер! Обладминистрацияны тез бошоткула, бул жер - мамлекеттик бийликтин имараты... Тепкичтегилердин арасынан чекесин кызыл лента менен байлаган

Кален кире беришти жаңырта сүйлөдү: - Имарат – элдики. Биздин маңдай тер, акчабызга курулган. Ушу күнгө дейре бийлик биздин үндү уккан жок. Шайлоодо мыйзам бузуу ашыкча болду, аны кайра өткөргүлө. Административдик ресурс күрүлдөп иштеди. Биз чыкпайбыз, - дегенде аны курчап тургандар коштоду...

...4-марттан баштап, облбийликтин кеңсесинен жүз элүүдөн тартып, эки жүз элүүгө дейре адам түнөп, күнү-түнү жылбай турду. Губурнатыр баштаган обладминистрациянын кызматкерлери адегенде облСЭСтин имаратына, кийинчерээк шаардык ички иштер бөлүмүнө көчтү. Облбийлик алдына туш-тараптан, Жалал-Абаддын бүткүл райондорунан эл чогулуп, кала берсе, Оштун Өзгөн, Кара-Суу, Алайынан, Баткенден да келип, кошулган адамдардын аягы тыйылбады. Аянтка онго жакын боз үй тигилди. Адамдардын саны Медер менен жыйынды башкарган Асан, Кылыч, коргоо комитетинин баш-

чысы Канаттын, штабдагылардын болжолунда миңден тартып, жыйырманчы мартта отуз миңге чамалап, аянт тардык кылды. Бийликтегилер киши эсебин эки-үч миңден ашырган жок.

Сакадай жамгыр жаап, төбөсүнөн ылдый шөлбүрөп суу болуп, таманынан сыз өткөнү менен иши жок, аянтта 24-март төңкөрүшү болуп бүткүчө түн бир оокумга дейре айланып жүрчү. Тынчсызданчу. Түндөсү таң аткыча, ар саат сайын имараттын ичинде түнөгөн Медерге жана аны менен облбийликте жаткандарга «тынч элеби?» деп, улам-улам телефон чалып турчу. Бирок...

...Алтынчы мартта «спецназ айдап чыгат» деген каңшаар тарады. Обладминистрациянын жыйналыш өтчү залына милициянын өзгөчө отрядынын жоокерлери толуп алган. Залдан биринчи кабатка өтүүчү ортоңку эшик бекем жабылды. Он үчүнчү мартка оогондо «бүгүн түнү спецназ кирет» деген кабар кайра чыкты. Күзөтчүдөн бетер түнү менен аянтты, ага коңшу жай-көчөлөрдү дагы айланчыктады. Тилегине жараша, ал түн да мурдагыдай жаңжалсыз өттү. Митингчилерге Бишкектен келген жаштар да кошулду. Алар колдоруна кызыл-тазыл Тууларды көтөрүп, калаанын бүт көчөлөрүндө ураан чакырып, кыдырып жүрүштү.

Он төртүнчү март. Түнкү саат эки, же үч. Нөшөр күчүндө. ОблУВДнын төбөсүнөн ылдый бутуна дейре суу өтпөс плащын кийген начальниги Өмүрбек обл Ак үйдүн босогосун аттады. Имараттын темир кашагалуу дарбазасы аркылуу короого кирүүчү жалгыз адамдык эшик катуу кайтарылчу. Бирок, эмнегедир күзөтчүлөр аны тоскон жок. Полковниктин сыртка чыгып келаткан карааны бир сааттан соң, дарбазанын оозунан көрүндү. Ал шаардык ички иштер бөлүмүн көздөй баратканда аянттын ортосунда, жылтырак кагаз жамынып, жаандан калкаланган митинчилер чакырып алышты. Чүмкөмө плащчан милиционердин жүзү караңгыда айра таанылбайт. Ал аянттагылардын маңдайына келди да:

- Жигиттер, эми таркасаңар болот эле, - деди айласы кургандай, сыпайы түрдө. – Мамлекеттик бийликке айбат кылып, имаратты басып алдыңар. Каалаган эркиңерге эки жума тек койдук. Биздин балдар да тажап бүттү. Алар «давай, команда бериңиз, айдап чыгалы!.. Болбосо, биздин да үй-бүлө, бала-чакабыз бар. Уруксат этсеңиз, залдан чыгып кетели да, өз жумушубузду жасайлы» - деп атышат. Ушунча күн чыдадык, жетишеер. Эми бошоткула, администрацияны. Макул, бу кылык-жоругуңар күнөө болсо да, кылмыш иш деле козгобойлу, камабайлы! Тынч эле бошотуп койгулачы! Акча кааласаңар аны деле берели! – деп жалбарды.

Үстү-башына жылтырак кагазды үйрүгөн кишилердин бири;

- Сиз облдминистрациянын ичине кирип чыктыңыз, туурабы?.. Андагылардын маанайын, эч нерседен кайтпас түрүн байкадыңыз. Жандарында, колдорунда эмне бар экендигин көрдүңүзбү?- деп сурады.

УВД башчы унчукпады.

- Ошондой - дешти балдар. - Так что, күч салсаңыз да кетпейбиз... Элдин эркин майтара албайсыңар. Шайлоонун жыйынтыгын жокко чыгаргыла.

2005-жыл, он бешинчи март. Казганактап үйүлгөн элдин алдына Розаны колтуктап баскан Дооронбек, Үсөн, Азим, Курманбек, Өмүрбек, Равшан сыңары аттуу-баштуу саясатчылар келишти. «Эркиндик» аянтында каршы-терши басканга жол жок, элге жык толду. Аттуу-баштуу бу адамдарга дейре келип, Жалал-Абадда жүргөн Топчуке менен митингдин алып баруучусу Асан обл Ак үйдү курчап, тизилген милиционерлерди аянттагыларга кол салбоого утуру үндөп турушту. Алар үн күчөткүч менен ички иштер бөлүмүнүн кең короосунда буйрук күтүп, чабуулга камданган аскерлерди эл тарабына өтүүгө чакырышты. Колуна үн күчөткүч кармаган Асан "Аскар Акаев..."

дегенде аянтты ээлегендер анын сөзүн "... кызматтан кетсин!" – деп жапырт коштоп чакырып, дуулдашат. Элдин үнү жаңырып, айлана солк этсе, бийликтегилердин жүрөгү болк этпей жатты белем!

Март айынын жарымына дейре аянттагылар президентти алмаштырууну ойлошкон эмес. Ага чейин парламенттик шайлоонун жыйынтыгын жокко чыгарууну, депутаттарды кайра тандоону күсөп жатышты. Акаевдин Жалал-Абаддагы элдин алдына келүүсүн, үй-бүлөлүк башкаруусун жоюп, конституциялык реформа жүргүзүү талабын коюшту. Тескерисинче, митингчилердин кеп-сөзүн Ак Үйдөгүлөр тыңшаганы менен тоотушпады. Ажо укмаксанга салса, премьер-министр Николай Танаев: "Жалал-Абаддын бийлигин үч-төрт адам басып алды. Аларга көңүл буруунун кереги жок. Өздөрү тажап, курсагы ачканда тарап кетишет"- деп, телеканал аркылуу бакылдады. Мындай мамиле, калп сөз акцияда тургандардын бийликке карата ымаласын андан ары суутту. Сакадай ошо күндөрү өкмөт башчы Танаевдин Аксы чатагынан кийин "Азаттык" радиосу эч ким менен атаандашпаса да, эмнегедир: "Биз маалымат майданында "Азаттыкка" утулдук", президент Акаевдин: "Азаттык – информациялык жан кечти" - деп айтып ийгенин эстеп, күлүп жүрдү.

Аттуу-баштуу бу адамдар обл Ак үйдүн ичине кирип, администрацияны ээлегендер менен сүйлөшүп, дымак-маанайларынан кабар алып чыкты. Түштөн кийин Элдик курултай өттү. Анда элдик бийлик түзүү чечими бекиди. Чогулган адамдарга куту кыдыртылып, акча жыйналды. Колдон-колго өткөн кагаз кутуга аянттагылардын улуу-кичүүсү дебей, өз кошумчаларын кошту. Ар башка айыл-кыштак менен аймактардан, дубандардан Туу кармап, катар-катар тизилип келип жаткан адамдар, базарды чайкаган соодагерлер кой-эчки, тамак-аш,азык-түлүктөрүн аябады.

Элдик курултай облус губурнатырлыгына Жусупжанды, анын биринчи орун басарлыгына Жанышты шайлады. Элдик курултайдан кийин саясатчылар журналисттерге пресс-конференция берүүгө белсенди.

Пресс-жыйынды башкарган Кадыр алгачкы суроо берүүнү «Азаттыкка» ыйгарды. Ал калемгерлерден убакыттын тардыгына байланыштуу бирден гана собол менен чектелүүнү өтүндү. Буга дейре Курманбекти эл башчылыкка көтөрүү жөнүндө кеп жүргөн.

Ошондо Сакадай ага момундай суроо узатты:

- Курманбек мырза, көчө жыйынында уюшулган элдик бийлик мыйзамдуубу? Ал каражаты жок, кантип иштейт? Өлкө бийлиги өз кызматын али токтоткон жок. Ал бийлик менен атаандашып жарыша иштейсиңерби, же келишимге барасыңарбы? Мындан ары да элден акча чогултулабы?

Сакадайга Курманбек берегидей жооп узатты: - Сиз өз суроонузга өзүңүз жооп бердиңиз. Элдик бийлик элдин каражаты менен иштейт.

Ошол түнү банк тоголду. Аты-жыты чыкпаган кишилер күзөтчүлөр аркылуу банк башчысын үйүнөн чакыртат. Акча салынган кутулардын ачкычын бербей койгон башчы аёсуз токмоктолот. Талап-тоноочулар темир кутулардын капкагын ширетип ачышат. Кап менен кагаз кутуларга толтурулган таңгак-таңгак акчаларды жүктөп кетишееринде аларды кишилердин башка бир тобу курчайт. Экинчи топ каракчылардын колунан миллиондогон пулду жулуп алып, ички иштер башкармасына тапшырат.

Сакадайдын эсинде: он жетинчи марттан он сегизине караган түнү «спецназ кирет» деген суук кабар түштү. Түнү менен эч басылбай, жамгыр төктү. Кебездей жука плащы жылытып деле жарыбайт. Ичиркенип коюп, өзү жалгыз аянтты кыдырып, улам бир боз үйгө баш багат: кийимчен столдо, бу-

рүшүп, жерде оонап жаткан адамдарга абай салат. Үргүлөп, уйку-соонун ортосунда керегени күзөткөн нөөмөтчүлөр менен азын-оолак сүйлөшүп, убакыт өткөрдү. Аянттын капталында «Мөл-мөл» мейманканасы. Ага бир аз эс алганы кирсе, үстөлгө башын жөлөгөн администратору уйку баскан кебетеси менен ыргылжың түрдө тиктеп койду да: "Бөлмөлөр бош эмес, орун жок" деп, оозун ача эснеп алды. Кайра көчөгө кайтты. Отураарга орун табылбайт. Бут талыды.

Он сегизинчи мартта түнкү саат эки –үчтөрдө Прагадан "Азаттыктын" деректири Тынчтык чалды:

- Байке, саламатсызбы? Үшүгөн жоксузбу? Дагы чыдап коюңуз ээ, таң атаарга жакын калды. Телефон чалып турабыз. -

Сакадай кырдаал тынч экенин, канча болсо чыдаарын айтты. Деректирдин да уктабай, кабар алганына сүйүндү. Таңкы төрт жарым-бештерде Прагадан сүйлөгөн Төрөкулдун үнүнө кулагын тосту:

-Тынчтык байке, сизди "бүгүн да чыдасын»- деп атат... Уйкуга алдырбаңыз, ээ?

- Кабатыр болбо. Үргүлөбөй, Күндүн чыгышын күткөнгө көнүп калбадыкпы! Прагадагылар деле жумушка кечинде келип, түнү бою иштеп, таңкы уктурууну бүтүрүп коюп, анан эс аласыңар го!

- Бизде, күндүзгү ишке башкалар келет да. Сизди эч ким алмаштырбайт.

-Эчтеке эмес, баарына үлгүрөм. Чарчоо дегенди чарчатабыз.

Ошентип, таң шооласы жайылып, түн тынч өттү. Күндүзү кадимки көчө жыйыны уланды. Элди кыжырданткан окуя кийин дүрт этип, аягы Ак Үйдү да ала салдыраар күн ач бөрүдөй утурлады .

Ал түн 2005-жылдын 20-марты болду. Таңкы үрөң-бараң. Убакыт эске келген жок. Сакадай эмелеки сааттарда бир

капсаланддын тору жайылчудан бетер өзүнөн-өзү бүлүндү: бир жерде тим тура албай, тыбырчылап, аянтта ары-бери басат. Кээде ал жерге топ таштай тигилген боз үйлөргө көз жүгүртүп, эчтемеден капарсыз магдырап уктап жаткандарга суктанат. Ичинде адамдар түнөгөн обл Ак үйдүн имараты да, аны бөлүп өткөн жол, айлана-чөйрөсү да жым-жырт. Караан түгүл, демейде үйүгүшүп, жол менен жүгүрүп жүргөн дейди ит-мышык да жок. Эрбейип жүргөн жалгыз өзү. Чамасы, таңкы саат төрт жарым – беш...

Бир маалда Ленин көчөсүнүн тээ этегинен гүүлдөгөн үн чыкты. Үн аянтка чукулдаган сайын катуулап келатты. Сакадай бош оруну жок боз үйдөн атып чыкты. Жолго абай таштап, жашылбы, же кара түстүүбү, айтору айра таанылбаган "Мерседестин" шаардык ички иштер бөлүмү жакка бурулуп, короосуна жылт кирип кеткенин байкады. Чамасы, боз үйдөгү адамдар да ойгонсо керек, кишилердин кобур-собурун эшитти. Аңгыча чүмбөттөлгөн эки чоң автоунаа да

ГОВД жакка бурулду. Сакадай узак дегенде жарым сааттын ар жак, бер жагында бир деме болоорун купуя сезди. Боз үйдөн башы көрүнгөн ыраматылык журналист Молдосалиге: «Эми белиңерди бек буугула. Болжолдо кошумча милиция, же спецназ түштү. Дыркыратып кууйт, кармайт, камайт» - деп айтып, не бар, не жок, өзү аянттын чет жакасына жылды. Ал бекер күдүксүрөбөптүр: көздү жумуп-ачкыча ички иштер бөлүмү тараптан өтүктөрүн тарпылдатып, шинелчен арык жоокерлер чыкты. Алар облкеңсенин кире бериши жакка жарыша чуркап өттү. Аскерлер темир кашагалуу дарбазаны калкалап,- төрт катар болуп тизилди.

Алардын соңунан ГОВД тараптан жалаң кара кийимчен, колдоруна желим союл кармаган шырыктай узун бой жигиттер чыкты. Үч катар тизилген караандар жоону кууган жоокерлердей болуп кыйкырып, ырдап келатат.

Аңгыча Сакадайдын зымсыз телефону чырылдады. «Азаттыктын» Бишкек кеңсесинен Аманбек чалыптыр;

-.Сак бол, байке! Быяктан "спецназ Ошко учуп кетти" деген кабар түштү, - деп күбүрөдү ал.

- Кайдагы Ош?!.. Алар мына, Жалал-Абадга кирип келишти. Обл Ак үйгө чабуул башталды... Байланышты үзбө!- деди Сакадай.

Ал аянттын кыргагынан жылбай, көз алдында болуп жаткан тоз-тополоңду зымсыз телефон аркылуу баяндоого киришти. Аскер бөлүктүн жоокерлери обл Ак үйдүн дарбазасына жеткен спецназга арасын ача койду. Аларды өткөрүп ийип, арасын кайра жапты. Өзгөчө отряд ичкери киргенден тартып, чыкканга дейре үч кабаттуу имараттан кыйкырык-бакырык, аялдардын чыңырган үндөрү басылган жок. Чамасы, аларды аял-эркегине карабай уруп-согуп, сыртка сүйрөп жатышкандай. Спецназ өзү жетелеп чыккандарды каалгага такала токтогон "Камазга" жүктөп атат. Аянттагылар дарбаза жакка таш ыргытышты. Күйүүчү май куюлган бөтөлкөлөрү короого жетип-жетпей жарылып атты. Бирок, андан дүрт эте жалын чыканы менен кайра жалп өчүп, өрт уланган жок. Экинчи кабаттан балдар секирип түшүп, туш келди качып баратат. Спецназ артынан обладминистрациянын каалгасына жете келген эки «Камазга» кеңсени ээлегендерди укмуштуудай тездик менен толтуруп бүттү да, унааларды короодон зуулдата айдап чыгышты. «Камазга» камалгандар жолдо баратып, Сакадайга кайсы жерге жеткени жөнүндө утуру телефон чалышат. Аянттагы адамдарды спецназдын башка бир тобу келип, экиүч топко бөлүп, туш-тушка кууп жөнөдү. Жеткендерин союл менен туш келди үстөкө-босток чаап, кармап атат, койду жара тарткан бөрүдөй жулкуп, сүйрөп атат Боз үйдө, сыртта калган адамдардын бир бөлүгү Эркиндик көчөсү менен аскер комиссариаты жакка, бир тобу областтык Барпы атындагы театр

жакка шуу койду. Дагы бирлери Ленин көчөсүнүн баш - этегине качып баратса, артынан жеткендерин спецназ төбөгө койгулап, обл кеңсенин аркы капталындагы ички иштер бөлүмү жакка жетелөө менен убара.

Бир кезде Молдосалини да кармап алышыптыр: эки спецназ аны оң-сол колтугунан сүйрөп, кетенчиктеп артка чалкалаганда артынан бирөө түртүп келатат.

- Сакадай аке, мени да тутуп алышты, - деп жалооруду ал.

Сакадай аянычтуу тигилген кесиптешинен арачылыкты күткөндөй көз караштьı туйду. Жандай өтүп баратып, спецназдарга сөз ыргытты:

- Бул да журналист, мында эмне күнөө? Коё бергиле! –

Желдеттер анын кебин тыңшаган жок: булкунганына карабай, Молдосалини булкуп-түртүп сүйрөп, алып өтүштү. Кара кийимчен спецназдын жигиттери аянттагы боз үйлөрдү аңтара-аңтара тартып, машиналарга сүдүрөттү. Аянт жарым саатка жетпей бошоп, ээндей түштү. Сакадай тегерегин караса, өзүнөн башка бир жан жок. Бир кезде как маңдайында үстүнө чүмкөмө плащ жамынган бирөө турат. Көзүнө анын башына кийген плащынан кызыл шапкенин кыргагы урунду.

- Кимсиң, эмне кылып жүрөсүң?- деп сурады ал Сакадайдан.

- "Азаттыктын" кабарчысымын. Ушул жерде болуп жаткан тополоңду радиого жаздыртып жатам.

Бишкектеги кеңсе менен телефон туташкан. Үн- сөздөрү жазылып жаткан болуу керек. Милиция калемгердин күбөлүгүн сурамак болуп, кайрале:

- Жогол, бул жерден, - деди өкүмдүү түрдө.

Сакадай зымсыз телефонун кулагынан түшүрбөй:

- Уктуңбу, Аман, «жогол» деп атат.

- Жакындаба байке, кол салбасын! - деди Аман.

Майда арыштап, обл Ак үй менен Улуттук Банктын чек арасына жетип, бир аз токтоду. Артка кылчайды: он-он беш

аттам ары жактан узун бойлуу эки спецназ өзүн көздөй чуркап келатат... Желдеттердин колуна түшпөөнү көздөп, темир кашагалардын бурчунан ары кадамын ылдамдатып, жүгүргөнгө өттү. Ооба, адамдарды чилдей таркатышты, обладминистрациянын ичинде жаткандарды ур-тепкиге алганда улгайган аялды союлдан калкалайм деген жигиттин колу сынганын кийин сурап билди. Башка кемпирдин көзү-башы көгөөндөй болуп көпшүп, шишип кетиптир. Медерди спецназдар күн шашкеде "Байэл" базардын жанынан кармашып, төртөө - бешөө жүндөй сабап, колуна кишен салыптыр. Аны кайда алып кетишкенин эч ким билбейт.

Облбийликтин маңдайында эмне капсалаң болуп, бир өзүнөн башка журналист жок, тоз-тополоңду көзү менен көрүп-билип турса, Бишкектеги кимдир - бирөөлөр «Жалал-Абадда адам өлдү» - деп жар салып, беш өрдөгүн учуруптур. Ок атылган жок, кан төгүлбөдү. Таңкы чуру-чууда Аксы чатагындагы убактай эле "Азаттыктан" башка калемгер, тасмага тарткан пенде обл Ак үйдүн жака-белинде, ичинде жүргөн эмес. Мындай жорукка "ой-тообо! Көрүп-билбей апырткан ушакчылар да болот экен ээ?!!" - деп таң калды.Ошентсе да, миң уккандан бир көргөн демекчи, областтык ооруканага барып сураштырды: " канча адам кайрылды, нечөө жарадар, өлүм-житим барбы?" - деп. Областтык оорукананын директири Жахангир Өмүрзаков өз бөлмөсүндө бир нече дарыгер менен кеңешип аткан. Алар кимдир-бирөө кагылышта каза тапмак мындай турсун, токмок жеген, же жараат алган адам дегеле кайрылбаганын, эч ким көз жумбаганын тастыктады.

Ага дейре Прагада «Азаттыктын» таңкы берүүсүн алып барып, Сакадайдын түз баянын уюштурган Эсенбай: «Токмок жеп, куулгандардын арасында саясатчылардан кимдир-бирөө болдубу, жүрдүбү?» - деп сурады. Албетте, алардын карааны түгүл, элеси да көрүнгөн жок, карапайым эл токмоктолду, бей-бечара жабыр тартты.

Төңкөрүштүн үзүрүн кийин, тополоңдо таттуу уйкусу бузулбаган төрөлөр көрдү.

Канабайрандын чет-жакасын эшиткенби, эрте мененки саат жети жарымда элдик курултай дайындаган губурнатыр Жусупжан телефон чалып, обл Ак үйдү ээлеп жаткандардын тагдырына кызыкты. Сабалгандарга жаны ачып, али кызуу кандуулугу тарай элек Сакадай оор үшкүрүндү да, кармана албай:

- Кайда жүрөсүң, өзүң?

- Ошто мун...

- Бул жерде губурнатыр болсоң...Ошто эмне бар, сага?... Облакимиятта түнөгөндөрдү коргобой, эмнеге жалгыз калтырдың?... Болоору болуп бүттү, боёсу канды. Элди уруп, айдап чыгып кетишти. Кимиси кайда экенин билбей турам...

Жусупжан:

- Азыр жетип барып, элди чогултам – деди да телефонун өчүрдү.

Удаасы менен үч-төрт күндөн ашык тыным албагангабы, Сакадайдын кирпиктери бири-бирине чапталышып, уйку келет. Батирине барып, эс алмакчы болуп, бирок, кирпик ирмей албады: башын жаздыкка койдуртпай, туш-тараптан тынымсыз телефон чалуулар... тынчтык бербейт, өзөк жалгоо оюна келбейт. Чөнтөк телефондун тогу түгөнгөн. Сурагандарга жооп бергиче, токко сайылган телефону электр тогун топтогонго үлгүрбөй атты. Бир аз чырм этип алса ээ?!! Ага да коюшпады...

Сегиз жарымда Жалил телефон чалды. «Областтык ооруканага бирге баралы» - дейт. Экөө кошо барып, оорукананын деректиринен таңкы жаңжал учурунда эч ким көз жумбаганын укту. Ал жерден чыгып баратып, дарбазанын бурчунда өздөрүнчө алда-неден чоочуркап, элеңдеп эки жагына каранган үч-төрт аялды жолуктурду. Кебетелери токмок жегендерден. "Доктурга көрүнгөнү киргенде милиция кармап алабы?" - деп, үрөйү учуп калыптыр. Сакадай аялдарга чочу-

бай – этпей, түз эле башкы дарыгерге учуроону табыштады. Асандан:» Эл шаар сыртындагы «Телтору» ат майдандын айланасына топтолуп атат» - деген кабар түштү. Ал сөз ырас чыкты: ат майданга чукул жерде туш-туштан атчан, жөө, машиналар менен убап-чубап адамдар жыйналып аткан чагы. Чогулган элдин ортосунда кара-күрөң машина токтоп турат.

Ал жерге жыйналгандарды башкарган Асандан жагдайды сурап, унаада Сузак районунун акими олтурганын, кызматтан кетүү тууралуу Акаевге арыз жаздыртуу үчүн аны кармап тургандыгын билди. Өңү-башы тердеп – кургап, жабык машинанын ичинде олтурган мойну-башы жоон аким менен сүйлөшүп, анын район башчылыгын тапшыруу жөнүндө президентке арыз жазганын, кармаган адамдардан эч кандай зомбулук, же ыдык көрбөгөнүн укту. Алда-кайдан жетип келген жыланбаш Бектур кара-күрөң машинанын төбөсүнө секирип чыкты да:

- Урматтуу калайык!..Ким элге, а ким бийликке кызмат кылаарын өз көзүңөр менен көрдүңөр, туугандар! Бул жерде Курманбеги да, башкасы да жок. Депутаттарды да кимдер шайлаарын билебиз. Азыр барып, облимаратты кайра ээлейбиз. Силерди мен өзүм баштап барам! – деп, теребел жаңырта сүйлөдү.

Түш ченде төрт-беш катар тизилген жөө адамдар агын суудай каптап, шаар ичин көздөй жөнөдү. Селдей аккан кишилердин алдында Бектур, Асан, Медер жана алардын партиялаштары, аксакалдар.

Жөө жүрүшчүлөр калаанын чет жакасындагы тактай базарга жакындаганда сол көчөдөн полковник баштаган милициянын өзгөчө отрядынын жоокерлери асмандан түшкөндөй пайда болду. Баштарына темир туулга кийип, колдоруна желим союл-калкан кармаган жоокерлер эки катарга тизилип, союлдарын даяр кармап, жөөлөрдүн алдын тороду. Сакадай аларды айланып өттү. "Азыр сөзсүз бирдеме болот, кагылышта

ортодо калган – оңбойт". Башына ушул ой чагылды. Ал аңгыча күтпөй, жөө жүрүшчүлөр топурап, жол четинен уучтай кармаган таш-кесегин спецназдарга ыргытты. Спецназ таңкы чатактан менти тая түшкөнбү, бу курдай жаалы кайнаган элдин тобуна каршы турган жок. Кызыл шапкесин колуна кармаган начальниги баш болуп, башы оогон жакка дыр койду.

"Азаттык" таш бараң башталганда коргонууга жай издеп, жол боюнддагы темир дүкөнгө калкаланды. Туш тараптан согулган таш-кесек токтоор эмес, жамгырдай жаап атат. Жолоочулар таңкы соккунун өчүн жандырмакка спецназдын артынан куйрук улаш түшүп, кууп жүрөт. Жеткенин жеткен жерде, колго түшкөнүн кармалган учурунда сабап, союлу менен калканын жула тартып жатат. Бир караса, беш-алты аял Жалилди ороп алыптыр. Жакасынан кармап, силкилдетип:"-Сен кайдансың, кимсиң?"- дешип, суракка алып жаткандай.

Сакадай арыктан аттап өттү. Арага түшүп: "Бул жигитти мен ээрчитип келгем. Силердин каармандыгыңарды гезитке, интернетке жазып чыгарат. Тийбегиле!" - деп, таң саркы жаңжалга ызырынган аялдардын колунан өңү бозоруп, оозуна сөз келбей, апкаарыган Жалилди бошотуп алды. Обл Ак үйдүн кире беришинде төңкөрүшчүлөр ЖТРдин да төрагасын сүйлөтпөй, кууп ийишкен. Бу телеканалдын башка бир кабарчысы менен теле операторун кармап алып, тап жылдырбай, өз катарына мажбурлап олтургузуп коюшкан. Видеокамерасын тартып алышыптыр. "Азаттык" кандай айла таап, кутулаарын билбей турган оператор менен телекабарчыны да аларды тутамдаган аялдардан куткарды...

Мындай окуя көтөрүлүш кызыган чакта Казакстандын Бишкектеги элчисинин экинчи катчысы Оңталап Жалал-Абадда жүргөндө да болду. Ал Сакадайды эш туткан. "Тентектер элчиге тийишсе, жер тиктейбиз"- деп кабатырланган "Азаттык" Оңталапка акыл үйрөткөн: "Бул жерде сизди эч ким таанбайт.

Беш манжа тең эмес, ар кыл адам болот. Кыргыз-казактын ынтымагын бузгусу келип, чагым жасагандар чыгышы ыктымал. Ага көзү ачыктык кылып болбойт. Ошондуктан жанымдан карыш жылбаңыз. Кимдир-бирөө катылса, мага дароо айтыңыз" - деп, учурашкан чагында ага дайындаган. Бирок, ал бул насаатты эсине албаганбы, видеокамерасы менен кылкылдаган элдин ичин аралап, терендеп кетиптир. Анын карааны негедир көзгө илешпей калды. Бакылдагы тыйылбаган кишилердин арасынан издеп жүрүп, бейтааныш адамдар анын тасмасын жулуп алып, аңтарып жаткан жеринен тапты. Оңталаптын мейман экендигин, төңкөрүшчүлөргө зыяны жоктугун аларга түшүндүрүп, видеокамерасын кайтарып бердиртти.

...Сакадай деңиз толкунундай чайпалып, толкуган жөө адамдарга аралашып, чаң ызгып, машинадан чыккан түтүн - жыт көңүлдү айланткан шаардын тар көчөлөрү менен областтын борборуна келе жатты. Жөө жүргөндөрдүн баш учу Чехов көчөсү аркылуу областтык ички иштер башкармасынын кеңсесине жеткенде асманга атылган автоматтын тытыраган үндөрү теребелди жаңыртты. Бирок, жөө кишилер ага сестенген жок. Имараттын төбөсүнөн кызыл Тууну жулуп алышып, аны желбиреткен бойдон эң алдыңкы сапта бараткандарга карматышты. Жөө жүрүшкө ар кайсы чокудан агып түшкөн мөңгү суу сыңары туш келди көчөлөрдөн чыккан адамдар кошула берди.

Элдин агымы Ленин көчөсүнө бурулуп, обл Ак үйдү беттеди. Жөө жүрүш шаардык ички иштер бөлүмүнө теңелеерде автомат дагы тытырады. Темир туулга кийгендердин бири имараттын үстүндө ары-бери басып, куралы менен үзбөй асманга аткылап жүрөт. Жүрүштөгүлөр аны көчөдөн өтүп бараткан пилге үргөн кандекке теңештиби, ага көңүл бурган да жок. Бат эле Эркиндик көчөсүнө бурулушту да, областтык бийликтин имаратын көздөй жабалактап, аны кайра ээлешти. Имараттын

биринчи кабаттагы каптал – бурчуна тактай базардын жанында жолун торогон спецназдан тартып алынган желим союлдар менен калкандарды жыйып коюшту. Көчөгө таш менен шагыл төгүлүп, облбийликтин маңдайынан өтчү жол бөгөлдү. Аянт менен жан-жактагы көчөлөргө, Барпы театрынын маңдайындагы бак менен Токтогул багынын ичине, андагы чайканага эл батпай кетти. Кайдан от жагылганы белгисиз, ички иштер бөлүмүнүн архив бөлмөсүн кызыл жалын чырмады. Бөлүмдүн короосунан  кимдир-бирөөлөр аянттагыларга көздөн жаш агызчу газды түтөтүп, дубалдан ашыра удаама-удаа ыргытты. Газ жарылып, айлананы боз туман каптап, башкалардай эле Сакадайдын көзүнөн жаш чуурду. Буга ачууланган жүрүшчүлөрдүн бир бөлүгү милициянын короосун агын суудай каптап кирди. Ал жерге жашынган обл Ак үйдүн  губурнатыр баштаган ана башчылары тешик дубал аркылуу чыга качты. Аскер бөлүктүн короодо турган  жоокерлери учуна ак чүпүрөк байланган шыргыйды бийик көтөрүп, быкпырдай кайнаган элди аралап чыгып кетти. Байланыш түйүнүнүн жанына токтоп турган  автобус чатырап күйүп, түтүнү обого созолонду.

Ошо түндөн баштап, чакан автобустар жолоочуларды Бишкекке ташууга өттү. 24-мартта борборго ар кайсы дубандардан топтолгон эл жөө жүрүш менен Ак үйдүн маңдайына келгенде Акаевдин ың-жың чыгарбай, качып кеткени билинди. "Кумтөрдүн" байлыгынын үчтөн эки бөлүгүн канадалыктарга карматкан туңгуч ажо Москвага качып барып, кызматын тапшырганы тууралуу арыз жазды. Гезиттер жазгандай " жоогазын" көтөрүлүшү чыккан 23-март түнү ал, депутаттарды кабыл албай койгон. Эртеси Бишкектин көчөлөрүнө толкуп чыгып, кылкылдаган эл менен Ак үй алдына барганда Курманбек:  «Биз бул жерге бийлик алганы эмес, шайлоо таза, калыс өтсүн -  деп келдик" - деп сүйлөгөнүн телеканалдар байма-бай көрсөттү.

## 7-БӨЛҮМ

Мамлекет олку-солку болуп, деңиздеги кемедей ары-бери чайпалып турганда ага касын тиккендер баш көтөрдү. Кыргыз өлкөсүнө эгерим жакшылык тилебей, койнуна котур ташын толтурган арам ойлуу, ичи ириңдеген чаар топу Носиржон чакчелекей ороң-бараңды күтүп жүргөн. Анын бир шойкому – текейден арзан баага менчикке сатып алган алтын-күмүш дүкөнүнүн оро-парасында, килем базарында чыкты. Ал жездей кубарып, өз тилинде сагызгандай шакылыктады. Ич күптүсүн ошого чейин ичине катып, сары майдай сактаган. Ар ким өзүн-өзү билип, өтүгүн төргө илип, баш аламан заман өкүм сүргөнүнө ичинен кымыңдап, алаканын ушалады. Кандаштары миллионго жеткенин саймедиреп, орусчага муктаждык азайганын, анын ордуна өз тилин коюуну кыйытты. Мамлекеттик тилди көргүсү, уккусу жок. Мыйзамда расмий иштеп аткан орусчанын ордуна өзүнүкүн коюу дымагын шиледи. Ал дымагынан өз алдынча мамлекет курууну эңсеген ич буроосу кылтыйып турду. Анын жадына ала топу төбөлдөр Ошто түн катып, арай көз чарай сукбатташканда ичкен анты түштү.

- Эмне үчүн биз прокуратурага, же сотко арызданчу болсок, даттанууну кыргызча жазуубуз керек? Неге өз тилибизде иш жүргүзбөйбүз? Эмнеге биз кыйналышыбыз, кыргызча, же орусча жазышыбыз абзел? Салыктарды үзбөй төлөсөк. Биздин да өз бийлигибиз, милициябыз, өз сот, прокурорубуз болушу керек – деди ал, курчап турган чаар топу эркектер менен көзүнөн башка жүзүн жоолугу менен орогон аялдарды көкүтүп.

Сакадай кызарып-татара бар ачуусун тилине чыгарган Носиржондын, ага тирек болгон башы ашкабактай, чоң курсак дагы бир топучандын кебин тыңшап, ою алда-кайда учту: "Мындан башка адамдар мамлекетке эмне салык төлөсө да, док уруналек. Ала топулуу бул экөө эл бүлдүрөөр чатактын

башын кылтыйтып атканын бөлөктөр ойлоду бекен? Мына ынтымактын бузукусу, түпкү элдин ичинде багылган жоо... Биздикилер душманды башка жактан издешет, өз жерибизде эле бул жоону алаканга салып, парламентке шайлап, көктөтүп-өстүргөнүн эренге албайт!.. "Депутаттыкка силер эмес, мени пулум"- шайлаган деп, көкүрөгүн ургулаганын айтышты эле. Насиржан бу кылыгы менен куйругун чатына түйгөн итке окшоп, өз коңулунда тим жатпас. Али шойком чыгара элегинде тизгинин тартып коёр күч кайда жүрөт? Муну шырылдаңга башын тыгып, көкөсүн тааныткан Рыспек тирилсе, кана?"

Калк ичине шынаа кагып, чатак салган орунсуз сөз -түпкүлүктүү адамдардын чачын тик тургузуп, каршылыгын ойготту. Носиржон менен анын чоң курсак шеригинин бүлдүргүч кебин уккан бийлик мыкчегерлери тигиге каяша кылганга жарабай, ындыны өчүп, бир четте башын жерге салышат. Аялдардын жаалы кайнап, буркан-шаркан түшүп, каргаганга өттү. "Ок, көзүң соолуп, темселеп калгыр! "Тузуңду ичейин да туз баштыгыңа түкүрөйүн" дегенден тура!Бөрүнү канча бакпа, токойго карап, мойнун бура берет. Бу эшекти көрдүңбү, эмне деп азыналап атат? Момун кыргызды алдап, чалагайым башчыларды пулга сатып алган неме бизди бийлегиси бар!" Аялдар тек тура албай, чаар топулууга кайбат кылышты. Эгерим өз тилин чанбаган ала топу түпкүлүктүү элден кыйла бай: жашоосу май көл, сүт көл... Калк арасы мындай бөлүнүп – жарылуу өнөкөтү менен иши жок, камыр-жумур, ынтымактуу, ырктуу журт болчу. Ичине кара таруу айланбаган бул депутат парламент-бийликтеги, облус-шаар, аймактардагы, айыл өкмөттөрдөгү, башка тармактарда эл башкарган өзү сыяктуу жетекчи өкүлдөрдү капарына албагандай, алар ала чакмактаган көзүнө илинбегендей. Эл ичине от жакканын түйдүбү, жокпу, ким билет? Антпесе, каргап-шилеп, чуру-чуу түшкөн аялдардын ырайынан чочудубу, Носиржон жандоочуларынын кур-

чоосунда алтын-күмүш саткан менчик дүкөнүнө кире качып, каалгасын ичинен бекитти. Кыз-келиндер колуна тийсе жулмаламак болуп, ал жашынган айнек дүкөндү Күн ылдыйлап, салкын түшкөнгө дейре айланчыктап жүрүштү.

Сакадай сураштырып, мамлекеттик кызматтарды өзү билип, өзү коюп, бөлүштүрүүнү чечкен Носиржондын отуздан ашык баалуу мекеме-уюмдарды, ишканаларды өз карамагына ыйгарганын билди. Менчиктештирүү кезинде карапайым айылдыктарга бөлүштүрүлгөн үлүш жер гана тийип, ири имарат, короо-жай, ишкана, завод-фабрикаларды сатып алууга мурчасы жеткен эмес. Андай бөлкөнтайлар жалаң чоңдор менен бармагын жалаган байлардын бактысына бүткөн.

...Чилде. Айлана мамыктай ак карга чулганган. Ызгаар сөөктөн өтөт. Носиржон калың токой арасындагы үйүндө уйкудан жаңы эле ойгонду. Аял, бала-чакасы айылда калган. Үйүнөн жети кадам аттагандан кийин чер жазганы ойношун ээрчитип алат. Көрпөдөн жылтылдаган кара чачтуу башы, жылаңач ийини менен колу чыккан көңүлдөшү дубал жакка оодарылып, эчтемеден бейкапар уйку кучагында. Сырт жактан кимдир-бирөөлөрдүн сөңгөктөй ката түшкөн карды качыр-р-кучур-р эттирип, басып жүргөнү угулду. Жеңил кийимчен Носиржон терезе пардасын ачып, айнектен короого көз жүгүрттү.

Тумагынын кулакчынын жаак ылдый түшүргөн эңгезердей эки жигит бири-бирине "сен ары жакты кара, мен бул жакты байкайын" дегендей кол жаңсашты. Шыңга бойлуусу тепкич менен эшикке жакын келип, ичинен илинген каалганы булка тартты. Босогодон аттаган бейтааныш киши Носиржонды көк желкеден аткый кармады да, жылаңаяк бойдон дегеңдете сыртка сүйрөдү.

- Эй, б-бурадар, бу сен кимсиң? Бул эмне кылганың?

Аттиштей кыпчыган колдун кучтүүлүгүнөн мойну ооруксуган Носиржон боюн түздөгөнгө шаасы жетпей, араң

үн катты. Аны эшигин экинчи шериги ача койгон машинанын ичине түртүп киргизишти.

- Э каякка?..Кайда алып барасыз?... Жок дегенде жылуураак кийинип алайын, коё туруң, - ал булкунумуш этти.

Оң жагында олтурган шыңгай бойлуу неме жооп ордуна аны кулак түпкө сокту. Чулу темирдей муштум тийгенде Носиржондын көзүнөн от чагылып, башы кеңгиреди. Айыл аралап, чоң жолго барып кошулчу көчөдөн кишилер көрүнсө, кыйкырып-бакырып, кол булгалап, жардамга чакырайын десе, таңкы үрөң-баранда жолдон бир инсан учурабады. Ичи караңгылатылган чакан үйдөй чоң машина жүрүп олтуруп, дарыя боюна келип токтоду. Носиржонды жээктен ылдый сүйрөп түшүрүштү. Дарыянын бетине муз тоңуп, муздун алдында шылдырттап суу агып жаткандай. Өрөөндүн ичи менен өйдө-ылдый күүлдөп аткан муздак шамал Носиржондын ичи-койнуна толуп чыккансыды. Ал жардан ылдый түшкөн суунун боюнда кара шапке кийген жапалдаш бойлуу, үстүндө өтүгү менен шымынан бөлөк кийими жок, арык кишинин ары-бери басып жүргөнүн көрдү да, аны кимгедир окшоштурду. “Ой-ээ, киндигинен өйдө жылаңач турса да, үшүбөгөнүн кара.” Деген менен бирок, эстей албады. Ал “бери баскыла” дегендей ым таштаганда тиги экөө суукка титирей баштаган Носиржонды дарыя боюна жетелешти. Кара шапкечен маңдайы жарык, жылдыздуу адамдай туюлду. Көздөрү күлүңдөйт.

- Насиржан деген сен белең?.. Таппай калат деп, токойго кире качкан экенсиң да, ээ! Дайныңды жоготуп, качып жүрүп, корголоогон ийиниң ушул жер тура! – деди ал Носиржондын төбөсүнөн ылдый сыдыра карап.

Носиржон кара шапкеченге шериктеринин оройлугуна даттанмак болгон. Сүрдүү көз караштан жалтанып, ооз ача албады.

Кара шапкечен аны желкеден аткый кармады да:

- Жердин түбүнөн болсо да, чачыңдан кармап, сууруп чыгам, сени...Эшектигиң тутуп, айкыра баштаган экенсиң...

Анын көз карашынан тайсалдаган качкын тигилердин оңой адам эместигин сезди. Суроо-сопкутсуз эле жылуу түнөгүнөн жулуп чыккан себебин сурамак болду. Бирок, тили күрмөөгө келбей, шилекейин жутту.

- Телефондон "тим жүргүн" деп эскерткем, укkансың ээ?.. Ага карабай, үргөнгө өттүң...

Муз үстүндө эки колун колтугуна сала бужүрөгөн Носиржон калчылдап, какшаган таманын ысытмакка бири-бирине ургулайт. Өзүнөн кичүү өңдөнгөн кара шапкеге карап жалдырады:

- Сизге эмне кылдым, аке?... Мага тийбеңиз, канча доллар десеңиз берейин!

- Ал акчаңды өзүңдөй чайкоочу, кайырчы болуп байыган тууғандарыңа кармат! – Кара шапке шымынын чөнтөгүнөн алып чыккан тамекисин тутантты. Носиржон ого бетер үшүдү, кулак-мурунy тоңгондой болду.

- Анан эмне кылайын, жан аке?...

Кара шапке ага жооп кайырбай, артта турган жигиттердин бирине "ишке кириш" дегендей ымдады.

Олбурлуу жигит Носиржондын бут алдындагы музду калың өтүгү менен карс тепти. Муз жарылып, Носиржон балтырына дейре шырылдаң сууга бата түштү. Муздак суу бүт денесин какшатканда аны турган ордунда калтырак басты. Күбүрдөн аттап, чыкмак болду эле бет маңдайындагы шыңга бой көөдөнүнө түртүп, кайра сууга түшүрдү.

- Өзүңдөн көр, эй эшек!- деди кара шапке тамекисин оозу-мурдунан буруldата үйлөп. – Эмнеге минткенибизди түшүн, бизге каршысың!.. Анан сүйлөсө "... ой базарыбыз, мазарыбыз, тилибиз бир. Түрк атанын балдарыбыз" - деп ооз көптүрүп, сары чайыңды көтөрө чуркайсың. Тилибиз бир болсо,

атаңдын чокусуна тил талашасыңбы, элди бузуп? Бизди көрө албаган сендей эшектерди атып салсам, ички жоодон бирөө азаят... – Ал кар үстүнө коюлган олтургучтан өйдө турду. Кол кабын чечип, Носиржондын шилисинен мыкчый кармап, жамбашка тепти. Качкын суугa көмкөрөсүнөн түштү. Носиржон суудан башын көтөрмөк болгондо кара шапке көк желкесинен ылдый ныгырып, башын суугa кайра малды:

- Көпсөң, ушуну көрөсүң! Кайсы жерде, кандай элде жашап атканыңды билип кой! "Өзүмчө мамлекет тигем!" – деп, дагы жулунат экенсиң, жакшылык күтпө! Уктуңбу? – Бу жолу кара шапкенин үнү жанагыдан айбаттуу угулду. - Эми эстедиңби май айында эмне кылганыңды!.. "Силерге үй түгүл чобурумду да карматпайм" деп, биздин энелерди сөккөнүңдү! Ошонуңдун кайрымжысы ушул!.. Сага тапшырма, зергер дүкөнүңдү, алтын-күмүшүңдүн бир чекесин да коротпой, мамлекетке төгөсүң!Биздин эгемендикке тийишкениң үчүн! Түшүндүңбү?

Муздак суугa чыланып, кубарган бети-башы көгөргөн Носиржон сүйлөөгө эби келбей, бужүрөдү. Самолет сатып алганга чоттогон пулу эсине түштү. Аны эч кимге карматкысы жок. Ал кийин баштаар өз оюо ойрондолуп, түрмөгө түшөөр тагдырга байланса, учагы менен катын бала-чакасын алып, куйругун түйүп, Арабистанга, же Дубайга качып кетүүнү болжоп жүргөн. Демек, бул максаты да билинип калган белем?

Кара шапке желкеден ныгыра кармап, башын шырылдаң суугa кайра тыгаарда ага үн бүттү. Тигини тизесинен кучактап, жалынды:

- Коюңуз, жан аке, ага тийбеңиз! Андан көрө катынымды ал!..

- Ох айбан! "Катынын бирөөгө салып бергенден да тайбайт" дешти эле, чын экен да көрсө! Абийирсиз...- Кара шапке аны өзүнөн оолактатып, башын суугa ыгаарда Носиржон эчкире ыйлап жиберди:

- Мейли, мейли!.. Бардыгын алыңыз... жанымды тим коюңуз, жан аке!

- Экинчи баш көтөрбөйсүң!.. Сага үч айлык мөөнөт. Жазда кайра келебиз. Кеттик, жигиттер! – Кара шапке таш үстүндө турган көйнөгүн кийди. Муштуму менен көкүрөккө урганда Носиржон сууга кайра кулады. Тигилер жол боюна чыкканда гана ал күбүрдөн суурулуп чыкты да, үңүлдөп ыйлады. Арбайган сөлөкөттү жолдон өтүп бараткан атчан таап алды. Суусар тебетейчен чабандес үстүндөгү тери тонду чечти да, суу болгон ак ала ыштаны тоңуп, безгек тийгенсип, жаактары шакылдап отурган Носиржондун үстүнө жапты. Атына учкаштырып, үйүнө жеткирди. Жылуу тамак ичирип, кийимин котортту. Сулк жаткан Носиржон тулку-бою жылыганда чукуранып, бир капталына оодарылды. Үй ээси анын ыраң-бешенесинен тирүүлүктүн жышааны байкалып, чекеси тердеп, көзүн ачканда дарегин сурады. Носиржондун калың токойдо карагайдан курулган үйү бар экенин билип, уулуна машинасы менен муну жеткирип коюуну буйруду.

Носиржон арадан далай жыл өткөн соң, кара шапкечендин сүрөтүн гезиттен көрүп таанылды. Аты Рыспек экенин ошондо билди. Гезит жазгандай ал зөөкүрлөрдүн огунан жан бериптир. Муну окуган Носиржон энеси үч эм төрөгөндөй сүйүндү. Жүрөгүн түшүргөн адам эми бу ааламда жок. Корко турган жан алгыч калбады. Демек, чейрек кылымдан бери жанына тынчык бербеген ич буроосун ишке ашырса, жарачудай.

# 8-БӨЛҮМ

Убакыт дөңгөлөктөй чимирилип, 2010-жылдын апрель айы баш бакты. Сакадай бир капсалаң болчудан бетер жетинчи апрелде таң ата Кербенге жетти. Аксынын тоолуу айыл-кыштактарына бурулчу көчөгө унаалардан түшкөн топ адамдардын карааны күн жүрүш тарапка жылып келатты. Алар "Алтын казык" кино-театрына жакындаганда каптал көчөлөрдөн да кишилер кошулуп, караан жанагыдан кыйла көбөйдү. Колдоруна көтөргөн кызыл-тазыл тасмалар жеңил соккон шамалга желбирейт. Жөө жүрүштү район акими Талант менен мекеме-уюмдардын башчылары жана тартип сакчылар торой чыкты.

Бишкектеги Элдик курултайды уюштуруу бирикмесинин чабарманы Топчубек Аксыга жөнөтүлгөн. Ал өлкөдө Акаевден калган үй-бүлөлүк башкаруу урабай эле андан кийинки ажонун тушунда кайра тамырлаганына кейиди. Президенттин өз уулуна мыйзамда жок кызмат ачканын макул таппады. Топчуке аким менен милиция башчысын жөө жүрүшчүлөрдүн сабына кошулууга үндөдү. Ага көнбөсө, кызматын тапшыруу тууралуу өлкө башчысына арыз жазуусун сунуш этти.

Кара-Суулук Кадыркул кедейлик күчөп, иштеерге иш жок, саясий куугунтук токтобогонуна ызаланды.

- Талант - деди ал акимге, - эгер элдин таламын талашам десең, кымбатчылыктан улам калктын жонунан кайыш тилингенин өйдө жактагыларга эмне айтпайсың? Биз электр энергиясынын баасы бир жарым сомго чыкканына, чөнтөк телефондун кымбаттаганына чыдабайбыз. Ошол маселени эмне үчүн 17-марттан ушу күнгө чейин Бишкекте болгон Ынтымак курултайына койдурбастан ажону мактатып, ырдаттың, бул бир. Элге күйсөң, биз менен жүр...

Талант көз айнегин жүзаарчысы менен тазалап алды да, аны кайра тагынган соң, акимдиктин тизгини колуна тийген-

ден бери Аксыда бүтүргөн жумуштарын манжалары менен санады. Жер-суу бөлгөн бет маңдайдагы адамдардан өзүн өйдө көрөөрүн айтып, компойду. Ал район төбөлдүк кызматынан бошотуу жөнүндө президентке суранууу сунушуна көнгөн жок. Акимдиктин ээринен жылбышпай турганын жана көчөдөгү бийлик кумарпоздоруна эмес, Аксы калкы менен ажого баш ийеерин кепке кошту. Кызматтан алууну жөө жүрүшчүлөр эмес, өлкө башчы чечээрин кошумчалады:
- Аксыда үч жүз эмес, жүз жыйырма миң калк жашайт. Муну билип койгула. Башка адамдардын оюу силердикиндей эмес, бул жагын да эсепке алгыла. Бери жагы эле райондо байырлаган 700 миң киши "давай кызматтан кет" десе, мен турбайм. Мен да жарым-жартылай, өбөк-жөлөксүз жигит эмесмин... Биринчиден, мени кызматтан кетирренге акыңар жок. Анткени акимдикке президент койгон. Муну уккан жөө жүрүшчүлөр баштарын үйүп, өздөрүнчө бир аз акылдашты да, кайра козголду. Жолун торогон милиция менен акимдин жака-белиндеги жергиликтүү чоңдорду жөөлөп өтүп, кире беришинде өлкө Туусу желбиреген райадминистрациянын кеңсесин көздөй бет алды. Алар имаратты ээлөө максатынан тайган жок. Көк-жашыл кийимчен милиционерлер Топчубек баштаган топту кыйлага дейре имаратка жакындатпай, улам тосуп, асманга кур дүрмөт атылып, жолго көздөн жаш агызчу газдуу чөйчөк томолонду. Бирок, ал чөйчөк жарылбай, бышылдап түтүн чыгарганы менен четтеги бакка урунуп, токтоду.

Тоскоолдуктардан майнап чыкпай, топтолгон жөөлөр түш оогондо акимдин кеңсесине жүткүндү. Дуу кирип барып, экинчи кабаттын кош канат терезелерин ачып, андан Тууну бийик көтөрүп, экиленте булгалашты. Чогулгандар дароо жыйын куруп, Аксынын акимдигине Кадыркулду шайлап ийишти. Ал мурда өзү киндик каны тамган Кара-Суу айыл өкмөтүн

бийлеген. Райондук ички иштер бөлүмүнүн ачендигине Сартпайды дайындап коюшту. Сартпай бир жагы Аксы окуясында жабыр тарткандардын жактоочусу, экинчи тарабы адам укугун коргоо жагдайында азуулуу жигит.

Сакадай Кербендеги кырдаалды кабарлаганы улам Бишкектеги кеңсеге телефон чалат. Кеңседегилер тыңшоочту алышат да, үн чыгарбай, ордуна кайра коюшат. Арга түгөгөндө кеңсе деректири Кубаттын телефон номерин терди. Кубат алда-неге санааркап жатканбы: "Коё туруңузчу, байке! Быякта..."- деп кебин бүтүрбөй, телефонун өчүрдү. Сакадай эмне кылаарын билбей, чайналды.

Иштин жайын Аксыдан түн жарымда үйүнө кайтканда телевизордон көрүп, төбө чачы тик турду. А көрсө, Ак Үйдүн айлана-тегереги кыйсыпыр түшүп, өрттөнүп, ок атылып, жазыксыз кишилер окко учуп, түшкө кирбес алаамат болгон тура. Бишкектен чалган тааныш-тунуш адамдардан ар башка сааттарда "... он төрт.... жыйырма.... отуз... кырк адам окко учту" – дегенин угуп, күндүзү аларды жемелеген: " Оозуңа таш, андай алааматты дөөдүрөбө" – деп. Кан басымды ашырып, нечен жанды кайгыга чулгаган имиштерге түк ишенген эмес.

Телевизорду жандырса, башынан ылдый киндигине дейре дырдай жылаңач киши Ак үйдүн маңдайындагы кумдуу каптар менен тосулган тосмону көздөй ак көйнөгүн булгалап атат. Тосмого жашынып, башын анда санда көтөрө койгон темир каскачан адамдарды көрдү. Ак Үйдүн терезелеринен кара түтүн асманга уюлгуйт. Ар кайсы жерде өрттүн калдыктары, быкшыган түтүн, жерге адам каны төгүлгөн. Бутуна ок тийген жарадарды далдаага көтөрө качкан адамдар, жоон даракка калкаланып алып, Ак үйдү мээлеген киши, жетинчи кабаттын үстүндө ары-бери баскан жоокер кийимчендер, калкандары менен төбөсүн тосуп, качып бараткан спецназчылар көзгө урунду. Аларды кызыл туулуу БТРдин үстүндө бараткандар кууп жүрөт.

Бишкекте кандуу булоон болгонуна, кундузү борбордон ага телефон чалган адамдар туура айтканына ошондо ынанды.

Сакадайдын эсине Жалал-Абад түштү: "Деги тынч бекен? Жайкын турмуш дооран сүрүп турган шекилдүү. Кокустук чыкса, мени издешип, телефонго чалып, кабарлашат эле да." Акыбалды билгенче миң сан кыялга батып, тыбырчылады. Обулус байтагы олку –солкудан алыс, тынч экенин Медерден укту. Ал кечке жуук шаарда мэрдин укуругун колуна алып, кызматка киришиптир. 2005-жылы да Медер областтын борборунда мэрдин креслосун ээлеп, эки аптадай иштеген. Кийин ал кызматты өз ыктыяры менен тапшырып ийген. Асан болсо, санаалаштары менен барып, түнкү үч жарымда губурнатырлыкты Кошбайдан өткөрүп алат. Базар-Коргон районунун акимдик милдети Асылбек Текебаевге тийгендигин анын өзүнө түнкү саат бир жарымда чалып укту. Камоодо калган мурдакы акимди спецназдын жигиттери терезе аркылуу кирип, бошотуптур. Ноокенде администрация башчы өз ыктыяры менен кеңсени бошотуп, анын ордуна Советали шайланыптыр.

Сакадай Курманбектин "Манас" аба бекетинен түндө белгисиз жакка учуп чыкканын радиодон укту. Кайда барышы мүмкүн? "Балким, Жалал-Абад жакка учуп келеер" - деп күтүп, ажону кызматтагылар менен анын туугандарынан сураштырды. Ажонун үч-төрт күндөй ың-жыңы чыкпады. 11-апрелде тааныш бирөө "президент Тейит айылына келип түштү"- деп, телефон чалды.

"Азаттык" жолдон унаа жалдап, түз эле ажонун ага-инилери байырлаган Тейит кыштагына бет алды.

Жыгач дарбазасынын жарымы ачык чоң короодо аял-эркектин көптүгүнөн баш адашат. Жаш-карысы, аскер кийимчендер да толтура. Мамлекеттик күзөтчүлөр да ортого тигилген боз үйдүн айланасында ары-бери басып, көз салууда. Бат эле генерал-лейтенант жылдыздуу жашыл – ала –була күр-

мөчөн, жылаңбаш, көз айнекчен Жанышты таап алды. Андан "суроолоруma жооп алайын"- деп, ажого кийирүүнү суранды. Чамасы, катуураак бакылдаган окшойт, Жаныш "акырын" дегендей сөөмөйүн эриндерине такады да, "чш-ш" деп койду. Сакадай бөлөк адамдардын үнүн бийик чыгарбай, угулаар-угулмаксан күбүрөп-шыбырашкандарын ошондо баамдады.

Күзөт башчы "он-он беш мүнөт күтө туруңуз, мен президенттен уруксат алып чыгайын. Макул көрсө, сизге баш ийкейм. Боз үйдөн мен чыккандан кийин анан сиз киресиз, байке" – деди жай түрдө. Жаныш ичкери кирип чыкты да, "сизге жол ачык" дегендей көз ымдады.

Сакадай боз үйдүн босогосун аттап, кирүүгө уруксат сурады да, төрдөгү орундугунан өйдө турган ажо менен кол алышты. Анан ага суроо узатууга өттү. Ошондогу, 2010-жылдын 11-апрелинде жазылып, ошо күнү түш ченде жана кечки уктурууларда радиодон уктурулуп, анын эртеси, 12-апрелде "Азаттыктын" интернет барагында жарык көргөн интервью төмөндөгүдөй болчу.

**"К. Бакиев: Кан төгүүгө мен күнөөлүү эмесмин"**

"Президент Курманбек Бакиев бүгүн Жалал-Абадда жүргөн БУУнун атайын өкүлү Ян Кубиш менен жолугушуп, Кыргызстанга БУУнун тынчтык күчтөрүн киргизүүнү жана эл аралык комиссия түзүп, 6-7-апрелдеги окуяга баа берүүсүн өтүндү. Тейит айылында ал жактоочулардын алдында чыгып сүйлөп, Бишкектеги төгүлгөн канга күнөөлүү эместигин айтты. "Азаттыктын" Жалал-Абаддагы кабарчысы Сакадайдын суроолоруна жооп узаткан К.Бакиев Убактылуу өкмөттүн мүчөлөрү менен сүйлөшүүгө даяр экендигин да жокко чыгарбады.

"Азаттык": - Кыргызстандагы соңку акыбалга, жетинчи апрелде Бишкекте тутанган толкундоого, өткөн окуяларга сиз кандай баа бересиз? Тынчтыкты сүйгөндөр "президент Курманбек Бакиев алтынчы апрелде баш ала-

мандык өр алган Таласка барып, жаңжал чыгаргандар менен сүйлөшкөндө, балким көтөрүлүш ошондо эле басылып калаар беле?" деген жоромолдорун айтышууда. "Жетинчи апрелде Ак Үй алдында болгон кагылышка ажонун түздөн-түз тиешеси бар" деген көз карашка кандай жооп айтасыз?

Курманбек Бакиев: - Биринчи кезекте айта турган сөз, Кыргызстанда абал бүгүн өтө татаал. Жанакы сурооңо жооп берейин. Таласка эмне үчүн мен барган жокмун? Ал жакта "мындай болот" деп эч ким күткөн эмес. Таласта, Нарында, Кыргызстанда жалпы эле биз күткөн эмеспиз мындай болоорун. Кан төгүлгөн кайгылуу бул окуяда укук коргоо органдары жагынан да, менде да мындай маалымат болгон эмес. "Бийликти күч менен, курал менен алабыз, ага даярдык жүрүп атат" - деген маалымат жок болчу. Эми биз митингдерге акыркы жылдары көнүп калганбыз. Ошондуктан "талаптарын айтсын, угабыз" - деген ой менен Таластын губернатору ага уруксат берген. Ага кирип, аны барымтага алып, эмне кылат? Анысы аз келгенсип керосин, бензин бөтөлкөлөр менен администрациянын ичин толтуруп, барган милициялар "тартипти сактагыла" десе аларды сабап, жетимиштен ашык милиция жараат алып, Таласка барган врачтар токмоктолуп... Врачтарда эмне күнөө бар, губернатордун күнөөсү эмнеде? Бийлик Таласта биринчиден, эч бир туура эмес иш кылган жок. "Жарадар болуп жаткан милицияларга жардам берели" десе, облисттык администрацияны басып алган балдар бир жарым саат камап турду, жардам бергизбей. Согушта да эгерде душманың жарадар болсо, жардам бергенге тоскоолдук кылбайт. Кандай адамдар мындай зөөкүрдүккө барды? Мына биринчи суроо. Ошондуктан алтысында болгон окуяга ички иштер министри Молдомуса Конгантиевди жөнөттүк. "-Барып көрчү айланайын, эмне себептен мындай болду?"- деп. Себеп дегенде буга негиз жок эле. Таласка барган ички иштер министр эмне тагдырга

туш болду? Бети-башын жарышып... Конгантиев Молдомуса акыркы жылдары министрлик кызматта канчалаган жакшы иштерди бүтүрдү. Мен аны кубаттадым, өкмөттүн мүчөлөрүн толугу менен колдочумун. Бирок, айрыкча укук коргоо органдарын, ички иштер кызматкерлерин колдоп, булардын эмгек акыларын, пенсияларын көбөйтүп, иши кылып, аларды бардык жактан колдоп келгем. Мына, материалдык базасы оңолду. Конгантиев Молдомусанын өзү да министр катары Кыргызстанда барбаган айылы калган жок ко! "Көк бөрүчүлөрдү" уюштуруп, кыргыздын илгертен калган улуттук оюндарын бийик деңгээлге чыгарды, эмне жаман иш кылды? Буларга кандай жамандык кылды, аны чала жан кылып сабагыдай? Бул кандай зөөкүрдүк? Митинг деген ушундай болчу беле, бул бир.

Экинчиси, Ак үй боюнча. Туура, мен кадимки күндөрдөй эле эрте менен Ак үйгө ишке келгем. Анан биз уруксат бергенбиз, Атамбаевдин офисинин астында митинг болгонго. Эми митинг-митинг... Укук коргоо органдары барды, "тополоң кылбагыла, жолдорду тоспогула" - деп.

Эмне кылышты алар? Милицияны сабап, тигил курсант балдарды качырып, барган спецназдын куралын тартып алып, аларды да сабап, жолдо келе жатып курал саткан дүкөндү талкалап, андан куралдарды алып Ак үйгө келишти. Ак үйгө келгенде митинг дегенде арасында аялдар болот, ак сакалдар болушу мүмкүн, кандайдыр бир лозунг жазылат, талаптар айтылат да. Буларда эч нерсе жок, колунда курал, анан аябай кызуу даярданган балдар... Эми мен бир нерсени айткым келет, бул жерде жалаң эле жанагы арактын күчү менен эмес, бул жерде бул балдарга башка дагы бирдеме берилген. Балдардын ушунчалык мээсин айлантып, эмне кылганын экспертиза жасап өткөрүш керек. Себеп дегенде ошол жерге келип кыйкырган балдар, мындай бир ден-соолугу жакшы, акыл - эси ордунда балдар минтип кыйкырбайт, минтип өзүн алып жүрбөйт.

Ошол балдарга кандай дары берген? Эмне заттарды берген? Эмне кылганын, муну али такташ керек. Андан кийин мурдагы күнү мага маалымат келди, кече дагы тактадым. "Илбирсти" билесиңер, ошол жерден митинг уюштургандардын өздөрүн атты, артынан атты. Биринчи, мына кыргыз элинин астында айтып койоюн, биринчи каза болгон балдарды өздөрү атышты. Эптеп кан төгүп, кызытыш керек эле. Ак үйдү, президентти коргогон укук коргоо органдары мыйзамдын негизинде эгерде президентке кол салса, алар эч кандай буйрук күтпөй эле жооп берет. Куралга курал менен жооп берет, бул мыйзам чегиндеги иш. Дагы бир нерсени айтып койоюн, менин кабинетиме снайпер эки ок атты. Кудайга шүгүр, кудайга ыраазымын, кудай сактаптыр мени... Эгерде эки октун... ишенбегендер барып көрсүн, снайпер аткан. Жөнөкөй эле автоматтын татыратып атканы эмес...Анан ушинтип чабуул кылып атса, жанакы Ак үйдү коргогондор жаш актыруучу газ, резинадан жасалган немелер менен бир топ эле митингге келгендерди кичине артына кайтарышка аракет кылды. Бирок, жанакы өлгөн балдарды көргөндөн кийин булар асманга атып атты. Эч качан биздин укук коргоонун балдары түздөн - түз элге аткан жок. Мен азыр угуп атам, маалымат бир жактуу кетип атпайбы, "бирден терип атыптыр"- деп. Бул болбогон нерсе, кантип эле Ак үйдүн ичинде турган снайперлер ошолорду бирден терип атсын? Алар бүт, биринчи окторду асманга аткан, жерге аткан... Андан кийин булар жанакы БТРди ээлеп алып, пулемет менен ата баштады.

"Азаттык": - Ок атууга ким буйрук берди?
Курманбек Бакиев: - Андай буйрук бергенге, менде биринчиден эч кандай кажети жок болчу. Экинчиден, мен бул ишке президент катары, конституциянын гаранты катары... Мен өзүм кабинетимде отуруп, ишимди жүргүзүп, көрүп аттым. Чыгып алып, кана аткыла, момундай кылгыла дегенге ошол

жерде тургандар баары айтсын, эгерде Бакиев ушундай команда берген болсо... Укук коргоо органдарынын жетекчилери болду, өкмөт мүчөлөрү жүрдү ошол Ак үйдө. Мен азыр угуп атам, Молдомуса Конгантиевди аябай кыйнашыптыр, "айт, көрсөтмө бер! Бакиев мага аткын деген команда берди деп айткын" дегендей. Ыраазымын мен ошондой Молдомуса Конгантиевге окшош жигиттерибизге, генералдарыбызга. Мен билем, бул жигиттер эч качан жалган сүйлөбөйт.

"Азаттык": - Эми мындан аркы иш - аракетиңиз кандай болот? Көпчүлүк айткандай мурда эле, арызын жазып президенттик кызматтан кетсе, калайман болбос эле, убактылуу өкмөт менен сүйлөшсө болот эле деген пикирлер бар...

Курманбек Бакиев: - Биринчиден, кызматтан кеткенге макул эмесмин. Мени жалпы Кыргызстандын элинин жетимиш жети пайыздан ашыгы экинчи мөөнөткө шайлаган. Президентти шайлаганга тогуз ай эми болуп атат. Экинчи себеп, жетинчи апрелге эки жума калганда Бишкекте Ынтымак курултайы болгон. Бул ынтымак курултайында бүт Кыргызстандын аймактарынан чиновниктер эмес, карапайым эл келген. Эки күн сүйлөштүк, бардык маселе боюнча. Курултайдын жыйынтыгы боюнча алар: "Биз президентти, анын саясатын, жаңылануу боюнча багытын колдойбуз" - деп чечим кабыл алышты. Эки жуманын ичинде эле элдин мүнөзү бир жүз сексен пайызга өзгөрүп кетеби?.. Ошондуктан мен эмне үчүн, бул курал менен кан төгүп келген бандиттердин астына башымды ийип, бүт Кыргызстандын элинин ой-пикири менен эсептешпей, кетип калышым керек?.. Мен президенттик тактыны кармап отурган киши эмесмин. Мен өткөндө айткам, мына экинчи мөөнөткө шайладыңар, буюрса мөөнөтүм бүткөндө тапшырып кетем - деп. Мен эч качан кызмат үчүн жабышып эле жалдырап отурбайм. Кыскача айтканда мындай кызматтын кулу эмесмин. Бирок, мамлекеттин башчысымын, президент-

мин. Анан эле он-он беш киши төңкөрүштү уюштуруп, кан төгүп... Кетсем, мен анда өзүмдү күнөөлүү сезишим керек, мен өзүмдү күнөөлүү сезбейм. Ошол кан төгүлүп, канча бала, милиция кызматкерлери каза болду, укук коргоо органдарынын балдары жарадар болду. Буларды эмне үчүн эч ким айтпайт? Менин күнөөм, буларды алдын ала билбегенимде. Укук коргоо органдарында, коопсуздук комитетте мындай маалымат болгон эмес да. Мына, менин күнөөм ушунда. Эгерде мага: "Ушундай мамлекеттик төңкөрүш болот. Курал менен, кан аркылуу бийликке келебиз деген даярдык болуп атат, урматтуу президент!," -деген маалымат түшкөндө, биз башкача чара көрөт элек. Анда биз жок дегенде башка мамлекеттердин күчтөрүн чакырып, тынчтыкты сактап калганга аракет жасаар элек.

Бирок, менде мындай маалымат болгон жок, биздин берки укук коргоо органдарында да мындай маалымат болгон эмес. Мына, менин күнөөм ушунда. Эч кандай негиз жок азыркы абалда, ушинтип мынакей мен кеттим, эми биягын өзүңөр бүтүрө бергиле -дегенге. Азыркы убактылуу өкмөт, булар жасап жаткан иштердин бардыгы мыйзамсыз. Булар азыр мыйзам чегине кириш керек. Конституциябыз бар, парламент, президент бар. Ошондуктан эгер булар сүйлөшкүсү келсе, сүйлөшөлү, ушул абалдан кантип чыгабыз? Тигил жакта отуруп алып эле бир жаат болуп, төгүлгөн кандын баарын президенттин моюнуна илип коюш - бул чоң, туура эмес иш. Беш жылда жасалган иштерди элдин баары билет. 2005-жылдын 24-мартында бийликке келдик, биринчи июнда да Ак үйдү басканга аракет кылды. Ошондон бери 2007-жылдын апрелине чейин митингдер токтогон жок ко! Улам эле митинг, улам эле митинг... Анан көрдү, көзү жетти. Беш жылда Бакиев өзүнүн командасы менен экономиканы көтөрдү, тышкы саясатта Кыргызстандын аброюн бийик даражага жеткирди. Алар саясаттан утулду, экономикадан утулду, эмне кылыш керек? Бир

гана жолу калган - кан төгүш керек. Кан төгүп, президентти кетирсе болот, Абсамат Масалиевди кандай кетирген болсо, булар мына ошол жолго түштү. "Азаттык": - Демек ушул окуяларды "бир эле оппозиция уюштурду" деп эсептейсизби, же башка таасирлер дагы барбы?

Курманбек Бакиев: - Жалгыз оппозициянын колунан келбейт эле, бул жерде тышкы күчтөр да бар. "Азаттык": -Тышкы күчтөр дегенде кимдерди түшүнсөк болот?

Курманбек Бакиев: -Эми мен оппозиционерлерге окшоп мындай, анча - мынча ушактын негизинде айта бербейм. Мен мамлекет башчысымын. Ошондуктан тактамайынча айта албайм, бирок тышкы күчтөр бар. "Азаттык": - Эми сиз тараптан убактылуу өкмөт менен сүйлөшүүгө демилге болобу, же алар тараптанбы? Курманбек Бакиев: - Мен президентмин, менин президенттик полномочиемди алган жок жана ала албайт. Дагы бир жолу кайталайын, өкмөт отставкага кетти, бирок парламент турат. Булар өздөрүн убактылуу өкмөт деп атап алышты, убактылуу өкмөт чыксын, сүйлөшөлүк.

"Азаттык": - Сиздин оюңузча, учурдагы кырдаалды кантип тынчтык жол менен чечсе болот? Курманбек Бакиев: - Мен азыр ушул Жалал-Абадда, Ошто жүргөндөгү бир гана максат - түштүктү аман сактап калалы. Түштүктө от чыгып кетпесин, мен азыр көрүп атам, бир топ балдар курал менен жүрөт, криминал жанданып калды. Ошондуктан эл менен жолукканда айтып атам, азыр сабырдуулук кылып, эң негизгиси элди түндүк-түштүк кылып бөлбөй, ушул максатта сактап калалы деп атам. Менин максатым - бул жакта элди ынтымакта, биримдикте сактап калуу. "Азаттык": - Бизге түшкөн кабарларга караганда Курманбек Бакиевди беш жүздөй куралдуу аскер коргоп турабы? Курманбек Бакиев: - Аскер деп айтпайын, ички иштер министрин кетиришти. Бирок, укук коргоо

жагында иштегендердин көпчүлүгү азыр биз жакта. Аскердин кызматкерлери биринчи жетекчилерин алмаштырды, офицерлер, башка көпчүлүгү мен тарап. Мен президент катары биздин ички иштер кызматкерлерине, коопсуздук комитетинде, аскер кызматында иштегендерге кайрылам: эч качан, эч кандай жол бербегиле, дагы бир от чыгып кеткенге. Биринчиден, башчыңар өз ордунда. Жалал-Абадда президенттик милдетимди ушул жерден мен аткара берем. Керек болсо, Ошко барам, резиденциямды Ошко көчүрөм. Мамлекетибизди сактап калалык, азыр негизги максат ушул. Азыр, убактылуу өкмөттүн мыйзамсыз буйруктарын аткарып, күч колдоно турган болсо, анда биз мамлекеттен, элибизден айрылабыз. "Кыргызстанды бөлүп алам" деген чоң мамлекеттер турат. Азыр "кандай болор экен?", - деп карап турат. Эгер ошону каалабасак, анда буга жол бербешибиз керек. Анда кыргыздын мамлекети да жок болуп, кудай деп туш-тарапка таркап кетебиз".

Эл башы Сакадайдын камдаган суроолору толук бүтө электе ордунан тура калып, үндөбөй ары басты. Ал түшкө киргис тагдырга кантип туш болгонун салмактаган өңдөнөт. Катуу кейип алды да, түнжураган ойго чөмүлдү.

Сакадай ажону кайра кантип сөзгө тартуунун амалын издеди. Күн батыш жакты тиктеп, ага далысын салган калыбын бузбай, сар-санаага баткан эл башы эми кепке келбешин сезди. Антпесе, Ажонун аксап басканын, уулу Максимди кызматка аралаштырганын, электр жарыгы менен зымсыз телефон акыларын кымбаттаткан жөнүн сурамакчы болуп турган. Анткени, ага каршылар дал ушул жүйөөлөрдү далил иретинде бетке кармашчу.

Сакадай төбөсүндө кызыл Туу желбиреген, ичи кенен боз үйдөн тышка чыгып, короого толуп-ташкан адамдардын кээ бирөөлөрү менен бир-бир жарым сааттай кобурашты. Саат он жарымдарда телеканалдардын кабарчылары менен

видеокамераларын көтөргөн операторлордун карааны көрүндү. Бактын көлөкөсүндө кара көз айнек тагынган аскерлер. Жыланбаш, жаан өтпөс күрмөсү сыдырылбай, көкүрөгү ачык жүргөн ажо боз үйдөн чыгып, жазмакерлер ооз ача электе калабанын оргуп чыккан себебин жоромолдоп атты:

- "Төңкөрүш эмнеден улам чыкты?" - дээрсиздер. А мен кайсы ишимден жаңылдым?!! – деп сурады ал, калемгерлерден. - Мамлекеттин байманасы азын-оолак болсо да, аша баштады. Балдар бакчасы, мектеп, окуу жай, ишканалар...курулуш тургузулуп атат. Айлык менен пенсия эки эсе көбөйүп, тышкы карыз азайды... Эми Нарын дарыясына жаңы ГЭСтерди курсак... Дагы эмнеден жаза бастым?... Жатындаш инимди күзөт башчылыгына койгом. Өзүңө берилген ишеничтүү адамың арка-бел болуп, жанында ийиндеш жүргөнү оң... Бул күнөө эмес... Чоң уулум кенедейинен табышкер чыкты. Чыпалактайынан чылым сатып, өз киндигин өзү кести, кийим-кечесине, тамак-ашы менен окуусуна акча сурабай, бизнеске түштү. Аны өзү ойлоп тапкан жаңы кызматка отургуздум. Өлкөмө тыштан ченемсиз байлык-дүнүйө топтоп келеер долбоорлорду иштеп чыккан балама каршы турушту. Ушулбу кемчилик?... Жо-ок, бул кем акылдык эмес... Ак үйдүн алдында канчалаган адам бөөдө жайрады... Ии таптым, таптым. Бу көтөрүлүштү атайын кылышты. Каршыларым караса, итим чөп жеп, ишим жакшы жүрүп жатат да, ажолук тактыдан түшүрүүгө кан төгүүдөн бөлөк ыкманы таппай калышты. Бийликти алуу максаты менен кандуу жолго салышты. Ичкенде акылдан адашып, окко карабай, Ак үйгө жулуна берчү бош балдарды айдакташты... Анын баарын эми мага төңкөп жатышат.

Сакадай бая келген бөлөк калемгерлерден озунуп, ажонун жообун обого мурун чыгаруу ниети менен Жалал-Абадга жол тартты. Бакиевдин жообун Бишкек кеңсесине жаздырды. Ажого тиешеси жок, көз жумган иниси менен согуштан жа-

радар болуп кайткан эки аталаш агасына караштуу Тейит айылындагы короого чогулган эл, күч менен ал жерден таратылгыча күндүр-түндүр ал кыштактан кадам үзбөдү. Кире бериш жана чыгыш жагына бекет коюлган айылдын үстүнөн тик учак эки күн бою ары-бери кайкып, учуп жүрдү. Болжолу, ал жерде үйүлгөн адамдардын бир тал чачын түшүрбөй, атайын тизмедеги, шектүү кишилерди тузакка түшүрүү үчүн короого кайсы жактан чабуул жасоонун амалын издеп, изилдеп аткандай.

Ал арада эки күн удаасы менен облус борборунда эл жыйылды. Анда бийликтен айрылган Курманбек сүйлөп атып, Сакадай боз үйдө жообун албай калган соболдун жандырмагын, ага каршы саясатчылар ичи чыкпаган уулу менен бир тууган инисинин кызматка коюлуш себебин түшүндүрүп берди.

15-апрелде чакан автобустар коштогон Курманбек Ошко барды. Бирок, кеңирсиген аянтта аны сүйлөттүрбөй коюшту. Туш –туш жактан таш жаады. Эки колу менен башын калкалаган президентти жандоочулары курчоодон аман-эсен алып чыгышты. Окуя тасмага тартылып калган. Сакадай кайсы бир телеканал көрсөткөн тасмадагы ызы-чууга абай салып, ажону калкалап качып бараткандардын артынан таш ыргыткан Кушбакты тааныды. Кушбак Ош облусунун губурнатырынын орун басары болуп иштеген. Бу киши Бишкекке жыйынга барганда аэропортто кармалган. Соту бүткүчө Жалал-Абаддын убактылуу кармоо жайында жатты.

Күндүзгү саат төрт жарымдан өткөндө калемгерден "Азаттыктын" баш кеңсеси – Прагадан сурашты:"Ошко бачым жетип, кечки саат алтыга түз байланышка чыга аласызбы?" Ал жактагы чабарман кырсыкка учурап, ооруканада дарыланып жаткан. Бөлөк маалда: "Мага ушундай тапшырма түштү. Ал жакка барсам болобу, же өзүңүз бүтүрөсүзбү?" - деп кесиптешинен үзүр сурамак. Анткени, Сакадай башка бирөөнүн жумушуна кийлигишүүнү жактырчу эмес. Азыркысы себеп-

түү. Көрсө, Кушбакка жан тарткандар Оштун обладминистрациясынын кең аянтына аны абактан чыгарууга топтолуп, керелден кечке кезерип турушат. Сакадай "үлгүрөм" деди. Учуп-күйүп машина жайнаган автобекетке жетти да, ал жерден такси жалдап, Ошту көздөй чү койду. Такси Күн Сулайман тоонун батыш тарабына ооп, шаарга көлөкө түшкөндө обладминистрациянын четине токтоду. Кечки саат алтыга жети-сегиз мүнөт калды. Кушбакты коргогондордун бир даары беш кабаттуу имараттын саясы түшкөн көк майса чөптө олтурса, башкалары тароого кам урушкандай. Алардын максат-мураатын, эмки мүдөөлөрүн сураштырды. Күүгүм ченде "Бишкек-Ош" жолунун Кара-Суу-Өзгөн бөлүгүн тороорун да билип алды. Калыстыктан тайбооучүн издеген прокурор жана милицияны, басма сөз катчыны обладминистрациянын сол капталынан тапты. Тынч акциянын чоо-жайын билип бүткүчө "Прагадан" телефон чалышты да, кырдаалды түз баяндоого үлгүрдү. Жалал-Абаддын убактылуу кармоо жайында жаткан Кушбак утуру түндөсү кимдир – бирөөлөрдүн номери менен телефон чалаар эле. Анын "мен Жанышка каршы чыкканым үчүн камалдым" дегенин эстеди.

Курманбек эртеси, 16-апрелде Тейит айлындагы ага-инилеринин короосуна жыш топтолгон элдин алдына чыкты. Бири-бирине шыкалган кишилерди аралап өтүү мүмкүн эмес. Президент менен чогулгандардын ортосун туурасынан коюлган жоондугу билектей темир түтүк тосуп турду. Ал сүйлөөр сөзүн кунт коюп угууга камданган адамдарга нече күндөн бери таркабай, ага күйөрман болгондугу үчүн ыраазылыгын айтты. Үй-жай, бала-чакалары бар экендигин, аларга мээрим чачып, эчтемеден кем-карчсыз багып-тарбиялоо үчүн жакшы иштөө жагын эске салды. Дыйкандардан талаадагы эгинин сугарууну, жумушчулардан өтүмдүү буюм-тайым иштеп чыгарууну, кызматтагылардан "Бакиев үчүн!" - деп олтуруп, үстөлүнөн айрылып калбоо үчүн ишине кайтууну өтүндү.

- Аскерлерге уруксат бердим. Мен эми башка бир жакка кетем. Алыскы өлкөлөрдүн президенттери чакырып атат. Эми үй-үйүңөргө тарагыла, жолдоштор!

- Жок, сизди эч жакка жибербейбиз!

- Жылдырбайбыз!..

- Таркабайбыз! Канча күн зарыл болсо, сиз үчүн ошончо чыдайбыз – деп чуруулдашты туш-туштан.

Чогулгандардын демин баамдаган ажо бөлөк кепке өткөн жок. Үндөбөй, боз үйдү көздөй умтулду. Кечке жуук ал Жалал-Абад аэробекетине келип конгон тик учак менен белгисиз жакка бет алды. Ар кайсы дубандан жыйналган аял-эркектер анын бир тууганДарынын бак-шагынан үзүлгөн жок. Алар май айынын ортосуна дейре ар кайсы жерде, көбүнэсе облбийликтин маңдайында төңкөрүш жасагандарды айыптап, күн сайын изин суутпай нааразылык жыйындарын өткөрүп турушту.

# 9-БӨЛҮМ

Бул убакта өзү максат кылгандай мемиреген тынчтык орногуча губурнатырдын жүгүн көтөргөн Асан, кызматын Бектурдун колуна тапшырды. Бектур, бирок, Убактылуу өкмөт аны тааныгыча иш бөлмөсүнө кирген жок. Коргондогу жыйналышта обл башчылыкка шайлангандан кийин гана кызматына олтурду.Тескерисинче, ал кезде губурнатырлык орун ар ким алмашып чапкан күлүк өңдөнду: анын тизгини бирде эски бийликтин, бир аз күн өтпөй, Убактылуу Өкмөттүн чабарманына тиет.

13-майда аялдардын сүрмө тобу Бектурду облбийлик кеңсесинен чыга бергенде кармап алышып, тытмалашты. Жаңжалчылардын колунан араң-зорго кутулган жигиттин карааны бир апта көрүнбөй калды. Мындай буйдалыш маалда унаасынан мылтык түшүрбөгөн башка бир адам облус башчынын олтургучун ээледи. Ал киши убактылуу өкмөттү тоотпой, кайбат кылды. Бир күн өтпөй, ал да кызматын таштап, кайдадыр качып, жоголду.

14- май, 2010-жыл. Обл бийликти ээлегендер "Эркиндик" аянтынан күн шашкеге дейре жылган жок. Күн аркан бою көтөрүлгөндө Ленин көчөсүнүн тээ этегинен кылкылдаган көп караан облбийликти көздөй жылып келе жатты. Бул арада облкеңсени ээлегендер жеңин түрүнүп, жолго чыкты: каршылаштарын тосуп алууга кам урду. Таш чогултуп, колдоруна союл кармашты. Аркылардын кармаганы да таяк. Арадан анча өтпөй, бет маңдай келген эки тарап кагылыша түштү: союлтаяктар бири-бирине карса-курс тийип, чабыш башталды. Алардын ортосунда калган "Азаттык" чабышкан үндөрдү үн тасмасына жаздырып, жөөлөшүп-мушташкандардын арасынан жөрмөлөп араң чыкты. Эски бийликтин тарапкерлери кызыл, көк, сары түстөгү байрак көтөргөндөрдү Эркиндик-Ле-

нин көчөлөрүнүн бурчунан өткөрбөй, артка кууду. Чегинген кишилер Токтогул-Ленин көчөлөрүнүн кесилишине жетип токтоду. Баш аламан, кыйды бычак... Кайдан-жайдандыр автомат тытырап атылды. Мылтыктын ачуу үнү көчө жээгиндеги калың бак-дарактардын арасынан чыгып жаткандай. Бирок, мылтык аткан адам көзгө чалдыкпай, айтор, ок атуу кыйлага созулду. Анын ачуу үнүнөн кулак тунат, жагымсыздыгынан баш зыңгырайт.

Автоматтын атылганына бирде арт, бирде алды жактан ыргытылган таш кошул-ташыл. Жан сактоо амалы менен туш келди качып жүргөн жан...

Сакадай да улам коога жок бөлөк көчөгө ойт берип, баш калкалады. Ок тийдиби, чок тийдиби, ким билет, калаймандын арасынан ичин кармалап, эки-үч адам эңкейе четке чыга качып, жайдак жерге күп түштү. Алардын ары-бери оонаалактап, чалкасынан түшө жер тепкилеп, тыбырчылаганына Сакадайдын жаны ооруду. Бетон арыкка кулап түшкөн жоон денени союл менен үстү-башына чапкылап жатышат...Чекесинен кан шүүшүндөп, жипкирип аткандарды дит чыдап, кароо мүмкүн эмес. Алда-кайдан шуулдап жетип келип, аянттын четине токтогон "тез жардам" унаасы аларды жүктөп, төбөсүндөгү көк-кызыл жарыгын жаркылдаткан бойдон оорукананы көздөй сызды.

Кайсы көп кабаттуу мекемеге караштуу экени беймаалым: чамада "Тынчтык" кино-театрынын маңдайында го, айнек терезелер шарактап, күбүлүп түштү. Болжолу, ок чарпыды, же таш тийди. Ал арада облбийликтин короосунун четинде өсүп турган арча, ак кайыңдардын арасында "дүң-ң" этип бирдеме жарылды. Анын соңунан ок-дарынын күйүндүсү жыттанып, боз туман абага тарады. Барпы кыргыз театры жактан бак аралай чапанчан топ чыкты. Чапанчандарга кебете-кешпири түрк түспөлдөш бирөө мылтык таркатты. Алар Эркиндик аянтындагы адамдарды кууп атып, соңунан таш

жаадырды. Тарс-турс этип, тапанча атылды. Билегин ок чийгенби, ыйлагыдай болуп өкүрүп-бакырып, сөгүнгөн губурнатырдын орун басары көйнөгүнүн бир жеңин чыканагына дейре түрө баштады. Билегинен шуушүндөп кан чуурулду. Анын тили менен аянтка чыккан чапанчандар артка бурулуп, бат эле көздөн кайыды.

"Чайыттай ачык асман алдында, бак-дарагы менен өсүмдүктөрү, не бир ырыскы көгөргөн жер үстүндө мамыр-жумур жашаган адамдар ушинтип, эки жаат болуп, эмнеге жоолашат? Мансап куугандардын тилине кирип, бирин-бири кыра береби?" – деген ой Сакадайдын башын оорутту.

Ок атуу токтоп, айлананы жым-жырттык каптады. Кагылышкандар эсине эми келишкендей, тынчтык өкүм сүрдү. Арадан эки-үч саат тыныгуу өттү. Көчөдөгүлөр көлөкөгө бой тартып, кайдан-жайдан келген нан, суу менен олтурган-турган жеринде шам-шум этип, өзөк жалгашты. "Азаттык" өзүн далдаага тартты, кишилердин тамактануусуна көз салууну жактырбады.

Ымырттык көпкө узаган жок. Түш оогондо Ленин-Токтогул көчөлөрүнүн кесилишине ары жактан келип токтогон эки-үч машинадан бирдеме түшүрүп жатышты. Унаа Носиржонго караштуу болчу. Ал өзү кесилиште топтолуп, бети-башына кара чүмбөт оронгон жигиттерге курал таркатып атты. Ал өз кандаштарынан башканы жактырчу эмес. Жер жаралгандан тартып, кооз, күнөстүү мекенди байырлаган жергиликтүү элди жерип, көргүсү келбей, жинди болгондон бетер зиркилдөөчү. Көзүнөн башка жаак-бетин чүмкөгөн өз жигиттерине алдынан чыккандарды куул таркатууга буйрук берди. Тишин кычыратып, ичинен кекенди. Беш жыл мурун топучан төбөлдөр түн катып, арай көз чарай сукбатташканда ичкен анты жадына түштү...

# 10-БӨЛҮМ

...Носиржон башы көрүнгөн кандаштарын шеринеге чакырган сайын палоо демдетчү. Палоо дегени бешене жылытаарлык деле тамак эмес: адашкансып бүргө башындай бүдүрөйгөн эт колго урунбаса, табак толтура жалаң күрүч. Ал ушу тамагын да Ала-Тоодой эт, Ала көлдөй чык тарткандан бетер мартаба көрдү. Элди тоюна чакырганда жалкы кой союп, анын жарым этин арттырып алчу. Ашкан этти базарга саттырчу. Ала топучандын канына сиңген мүнөз буга да бүткөн: кирпик ирмем өтүп-өтпөй: "Палоодон алгыла, алгыла. Аштан жегиле, жегиле" - деп кайталап, дымак кыла берди. Мунусу чын ыкласынан чыкпаганын шеринелештери да сезди. Ичинен: "Оокатты түгөтө турган болду, ач көздөр!" – деп сүйлөнө сөгүнүп, шеринелештеринен тамагын кызганды. Чүмчүңдөтө палоо сугунган табакташтарын ичинен жек көрдү. Бири-биринин сырын илгиртпей туйган чаар топу биреөгө оокат сунаарда ичинен кан өткөндөй болуп, өзгөдөн ашын коруп, битирлиги аша турган. Носиржондун пейилин билген ак чачтуу киши оокаттан бир кашык ооз тийди да, табакты ага көздөй түртүп койду. Башкалар да тамагын тыйды.

- Бах-х... Палоо деп ушуну айт, күрүчтөрү бармактай-бармактай. Жеген да арманда, жебеген да арманда калат. Бир тоюп жыргадык, ээ?! – деп, Носиржон кара күчкө кекирип, өзүн өзү мактады. Калп жылмайды. Көз алдына башына чаар топу кийген муруттуу атасы тартылды. Анын колуна өтүк кармаган айкелин ишканасынын кире беришине тургузган. Бийлик тийгенде өзүнүн да эстелигин койууну ойлогон. Атасы өтүк ултарганы менен зыкым киши болоор эле. Ак төөнүн карды жарылып, бышыкчылыктын доору сүрүп, үй алдына тиккен жүзүмү алтындай саргайып бышып, төбөдөн ылдый үзүлө жаздап, самсаалап турчу. Атасы босогосун аттаган мейманга

жүзүмдүн көлөкөсүнө коюлган сөөрүдөн жай бергени менен куру чай-нан менен сыйлачу. Элпеңдеп-желпеңдечү, бирок казанын кайнатчу эмес. Үзүлүп түшчүдөй болуп, төбөдө жайнаган жүзүмдү тиктеген коноктун ал жемиштен үмтөткөнүн сезсе да, бөлөк жашылча-жемиш түгүл, табакка бир шиңгил жүзүм үзүп койбой турган. Короосунда бышкан коон-дарбызы менен анделегин да балдарына тийгизбей, базарга пулдатчу. Носиржондун тестиер кези. Мектептен ачыгып келип, обору ачылган бала эки жагын уурдана карады. Үй ээсинин уруксаты жок, жадесе энеси да жүзүмдү үзүүдөн коркот. Ал аңдып турган атасы жоктугун байкады да, өөдөгө бир секирип, колуна илешкен жүзүмдүн бир тоголоgун оозуна шаша-буша салып ийди. Чайнаганын жуткуча болбой, жону менен шыйрагы ачыша түштү. Бурула карап, муруту тикчийген атасынын колунан көк чыбыкты көрдү. "Жүзүмгө тийсең, өлөсүң!" - дечү атасы аны короону айланта дыргаяктата кууп, чыбык менен сабап жүрдү. Носиржон ыйлактап, жүзүмдү оозанганына кейип, жан соога сураганда гана токмок токтоду:

- Базарга сатып, пул жыйнайбыз дегенбиз. Экинчи ирет кол салсаң, жилигиңди чагам. Уктуңбу?.. Ме, мобу чаканы ал да, суута толтур. Ага айран куй да, аралаштыр. Базарга алып барып, ыстакандап сат. Бир сомдон пулдайсың. Он литр чалаптан беш жүз сом табасың. Ансыз үйгө кайтпа! Бир литрден беш-алты ыстакан чыгарасың – деди атасы.

Носиржон тыйындан сом куроону ушинтип, атасынан үйрөнгөн. Чайкоочулукту чалап сатуудан баштап, чоңойгондо Россиядан карагай ташып, соода менен байыган. Байлыгы эми эсепсиз. Акчаларын өзбек, орус жана чет элдик банктарга которо салганы туура болгон өңдөнөт. Антпесе, тоз-тополоңдо "кимди ким көрдү? Быржыбайды там басты" болуп, бу жердеги банктар эсебин жаап койсо, "сокур тыйындан кураган байлыгымдын үзүрүн түпкүлүктүү калк көрөт экен да"

деп ойлоп, ичи мында бир тырчыды. Ал өз кандаштары өңдүү баласынан да шире аяган атасынын сараңдыгын эстеп, күлүп койду. Андай битин сыгып, канын жалаган битирлик мүнөз өзүнүн да канына сиңген.

Табактарда додо-додо болуп үйүлүп, чекеси оюлбаган палоого көңүлү жайланды. Майланышкан колун аарчыды. Носиржон эми тиешеси болбосо да, түпкүлүктүү улутка сын тагып, каралаганга өттү.

- Булардын башы бирикпейт: уруу-урууга, кокту-колот, жер-жеберге бөлүнөт. Укуп-чукуп, өсүп баратканды бутунан тартып, биринин кебине башкасы кулак салбайт, ынтымагы жок.

- Минтип, башыбызды кошуп, чай бергениң го жакшы... Ко-ош, андан башка акылдашар ич бурооң ушу го, сыягы. Сен бизди жөн чакырбайсың. Бир билгениң бар. Кандай зарылчылыктан улам жети түндө чогулттуң? – деди ак чач киши аны сынай тиктеп.

- Азырынча сөз менде, аке! Кепти бөлбөй, угуп турсаңыз, түшүнөсүз... Булардын кандайлыгын изилдеп бүттүм: чоңдорунун көзүн байлык кызартат. Букарасы менен иши жок. Пулду көрсө, балыктай жутунуп, кайырмакка илинет... Башчыларынан экөө-үчөөнү сатып алып, көзүмдүн агы менен тең айлангыдай кылып койдум. Менин айтканымды аткарбашка аргасы жок. "Шайлоодо туугандарың биз үчүн добушун аябасын" деген таклибин коюшту. А биздин боордоштор, сиздер сымак сырга катуу, түйүлгөн муштумдай бекем. Бир адамга баш ийебиз. Акылдуунун, улуунун тилин кайрыбайбыз.

- Ии... –

- Силер качандыр бир убакта Москвага жазып, жетпей калган максатыңардын үдөөсүнөн чыгалы! Өз алдынча мамлекет куралы. Азыр орустардан сурап иш кылаар заман эмес. Мылтык ашыгы менен, автомат, пулемет, гранат дегениң бизде сайдын ташындай! Көбүңөр ошо кезде жашыруун жерге беки-

тип койгонсуңар. Ошолорду алып чыккыла, иштетели! Куралы жок боордоштторго: "Эй булар кол салат.

Коргонуш үчүн пулдун көзүнө карабай сатып алгыла. Иш бүткөндөн кийин жашырып коёсуңар!" - деп, тымызын кулак кагалы.

- Өй, шырылдаң суугa башың тыгылганын унуткан окшойсуң. Кошуна элбиз. Куда-сөөгүбүз бар, аларга, бизге келин болгон кыз-кыркынды чанып ийе албайбыз.

- Коюңуз, аке! Бизден өч алаар Рыспек патриоту эмне болгонун билесизби?.. Мен деген жөнөкөй киши эмесмин.

- Ал эмне болуптур?

- Ие, уга элек экенсиз да. Ал - өлүп тынды, өз туугандары атып салды. Айттым го, булар – бири-бирине өч, бири-бирин карышкырчасынан мүлжүп, муунтуп турат... Эми кимден коркобуз?... Милисасы издебейт. Үй-жайыңды тинте турган болсо, атасы – пул... Туурабы, Икромжон?

- Ырас... Бирок, Насиржан аке, быякка келатып, жол күзөтчүгө туш болдук. Саламат экөөбүз жүктөп келаткан мылтыктарды алдырып койдук – Икромжон көзүн ала качты.

- Ой тообо, ишенген кожом Саламат экөөң эмитен тайсалдап... Долларбайдан кармата кой.

- Аны айтасыз! Беш лимонду сумкесине салдык. Баары бир кагаз толтура баштады...

Носиржондын кыжыры кайнап, Икромжонду зекиди:

- Бар, кайра таап кел!

Кепке көкүрөгүнө депутаттын төш белгиси тагылган Саламат аралашты.

- Шашпаңыз, Насир аке! Үчөөбүз депутат болуп, парламентте жөн жүрбөдүк.

- Анан?...

- Анан күбөлүктү көрсөттүк. Ага да көнбөдү. Өз кыштагыбыздан өсүп чыгып, Бишкекте тамыр жайган генерал аке-

бизге телефон чалдык. А кишинин акылы менен дагы он лимон карматтык. Ага да болбогондо генерал менен сүйлөштүрдүк. Генерал мылтыктар ага караштуу экенин айтты. Гаишник мойнун толгой бергенде ал пара менен түрмөгө түшөөрүн эскертти. Ошондо гана гаичи кыйылып туруп, бизди камаган жерден бошотуп, машинабыз менен куралды кайтарды.

- А бул башка иш! – Носиржондын көңүлү ордуна түштү. –Экөөң өзүңөргө бөлүнгөн жерди башкарасыңар. Узак аймагына Урмон жооптуу. Сиздин план кандай, Урмон ака?

- Өзүңүз менен кеп бышыргандай, бир күндө чал-кемпир, бала-чака, аялдарды чек арадан нары көчүрөбүз. - Чүйлүсү ээгин каптаган жоон курсак Урмон топусу менен чекесин кашылап, ордунан ыргылжың тарта зорго турду. -Айылга кирээр бүткүл жолду жаап, жалаң күчкө жарактуу эркектерди Узакка калтырып, коргонгону чеп курабыз. Чоң жолду казып, өйдө-төмөн өткөндөрдү кырабыз!

- Ап - бали, планыңыз жакты, баракелде! Сизге ишенем!.. Каржаадынын иши кандай? – Носиржон эми Коргондук эски башкармага бурулду.

- А мен эркек аттууну көпүрөгө баштайм. Тоо тараптан атчандар чаап келиши мүмкүн. Атчандарды бууш үчүн көпүрөнү көккө сапыртам...

- Жардыргычтар даяр, жетиштүүбү? – Носиржондын бул суроосуна Каржаады баш ийкеди. - Буга кошумча кандаштарыбызга каптай ун таркаталы. Ундун арасына автоматтарды огу менен салып коёлу!

- Токтоткула э, мунуңарды!.. Дагы кан көксөп калдыңбы? Э арам заада!.. Элди кагыштырба, сен, бүтүн элди бүлдүрбө! – Чачын ак аралаган аксакал Носиржонго көздөй атырылды. – Тоок мээ! Атам замандан бери нечен түрдүү элге төрүнөн жай берип, койнуна батырып, өзү жебеген чүйгүн тамакты мейманына тарткан жоош-момун, кең пейил элге бычак

кайраган - жиндилик... Токтоткун бул оюнуңду, эй чөө!.. Болбосо, сени өз колум менен кармап берем, Насиржан! Мындай бузукунун тилине кирбегиле!..

- Бузуку мен эмес, сен – чогулгандардын ичин ириткен!.. – Носиржон ордунан тура калып, чакчаңдады. Сөзүн бөлгөнүнө итатайы тутулуп, аксакалды жигиттерине дайындап, тындым кылууну болжоду. Кең пейил элге жан тартып, жолун торогон өз кыштагындагы күчтүү жигитти көөдөй караңгы түндөрдүн биринде аттырып салып, кутулган эле. "Эми ажолукка жетеериме Кудай жолуму ачканда, бу как баштын арага шынаадай кыпчылып, ишти бузганын кара!"

Бөлмө тунжурады. Аксакалдан бөлөгү ага каяша кылбады. Носиржондын колу кандуу, өзбү-өзгөбү аябайт. Кимге болсо да шамшары кайралуу, огу даяр, тузагы белен, сыйыртмагы камдалуу экенин баары билет. Ал каанадагылардын ооздоруна талкан куйгандай шук олтурганына шерденди. Аксакалга болгон өктөөсүн жанындагылардан чыгарып, бакырды:

- Бул күндү мен керек болсо, жыйырма жыл күткөм. Мына убакыт келди... Булар бири-бирин атып, тым-тыракайы чыга берсин. Олку- солку болуп , кай жагын башкараарын таппай турганда канабайран салып, биз такка жетели.

- Кантип?

- Оңой эле... Азыр эч жерде милийса, аскер жок. Керектүү жер ээн турган соң, Коргондун көпүрөсүнөн Алайга чейинки ортолукту басып алабыз. Мени кыйбагандар жол тосот, каршы болгонду мууздайт, соёт... Туугандарыбыздын баары шаар менен район байтактарында. Калган аймактардагы туугандар бизге өздөрү кошулат...Жергиликтүүлөр менен жектешип, басташканда алардын баатырларын көзгө атарлары чымчыктай сулаткан Фергана полку азыр жок. Бирок, танка, учактары жайнаган эне мекенибиз арыктын боюнда. Ымдаарыбыз менен аттап өтүшөт. Өлөсөлүү күлүгүнөн бөлөк куралы жок-

тордун үстүнө бомба таштайт. Биздин кандаштарыбыз баш баанек туткан айыл-кыштактар менен үйлөрдүн үстүнө түнкүсүн да айырмалай турган "SOS" деген белгилерди бадырайта жазып коёбуз. Эне-мекенибиздин учкуч-танкалары жапырык салганда биздикилер аман-соо калып, Манастын тукумубуз деп күпүлдөгөндөр кырылат... Башка өлкөлөрдө миллиардер туугандарыбыз миң сан. Алар пулун аябайт... Ошентип, бийликти ээлеп, жерди тартып алабыз... - Ушул кеби аны ого бетер өрөпкүтүп, падышанын тагын ээлегендей сезди...

Бети-башына кара чүмбөт оронуп, көзү гана ачык калган куралчандар облбийликтин айланасындагы топ таштай ар кайда чачылып жүргөн кишилерди көздөй жүткүндү. Тарс-турс этип, чып этме мылтыктар атылды. Андан улам колунда таяк-ташы да калбаган жолдогулар туш келди дыркырады. Куралчандар курорт жакка таянган көчөдө кайда баш калкалаарын билбей, амал таппай турган топ караанга беттей жүгүрүштү.

Дал ошол кезде "Азаттыктын" чөнтөк телефонунда ток түгөндү. Токту толуктоого ал үч кабат "Мөлмөл" мейманканасынын артына жайгашкан "тез жардам" бөлүмүнө баш бакты. Сакадайды ээрчип, өңдөрү кубарып-татарган аялдар менен топ кишилер да жабыла жулунуп киришти. Кебетелери коркуп, куугундан качып жүрүшкөндөй. Терезеден бейтааныш караандын ары-бери басканын көргөндөрү полго жүзтөмөнүнөн жата калды. Башкалары тизелей эңкейип, башын жерге ыга коюшту. Бөлмөдөгү электр тогуна зымсыз телефонун улаштырып, Бишкектеги, же Прагадагы кеңселеринен телефон чалуу күтүп, айнектен сыртка үңүлгөн "Азаттыкка" бириси: "Сүйлөбө, өйдө турба!" - деп буйрук берип, экинчиси этегинен тартты. Колун жерди көздөй шилтеп: "Жат, жат. Үнүңдү чыгарба! Угуп калса, кирип келишип, баарыбызды кырат" - деп ымдашат.

"Тез жардам" бөлүмүнүнбү, же мейманкананын чатырынын үстүндөбү, оор өткчөндүн тарп-турп этип, ары – бери

басканы, сына жаздаган шыйпырлардын кач-чыр-р- ку-чур-р эткени угулат. Ал ан сайын жашынгандардын үрөйү учту. "Бөлмөдө камалгандан пайда жок. Облакимчиликтин маңдайында, көчөлөрдө эмне чатак болуп жатат?" "Азаттык" демин ичине тартып, жыйырма мүнөт тым-тырстыкка араң түттү. Зымсыз телефонун электр тогунан сууруп, эшикке бет алды. Аңгыча "тез жардам" машинасы алда-кайдан жете келди. Сакадай ак желекчен, жылаңбаш дарыгерден үрөйлөрү учкан адамдарды "тез жардам" унаасына жүктөп, тынч жайга жеткиртүүнү өтүндү. Врач макул тутту: корккон адамдар жан талаша "тез жардам" унаасына жабышты.

Абдиназар келип, мейманкананы тегеренген куралчандар андан качкындарды көргөн-көрбөгөнүн сураганын, аларга андай кишилерди учуратпаганын айтты. Ал "Азаттык" менен ээрчише басты. "Эркиндик" көчөсүнө бурулганда аянттан аларга мылтык кезеген адам көрүндү.

Көзүнөн башка бети-башы чүмбөттөлгөн аткычты таануу кыйын. Мылтык тарс атылса, ок жаңылбасын дедиби, Абдиназар Сакадайды желкеден кармап, далдаага тарта койду... Ошол замат мылтык атылып, анын огу дал бурчтагы темирге "чың-ң" этип келип тийди. Тулку-бойду он беш мүнөттөй далдаага тартууга туура келди.

Чай кайнам убактан кийин бая ээнсиреген аянтта кайра кыймыл жанданды: туш-тараптан агылган караан көбөйдү. Куралчандар топтолгон адамдарды кууп, таркатып жүрүштү. Мурда секиченин озуйпасын аткарган ортодогу тактага куралчандар коштогон Носиржон чыгып барды. Анын табаасы кангансып, жүзүндө күлкү. Кош катар тизилген ала топучан ага ортодон жол ачты. Носиржон кыйла сүйлөдү. Эки сөзүнүн биринде кандаштарынын саны арбып, аларга өз акчасына мектеп, окуу жай,оорукана курганын колко кылды. Беш жыл мурдагы кебин дагы кайталады. Элдин маңдай тери менен

бүткөн ишкана-имараттарды түгөл байлык-мүлкү, техникалары менен текейден арзан баага сатып алып, менчиктештирип, байыганын капарына алган жок. Таарыныч менен өктөөсүн жамгырдай төктү.

- Саныбыз миллиондон ашты... Анда эмне үчүн биз экинчи-үчүнчү орундагы кызматта иштейбиз?.. Бизге орун басарлык, катардагы кызмат буйрулган эмес. Андай пас амал-должносттордун кереги жок. Не себептен биринчи кызматты беришпейт? Мен деле хандыкка жарайм, - деп ич күптүсүн чыгарды. - Биз ушуга дейре чыдап бүттүк. Мындан ары кол куушурбайбыз. Бизге жетиштүү. Биздин максатыбыз менен да эсептешсин! Мына, бүгүн биз бийликти алдык, бийликке жеттик. Эми муну эч кимге карматпайбыз, колдон чыгарбайбыз. Азыр барып, Тейиттеги ажыдаардын уюгун талкалайбыз! Калганын өз ишканабызга барып, акылдашабыз, боордоштор! Жүргүлө, кеттик. – Ал секичеден түшкөндө ага караштуулар жол бошотту. Секиченин айланасын котолоп турган кандаштары Носиржондын кебин былк этпей укту. Ооз ачпай, суроо да беришкен жок. Кыңк этпей, баш ийишти. Колдоруна автомат кармап, коштоп-жандагандар менен жабалактаган башка тилдүүлөр анын артынан илеелеп ээрчип, Ленин көчөсү менен Күнбатышты көздөй чубап, жөнөдү. Носиржондын

кимгедир өктөө кылып, бийликти ээлеп, областты башкаргандай сүйлөгөнү түпкүлүктүү элдин кулундарын кыжырдантпай койгон жок.

Таң азандан тынымсыз басып жүргөндүкүбү, же атылган мылтыктардын заарыбы, Сакадайдын башы зыңгырап ооруп чыкты, буту талыды. Тыным алууну көксөдү. Өзөк жалгоо эми эске келди. Абдиназар экөө ээрчише басып, Ленин – Токтогул көчөлөрүнүн бурчундагы ашканага баш бакты. Аянттан экөөнү көздөй атылган октун заары алиге эси-көөнүнөн чыга элек болуучу.

Күн дигер жакындады. Носиржонды ээрчиген калың караан унаалуусу дөөтүлөрү менен, жөө жалаңы субай-салтаң талаа аралап, ажонун туугандары мекендеген Тейит айылын каптады. Мурда өздөрүнчө бүтүм кылышкандай, бир жан калбаган ээн үйлөрдү тинтишти, буюм-тайымдарын талап тоношту. Бак-шактуу короонун ортосунда көзгө бараандуу урунган боз үйдү да жөн койбой, ичи-тышын жойлошту. Носиржондын буйругу менен боз уландар терезе-каалгалары талкаланган үйдүн ичине улам-улам граната ыргытты. Ал жарылганда үйлөрдү жалын чырмап, уюлгуган түтүн буруудап көккө созолонду. Боз үй менен анын төбөсүндө желбиреген мамлекеттин чымкый кызыл желегин да өрт жалмады. Карайган темир-терсектен башка үйлөрдүн жыгачтары алоолонду.

Ажонун агалары менен абасынын турагы чатырап күйгөнүн көргөн кошуна аял окуяга чыдамы түткөн жок. Айылдын андан бөлөк тургундары жан сактоо үчүн издерин түгөл жашырган. Эл башчысына өбөк-жөлөк болгону короону эки айдан ашык байырлаган кишилердин бирөөсү да калбай, Носиржонды ээрчигендер кыштакты каптагыча кадамы жылас болгон.

Носиржон жалын чырмаган эки канаттуу дарбазанын күйүп, кулап түшкөнүн маашырлана тиктеп, жол боюнда турду. Тапшырмасын дал өзүндөй бүтүргөн жигиттерин алкады.

Аял Носиржондын жанына басып келип, түпкүлүктүү элди жактырбаган "чөөнүн" ырахатка баткан жүзүн көрдү. Түпкүлүктүү калк чайкоочулук өнөргө маш Носиржонды "чөө" атап алышкан. Аял "эй, чөө" деп сүйлөмөк болуп, кайра жазганды:

- Ай Насиржан, үйлөрдү эмне өрттөттүң?.. Өчүң болсо, ажонун өзүнөн ал. Үйлөрдө не күнөө, ал бул жерде жашабаса... Туугандарыңды тый, боз үй менен Тууну сактап калалы жок дегенде. Ошо Тууну көтөргөн элдин мекенинде туулуп-өсүп, элдин эсебинен байыдың!.. Өрт өчүргүчтү чакыр, өчүрсүн отту, - деди тигинин жумшараарынан үмүттөнүп.

Жука көйнөк, көлөшчөн зайыптын кеби жанатан бери орттонгон үйлөргө табасы канган Носиржонга катуу тийди. Буйрук бергендей түшүндү. Сары чийкил өңүнө ачуу толду. "Булардын өлөсөлүү зайыптары да мага чоң. Карасаң, үстөмдүк кылганын! Көп кабат, терезе-эшиги, полу жок менчик үйлөрүмдү да ушулардын этеги жерге, денеси эрге жетпеген аялдары ээлеп алган. Оозу-мурдун толтуруп, ашата сөксөм да бошотоор түрү жок. Бу катынды да..." Жакын арада аялга жан тартып, көкүрөк тирештиреер эркек калбаганын чамалады да, бүткүл каарын момун аялга чача бакырды:

- Сенин ишиң эмне! Бар ары... Боз үйбү, башкабы, аны менен ишим жок. Мага акыл үйрөтпөй, бар, үйүңө кир. Антпесең, сен да бирди көрөсүң!

Аял жалгыздыгын ойлобой, кайратынан жанбады. Жалал-Абадда өнүп-өскөнү менен бир да ирет кыргызча сүйлөбөгөн тиги эркек сөрөйдүн чаң-тополоң, ызы-чуу маалында эл башкарууга өткөнүнө кейиди. Тигинин түпкүлүктүү элге дегеле ичи агарбай, колунан жакшылык келбесин илгертен билет. Аргасы түгөндү:

- Э өлүгүңдү көрөйүн, чөө!.. Рыспек казыкка отургузса болмок экен, сендей жоону - деп сүйлөнүп, үйү тарапка басты.

Ошентип, Носиржон адатынча олку-солку, будуң-чаң түшкөндө өз максатына жетүү үчүн түпкүлүктүү элге экинчи ирет "өнөрүн" кылтайтты. Облустагы кандаш көрүп, ылым санаган айыл-кыштактарды түрө кыдырып, эне тилинде бийлик кылуу мүдөөсүн сайрады. Аларды керек учурда жапырт баш көтөрүүгө чакырды. Төрт күн бою ишканасында кылкылдаган эл жыйнады. Алардын башын айландырып, өзүнчө бөлүнүп, эл башкарууну күсөгөн оюн кыйытты. Андай жыйындарды удаа-удаа телеканалдардан күнүгө көргөн тоолуктар ага кекенбей тура албады. 13-14-май күндөрү бу чөлкөмдөгү аба ырайы кызып, улам чыңалып баратты. Кимдир-бирөө кабар берген го!

Носиржондын куралчандары өрт өчүрүүгө келген машиналарды алоолонгон турак-жайга жолотпой, артына кууп ийишти.

Чаң ызгыта өз ордуна кайтып бараткан өрт өчүргүч үч машинаны Абдиназар артынан кууп жетип, токтотту. Сап башындагы унаанын тепкичине чыгып алып, рол кармаган айдоочуга:

- Токто! Артка бур, машинаңды...

- Бизди отко жакындатпай, кире бериште атып салмак болушту. Ошон үчүн баса бердик, - деди өзүн командир деп тааныштырган аскер.

- Силер саясатка аралашпай, озуйпаңарды аткаргыла да! Үй-жайдын саясатка тиешеси жок го! Өрттөн улам ажонун туугандарынын короосунан башка коңшуларынын жайлары да күйүшү мүмкүн. Кайта барып, өчүргүлө! - Абдиназар тепкичтен түшпөй, өрт өчүргүчтөрдү үйлөргө зуулдата айдаттырып келди. Алар короого чар тараптан суу менен көбүк бүркүрүп, жалынды өчүрүштү.

19-май, 2010-жыл. Ат майданга жалаң чырымтал жигиттер топтолду. Алар Носиржондын кечээки кылыгын ортого салышып, аялдарды сөккөнүн, өзүнчө эл башкаруу дитин кыйытканын кеп кылышты. Мамлекетти көзүнө илбей, өзүн хан сезип, автоматчан адамдардын коштоосунда жүргөндүгүнө сөгүнүштү. Баарынан да өлкө Туусун күйдүргөнүнө кекеништи. Ат майданда чогулган улуу-кичүүлөр "чөөгө" тишин кайрашканда казысы бир кучак, аксаңдаган жоон-жолпу киши ортого чыкты да:

- Эй балдар! Насиржандын куулугун билип койгула.. – деди ал. Чогулгандар ага жапырт бурулуп, кулак түрдү. Чоң баш колундагы сырты кагаз менен оролгон калың баракты өөдө көтөрүп, тегерете силкилдетип: - Мына, ал окуу жайына атасынын атын койдурганы жүрөт. Мен ага каршы билим, илим министрлигине кат жаздым. Биздин жоо - ушул. Өлкөнүн тең жарымын бөлүп алам деген жаман ою бар... Ага биз

баш ийбейбиз. Тамчы каныбыз калганча аны менен кагышып, мекенибизди коргойбуз. Аны жок кылыш керек. Туугандарын чогултуп алып, аларды күнүгө бизге кайрап атат.

Чоң баштын сөзү ансыз да тутана албай турган отко май куйгансыды. Өрт дүрт этти. Ушул кепти гана күтүп турушканбы, ат майдандагылар ого бетер күжүлдөштү.

- Кеттик, жигиттер! Азыр барып, талкалайбыз да ордосун күлгө айлантабыз, - деди дагы бир кызуу кандуу.

Ага улай демин араң баскан бозойлор биринен-бири жарышып, ат майдандан ылдамыраак чыгууга ашыкты. Кең дарбазага батпагандары кезек күтпөй, бетон дубалдардан ашып түштү. Алар түгөлү менен шаарды аралап өткөн кара тасма жолдо чуркап баратышат. "Дагы бир балакет жаңжал тутанбаса экен. Ортодо от чыгып, адамдар жайрабаса болду. Апрелде, Ак Үй алдында шеит кеткендер аз эмес. Тополоңдун эмне кереги бар? Жанагы чоң курсак, балдарды бекер дүүлүктүрдү. Тоону уратаар бозойлорду "чөөнүн" канкорлору менен кагыштырганы турат. Боз уландардын отко урунаарын ойлобой, чоң баштын өзү ат майданда кала берди ээ. Жаны таттуу..." Ушул ойлорго чарпылган

Сакадай боз балдарга куйрук улаш жүгүрүп, артынан калбады. Топурап чуркап бараткандардын арасында бетине түгү чыга элек, 15-16 жаштардагы өспүрүмдөр да бар. Аларга "сак болгула. Ала топуларда курал болушу ыктымал. Жаза тайып бирөөңөрдү ок чийбесин!"- деп жалбарат.

Жигиттердин үрөйдөй агымы жаратылыш газы сакталган кампадан облустук ооруканага бурулган жолго кайрылды. Ооруканага теңелгенден кийин Пушкин көчөсү менен түз ылдый жүрүп, Жусупбек көчөсүнө жетишти. Андан Эркиндик көчөсү аркылуу областтык бийликтин маңдай тушуна барганда Ленин көчөсүнө бурулуп, аны менен автобекетке барчу жолго чыкты. Носиржондын окуу жайын бет алышты. Эң ал-

дыцкы саптагылар өлкө Туусун желбиретип, куюндан да тездик менен жүгүрүп баратат. Коргонууну эске алышпагандай, колдору куру, эчтеке жок.

Алдыцкы сап эч токтобой жол четиндеги Носиржондун темир дарбазалуу окуу имаратына шуу кирип барды. Тосулган дарбазанын чакан эшигине батпай, ичкери кирүүгө үлгүрбөй калган жигиттер жол четинен колуна урунган таш менен дубалдарды ургулайт. Бири-бирине маңдай-тескей курулган килейген үч кабаттын сырткы терезелери талкаланганы менен дубалдары солк эткен жок.

Ичкериден мылтык тарсылдап, удаама-удаа ок атылды. Кулап түшкөндөр көзгө чалдыкты. Короого куралсыз киргендер түгөлү менен дуу этип, артка качты. Артка сүрүлгөндөр топтун ортосунда калган Сакадайды да тебелеп кете жаздашты. Ок тийип жарадар болуп, кан чуурулгандарды колтукташып, эстен тангандарды көтөрүп чыгышты. Топтолгондор эсин жыйганы бир демге дейре ар кимиси өз кыялы менен алек. Жолдо кыйлага дейре ден-дароо тартып турушту.

Бешим ченде алар бирден илеелеп, обл бийликти көздөй жол тартты. Адам сээлдегенде университет тараптан октун үнү кайра жаңырды. Бул маалда жигиттердин эң акыркылары Ленин көчөсүнүн жээгиндеги базардын тушуна жетип калган. "Азаттык" артына бурулуп караса, Носиржондын окуу жайын тоскон дарбазанын сыртында спецназдын жоокерлери баш кийимдерин булгалап атат. Куралы жок. Алардын: "Балдар, жардамга-а! Кайткыла! Бизди атып жатышат" – деп, жалооруй кыйкырган үндөрү угулду. Бирок, жөө жүрүш менен университеттен сабыры суз кайткан уландар аларга кулак салбады. Айрымдары артка кылчая караган болду да, андан ары жолун улай берди.

Ире-шире маалда Эркиндик аянтына маңдайлаш боз адырдан күрүлдөгөн аскер техникалары түшүп келди. Үстүндө куралдуу, темир туулга кийип, көз айнек тартынган аскерлер. Бул кезде жигиттер облбийликтин тушуна жыйналды.

Секичеде алты-жети аксакалдын карааны көрүндү. Алардын ортосунда казы да турат. Башына селде орогон карыя тирешүүнүн ордуна ачууга жеңилбөөнү өтүндү. Сакалы көкүрөгүнө түшкөн молдо касташуудан кан төгүлүп, Носиржондой чоңдор менен күркүлдөрдүн балдары эмес, карапайымдардын уулдары окко учканын, жарадарлары айыккыча кыйла азап тартаарын, ошондуктан ачууну тыйып, акыл таап, тынч жашоо керектигин түшүндүргөн болду. Бирок, балдар ага муюбады. Маанайы чөгүп, сабыры суз жигиттердин бири кармана албады. Көзүнө жаш алып, кол шилтеди:

- Эй молдолор!.. Силердин араңардан кимдир-бирөө топулардын ок-бычагынан жайраган жок. Ошону сезбей атасыңар. Эрте менен кайда элеңер?.. Жаңжалды баштаган Насиржандын тизгинин какканыңарда биздин балдар окко бөөдө учпайт эле!.. Канча бала жайрады, нечеси чала жан болду... Насиржанды эмне тыйбайсыңар?.. Биз анын алдында чөгөлөбөйбүз! Биз – эр Манастын тукумубуз! Жерибизди ага ээлеттирбейбиз! Канга – кан!.. Эмнеге аны калкалайсыңар?... Арабыздан ал эшекке каршы чыгаар пенде табылбай калдыбы?.. Биздин эл көзүңөргө илинбейби? Карасаңар, бизди тыйышат, тим эле... Эми үндөбөгүлө! Жоо кыялап кеткен соң, кылычыңды ташка чап... Балдар, буларды уккандан пайда жок. Жүргүлө, кеттик! Өз эл-жерибизди баскынчылардан коргойлу!Насиржанга окшогондорду кууп чыгалы – деди да, кылгырган жашын жеңи менен сүртүндү. Башын жерге салган калган жигиттер аны ээрчий жөнөдү.

20-май, 2010-жыл. Сакадай кечээ коменданттык саат кийрилгенин угуп, чакан калаанын көчөлөрүн аскерлер аралаганына сүйүндү. Анткени, баштагыдан баш аламандык тыйылып, басташуу угулбай, жолдо куралчан жүргөндөр жок, тынчтык өкүм сүрдү. Коменданттык сааттын кеминде бир айга уланышын тиледи. Бирок, аскерлер аз гана убакыт турмай болушту. Алар мөөнөтү бүтүп, өз бөлүктөрүнө кайткан соң,

алаамат кайра тутанаары анын да түшүнө кирген жок. Бейпил күндү күсөдү. Булбул сайраган тынч, кооз токойдо, мөңгүдөн агып түшкөн көк-кашка, тунук суунун жээгинде, абасы таза, мээлүүн желдүү тулаң чөптүн үстүндө дем алууну эңседи.

22-май, 2010-жыл. Ал бир нече калемгерлер менен Дүйшөмбү шаарына учуп-жетти. "Азаттыктын" Бишкек кеңсеси менен Ош, Талас, Нарын дубанындагы кайратмандары да бул калаада ЕККУнун Борбор Азия мамлекеттериндеги сөз эркиндигине арналган жыйынга барды. Көчөлөрү кең, бирок, кишилери сейрек учураган тажик байтагы ага бейпил туюлду. Бир тал ширеңке, кагаз жатпаган тазалык менен ирettүүлүккө, курулуштардын коздугуна, көчө бойлой өсүп турган бак-дарактар менен не бир түстүү гүлдөргө сугу артты. "Биздин олкодо да дал ушундай ынтымак, тынчтык түбөлүккө турса кана?" - деп самады. Күн ысып, так төбөдөн өткөнү менен ызы-чуу, ок атуу, өрт деген жок. Баш оорубай, дене-боюу эс алып, жыргап эле калды.

"Азаттык" тыныгуу маалында тогуз кабат салкын мейманкананын биринчи кабатында эс алып олтурган. "Он жылдап каршылашкан тажиктер минтип мамыр-жумур жашап атышат. Бизде да бири-бирине мылтык кезешпей, бийлик талашпай, жаат-жаатка бөлүнбөй, мемиреген ушундай тынчтык батыраак орносо экен" - деп кыялданды ал, Носиржондун айынан касташуу болгон өткөн жумадагы оор күндөрдү эстеп.

Конок үйдүн коноктторун каттап, тейлеген кабылдама. Мейманкананын күңүрт тарткан ичкери жагынан арык киши чыгып келди да, кабылдамадан Кыргызстандык калемгерлерди сураган үнү угулду. Кабылдамадагы кыз колун Сакадай жакка жаңсады. Арык жигит эмнегедир "Азаттыктын" Жалал-Абаддагы өкүлүн издештиргени түпөйүл тарттырды. Олтургучка жаңы көчүк баскан адамдын кебете-кешпири тажик сымал. Түрү алда-неден коoптонуп, тынчсыздангандай. Ал саламда-

шып бүтүп-бүтпөй жатып, орусча эжелеп сүйлөп, Сакадайдан такып сурады:

- Президентиңерди неге куудуңар?.. Үч айдан бери күндө жаңжал, күндө көтөрүлүш... – деп угабыз. Деги силер тынчсыңарбы? Уруш качан токтоп, качан тынчтык орнойт?..Тажиктер да бири-бири менен көп жыл араздашкан. Ошо сыңары жакын арада ич ара кагылышпайсыңарбы? –

Акыркы собол "Азаттыкты" териктирди. Тигинин тергөөчүдөн бетер суракка алганына кызаңдады. Үндөбөй басып кетмек болуп, кайра карманды. "Оозуңа кап-кара таш, айтканың ушу мейманканадан ары чыкпасын. Эл-жерибизде ынтымак, тынчтык дооран курсун!" - деп тиленди ичинде. Токтоолугун карматып, күлө-бага:

- Биринчиден, кечиресиз, оозуңузга карап сүйлөңүз! Бизде эч качан өз ара басташуу болбойт. Кагылыштан кудай сактасын!- деди тажиктин ажого тиешелүү соболун жоопсуз калтырып.

Ал ЕККУнун кеңешмесинен өз мекенине кайткандан кийин да тажиктин сөзүн улам эстеп атты. Бирок, тажик болжогондой дагы деле уруш-талаш, ызы-чуу токтободу. Жалал-Абадда он күнгө чектелген коменданттык саатты убагына жеткирбей жоюп салышты. Аскерлер өз бөлүктөрүнө кайтты. "Коменданттык саатты кур дегенде саратан бою тим койгондо, балким 10-июнда дүрт эткен эки элдин кагылышы тутанбай калаар беле? Ушул жагынан алганда тажик жигит олуялык кылып, бизде чыккан окуяны алдын ала кантип көрөгөчтүк кылып, кандайча билди экен? Үч тамгадан болуп жүрбөсүн? Же үчүнчү күч элдин ыркын бузуп, бири-бирине тукуруп, кайраштырып жатабы? Балким, чет элдик тыңчы, чалгынчылар алааматты изилдеп жүрүшкөндүр" – деген ой тынчтык берген жок. "Же аларга кимдир-бирөөлөр алдын ала кабарлашканбы?"

2010-жыл, 11-июнь. Жайнаган адамдарга кошул-ташыл ат майданды көздөй баратып, "Азаттык" үн жазгычын иштетүүгө камдады. Ат майданда кайрадан жалаң эркек аттуулар жыйылды. Эмнегедир бир жарым ай мурда сомодой жигиттердин курчоосунда калып, коркутууга туш болгонун ойлоду. ... Анда таңкы саат алты, 20-апрель. Эрте менен аянтка тигилген боз үйлөрдө түнөгөн адамдардын ал-абалын, маанай жайын байкаштырып, таңкы саат жетидеги уктурууга камданган. Жагдайды телефон аркылуу түшүндүрөөрдө бөлөк адамдар менен көчөдө ары-бери жүргөн автоунаалардын үнү тоскоолдук кылбоосу үчүн аянттан окчун жайга жылды. Прагадагы баш кеңседен таңкы уктуруунун алып баруучусу Төрөкулдун суроосуна жараша Жалал-Абаддагы жагдайды, аянттагылардын эмки максаттарын жаңы эле баяндап бүткөн. Аңгыча жети-сегиз бейтааныш жигит жетип келди да, ортого алып, телефонду өчүрүүнү буйрушту. Колдорунда жыгач союл. Чекелери жоолук менен таңылган. Андан таң атып-атпай, облбийликтин тегерегинде кандай максат менен жүргөнүн сурашты. "Азаттык" муштум түйгөн жигиттердин каалоосун орундап, радиого жаңы эле баяндаган кабарын кайра саймедиреди. Бейтааныш жигиттер аянттагылардын гана мүдөөсүн чагылдырууну эскертип, антпесе токмоктошоорун кыйытты. Сураса да аттарын, кимге жан тартаарын айтышкан жок. Алардын башчысы го деп, боз үйдүн ыптасында жүз чайыган кара сур, толмоч денелүү, жашы отуз чамасындагы адамды болжоду. Дал ошол жигитти ат майданга жакындаганда таанып: "Аянттагы уландарды мага тукурган сен белең?" – деп катарлаш басып баратып сурап койгону. Дүңүрөйгөн жигит мисирейген бойдон үндөбөдү.

Күлбото дубал менен айланта тосулган ат майдандын тээ этегин көздөй чымын-куюн болуп, калпагынын кайырмасын башына түшүрө кийген караан качып баратат. Артынан топ адам сая түшүп, кууп жүрөт. "Азаттык" алардын ким экенин

билгени алга умтулду. Анын сонунан ээрчиген кара дуңгул жанындагы балдарга шыбырады: бейтааныш жигиттер Сакадайдын билегин шап кармады да, дегеңдете сүйрөдү. Арт жагынан бирөөлөр коштой чаап түртүүдө. "Токтогула, мен өзүм да ошол жакка барам. Силерсиз эле жетем"- деп жүгүрүп баратып, сүйлөгөнүн дөбөттөрдөй кучүркөнгөн жигиттер тыңшаган жок. Ат майдандын кап ортосуна дейре сүйрөп барышты. Таманы жерге тийип - тийбей, асманда учкандай каалгыды. Жер көчкөндөй башы айланып, дем алуу оорлошуп, энтикkенге аргасыз болду. Качан гана аларды утурлай тосуп чыккан улан: "Кечээ журналисттерге катылбайбыз" – деп макулдаштык эле... Бул байке ачык айтып, ак сүйлөгөн "Азаттык" ! Тургула мындай" – деп ачуу кыйкырганда гана тиги тентектер ээсине шыйпаңдаган короочудай жоошуп, Сакадайды коё беришти. Арачыга ракмат айтканы менен эси-дартынан куугун чыкпай, баланын аты-жөнүн суроо да ойго келбеди. Улан жанагы ээнбаштардын ордуна үзүр сурады. "Азаттык" андай чаарбаштарга тең келбейт, капаланбайт. Тизеге дейре чаң жуккан шымынын багалектерин кубуп, жагжайган көйнөгүн бүчүлөгүчө топ балдар сөөк-саактуу, узун бой, көйнөктөрү тытылган ак жуумал адамды анын алдынан айдап өтүштү. Ат-майдандын ичи менен тегерене качкан баягы жылаңбаш киши - губурнатыр экен. "Азаттыктын" даал маңдайынан өтө бергенде канга бойолгон башынын арты көзгө урунду. Аны неге кубалап, токмоктошконү түшүнүксүз. Топтун артынан жүгүргөн бир бала секирип, губурнатырдын башынан калпакты жулуп алды да: "Эй, энеңди...ге топу кийгизгиле, топу..." – деп кыйкырды. Сакадай сөздүн маанисин кийин болжоп түшүндү.

Сөз сүйлөөчүлөр экинчи кабаттагы секиге чыгышты. Өңдөрү таанылбайт, үнүнөн гана ким экенин боолгоо ыктымал. Кыжылдашпай, акыл менен иш кылууга, токтоолук менен бүлүнгөн элди бириктирүүгө чакырмак болгон аксакалга кезек бербей

коюшту. Бузук үн күчөткүчтөн кезек талашып, кеп алгандардын сөзүн ажырата түшүнүү кыйын. Носиржандан өч алууну көздөп, ага ызырынган, элди булгүнгө салган чондорду сөккөн адам...

Түш ооду, куру сөздөн эчтеке чечилген жок. Карса-курс этип бирдемеге таш урунду. Сакадай, секиден жерге түшүп, сыртка чыкканда караса, ат майданга келип, токтогон жап-жаңы "тез жардам" машинасынын маңдай-капталы бырбыйа түшүптүр. "Тез жардам" губурнатырга келген тура. Ал экинчи кабаттан түшүп келип, унаага жакындай бергенде туш-туш жактан кайра таш жаады. Губурнатыр менен аны жандап, колуна дары-дармеги бар кутуну кармаган ак желекчен киши кайра ичкери качып кирди. Дуу-дуу урулган таш кайрадан "тез жардамга" согулуп, айнектери кубулду. Жарактан чыкты. Айдоочусу да жок, каалгасы ачылган бойдон турат. Оорууларга жардам береер автоунаа кимге жамандык кылды, аны талкалагыдай? Губурнатырга эмне өчөшөт таш менен сокконДор? Ага тиш кайраганын да болжоо кыйын. А көрсө, аны "чөөгө жан тартты" деп кудуксурөшкөн тура!

Чогулуш балээнин чыгырыгын чубап, өзү кайдадыр жылт койгон Носиржонды кармап, жазага тартуу бүтүмүн кабыл алды. Ал калабаны баштагыча эч жерде үйлөр өрттөнгөн эмес. .Жыйында оозунан көбүк чачыраткан кызуу кандуулар прокурор, милициянын начальниги, губурнатырдын көзүнчө: "Ажонун байке - инилеринин короосуна ширеңке чагып, үй өрттөөнү бөлөктөргө үйрөткөн ошол - Носиржон. Эмнеге үч-төрт күн бою жалаң өз кандаштарын топтоп, чогулуш кылып, өзүбүзчө болобуз?" - деп сүйлөйт. Эмне, биздин ичибизде жеке мамлекет курат бекен? Ал чогулушун эмнеге улутчул телеканалдар үзбөй көрсөтүп, элдин кыжырына тиет? Таап бергиле, андай калк бузарды. Болбосо, өзүбүз издеп таап, катыгын беребиз" - дешти. Сакадайдын суроосуна областтын жаңы прокурору "Носиржонды издеп, таппай атабыз. Үйүнө

да, Арстанбаптагы эс алуучу жайына да бардык, жок... Кылмыш иш ачтык," – деп алакан жайып, кутулду.

Түн жарымда Носиржондын телефону чырылдады. Ал Тейиттеги калабадан кийин көчөгө чыкпай, үйүнө да түнөбөй, жашынып жүргөн. Борбордон чалышкан экен. Аны менен такай сүйлөшкөн адамдын үнү бу ирет катаал чыкты: - Сиз батыраак из жашырыңыз....

Кайда корголоордун аргасын таппай, бытпылдык айткан Носиржон мындай чечимди күтпөгөн. Ал апкаарый түштү да, не дээрин билбей::

- Эмнеге, кайда барам?

- Аны өзүңүз билиңиз. Сизге дипломатиялык паспорт алууга уруксат. Чек арадан тоскоолсуз өтөсүз да, каалаган өлкөдөн баш калка сурайсыз!

- Мага автономиялуу обулус курууга жөлөк болуп, жарым паашалык кызматты ыйгармак элеңер! Эмне алдадың?

- Бөйрөктөн шыйрак чыкпайт. Сизге андай кызматты эч ким убада кылган эмес. Ал тургай күзөтчүлүк жумушту да карматпайбыз. Түшүңүздү сууга айтып, үй-бүлөңүз менен керт башыңыздын амандыгын тилеңиз. Мамлекетти бөлкөнтай кылып, ич ара бөлдүртүп коё турган сиздей маңбаштар бизде жок! Ансыз деле тынч элди кагыштырып, жүздөгөн адамдардын канын төгүүгө шыкакчы болдуңуз. Баш аламандыкты уюштуруп, курал кармап, ок атып, нечендеген турак-жайлар менен үйлөрдү кыйраттыңыз...

- Мен эмес..."Үлпүлдөтүп, от тутантып, элди алаксытып тур" дебедиңиз беле? Менин кызматымды, көгүш түс жүз лимонумду тез унутасызбы, акежан!

- Дагы айтам, оозуңа келгенди оттобо. Эч качан андай сөз болгон эмес. Болбойт дагы. Мени аке деп... Мен сиздин балаңыз менен тең курдуумун. Жүз лимонуңду "чай ичип коюңуз. Менден сизге белек болсун, үкө!" деп кутуга таштап кеткен - өзүң,

мен сураган эмесмин. Жүзү жок десе! Белекти адам чын ыкласынан берет. "Чаар топу амалкөй, арампөш болот. Өз максаты үчүн шайтанды да, сатып алганга ыктуу" дегендери ырас тура!

- Анча акча жолдо чачылып жаткан жок. "Ишиме жараар" деген үмүт менен калтыргам.

- Кыскасы... Азыр сени менен эсептешкенге убакыт тартыш. Эгер билсең, мен сени менен бала-чакаңдын эсендигин ойлоп, түн уйкумду бөлүп, телефон чалган кербезим. Телефон тыңшалат, билесиң! Ошон үчүн убакытты уурдабай, сөзду ук! Сага кылмыш иши ачылышат. Ага ылайык сени дарга асса да, атып салса да жарайт... Бирок, алтының менен миллиард лимонуңду жокко санасаң, ал тыйының иш билги адамдарга жумшалып, өмүр бою абакта жатуу менен кутуласың. Ошондой өкүм чыгат. Сенин айыбың Ала-Тоодон жүз эсе чоң. Курал-жарактарды кандаштарыңа таркатканың, балдардын ишканаңдагы өлүмү, баш аламандык, мамлекеттик бийликти кулатууга жан үрөгөнүң – сенин мойнуңда. Өз алдынча өлкө курмагың да өйдөдө айтылган айыптарга кошуп тиркелет.

- Өзүмө курган алтын сарайда азыр сары чака жок.

- Аларыңды эмне, жер түбүнө көмдүңбү?

- Апта мурун аялым менен балдарымды башка фамилияга өткөргөм. Казынамда болгон алтын-күмүш, зер буюмдарымды аларга кошо түгөл жүктөп, өз самолетум менен Дубайга учургам.

Телефондон тиги жигиттин үшкүрүгү угулду.

- Кой, калган сөзду кийин сүйлөшөлү! Сен Баткендеги чек ара менен Тажикстанга өт. Ал жактан өз жолуңду таап алаарсың!

Носиржон түнү бою уктай албады. Өз үй,өлөң төшөгү өзүнө буюрбай, жат болоорун, аялдаса телефондон уккандай түрмөгө түшөөрүн эстеп, түн катып, качып кетүүгө ыктады. Дүкөн-базарлары менен мекеме-ишканаларын кармаган тамырла-

рына күн сайын түшкөн кирешелерди чып-чыргасын коротпой, өз наамына жибертип турууну дайындады. Узактагы Урмон менен Коргондогу Каржаадынын тамырын тартып, алардын кулагына тапшырмасын куйду. Жат өлкөгө жеткенде, утуру жардам жиберип турууга убадасын аябады. Кезеги келгенде кылгылыкты кылып, кыл жип менен бууп, чет өлкөлөргө из жашырган баш кесерлер менен ооганды к, сириялык жан кечтилерди чогултуп алып, кайра басып кирүүнү ойлоду. Мурда дайындап коюшкандай, чек арада аны эч ким деле текшерген жок. Тажикстандын Кайрак-Кум деген жерине өтүп, андан Дүйшөмбү аркылуу Түркияга учту. Ал жактан Швецияга бет алды.

Ошо түндөрү жөө-жалаң адамдардын чек араны көздөй убай-чубай өтүп жаткан шооратын чыкты. Күн мурунтан ат тезегин кургатпай чыгаар коогадан кабардар алышкандай. Узак айылынын оозу үйдөй-үйдөй таш менен тракторлордун чиркегичтери, темир-терсек менен бекем тосулду. Ок тийгенде жарылышы үчүн газ баллондорду бири-бирине зым менен чиркештирип, кыдырата тизишти. Кыз-кыркын, аялдар менен кол арага жарай элек балдарды, кемпир-чалдарды да коогадан чет талаага жөнөтүп, Узакта өңчөй алдуу-күчтүү жалаң эркектер калганы, аларга алда кайдан түз атар мылтыктар менен автоматтар, жардыруучу заттар таркатылган айың тарады. "Тияктан келатат, бияктан келатат" - деген ушак-имишке ууланган ала топулар бычактарын кайрап, узун шиштерди камдап, алда кимден коргонуу үчүн айыл арасында отряд курады.

11-июнда 2010-жылы кайрадан "Телтору" ат майданына эл жыйналды. Мурунку жол менен шаарды көздөй кайра жүрүш башталды. Каптал көчөдөн жолго чыккан чаар топулар таш баранга чыдабай, үйлөрүнө кире качышты. Жүрүштөгүлөрдүн агымы темир жолго жеткенде аларды милициянын атайын отряды жолун тороду. Кооптуу абал: балдар спецназдын куралына асылса, кокус ортодон чыр чыгып, мылтык атылса, Бишкек-

теги Ак үйдүн алдында жетинчи апрелдегидей кан төгүлмөк. Анткени, жөө жүрүшкө үч жүздөн ашык адам чыккан. "Азаттык" ушуну ойлоп, тынчтыкты тиледи. "Өөгүнкүдөй кан төгүлбөсө экен. Ок атылбай, эч кимге ок жаңылбай, уруш-талашсыз күлүп-жайнап тарашса... Носиржондын университетине барса, алардын куралы октолуу. Балапандай балдарга ок жаңылбаса..."

Бактыга жараша жөө жүрүшчүлөр темир жолдо спецназчыларга тийишкен жок. Табы күчтүү Күндүн алдында жол четиндеги көк чөпкө олтуруп, жарым – бир сааттай өргүштү. "Обл бийликтин алдына барып, митинг өткөрөбүз"- деп ишендиришти. Милициянын арасын эки-үчтөн болуп аралап өтүштү да, киши-кара көбөйгөн соң, чоң көчөдөн ылдый көздөй кайра жүгүрүп жөнөштү. Бирок, обл Ак үйгө токтошкон жок. Жөө күлүктөрдүн караанын "Азаттыктан" улам узап баратты, аралык бир топ. Областтык ооруканынын маңдайынан өтүп, Пушкин көчөсү менен ылдый жөнөгөндө каптал буйткадан чыга калган бир канча ала топу ээрчий чуркады. Алар суудай толкуп бараткан жөө караандарга жете албай, колдорундагы ташты алардын соңунан ыргытып, куру айбат көрсөтүмүш этишти.

Сакадай күрүлдөгөн машинанын бипилдегинен улам артка кылчайды. Унаасын жай айдаган Акыбай менен Советалы машинасынан жай берди. Алар калемгерди Жусупбек – Эркиндик көчөсүнүн кесилишине жеткирип койду. Андан ары ал жөө жүрүшчүлөрдүн сабына кошулду. Жөө күлүктөр тосмону жарып өткөн суу ташкындай түз эле Ленин көчөсүнө бурулду да, Носиржон ар күнү өз кандаштарын топтоп, арам оюна уулантккан короого жакындады. Окуу жайдын короосуна жалтанбай умтулган жалаң көйнөкчөн, кырчындай жигиттерди мылтыктардын огу тосту. Калкан – коргоочусу, куралы жок балдардын кайсы бирөөлөрүнө ок тийип, жерге томолонду. Октон чоочуган уландар жол талашып, кайра жапырт качып чыгышты. Окко туш болоорун ойлошпогонбу,

ызаланган калыбында жол жээгинен колуна урунган таш менен окуу жайдын айнектерин уруп, талкалаган болушту. Май куюлган бөтөлкөлөр имараттын ичине ыргытылып, жарылганы менен "чөөнүн" уюгу өрттөнгөн жок. Айла жокто ортодо тыным... Бети-башы сары чийкил, көздөрү араң ачылып-жумулган жашы кырктар чамасындагы шапкечен киши балдарды кайра айдактай баштады:

- Кана балдар, тургула! Кайра киргиле. Болгула!..

Имаратты капталдап өткөн жолго топтолгон жигиттер кайра каптоону чечти. Дарбазадан ары беш-он кадам аттап, короонун ортосуна жеткенде ичкери жактан "чуу, чуу" этип, дембе-дем ок жаңылды. Боз уландар бири-бирин түртүшө жол талашып, кайра артка чегинди. Жанагы сары чийкил ага карабай жалаң төш уландарга улам буйрук берип атат. Арык жээгиндеги тыттын көлөкөсүн терин аарчып, саялап турган "Азаттыктын" бул ирет чыдамы түгөндү. Бейкүнөө окко учкан балдарга жаны ачыды. Жигиттерди окту көздөй шыкаган неменин маңдайына эки аттап жетти да, каңырыгы түтөй зиркилдеди:

- Эй жигит, буларды эмне отко айдап атасың? Канча балага ок тийип, жайрандалганын көрдүң. Нечеси жарадар болду. Ошолор аз көрүнүп атабы, сага? Алардын ата-эне, жакындары кантип күн көрөт, баласынын ордун ким басат? Андай кыйын экенсиң, бар, өзүң кир!Балдарга тийишпе! –

Ачуу сөздөн улам сары чийкилдин деми өчтү. Сакадайды теше тиктеген бойдон таштай катып, ооз ачканга жарабады. Балдар да анын тилин албай, кийин таркап кетишти. Кандай ою бар экенин ким билсин, сары чийкил көпкө дэйре Сакадайдын артынан аңдып, кыйла күн бою көлөкөдөй ээрчип жүрдү.

Күн бешимде Советали телефон чалды. Ал Кочкор-Ата шаарында жашайт. Сакадайдын кечкиргенде үйүнө кайтаарын болжогонбу:

- Бүгүн жолго чыкпаңыз, аке! Биз араң-зорго үйгө жетип келдик.

- Эмнеге антип атасың?

- Жолдун эки бети, тээ Топурак-Белге чейин толо чаар топу... Биринчи айлампада, экинчи айлампада, андан жогору чыккан өйдөлүштү да жалаң ошолор ээлептир. Кол салуудан кайра тартаар түрү жок. Колдорунда курал деген жайнайт.

- Жолду милиция, МАИ, аскер дегендер кайтарбай атабы?

- Андайлардан бир жан көрүнбөйт. Милиция дегеле жок. Ала топучандар бир кокуйдун үстүнөн чыкчудай. Абайлаңыз!

Муну угуп, Сакадай тополоң басылгыча жол жүрбөй турууну чечти.

Эртеси, 12-июнда түштөн кийин Топурак-Бел ашуусуна жакын жерден уюлгуган кара түтүн көрүндү. Атылган мылтыктын үндөрүнүн жаңырыгы областтын борбор калаасына дап-даана угулуп жатты. Көрсө, ал жерде канабайран башталган экен.

Тынчтык бузулду. Мемиреген бейпилдик менен кулпураар калаанын көчөлөрү аңгырап, ээн калды. Бейкапар жүргөн адамдар да, машина да, көчө менен бир болуп, куушуп-ойногон балдар да көрүнбөйт. Жол бербей, каткыра күлүп, кызылтазыл кийими менен калаанын көркүн ачкан улан-кыздар, келин-кесек, аялдар, жигиттер менен олбурлуу кишилерден дайын жок. Энелери колдон жетелеген чүрпөлөрдүн да кыткылыгы угулбайт. Шаарда тамыр жайган түпкүлүктүү эл тоо тарапка качса, ала топулар чек арага ооп кетишкен. Калаанын чет жакасындагылар эшик-дарбазаларын ичинен илип, көчөгө чыкпай коюшкан.

Күн алоолонуп, кызып чыкты. Көчөдө жалгыз калган Сакадай ысуулап, өзүн чоктун табы өчөлек дандырдын ичинде калгандай сезди. Төбөсү менен таманынан да ысык урат. Тамак кургап, тамчы суу көздөн учту. Чаңкоо басканга чөйчөктөп, суу сатчу күркөлөр да жабык. Электр жарыгы өчкөн. Иш-

каналар да, базары менен дүкөн, ашканалар да бек. Жолдун бирде аркы башынан, бирде берки башынан бети-башын чүмкөгөн куралчандардын карааны көзгө илешет. Ленин көчөсүндө кызыл жалын чачырап, өрттөнгөн үйлөрдүн түтүнү көккө буралды. Шаардын чок ортосундагы базардын айланасынан дембе-дем "баң-ң-баң-ң" үнү чыгып, мылтык атылып жатты. Сакадай бурчтагы бетон тосмого калкана калып, ок учкан тарапка көз жиберди. Мылтык үнү өчкөндө ким атып жатканын билүү үчүн жолдун аркы жагына жүгүрүп өтүп, жоон даракка калкаланды. Аңгыча болбой, мылтыктын атылган үнү базардын күн чыгыш тарабынан угулду. Базарды айлана качкан көйнөкчөн уландар бири менен бири жарыша чуркап өтүштү. Аларды куралчан бейтааныш киши куруп алган. Ал ачык жерге чыга калып, сүрөткө тартканы фотоаппаратын шыкаалаган Сакадайды көрө калды да, чамасы тааныгысы келбедиби, артына кайрале ойт берди. Түн бир оокум болгуча ар кайсы туштан мылтык атылды. Ок атылганда, Сакадай үй-дарактарга далдалана калып, шыкаалап турду.

Сырттагы кулак тундурган ок атууларды тыңшап, Сакадай кирпик ирмей албады. Батиринде жалгыз. Зайыбы менен бала-чакасын тоз-тополоң жалбырттаарда шаардын четки көчөлөрү менен айылга жөнөтүп ийгенин, эми оң санады. Айыл тарап тынчыраак.Түн жарымда Бишкектен бейтааныш бирөө областтык телеканалдын өрттөнүп жатканын сурап калды. Теле ишкананын кабылдамасына, анан деректирине телефон чалды. Эч кимисинен жооп жок. Имарат Носиржондын короосуна маңдай-тескейлеш. Телеканалдын кызматкерлери да жумушка чыкпай койгон. Үч кабаттуу мекеме Носиржондын кандаштарынын айыл-көчөлөрүнүн курчоосунда турат. "Чөөнүн кишилери чок таштаган болуу керек" - деп түкшүмөлдөдү ал. Өз батири менен телеишкананын аралыгы да бир кыйла. Көөдөй түндө өзү жалгыз кантип барат, коргоор эч ким жок?

Милиция өөдөдөн түшкөн буйрукка моюн сунуп, өз кеңсесинен сыртка чыкпай калган. Өрт өчүрүүчү мекемеге телефон чалды. Алардан телеканалдын жалбырттаган кеңсесин өрттөн куткарууга барганын, бирок, андан майнап чыкпай, куткаруучулар топучандардын соккусуна кабылганын укту. Окуя мындай болот: өрт үчүргүчтөр машинасы менен теле мекемеге утурлаганда анын тушундагы университетке чогулгандар жолго чыгып, жабыла аткылап кирет. Өрт өчүргүчтөр аргасыздан токтобой өтөт. "Чөөнүн" кишилери аларды Спутник шаарчасына дейре кууп, аткылап, колго түшүрө албай, артына кайтат. Шоопурдун далысына ок тиет. Өрт өчүргүчтөр айдоочуну айланма жол аркылуу ооруканага жеткиришет.

Ошол эле түнү автоинспекция мекемеси менен областтык бажыкананын кеңсесин өрт чалды. Муну автобекеттин оро-парасында турган көп кабаттуу үйдүн жарыгы өчкөн терезесинин жылчыгынан орто жашар аял шыкаалап карап турду. Ал балдары менен жалгыз калган болчу. Аял калаанын ичин көздөй ала топучандардын тилинде сүйлөп өтүп бараткан катар-катар кишилердин түрүн байкап, жанынан түңүлдү. Курал, бычак кармаган ал адамдар кирип келсе, кайда качат? Кошуналары алда качан эле айыл-кыштактардагы туугандарына ооп, батирлерин таштай качкан. Бул аял жакыны жоктугунан кайсы жерге барып, баш калкалаарын билбей, уул-кызы менен кала берген. Ал өмүрүн тобокелге салды: "Үйгө баш бакса, булардын эмне издеери, колунан кандай "жакшылык" келеери белгилүү. Кара ниеттүүсү атайылап мага асылаар. Балдарым жабыр тартпаса экен. Талап-тоногонго жыйып койгон дүнүйө-мүлкүм, таңгак-таңгак акчам, мойнума тагынган алтын шуру, кулагыма илген сөйкөлөрүм, билегимде алтын-күмүш билеригим деле жок. Оокатым деле түгөндү". Не бар не жок, чаба албаса да, балтасын камдап, бурчка койду. Үрөйү учкан кыз-уулунун чачынан сылап, алар ыйлактаганда, жалынып-

жалбарып атып сооротту. "Бала ыйын эшитти дегиче, тиги көркоолор  каалганы талкалай тээп, ичкери кирип келеери бышык". Аял болжогондой Узактан машиналар менен чыккан чаар топулар шаардын түндүк жагына барып, көп кабаттуу үйлөрдү аралады. "Аллаху акбар" деген үндөрү жаңырып, терезелерди аткылап, бензин куюлган бөтөлкөлөрдү ыргытып киришти. Алар түпкүлүктүү элдин уул-кыздары жалаң кабаттуу үйлөрдө жашаарын алдын-ала чалгындап чыккан. Турак-жайларды өрт каптап, автоматтын үнүнөн айлана жаңырды.

"Чөөлөр" Кыргыз Республикасы көчөсүнүн баш тарабына жеткенде буктурмада турган жигиттер алар менен кармашка түштү. Шыңга бойлуу Шермамат ок тийип, каза тапкан эки милиционердин денесин далдааракка жылдыртты да, шериктерин үчкө бөлүп, "чөөлөрдүн" алдын тороду. Чүйдөн жардамга жиберилген эки жигиттин "тынчтыкты сактайм, элимди коргойм" - дегени менен бир да ала топучанга ок атмак түгүл, каш кайтарбаса да, эч себепсиз окко учканына көзү жашылданып, жаалы кайнады. Бир жагы  алардын өчүн алганы, экинчи жагынан көп кабаттуу үйлөрдө жашагандарды коргоо үчүн ала топучандарды кууп жөнөдү. "Чөөлөр" берегидей каршылыкты күтпөгөнбү, жол ортосунда токтоп турган үстү ачык машинасына көздөй жулунушту. Бирөөлөрү артына кайрылып, ок чыгарып атты. Бир кезде Шермамат акырегине темир үчтуу нерсе сайылганын сезди. Мойнунан ылдый жылуу кан сызылды. Качкандарды кууп баратып, буту чалыштап, аспал жолго жүзтөмөнүнөн кулады. Машинанын от алганын кулагы чалды. Болжолу, жоо чегингендей. Жанына жете келип, колтугунан сүйөгөн шеригинен сурады: "Балдар аманбы? Чөөлөр качтыбы?" Ал акырегине тийген ок ичин аралай өтүп, жамбаш сөөгүнө жетип, такалганын билген жок. Эсинен танган абалында аны ооруканага жеткиришти. Бул арада машинанын үстүндө мылтыктарын соройто кармаган узактык "чөөлөр" түнката качып баратышкан.

Денеси бычак менен тилинип, кескиленип өлтүрүлгөн жигиттердин сөөгү эртеси Носиржонго караштуу короонун бурчунан табылды. Кебетелери түпкүлүктүү элден. Бу чөлкөмдө жалаң Носиржондын кандаштары жашайт. Көрүнгөн жери тилинип, башы – көзү билинбей, устукандалган табытты, чыдап тиктөө кыйын. Муну көргөн Сакадай туталанып, канкорлорго кеги ашты... Ал жигиттердин жан таслим эткенине күмөн саналган эки ала топу август айындагы соттон бошонуп чыкты. Алар сот убагында адамга тик багып карай албай, башын жерге салып, бирде көздөрүн ала качып, жалтакташты. Экөө сом менен доллар, евро акчалары таңгак-таңгак болуп, шыпка дейре жыйылган жер төлөгө бой жашырганда колго түшкөн. Жай күндөрү эл кым-куут кирген ашканасы бар чаар топулуу аксакал ал балдары кармалганда спецназга оо бир кыйла, миллиондой акча сунуштап, сатып алмак болгон. Бирок, милиция анын парасын албай, ишин сот таразасына койду.

12-июнь, 2010-жыл. Таң супа салганда Узак айлампасында ала топучан жайнады. Айлампага жакындаган "Мерседес" автомашинасын көрө калгандардын бирөө:

- Келатат, камдангыла! – деп ач айкырык салды да, тээ ылдыйдагы кандаштарына кол булгады. Чет жакадагылар кара таандай көбөйүп, нукум жер бош калбай, жол ортосуна үйүлүштү.

Бейше жогору жактан жүрүп келип, Ош-Бишкек жолуна түшкөнү айлампадан оңго бурулду. Ал алды-артын торогон кебетелери суук кишилердин бут алдына жетип, унаасын токтотууга аргасыз болду. Жолго чыгаар алдында зайыбынын: "Бүгүн эч кайда барбай эле койчу!Тополоң чыкканга чочулап атам. Кандай күн болот, ким билет? Жумуштагыларга телефон чалып, уруксат алып, үйдөн жылбачы!"- деп, алааматты сезгендей көзүн кылгыртып, жалбарганын эстеди. Келбети келишимдүү, ай жүздүү жарын: "Мага ким тийишмек эле. Кудайга шүгүр! Жаза тайып бирөө мушташам десе, коргонууга

күч жетет. Мына" - деп жубатып, жоон билегин көрсөткөн. Жогорку билимдүү болгону менен дипломуна жараша иши жок, жол четиндеги күйүүчү май куюучу бекетте иштеп жүргөн. Пара берип, кызмат алууну ойлогон да эмес. Татынакай жубайы менен мотурайган үч баласы үйдө калган.

Артка кайтып, же топучандарды жирeп өтсө жарашмак, анте албады. Бейтааныш кишилердин кара ниетин капарына алган жок. Машинасын өчүрбөй, "жолдон качкыла" деген таризде сигналын узакка бипилдетти. Тигилер угуп-билип турса да, жол ачпай, турган орундарынан козголбоду. Үрөйлөрү суук, жан алгычтай туюлган топучандар машинаны тегерете курчап, союлдары менен карса-курс чапкылап, айнек сыртынан мылтык такашты. Учтуу шишти кармаганы айнек аркылуу чыкыйга саймак болду. Бейше эңкейип, терезесин жабууга үлгүрдү. Бирок, утуру согулган таяк жана таш, дөөтүсүнүн алдыарткы айнектеринин бырын-чырынын чыгарды. Аңгыча болбой, кимдир бирөө ширеңке чагып бөтөлкөнү күйгүздү. Май толтурулган бөтөлкөдөн дүрт этип, от жалындады. Өрттүү ишени машинанын ичине ыргытып ийишти.

Жалын көз ачып-жумганча унааны жалмады. "Мерседесчен" түтүнгө какап, жалын кийим-кечесине жармашканда эшикти ачып чыкты. Жон териси ачышканына зааркана чыдап, бет маңдай тургандарды муштумун эки жакка сермей качырды. "Баатыр Манастын урпагы ушу силерден корко турган мен эмес. Топтолуп алып, жалгыз адамга тийишмей силердин адат. Көптөшүп, мага асылганыңар – жолборсту талаганы туш жактан орой чуркаган салпылдак иттердин үргөнү менен тең" деп ойлонду. Носиржонды даңазалап, көкөлөткөн кандаштарынын максат-тилеги Бейшенге да жеткен болчу. Ал: :

- Эй туугандар... Эркек экенсиң, жекемеге чык! Билем мен, силердин узактык ала чапан экениңерди! Биз, Манастын тукуму эч кимге катылбайбыз, Ата-Журтубузду силердей

басмачыга алдырбайбыз. Өзүңөр урушту баштадыңар!Катылгандын катыгын бергенге күчүм жетет. Өлсөм да, кайра тартпайм... Кана, келе бер, бирден – деп кыйкырды да, көйнөгүн чечип ыргытып, тигилерге атырылды. Бирок, топучандар артка тисерилип, ага даап, жакындай алышпады. Бейшен алдастаган эмелерди кууп барып, колуна урунган экөө-үчөөнү улам төбөсүнөн өйдө көтөрүп, башынан ашыра ыргытты. Топтун ичинен кимдир-бирөөлөр: "Я, Алла, я Алла! Алоху акбар!" - деди да, анын соңунан удаама-удаа мылтык атылды. Экинчиси шыргыйдай узун таякка байлап алган шиштүү учту Бейшенин курсагына, жүрөк тушуна сайгылап, бышып-бышып алды. Башкалары таш бараңга алып, эки метрдей темир таягы менен башка-көзгө чапкылаганга өттү. Көкүрөгүнө тийген октон улам көңүлү айланып, жер көчкөнсүп, Бейше теңселип турду да, саамдан соң, жүзтөмөнүнөн жыгылды.

- Болду, токтоткула! – деп, топ караанын ичинен бирөө колун көтөрдү. - Кыймылдабай калды ! Мунун эмне күнөөсү бар?.. – Ала топулар ичинен шыпшынып, Бейшенин чыдамкайлыгы менен күчтүүлүгүнө тен берди.

- Унчукпа!.. Э энең... Тирүү калса, эртең кулуңду көккө сапырат. Биротоло жок кылгыла. Жогол нары. – Жаак-бетин жүн баскан неме шериктерин жоошуткан аркыны муштуму менен ооз талаштыра койду.

Бейшени курчаган ала топулар аны кыйлага тепкилешти. Таш менен башын жанчышты. Ак сурп көйнөк, дамбал ыштанчаны шимшилеп, шымынын чөнтөгүн аңтаруу менен убара. Ал канга боёлгон акчаларды кармагандан да жийиркенген жок. Тапкан пулду жеңине сүртүп, тазалаган соң, төш чөнтөгүнө тыкшырды.

Бети-башы таанылгыс болуп жарылып, кара күйүккө чулганган денеси канга чулганып, жер тарткан жигит акыркы жолу калбайып шишип чыккан кандуу эриндерин кыбырат-

ты. Жарык жалп өчүп, караңгы түнгө оп тартылгандай болду. Көркоолор буту-колу узун, кең көкүрөк, дөөдөй жансыз денени сүйрөп, айлампага коңшулаш талаага алып барып таштады. Бул убакта "Мерседес" чатырап күйүп, төрт дөңгөлөгү менен темир-терсектери гана калган болчу.

Аялы Бейшенин сөөгүн нече күн издеп, тополоң басылгандан кийин өлүкканадан тапты. Сай-сөөктү сыздата зыркырап ыйлап, карайган денени кучактады да, эсил кайран жубайын өлүмгө кыйбай, эси ооп жыгылды...

Келин жасалгалуу, кең каананы ээлеген прокурордон күйөөсүн адам чыдагыс мыкаачылык менен өлтүргөн канкорлорду табууну суранды. Узак айылынын босогосуна коюлган тосмону жок кылууну, айыл үйлөрүн тинтитип, жашырылган куралдарды таап чыгууну өтүндү. Анткени, бу чөлкөмдөгүлөр ала чапандардын автомат, пулемет, беш атар сыңары куралдарды сатып алып, күн мурунтан тирешүүгө камданганын беш манжадай билишчү. "Катылган куралдарын качандыр бир мезгилде сууруп чыкпайт" - деп, ким кепилдик бере алат? Тескерисинче, жайкын маалда тоолуктар менен эски койчу-малчылардан аңчылык мылтыктарды бирден жыйнаган кызматтагылар чаар топулардан курал алууга батынган жок. "Өз ыктыяры менен тапшырсын" - деген болушту. Түпкүлүктүү калк алардын тили таттуу болгону менен токсонунчу жылдан тартып, чейрек кылымдын ичинде кайра балта-бычак көтөрүп, мылтык октогону тууралуу өз ара сыр бөлүшкөн бойдон кала берди. Бейшенин түгөйү ушинтип сүйлөдү.

Жумшак орундукта чалкалап, буттарын кайчылаштырып олтурган генерал үстөл черткилеп, угумуш эткени менен жесир аялдын зарлап-какшаганына анча көңүл бурган жок. Ыргылжың түрдө: "Узактын тосмосуна мен да бара албайм. Алардын колунан бөөдө ажал тапкым келбейт. Милицияны жиберсем, жыш жашаган узактыктар куралын тартып

алып, канабайран салса, кантип токтотобуз? Коюңуз... Кайрат кылыңыз да, белиңизди бек бууп, ачууңузду жутуңуз.. Мен да үй-бүлө, бала-чакама аман-эсен кайтайын" - демиш болду.

Үмүт менен барып, шагы сынган жесир келин өз жеринде коргоосуз калганына, бели мертингенге калка болоор, жашын аарчыыр чоң сөрөйдүн табылбаганына каңырыгы түтөп, муңкана ыйлады. Жолката "өз көлөкөсүнөн корккон пенде тура! Сага окшогонго ишенген кайран эл. Сендейлердин айынан байып-чириген ала топулар бизге утуру муштум түйүп, бей-бечараны жиликтейт тура" деген ойго аргасыз жеңилди...

Бешим чен. Улгайыңкы милиционер Узактын төрөтканасында нөөмөттө турган аялынан кабар алып, областтын байтагындагы үйүнө кайтып келатты. Айлампада кара кузгундай болуп топураган калың караан аны чочуткан жок. Демейки ызы-чуудай көрдү. Мындай чак-челекей чатактын далайын башынан өткөрүп, ажылдаган ала топулардын алабармандыгына көнүп бүткөн. Кызмат маалында ууру-кески, канкорлордун изине түшүп, бетме-бет кармашта аларды кыйла ийлеп, күчүнө моюн сундурган соң, колдоруна кишен салып, абакка айдап келген. Эс алууга чыкканы менен азыр да каруу-күчүнөн тая элек. Өзүнүкүнөн бөлөк ары-бери каттаган машина күндүр-түндүр кыймыл токтобогон жолдо көзгө көрүнбөдү.

Эки четинде кыдырата тал-тереги жыш айылдын ичинен суурулган кызыл түстүү "Тико" унаасын көрүп, топучандар айран - таң. "Биздин кыштакка киргенге качан үлгүрдү? Чычкан мурду жөргөлөгүс кылып, айылдын сыртынан коргон курдук. "Тикодогу" киши болду-болбоду асмандан түшкөн чалгынчы. Биздин ар кайсы бурч-жолдогу бекет-постторубузду картага чийип жүргөндүр". Топучандардын бири ушинтип ойлонду. Темир таякты сүйрөп, улам жакындаган машинаны утурлады. Калгандары анын артынан ээрчип, кылкылдаган караан арасынан унаа өтөөр жылчык жок.

Жашы алтымышка таяган милиционер жөн эле багына койбоду: ал жакасына асылып, машинадан сууруп чыкмак болуп, сунулган колду кайрыды. "Тиконун" каалгасына капталынан такалган адамдын бөйрөк тушуна удаа-удаа сокту. Ороп турган топчундардан жалтактабай, сыртка чыкты. Качууну оюна албады. Ызылдаган эмелер ага туш-тараптан аарыдай жабылды. Алыбеттүү ардагер жолборстой атырылып, колуна билеги урунгандарды көтөрө чапты. Ортого алган топучандарды качырып, жакын жолотпой, айланта тепкиледи. Бычак шилтегендин билегин кагып, бычагын түшүрдү. Ага болбой, ар кайсы жактан таяк-таш жамгырдай жаады. Беш-алты адам айрынын учу менен жан-жагына сайып өттү. Таяк-таш үстү башына сокбилектей согулуп, он чакты адам жабышты. Чалып жыгышты. Эсинен тангыча токмок токтободу.

Бүт денеси жанчылып, кызыл-ала канга жуулган эски милиционерди көөнө эки дөңгөлөктүн ортосуна коюп таңышты. Андан кийин үстү-башына сасык май куюп ийишти да, ширеңке чагышты... Жалын чырмаган адамдан "кыңк" деген, же жалынып-жалбарган үн чыкпады. Кийин өлүү денени жарымы күйгөн дөңгөлөктөргө кошуп, айлампа четиндеги дарактардын артында керилип жаткан талаадан ор казып, сөөктү жашырышты...

Чачы тармал, жаак-ээгин түгөл жүн баскан киши дандырдай чоң курсагы кичинекей кабинага араң сыйганына, күшүлдөп-бышылдаганына карабай, башкалардан кызганып, кызыл түс "Тикону" үйүнө айдай качты. "Алган-жутканым эсеп. Сырт-ичин бир сыйра боёп таштайм да, тополоң басылганда маңыроолорго пулдап ийем. Карасаң ай, бычак-шиш менен сайдым, быштым. Каны чуурулуп атса да, чук этпеди. Баатыр экен, өлөөрүн билсе да коркпогон. Эр жигит экен. Бизде ушундай эр жүрөк, арстандай күчтүүлөр жок да" - деп шыпшынды ичинен.

Эки-үч күнгө созулган ызы-чуу бир жаңсыл болгондо из кубарлар кара чүпүрөк менен чүмбөттөлгөн машинаны анын үйүнөн таап алышты. Милиционерди күм-жам кылгандыгына шек саналып, кармалганы менен оозу-мурду кыйшайбай, айыбын танды. Шериктери да тилин тишине басып, көзмө-көз беттештирген суракта күнөөсүнө күбө өткөн жок: тополоңго дейре сөз бекишкендей "көргөн эмесмин, билбеймин" дегенге чыгышып, ийин куушурушту. Ала чапандарда сырга бекем, ушундай касиет илгертен бар: чоңдун тилинен чыкпайт. Жаңы эле амандашып, жүз көрүшкөн кандаш тааныш-тунушу, же айылдашы жөнүндө чоочун бирөө сураса, ооз ачмай жок, "таанызбайм, билбейт экем" деп, танып иймей...

Бишкек-Ош жолу Күн чыгышка бараткан унаа Топурак-Бел ашуусунан ылдый түшө берген оң жакка, Узак кыштагына бурулган тушунан бөгөлдү. Ал жерге өңчөй ала топу, ала чапан айылдардын эркек таналары топтолду. Түрктөр куруп, бирок, иштетпей, таштап койгон пахта заводдун жолго караган узун, күлбото дубалын ала топулар ара-арасынан муштум баткыдай кылып кыдырата оюшту. Оюктан мылтык чыгарып, жолдон ары-бери өткөндөрдү, же кол салгандарды атып, коргонгонго ылайык. Бетон тешиктен дубалга жашынган адамдын бети-башы, тулку бою такыр көрүнбөйт. Чукулдук, кетмен-күрөктөр менен өйдө-төмөнтөн жол жүрүп келаткан автомашина "күп" этип түшүүсү үчүн Бишкек-Ош кан жолуна туурасынан чуңкур казылды. Бул чөлкөм аркылуу мунай жер түбүндөгү куур менен кара майдан бензин бөлүп чыгаруучу заводго агып барат.

Чөөлөрдөй үйүлгөн ээнбаштарды Урмон баштык теске салып атты . "Оштогу кандаштарымды жексен кылып атышат. Алардын өчүн алып, Насиржан айткан бийликти ээлейбиз. Ал такка отурса, мага биринчи орун басарлык, Саламатханга социалдык вице-премьерлик тийеер. Ага чейин борбордогулары

кылчайбай койгон түпкү элдин кулун көккө сапырып, үшүн алып, кыңк эттирбей бийлегенге көндүрөлү"- деп, түпкүлүктүү элге кекенип, муштумун түйдү. Жоош-момун карапайым калктын арасынан эч ким ага кенедей да кесирлик кылбаганын ойлогон жок. Чоң айылдын эркектаналарын коргонууга чакырып, жолоочуларга кол салууну ушул баштык үндөгөн. Ким эмне жумуш аткарат, кайсы бактын түбүндө, жолдун кайсы бөлүгүндө ким турат? Ал эмес, өзү жок жерден ойлоп тапкан "душмандардын", болгондо да уруш-талашка эч тиешеси жок, кан жол менен өйдө-төмөн өткөн түпкүлүктүү улуттун тукумдарын көзүн тазалоо да ошонун буйругу. Улутчулдар ушу баштыктын нускоосу менен кара май аккан куурду жара бөлүштү. Андан оргуп чыккан мунай жол бетине жайната төгүлдү. Урмонжандын минткен амалы: "жолдо каттаган автомашиналар казылган чуңкурга жетип-жетпей, мунайга сыйгаланып, аңтарылып, токтойт... Кыймылдабай, жүрбөй калган унаага жан жөкөрлөрү жетип барып, кузгундай ороп алат да, машинадагы адамдарды заматта кылтактайт. Туткундарды уруп-согуп өлтүрүп, талап-тоногонго оңой... Жол жүргөндөр аялбы, эркекпи, кары-картаңбы, иши кылып, ала топу же тили буруу эмес, түпкү улуттан болсо жетиштүү, кокту-колоттун ичине сүйрөп барып, койдой мууздап, иликтеп-жиликтеп, денесин курт-кумурска жегенге талаага таштамай. Чаң ызгыган саратанда ширеңке чаксаң, дүрт жанаар куусаң чөпкө бөлөп өрттөмөй... Бар, анан таап ала берсин. Из кубарлар тинтип, издеп тапкыча кыйла убакыт өтөт. Жан таслим болгондордун аты-жыты ың-жыңсыз калат. Аларды жайлагандарды таанып калаар күбө жок. Чек арадан ары жактан баш кесерлерди жалдап чакыртканым оң болуптур. Жаны кыйылып, көзү соолугандарды ошолорго оодарып таштайбыз. Шектүүлөрүбүз жер оодарып, балким Сирияга, же арап, оогандарга кошулуп кетебиз. Антпесе, кармалгандарды түрмөдө чиритпеши үчүн

тергөөчү, буркурор, сотторго ар бир адамдан пул чогултуп, абактан аман-эсен кутултуп алабыз ". Урмон ушинтип ой жүгүрттү. Ычкырына кындуу бычакты байлап жүрчү, басмачы мүнөз, бөтөндүн канын суудай төккөнү менен намазга беш убак жыгылган өз туугандары антка катуу турaарына ишенди: алар өзүнүн, же башка бир кандаш тууганы жасаган айыпты чоочун адамдын көзүнчө ачпайт. Бир тилдүүлөрдүн, өзгөчө Урмонжандай чондордун айтканы – мыйзам, дегени – деген.. Кылгылыкты кылып, кыл жууп менен бууп, адам канын агызганы мечитке каттап, намаз окуп, кылмыш-күнөөсүн кечүүгө Кудайдан ырайым сурайт.

"Ошто жаңжал. Ата-теги үстүнө капталы жарма тилик, көк-жашыл ыраң бейкасам чапан, башына ала топу кийгендерден өч алынышы мүмкүн. Түпкүлүктүү элдин башын өлүмгө сайган тайманбас уулдары Бишкек менен Аксыдан кырк-элүү машина болуп, кек кууганы биз жакка келатат имиш" - деген ушак желдей тарады. Муну угуп, топучандардын үрөйү учту. Бөөдө жоо издөөгө каскак болчу мындан бөлөк себеп жок эле. Узакка, же ала топучан айыл-кыштактарга канабайран салуу -кимдир-бирөөнүн акылына келген эмес. Урмон кайдагы жөнсүз имиштин анык-жалгандыгына чыккан жок. Өтүрүк кептин айынан элди дүрбөткөнүн: "Чын эле ошончо адам бизди басып алса эмне болот? Мал-мүлкүбүз, байлыгыбыз самандай сапырылат. Кыз-келин, аялдар таланып, көөдөк балдар айрыга сайылабы?"- деген опсуз кыялга ууланды. Мындай оюнан дээринен коркок чалыш неме өзү да чоочуп, жырткычтардын ач чеңгелине талангандан бетер калчылдап титиреди. Күн батыштан келчүлөрдү жан алгыч көрдү. Топтолгондор кажы-кужу. Бири-бирин угаар эмес. Орто жолго кара таандай үйүлгөндөрдү көрүп, кубат байлады. "Кудайга шүгүр! Беш атар, карабин, автомат деген толтура! Күйүүчү май куюлган бөтөлкөлөр да даяр. Анан эмнеге корком?... Миңге чукул адам

топтодум. Бизди жеңиши кыйын!" Түшкө жуук шамалдай ылдамдык менен зуулдаган автомашинанын карааны көрүнгөндө жол ортосунда үймөлөктөшүп турган чаар топучандар четке чыга качышты.

Каптал-арткы айнектери караңгылатылган унаанын ичинен топучандардын башынан ашыра ок атылды. Машинаны айрып-таануу кыйын. Тигилер жерге жата калышты. Эч кандай номери жок, кыйла узап кеткен автоунаага көз чаптырган Урмон жерге оонаганда чаң жармашкан көйнөк-шымын кагып:

- Көрдүңөрбү? Өч алгычтардын туңгуч чабалекейи учуп келди. Бул – биринчи жышаан! Бардыгың камдан! – деп угуза кыйкырды.- Орус, татар, түрк, же башка улуттан колго түшсө, чекесине чертмей жок! "Кыкелер" учурады дегиче эч аябай, тукум курут кылгыла! Кыз-келиндерин эмне кылышты мен айтпай эле коёюн, ага акылыңар жетет: белиңерди суутуп алсаңар, алардын боюна бүтсө, тукумубуз көбөйөт... Эркектерин айоо жок. Тестиери болсо да, эртең чоңоюп, бизден өч алат... Гафур, сен нашаа кошулган палооңду бышыр. Нашаалуу ашты жеген адам эчтемеден жалтанбай, башканы кой, атасын сойгондон да кайра тартпай калат. Палооңду ушу тургандардын баарына бир кашыктан болсо да ооз тийгиз...

Адыр бойлогон даңгыр жол менен бурумду көздөй жоон топ адам келатты. Коюн-колтуктарында канжар, шамшар, сойгон мылтык. Алардын бир бөлүгү айланасына токулган зым тартылган короого жакындады. Бишкек-Ош жолундагы бурумдан аралыгы жарым чакырым турган короодогу станса обулуска электр тогун өткөрөт. Стансада бүгүн Алмаз кезметте. Тигилердин "бери бас" деп чакырып, кол булгаганы алданеден шек санатты. Ал зым тосмонун бир адам батчу эшигин ачкыч менен ичинен бекитти. Зым тосмого котологондордун бири жеңин чыканагына дейре түрүп, ага көрсөтүп, бычагын

экинчи колундагы шамшарга кайрап атат. Эч себепсиз: "Ач, ач!.. Азыр соёбуз" - деген кыйкырык – бакырык. Кээси темир каалганы тепкилеп, ургулайт. Алмаздын денеси дүркүрөдү. Энеси менен кызын "антем, минтем" деп, уят сөз менен ашата сөгүп, жулунгандарга да теңелген жок. Ала топулардын жаны таттуу болоорун эстеп, зым тосмодон ашып өтүп, короону басып алаарына көзү жетпеди. Акыйнек айтышпай, ичкери басты. Милицияга телефон чалды эле, жооп болбоду. Сыртта короочу ит чоочундарга айбат кылгансып, тынбай үрүп жатты. Атылган октун үнү чыгып, кыңшылап барып, сулк жыгылган иттин үнү өчтү. Алмаз билектей ачкычты кармап, подстанциянын шатысына чыга берди да:

- Качкыла! Болбосо, азыр зым тосмого ток жиберем! Ток тепсе, баарың тыраясың! – деп кыйкырды. Атайылап ток жүргөн зымга суу чачты. Анын соңунан ачкычын темирге ургулаганда, зым "чыр-р, чыр-р, чарс-чурс" этип, кызыл-көгүш жалын бүркту. Баятан темир тосмого кара кулак шер сыяктанып, жулунгандар коёндон бетер дыргаяктап качты.

Арадан үч-төрт саат өттү, не өтпөдү. Бурум жакта ылдыйдан куулдөп жогору чыга берген женил унаага туш-тараптан жарыша ок атылды. Унаа бирдемеге урунуп, токтогондой үн чыкты. Кыйкырык-өкүрүк, аялдардын чыңырган үнү... Анан жалбырттаган өрттүн кара түтүнү асманга уюлгуду. Алмаз стансанын шатысына чыгып, карады эле, Бишкек-Ош жолунда болуп жаткан окуя даана көрүнө бербеди. Стансаны бойлой өткөн жолдун ылдый бөлүгүндөгү үйлөр менен бак-дарактар тосуп калды. Ага удаа алдыда бир киши, анын артынан төрт аял стансаны көздөй чуркады. Эркектин бети-башы кан. Алмаз эшигин ача койду.

- Ох-х, жолдо атып жатышат... Жалаң мобу кыздын туугандары ...- деди бейтааныш эркек, канталаган жаак-бетин жузаарчысы менен сүртүп, колун өң – далеттен кеткен үч аялга

жанаша отурган чүмбөтчөн кызга жаңсап. Саратан кайнап турса, ал кыздын көзүнөн башка денеси жабылуу, оронуп-чулганган. Ал айыптуу немедей башын жерге салды.

- Кайсы шайтан айдап, бүгүн жолго чыктым эле? – деди бир аял тизесин муштагылап. – Ой кан ичерлер ий!.. Ушундай да мыкаачы болушабы? Биз эмне кылдык аларга, тоогун күш дебесек, итин кет деп куубасак. Жүзү каралар!.. Эки кишини атып, бычак менен шылып салышты. Базарга барып, мал сатып, кайтып келатышкан экен.

- Бир сулуу аял менен эки кызды уруп-тепкилеп, колот жакка сүйрөп кетишти ээ, канкорлор! Ал шордуулар кандай жазага туш болду экен... Камчыбектин аялы Акбилек айымдын чач учтугун кыркып алган орустарды бирин койбой жок кылып, аялды коргогон Акбалбандай баатыр балдар кайда жүрөт?... Ой башым, - деди башка бир аял. – Мойнумдагы алтын чынжырды үзүп алышты. Чекемди жара коюшуп, акчаларымды талашты. Ой кан ичерлер ий!.. Базарлык, түйүндөрүмдү колумдан жулуп алышты. Кызымдын септик буюмдарынан айрылдым..

- Аман калганыңызга сүйүнүң, эже!.. Чатыңызды айрып койсо, колуңуздан эчтемке келбейт. Унчукпаңыз, жетишет быягы – кепке чүмбөтчөн кыз өз тилинде аралашты.

Үчүнчү аял экиленгени үчүн чүмбөтчөн кызды жек көрө тиктеди:

- Сенин туугандарың болгон үчүн сага тийишкен жок.

- Айланайын эже! Мен деле сиздер менен маршруткада бирге келаттым го. Жол тоскондордун бирөөсүн таанысам, өлөйүн! Кечириңиз... – деп жалбарды чүмбөтчөн кыз.

- Ырас, - деди жарадар киши – мында айып жок.

- Булардын тили ширин, дили катуу. "Ляппай деп жүгүнгөн чаар топунун эки колунда эки шамшар жүрөт. Боюн түздөп, өйдө туруп бараткан да ошо бычактары менен жанын-

дагыны сайганга маш" - деген сөз төгүн жерден айтылбаган. Жанында жүрсө билинбейт, булардан өткөн кан ичеер жок. Мындайлардын сырын аралаш жашаган адам билет.

...Аптап көзүн уялткан Кайры араң-зорго эсине келди. Башы зыңгырайт, омуртка сөөгү талкалангандан бетер катуу ооруп чыкты. Сол буту сынган белем, кыймылдатуу мүмкүн эмес. Коргондогу үйүнөн кабар алганы кызы менен курдаш бийкеч жана дагы эки киши менен бир унаада келаткан. Бийиктеп бараткан жолдун эки айрылышына жакындаганда "даң-дуң" этип, туш-тараптан ок атылган. Таксинин айнеги бырын-чырын чыгып, айдоочуга ок тийдиби, ал машинаны эптей албай, дөңгөлөктөрүнөн айрылгандай болгон машина октос берип, жол четине кулаган. Жүзүн жүн басып, башына ак топу кийген бейтааныш кишилер жан алгычтай туюлду: жол жээгиндеги дарак-камыштардын арасынан чыга келип, колдорундагы темир таяк менен унааны даңгырата чапкылап, айнектерин күбүп, машинанын ичинде олтургандарды сүйрөп чыгышты. Кайрынын насыяга алган жарым миллион сомдон ашык акчалуу баштыгын колунан сууруп алышты да, өзүн уруп-тепкилеп, коо ичине жетелешти. Шоопур менен эки жигитти машинадан чыккан жеринде бычактап, анан атып салышты да, денелерин аң ичине кулатып, үстүнө чөпчар, кум-топурак чачып, таш бастырышты. Бойго эми жете берген эки кыз менен Кайрыны колот ичине сүйрөп барып, чөпкө жаткырышты. Көк желкеге согулган соккудан анын эси оогон эле. Алеки саатта туш болгон береги көрүнүш көз алдынан тартылып өттү. Чалкасынан түшкөн жеринен капталына оодарылганга эби-сыны жетпеди. Кирпиктеринин арасынан көргөнү - сакал-муруттуу, көкүрөгү шырылган ак көйнөк, ак топучан бирөө өз белинен ылдый шалбарын шыпырып ийди да, Кайрынын жоон санын керип, үстүнө жатмакка ыктады. Кайры көзүнө маймылдай элестеген пенде пуруштун ниетин

болжоду да, бар күчүн топтоду. "Биздин кыздар сендей арамга тукумун булгатпайт. Биздин элде паранжы жамынып, бети-башын чүмкөгөнү менен сокур тыйынга көчүгүн саткан атлас көйнөкчөн сенин кыздарыңдай ургаачы жок"- деп ойлонгон аял эринине оозун жакындаткан иреңи сууктун ээк-жаагын апчыды. Чымыркана берип, бирок, өйдө боло албай, оң буту менен ак көйнөкчөндү чатка тепти. Кайрынын буту мээлеген жерге дал тийдиби, ак көйнөкчөн чурай тушун эки колу менен калкалап, "Вай" деп бакырып, ашата сөгүндү. Бүкчүңдөгөн бойдон ары кетип, колуна бөтөлкө кармап кайра келди. Кайрынын эси кайра ооду... Нес абалында кызын эстеди. Кайдан-жайдан пайда болгону белгисиз, жанында кызы менен бейтааныш бийкеч олтурат. Ак топу менен жылаңбаш жигит - Абдрахим да көрүндү. Кызы мостоюп, бийкеч шолоктоп, "ата, ата"- деп, чыңырып ыйлап атат. Анын мурдун сасык жыт өрдөдү. Көзүн ачса, ак көйнөкчөн кармаган бөтөлкөдөн бензин куюлуп атат. Чаар топучан эми Кайрынын кызы жакка бурулду. Кайры тигинин эки бутуна жабышып, жалынды:

- Айланайын акебай! Эмне десең, берейин! Мени эмне кылсаң ошо кыл. Бирок, кызыма тийбе!

Ак топучандан окчун турган Абдрахимге тил бүттү. Ал курбусун ийинге бир урду да, ачуулуу:

- Эй, шертти бузба!.. Гафурдукунан аш жеп, жолго чыгаарда "кыз-келиндерге тиймей жок. Эркектерин гана соёбуз" - деп антташпадык беле? Убада кана?.. Бу кыздар бизге эч жамандык кылбаса... Жолоочуларга кол салып, бейкүнөөлөрдүн канына забын болдук. Ансыз деле акча-алтынын тоноп алдың. Жетеер сага.

Ак топучан буга кулак салбады. Ары басып, эчкире ыйлаган бийкечке жакындады да, бөтөлкөдөгү суюктукту анын далысынан ылдый куюп ийди. Ширеңкени чагып, күйгөн талын кыз тарапка бир чертти. От тиери менен кыздын көйнөгүнөн дүрт этип, жалын чыкты. Кыз этек-башын чапкылап, көк чөп-

кө оонады. Шеригинин кылыгын жактырбаган Абдрахим ак топучанды колундагы союлу менен как төбөгө сокту. Ал талп этип жерге кулап түшкөн айылдашына карабай, машинасына жүгүрдү. Дөөтүсүнөн таап чыккан чакасына арыктан суу сузуп алды да, сууну кыздын денесине жаба куйду. Бықшып өчкөн өрт коюн-колтугун аралабаш үчүн, Абдрахим макиси менен кыздын көйнөгүн желкесинен ылдый тилип ийди. Бийкеч чучуктай чыңырып, кулак тундурат. Ачуу үнгө чыдоо кыйын. Абдрахим унаасын от алдырып, жерде сулк жаткан Кайрыга жакындатты. Аны кош колдоп көтөрүп чыгып, арткы орундукка жайлантты. Кайрынын кызы нес болгондон бетер, бакырык-кыйкырык, октун үнү, машиналардын карса-курсу угулуп жаткан жолго телмире тиктеген калыбынан жазбай, нестейди. Суйкайган сулуу кыз дамбалы чечилип, чаң жолдо сулк жаткан жылаңач сакалчандан көзүн тетири бурду. Абдрахим жону күйгөн кызга кыйкырды:

- Эй болду-у... Жаагыңды жапчы, озондой бербей!

- Атамдан айрылсам, кантип ыйлабайм?.. Ата-аа, атакее... Мени үйгө алып кеткени шаарга келип, жолдо минтип жайрап калаарыңды кайдан билдим?... Апама эмне дейм, инилериме эмне дейм?..Ата-а...- Бийкеч жер тепкилеп, жанагыдан бетер озондоп, жер тепкиледи.

- Бол батыраак, машинага чык, ооруканага жеткирейин!- деди Абдрахим, машинасын жүргүзүп. - Тиги баш кесер өзүнө келгиче, жолду арбыталы. Ал ойгонсо, баарыбызды мууздайт. Болчу, эми... – Ордунан түшүп, Кайрынын үн-тилден калып, маң тарткан кызын унаага жетеледи. – Бас ээ! Кур дегенде апаңды аячы, өзүнө эмдигиче келбей атат.

Атасынан айрылган кыз солуктаганын тыйбады. Жолдун өңгүл-дөңгүлүнө карабай машинасын катуу айдаган жигит ролду катуу муштады да, кызга үнүнүн барынча бакырды:

- Кулакты жеп бүтө турган болдуң го, токтотчу!..

- Күйгөн жонум ачышып атат...

- Айтканымды укпасаң, азыр артка бурулуп, жолдогу чатпуруштардын колуна салып берем – деди Абдрахим чоочутмакка атайылап. Дөөтүсү өңгүл-дөңгүл жолдо мөңкүп-калкып баратты. - Алар кыз-кыркындарды эмне кылаарын билесиң ээ...Тыйыласыңбы?

- Макул, аке. – Кыз көз жашын сүртүп, Абдрахимдин айтканына көндү.

- Жолдогулар мени да соо койбойт. Бир жагы врачмын, бирок, колумда шайман жок. Узактагы дарыгерлер оорукана-да болсо экен... Мени албетте, Урмонжанга чагып барышат. Ал желдеттерине мени кармоого буйрук берет. Эми кайда барып, кутулам, билбейм...

- Өзүңүз ушул айылда өссөңүз, сизге тийишпес.

- Э кызым, жолоочуда не күнөө?.. Бардык балээни Насиржан менен Урмондун тилине кирип, өзүбүз баштадык. Ушу жерди түбөлүк мекендеген адамдарды атып, өлтүрүп, башыбызга күнөө үйдүк. Эми беш убак намаз окуп, мечитке каттап, айыбымды кеч деп Кудайга жалынабыз. "Тоолуктар атчан түшүп келе жатат, тиги жактан машина менен, жөө-жалаң келе жатат" - деп удургутушуп, эки акмактын тили менен катын, бала-чакабызды чек арага качырдык. "Эркек аттуулар бирибиз да жылбай, Узакты коргойбуз" - деп касам ичип, чеп курдук. Шертти бузгандар, түпкү улуттун уул-кыздарына ырайым кылгандар, жарадарларын жаап-жашырган ала топудан өзүбүз өч алабыз деп убада бекиттик. Бу алаамат Насиржандын планы менен болду. Областты бөлүп алып, өзүнчө өкүм жүргүзөт имиш, келесоо... Сөөгүм түрмөдө чирий элегинде Орусияга качып кетет окшойм. Антпесем, бир жагы Насиржандын лашкерлери көзүмдү ойот, экинчи жагы өкмөт соттойт. – Атасы кыргыз,энеси ала топунун кызы болгон Абдрахим жолду ката ушинтип сүйлөп баратты.

Ал болжогондой Узактын ооруканасы ээн болуп чыкты. Урмондун чечими күчтүүлүк кылганбы, айылдык чаар топу

дарыгерлер жумушка чыкпай койгон. Түпкү улуттун уул-кыздары болгон врачтар райондук мекеме-уюмдардын түгөл кызматчыларына окшоп, облустагы карапайым калк сыңары алтын башынын эсендигин ойлогон: тоз-тополоңдун дүбүрт-капшабы чыга электе жер оодуруп, ата-эне, урук-тууганданарынынкына көчүп кетишкен.

Ар кайсы бөлүмгө баш багып, доктурларды таппай кой-гон Абдрахим кесиптештеринин бу жоругуна кейиди. " Мен го Урмон, бийлик бизге тийсе, сен оорукананы башкарасың!" дегенине алданып, акмак болдум. А силерчи! "Өз, бөтөн, кас-дос" - деп бөлгөн дарыгер ак желектен айлансын! Оо, Гиппок-раттын анты ургурлар!" Унаасын кайра от алдырып, облустук ооруканаы көздөй чапкылады. Кайрыны сынык-жарат бөлү-мүнө, анын кызын неврология, жону кызара-бышарып күйгөн бийкечти хирургия бөлүмүнө тапшырды. Үйүнө келип, кийим-кечесин баштыкка салды да, түн ичинде Орусияны көздөй жылт койду. Кандуу колдуу ала топулардын бир даары чек ара-дан ары өтө качышса, көбү Россияны жойлошту. Ааларга аялы мурда паспорт бөлүмүндө иштеген Баходур паспорт жазып берип турду.

Полковник даражасы менен пенсияга чыккан Баходурдун үйүндө ар түрдүү курал-жарактар менен МАИчилердин кийим-кече жана жабдуулары, башка документтер да катылуу болчу. Кан жолдогу кагылышта ал колго түшкөндөрдү суракка алып, тергеди. Бул озуйпаны ага Урмонжан тапшырган. Эски пахта зоотундагы милиция кийимчен Баходурдун бөлмөсүнө колго түшкөн Рысбек менен анын татар курбусун жетелеп киришти. "Тергөөчү" дайын-дарегин сурап, Рысбектин жумуш мөөнөтү аяктагандыктан Бишкектеги үйүнө кайтып баратканын билди.

- Быякка эмне келдиң?

Рысбек жооп кайырган жок. Көзү ала чакмактаган пол-ковник суроо жаадырды:

- Силерди бул жактагыларга жардамга жиберген. Канча киши болчусуңар? Сенден башкалары кайда жүрөт?

- Командировкага жиберишкен. Бир машинада бешөө элек, үч жолдошубузду өлтүрдүңөр. Тил-кулагын кесип, көзүн оюп, тишин күбүдүңөр. Биздин айып - жарыгы өчкөндөргө свет улап бергенибиз... Дагы эмне өчүң бар, бизде?

- Каалласак, сени да мууздап салабыз. Бирок, сен керексиң. – Полковник Рысбектин мойнун толгой кармады. Колундагы шамшарды алкымына такап, булкту: - Айт дейм...

- Болгону ошо...Шеригинин тамагына бычак такалганын көрүп, татар жигиттин көзү алайды. Ал бүрүшө калып, бурчка тыгылды. Баходур аны жоошута карап, колундагы зымсыз телефонун сунду да:

- Ме, муну менен үйүндөгүлөргө кабар бер! Туугандарың вертолет менен келип, сени алып кетсин! Сени беде паяга жеткиребиз, тик учак ошол жерге конот. Биз түпкү улуттан башкаларга катылбайбыз. Биз жакта туулуп-өскөн буруттардын катыгын беребиз.

Татар жигит буйрукту аткарды, Баходурдун кебинен кийин ага жан киргенсип, ыдык көрүүдөн кутулганына жүзү жалмаңдады.

Полковник эми Рысбектин бет алдына кагаз тосту:

- Ушул жазылгандарды окуп бер! Анан досуң экөөңө жооп...

Рысбек жазууларга көз жүгүрткөн соң, баш чайкады:

- Жалган!.. Мындай болгон эмес. Мен бул жактыктардын бирин да таанıбайм. Анан кантип акча алып, силердин тууганыңарды аткан болом?..

- Биз айткандан кийин бүттү, пул алгансың!

"Тергөөчү" макинин учу менен Рысбектин бешенесин чийди. Рысбек мандайынын ачышканына чыдап, бет ылдый аккан канын жеңи менен сүртүндү. Бирок, ийибеди. Туткун-

га тили өтпөгөнүнө полковниктин итатайы тутулду. Рысбекти катуураак кыйноону чечти. Кутуусуздөн муштуму менен ашказандын дал тушуна сокту. Өзөрө жаздап, кайра оңолгон туткун жалооруган жок. Аргасы түгөнгөн полковник темир союл кармаган эңгезердей жылаңбаш жигитке баш ийкеди:

- Шам... Мунун тилин күрмөөгө келтирип койчу! Коркконунан тилин жутуп алган окшойт...

Шам бети-башы, көкүрөгү канга чыланган Рысбекти дубалга такады. Темир союлу менен тамагын кысты. Кекиртегине темирдин заары өтүп, көзүнөн жаш, оозунан көбүк чыгып, жөтөлүп-какалып, өңгөчүн тарта албай, дем алуусу оордогон Рысбек колу-буту жоон Шамдан кутулуу үчүн жан далбастатты. Ал оозуна толгон кан аралаш көбүктү Шамдын көзүнө жаба түкүрдү да, анын колундагы союлду шак жулуп алып, чыканагы менен калкалана берген немени ийинге чапты. Ага удаа Баходур баш болуп, бөлмөдөгү мойну-башын жүн баскандар тепкилеп, Рысбекти топ сыңары ийлешти. Ал төбөсүнөн ылдый чака суу куюлганда гана эсине келди. Шам Рысбектин үстүнөн канга чыланган көйнөктү сыйрып салды да, суу чүпүрөк менен жүзүн сүрттү. Полковник жазуулуу кагазды колуна кайра кармап, катуу буюрду:

- Иттин баласы, үнүңдү чыгарып оку!

Рысбек буйрукту аткарбаса, жаны соо калбай турганына көзү жетип, окууга аргасыз болду:

- "Ажонун адамдары бизге үч миң доллар карматып, ала топуларды атканга буйрук берди. Биз алардын тапшырмасын аткардык". – Туткундун сөзүн видеочу тасмага тартып алды.

- Мына, кутулдуң! Бая эле ушинтип окуп берсең, токмок тийбейт эле, - Баходур кара күчкө ырсайып, Рысбекти далыга таптады. Рысбек ачуусун жутту, полковникти көргүсү жок.

"Тергөөчү" видеотасманы интернетке тиркегенди Шамга жүктөдү. Тасма бат эле интернет желесин айланып чыкты. Рыс-

бек Шамдын өң-турпатын эсине тутту. Шам төрт-беш сакалчан адам менен ооруканага кирип келип, жарадарларды темир союлу менен сабап чыккан. Күүгүм түшкөндө муундап, көздөрүн тазалаарын айткан. Жарадарлар ооруканадан качып чыгышкан.

Көп өтпөй татар жигит менен Рысбекти жүктөгөн дөөтү аларды коңшу айылдагы беде паяны көздөй алып жөнөдү. Кечке жуук беде паяга конгон тик учак аларды Бишкекке жеткирди.

Тоз-тополоң басылгандан кийин Шам көптөгөн узактык жана коргондук ала топулар өңдүү изин жашырып, адегенде Өзбекстанга, анан Россияга качты. Милиция аны Казакстанда тузакка түшүрүп, тергөөгө алды. Райондук сот аны жыйырма жылга кести. Бирок, областтык сот Чүйдөн чакыртылган Рысбек, Камилдин, башка күбөлөрдүн бетме-бет көздөштүрүүсүн күтүп олтурганына карабай, прокурордун ишти кайра тергөөгө жиберүүсүн өтүнгөнүнө көңүл бөлбөдү. "Далилдер жетишсиз" - деген жүйөө менен Шамга айып пул чектеп, аны сот залынан бошотуп ийди. Соттон чыгып баратып, ал Рысбекти көрдү да: "Колуңдан эмне келди? Көрдүңбү, пулдун күчүн!.. Пулу барга сотуң да кул болот. Жакшы кал! Эми кармап болупсуңар" - деп табалап күлүп, кол булгалады. Шам колго түшкөндөргө мылтык такап, уруп-тепкенде кабыргалары сынган Кайры менен анын кызын пахта заводдун ичине сүйрөп киргенин да унутту. Ооруканany чогуу аралаган Урмонжандын буту-колу таңылып жаткан жарадар Камилге: "Сен бул жерден тирүү чыкпайсың. Эмки келишибизге дейре аман турсаң, сени өз колум менен муундаймын"- деп коркутканын да соттон жашырды . Кыз бирок, аны таанып калган эле. Камил да жол буугандардын ур токмогун жеп, октон жараат алган болчу. Сакадай Шамдын боштондугу үчүн ала топулар акча топтошкондугун укту. Утуру издеп, аны таба албады. Орусиялык жарандыгы бар кылмышкердин соттон бошотулган күнү эле чет өлкөгө качып кеткендигин кийин билди.

Колго түшкөндөрдүн арасында Урмонжан менен Баходур да жүрдү. Бирок, алар сотто, түрмөгө кесилеерде экөө тең карганып, мүлдө кылмыш-кылыгын танып ийди. "Кудай кечирсин. Күнөөбүз жок. Жөнү жок кан төксөк, Алла урсун!" – дешип, жакасын карманишты. Төбөлдөрүнүн актанган жоругун соттун капасына түшкөн башка кылмышкерлер да тоту куштай кайталады. Баш кесерлердин аксымдыгына жакындарынан айрылгандарга жык толгон залда үндөбөй сыздап, үшкүрүнгөн Тургунай чыдабады. Бышактап ыйлап, ордунан шибеге сайгандай атып турду. Көз жашын аарчып алды да, тар темир торго батпай, кээ бири бүрүшүп, жер тиктеп олтургандарга тик бага суроо салды:

- Карачечекей эжем менен бөбөгүн эмизип келаткан келинимдин өмүрүн кыйдыңар. Алардын өлүмү үчүн Кудай силерге кандай жаза караар экен, ыя?.. Эмчектеги наристе жетим калды, эми ага эне сүтүн ким берет, кокуй?.. Там айлангыча жүзүн бурган - эй канкорлор: Алла урсун, силерди, уктуңарбы, Кудай урсун!.. Эжем менен келинимдин жолдо келаткандан бөлөк айыбы жок болчу. Алтындай момундарым, силердин төрт кандашыңа үйүнөн орун-очок, оокат-аш берип, багып жүргөн эле. Алардын арасында ушу силердей таш боор чаар топу балдары карабай, таштап койгон кемпир эжеңер, көчөдө тентип жүргөн кандаш келиниңер бар болчу. Эми аларды ким багат?...Э Кудай урсун, баарыңарды!...

Сотто Узактык баш кесерлердин мыкаачылыгын угуп, жесир калган аялдар менен уулунан айрылган энелердин көз жашын көрүп, Сакадайдын да сай-сөөгү сыздады. Темир тордун артында туруп алып, үндөрүн тасмага түшүрүп, өздөрүн сүрөткө тартып алганынабы, ага муштум кезеп, сөгүнгөн ала топуну көзүндө огу болсо, атып салуудан кайра тартпай турду. "Кан жолдогу калайманды болтурбай коюуга мүмкүн беле?" – деп өзүнөн сурады. Өрт чалган көчөлөрдү кыдырып, эки тараптын

кагылышынан набыт болгон адамдардын тагдырын сураштырып, алардын урук-туугандарына кайрат айтып, арбактарына куран окутту. Окуяларды иликтеп жүрүп, тапкан жообу мына бу: "Ооба, жаңжал башталганда Ош-Бишкек жолунун Узак аймагын аралап өтчү бөлүгүнүн эки учуна маи бекети коюлганда... Алар жолоочуларды үч-төрт күн жолго чыкпоого үндөсө, балким, кутурган жоолор саратандын аптабына сызгырылып, жаңжал тутанбай, аларды жетелеген Урмонго окшогондорду сөгүп, таркап кетмек. Дагы бир жагдай – элдин тынчтыгына жик салууну көздөгөндөрдүн түккө турбас ушак-айыңдарды жайылтканы. Коргонууга чепургудай, жазыксыз жүргүнчүлөрдүн канын төгүп, дене-сөөктөрүн өрттөп, талап-тоногудай Узакка 14-июнга дейре, андан кийин деле түпкү улуттун бирөө жарымы ойрон салганы бут баскан эмес, кол салууну эч ким ойлобогон. "Ала топулар шаарга чабуул жасайт имиш" деген жөө сөздөрдү чын бүткөн калаанын көп тургуну тоо жакка качкан. Ага дейре азганакай тоолуктар Носиржонго кекенип, андан өч алуу үчүн калаанын сырт көчөлөрүн аралаган. Жол менен өтүп баратып, дүрт этме бөтөлкөлөрдү ыргытканда байманалуу туюлган чаар топулардын кооз үйлөрү менен чайкана-ашканалары жалынга чулганган. Өрт чалган короолордун жер төлөсүнө бекинген бирин-экин кемпир – кесек түтүнгө ууланып, тирүүлөй көз жумду. Көзгө чалдыккан ала топуларды артынан кууп, ок атып өлтүрүшкөн. Ээлери коңшу өлкөгө кире качкан бош үйлөрдөн киши-кара учураган эмес.

Куралчандар Бишкекке бараткан автоунааларды атып токтотуп, андагы жүргүнчүлөрдү талап-тоноо менен ур-токмокко алып, өмүрлөрүн кыйганын ушу окуя боюнча соттук материалдар жана жабырлануучулар, күбөлөр ырастады.

Сакадай тагдырдын буйругу менен жолдо аткылаган узактыктардын тосмосунан качып кутулуп, көркоолордун чеңгелине илинбей, алты саны аман-эсен калгандарга сүйүн-

ду. Алардын бири Эралы аксакал. Ак калпакчан карыя Ошто чуу башталганда ал жерде окуп, атылган октон чоочуп, сыртка чыга албай калган неберелерин ойлоп, санаасы санга бөлүндү. Жеңил унаасын айдап барып, байбичеси менен небере балдарын жүктөп, өз үйүнө кайтып келатты. Кантсе да, ак сакалы жайкалган чоң атага караганда дөөтү айдаганга ийкемдүү эмеспи, ролду улуу небересине карматты. Чоң ата баштапкы айлампанын тегерегинен куралдуу адамдарды көзү чалды. Алар аскерлерге, же милицияга окшогон жок. Бурумдан өткөндөн кийин жол четинде талкаланып, токтоп турган унаалар учурады. Чатырап күйгөн ал машиналардан түшө калып, качып бараткан адамдарды бети-башын жүн каптаган куралчандар атып, кубалап жүрөт. Ок, же таш тийип, жерге кулап түшкөн, болбосо, чолоңдоп жүгүргөн жолоочуларды камыш арасына булкуп сүйрөп баратышат.

Карыя жанындагыларга башын терезеден өйдө көтөрбөөнү табыштап, небересине машинаны катуу айдоого буюрду. "Булар ким болуп кетти?" - деп сураган кемпирин: "Бизди атып иймек беле? Чү де уулум", - деп жоошутмак болду. Машинанын айнегин түшүргөн калыбында, жол четинде куралын суна кармаган узактыктарга: "Мылтыгыңды ары тарт, балам!"- дегиче болбой, маңдайы менен оң-сол жактан ок тарсылдады. Ага удаа чайнектей таш биринин артынан бири келип тийгенде айнек күбүлүп түштү. Карыяга мелжелденген ок ага тийбей, арткы орундукта отурган байбичесинин моюн-башын канатты. Кемпирдин эси ооп, бети-башынан кан чууруду. Кенже небере чоң энесин кучактаган тейде бакырып ыйлап атты. Ок унаанын дөңгөлөгүн да чарпыган шекилдүү: жолго төгүлгөн шагылдан зуулдап өткөндөн кийин шарактап-калдыраган үн коштоду. Ага карамай жок. Кокус дөңгөлөктү оңдоп, алмаштырам деп, токтосо, жол бууганадардын жетип келип, кармап алуусунан коркушту. Арт жактан атылган мылтыкка көңүл

бурбай, небере машинанын ылдамдыгын ого бетер күчөтүп, Топурак-Бел ашуусуна айдап чыкты. Ашуудан ашып өткөндөн кийин алгач учураган кыштактан топ адамга жолукту. Аксакал колдорунда жадесе таягы жок кишилерге үч чакырымдай жолду куралчан узактыктар ээлеп алып, Бишкекти көздөй бараткан жолоочуларды аткылаганын айтып, азырынча ал жакка каттабай турууну өтүндү. Бул арада Коргонго киреер-чыгаар жолго да ала топучандар толуп алганын укса да, жүрөксүбөй, байбичесин ооруканага жеткирди. Дарыгерлер операция жасап, жети окту алганы менен байбичеси октун уусунан айыгып кете албады. Коргондук чаар топулар да кол салуусу ыктымалдыгын ойлогон дарыгер ак желегин үстүнөн чечпей, карыяны айылдан ыраактагыча дөөтүсү менен коштоп барды.

Көзү өткөн кудасына куран окуп кайткан Абжапар менен уулу жана алты жүргүнчүнү ташыган таксини жол торогондор сегиз ирет ок атуу менен тосуп алды. Колу менен башын ок жалмаган шоопурду арачылоого кайраты жетпеген жолоочулардын ар кимиси, өз жанын сактоонун амалын издеди. Дуулдап күйүп, жарактан чыккан машинаны ошол замат таштап, андагылар экиге бөлүнүп, мисте токоюн аралай качты. Экинчи топтун жылгага жашынганы оңдуу болду, куралчандардын тузагы аларга жеткен жок. Бирок, Абжапардын эски оорусу кармады: көзү караңгылашып, адыр өрдөп чыгуу ага кыйынга турду. Күйөө баласы жана бөлөк жүргүнчүлөр менен алдыга озуп, качып бараткан уулу атасын кыя албай, артына бурулду. Бала жер боортоктой жыгылган атасынын "мени коюп, өз жаныңды куткар" дегенин укпай, жанынан карыш жылбады. Аңгыча болбой жүзүн чүпүрөк менен оронгон, сакал-мурутү өскүлөң жети киши артынан кууп келди: төртөөнүн колунда мизи жаркылдап курчутулган балта, бирөө учу шиштелген айры, калган экөө кош ооз мылтык кармап алган. Алар жолдо чатырап күйүп, темир терсеги калган машинанын ачкычын сурап, баланы тепкилешти. Чөнтөктөрүн аңтарып, акчасы ме-

нен зымсыз телефонун тартып алышты. Тамагы буулуп, араң дем алган Абжапар дарысын жутуп, уулун арачылоого шайманы келбеди. Оорулуу кишинин: "Биз Узакта сегиз жыл иштеп, жадесе бак-дарагыңарга да кара санабадык эле" – дегенин тыңшаган инсан болбоду. Адегенде атасынын бешенесине , кийин уулунун көөдөнүнө мылтык такашты. "Штабга алып барабыз" - дешип, экөөнү ары-бери сүйрөп, кыйнашты. Абжапар: "Ал жакка түртүп барсаңар, бизди соо койбос. Андан көрө ушул жерде мени атсаң, ат, баламды коё бер. Менин көз жумганымды уулум көрбөсүн!" – деп, жалынды. Аны басмачылардын бири да тыңшабады.

- Балаңды да, сени да атабыз - деп, ата-баланы бирдей атып салмак болуп коркутушту.

- Үйүбүзгө бараткан жүргүнчүбүз... Сеникине кирип, уурулук кылбасак, коон-дарбызыңды үзбөсөк... Бизде күнөө болбосо, жөндөн жөн эле жан кыя бересиңерби?-

Буга да жооп жок. Экинчи унаадагы он адамды ташып келаткан шоопур менен анын жанындагы шеригин дароо атып өлтүрүштү. Жол бууганлардын мындай таш боордугун көргөн Абжапар өз жанынан чындап түңүлдү.

- Ошто биздикилерди "антип атышат, минтип атышат" – деп, актанымыш этти, мылтыгын кезеген чаар топу. - Ошолордун эсесине өч алабыз.

- А бизде эмне айып?.. Силер бир өлсөңөр, мен эки өлүп атам.

- Ийе, кандайча?

- Менин энем силерге эже, атам жезде. Биз туулуп-өскөн мекенибизди "Ата журт" деп айтсак, силер "Она ватан" дейсиңер.

- Анда эмне, энеңдин тилиңде сүйлөбөйсүң? –

Абжапар дагы кысымга түш болду.

- Кыргызда ата улук, эне да улук. Антсем: "Эмнеге биздин тилде таза сүйлөбөйсүң?"- деп, дагы кыйкым табат элеңер – деди ал.

Балтачан чаар топу Абжапардан анын энеси кандаш экендигин уккандан кийин жибиди. Мүлкү менен акчасына тийбей, жол менен эмес, тоо аралай кетүүгө ырайым беришти. Аларга экөө жолдо атып өлтүрүлүп, калгандары кокту аралай качкан кара-көлдүк жана ноокендик он чакты бала, эркек-аял адыр арасында кошулду. Эптеп аман калган жолоочулар күн дигерден түн бир оокумга дейре алты саат жөө-жалаң тоо аралап, жыйырма чакырым жүргөн соң, коогадан оолак жолго чыкты.

Иңир кирди. Кан жол аралап өткөн адырдын эки бети мистелүү токой. Мистелүү капчыгайда жашаган Абдрасулдун жалгыз үйүнө жол ыптасындагы ала топучандардын үй-бүлөлөрү да баш калкалап келди. Алар шаардагылар менен Узактыктарга окшоп, чек арага оогонго үлгүрбөй калган. Манжалары алтын шакектерге толо, атлес көйнөкчөн келиндин көз алдынан жолдо болгон кандаштарынын кан ичкен окуясы кетпей койду: эки күн мурда Ош-Бишкек жолу менен жүргөн чакан автобус өйдөлүш жерде атып, токтотулган. Автобусту курчаган чаар топу шоопурду сүйрөп түшөт да, шагылга жаткырып, кекиртегине бычак тартып, мууздап өлтүрөт. Ал дөөтүдөгү жолоочуларды качып түшүртпөй, бензин куюлган жылтырак бөтөлкөнү күйгүзгөн калыбында автобустун ичине ыргытышып, сыртынан мылтык такап турушат. Чакан дөөтү кыйкырык-бакырыкка толгон жүргүнчүлөрдүн жалынып жалбарган үндөрү менен бирге алоолонуп, өрттөлүп кетет. Өз кандаштарынын ушундай мыкаачылыгын жол тушундагы үйүнүн терезесинен көргөн келин, түн ичинде балдары, кошуналары менен Абдрасул токойчунун үйүнө качып чыккан. Ошондон бери кара жамынган кийиминен көзү гана көрүнгөн жубандын өзөгүнө тамак барбай, коркунучтуу окуя элестеп, окшуганы окшуган. Бир кезде үйдүн алдына кара түстүү "Жип" автомашинасы келип токтоду. Андан түшкөн жети адамдын түрү жаман: үтүрөйүшүп, колдорунда "Калашников" автоматы,

курч миздүү балта, учу жаркылдаган айры, кош миздүү бычак. Келгиндердин түрүнөн сестенген үй ээси менен кошуналар үн чыгарбады. Жол боюндагы ок аткылоодон жараат алган аксак кишини мечитке жайгаштырып коюп, бала-чакасын коргогону үйүнө чуркап жеткен Абдрасул куралчандардын чоңун дароо тааныды – ал мурда милицияда иштеп чыккан Махмуд деген быжыгыр сакал. Кез - кезде аны айылдагы мечитке намаз окуганы барганда таанып калган. Махмуд күпүлдөп, тоо аралай качкан жарадарлардын бирди-жарымы токойчунун үйүнө көз жашырган-жашырбаганын сурады.

Абдрасул түш оогон кезде мистелүү адырдын дал чокусунан үйүнө аксаңдап түшүп, суу сураган ак көйнөкчөн боз баланы эстеди: мал базардан кайтып келатып, калабага туш болгон баланын сол далысына ок тийген, көйнөгү канга бойолуп, буту жыңайлак. Чачтары үрпөйүп, бети-башын тер жууган уланды кантип сактаарын билбей башы катты: жараат-журатын жууп, таңгыдай жакын арада оорукана жок. Жол жабык, аны ала топулар ээлеп алган, демек областтык ооруканага жеткирүү да түйшүктүү. Үйүндө калтырса, мына - мына изин куур куугунчулардын капканына салып берген болот. Эң жакшысы – ага жашыруун жол көрсөтүү. Өзү менен үй-бүлөсүнө ала топу катылбашы ыктымал - алардын кээ бирөөлөрү Абдрасул менен ашына, токой чарбада бирге иштеген. Ушуну ойлогон токой ээси балага муздак суу сунду. Чаңкап, каны каткан улан сууну жутуп ийип, бир аз дем алгандан кийин Абдрасул ага:

- Балам, жылганы көздөй салгын! Башыңды көтөрбө! Кыр менен качсаң, тигилер көрүп калып, атып салат...

Коктуну аралай из жашырган боз баланын караанын көрүнбөй калганда гана Абдрасулдун санаасы тынчыды...

Махмуд соболуна жооп күтпөй, жарыкты күйгүздү. Бурч, керебеттин түбү дебей, шек туудурган жай менен үйдө болгон жүктүн баарына бычак сайгылап чыкты. Чүрпөсүн койнуна

катып, коркуп элендеген атлес көйнөк аял сакалчандын колун ары түрттү да:

- Көрүп атасыз, бул үйдө бизден башка качкын жок. Дагы кимди издеп жүрөсүз?.. Эмне сайгылайсыз? Эмне минтип бизди коркутасыңар? – деп, ала топучандын тилинде чаңырды. - Жоголгула бул жерден, силер издеген адам бул жерде жок. Бизге да, үй ээлерине да тийбегиле. Коңшуларыбыз бизди сактап атат. Силерге дагы эмне керек? А бизге тынч жашоо керек!..

Махмуд не кылаарын айыра албай, башы катты. Баарын күм-жам кылып, токойчунун үйү менен кошо өрттөп салууну чоттоп келаткан. Эми караса, өз кандаштарынын да, каршылаштарынын да бала-чака, зайыптары аралаш, бири-бирин коргоп олтурганы оюна бүлүк салды. Ал атлес көйнөкчөн аялдан эне тилинде жеме укканына шаабайы сууп, дубалга тиреп койгон мылтыгын алды. Ээрчип жүргөн жигиттерине "кеттик" дегендей баш жаңсады.

Урмон четке чыгып, Коргондогу Каржаадыга телефон чалды. Ага жолдон өткөн макулуктун бирин койбой кырганын айтып мактанды. Кеп арасына Узактагы түпкүлүктүү калктан болгон аким, прокурор, сот, мамлекеттик кеңсе башчыларынын бири да калбай, үй-бүлөсү менен тоо жакка качып кетишкендигин, бүтүндөй аймакка жеке өзү бийлик жүргүзүп калганын да кошумчалады. "Бийликти өздөрү мага таштап, качышты" - деди ал кеп арасында. Зарыл десе, Коргонду тазалоого өзүнүн баш кесерлерин жиберүүгө даяр экенин жашырган жок. Буга Каржаады арына келе түштү. "Коргондо да мен деген күчтүү чаар топулар бар. Алар раймилицияны басып алууга шаймашай даяр. Бүттү, Насиржан шаарды, сиз Узакты ээлесеңиз, биз Коргонду өзүбүзгө каратабыз. Баарыбыз бир күндө жол, аймак, шаарларды багындырып алсак, жеңип чыгабыз. Биз Кара-Үңкүр көпүрөсүнөн бир да атчанды өткөрбөйбүз."

Үстүнөн чоң жол өткөн көпүрөнү көздөй агылып бараткан ала топучандарды көрүп, Каржаады шерденди. Ал түгөл

өз тилинде сүйлөгөн айылдаштарын намысын козгоп, эгер бир жакадан баш, бир женден кол чыгарбай, көпүрөнү ээлебесе, күн батыш тараптан келе жаткандар кыштагынын күлүн көккө сапырып, кыйратып, кыргын-бүлгүн салаарын айтып коркутканына маашыр болду. Бу ирет да ал кайдагы жалганды ойлоп тапты. Бирок, жолдо кыймыл жок. Ары-бери каттаган автомашина да көрүнбөйт. Күн шашке ченде көпүрөгө кылкылдаган ала топучандар толуп чыкты. Арасында чала-була орусча сүйлөгөн адам укугун коргоочу да жүрөт. “Чаар топулардын укугу бузулду” деген сайын видеокамерасын көтөрө жүрчү укукчу, бүгүн анысын үйүндө калтырган. Өз айылдаштарынын эмки жасаар-кылык-жоругун тасмага түшүрүүнү каалабады. Антсе, айныгыс далил болуп калат. Эгер түпкүлүктүү калктын уул-кызы бейбаштык, же башка чеки иш жасаса, айылдаштарынан кимдир бирөө кылмышы үчүн милицияга колго түшсө, ал иш уруп-согуу менен коштолсо, андай жабырлануучуну дароо тасмага тартат. Апыртып, беш өрдөгүн учурган жазмалары менен тасмасын интернетке жайгаштырып, бүт дүйнө жүзүнө айгай салмак. Тоз-тополоңдун шыбыртын сезген укукчу да аймактагы ала топу билермандар сыңары бир апта мурун өз үй-бүлө, бала-чака, урук-туугандарын “бир жаңсыл болгуча көздөн далдаа жүрө тургула” деп, коңшу өлкөгө жөнөтүп ийген. Ал кыялында Носиржон менен Урмондун “эрдиктерин” эшитип, дилинде аларды жактап турду. Каржаадынын көпүрөнү жардырып, бийликти ээлемек максатынын жүзөгө ашуусун тиледи. Түпкүлүктүү калкты ал да жактырбай турган. Колдорунда мылтык, балта, чалгынын кайралып, узун таякка байланган учтары, жасалма кылыч, орок, бензин куюлган бөтөлкөлөр. Жол боюнда капка толтура жардыргыч дүрмөттөр турду. Каржаадынын буйругу менен дүрмөт толтура кап көпүрөнүн түбүнө байланды. Дүрмөткө ширеңке ошонун буйругу менен жагылмак. Муну укукчу көрсө да, көрмөксөн-

гө салды. Көпүрө жарылса, же бузулса, бүтүндөй төрт-беш өлкөнүн элине жүк, азык оокат өтпөй, калк башына кыйынчылык түшөөрүн билсе да, дүрмөттү көпүрөнүн устунуна байлап жаткандарды "койгула" дегенге жарабады.

Анча убакыт өткөн жок. Аймактагы милициянын жөө-жалаң, жылаңбаш, жашыл-сары түстүү кийимчен он беш жигити өз башчысы менен көпүрөгө келди. Аларга жогору жактан көпүрөнү тоскондорго курал-жараксыз баруу тапшырмасы берилген болчу. Милициянын баштыгы - майор жигит кан жолду тосуу туура эмес экенин жана ал үчүн жоопкерчилик бар экенин эске салды. Эгер кандайдыр бир өктөө-өтүнүчү болсо, кагаз жүзүндө кайрылууну түшүндүрдү. Чогулгандар өз ара күбүр-шыбырга өттү.

Бөйрөгүн таянган Карягды сөздү башкага бурду:

- А мен өз мамлекетимди курам.

Майорго тигинин сөзү жаккан жок. Мыйыгынан бырс күлдү да, сылык түрдө:

- Каржаады аке, сиз союз кезинде нечен жыл калкозду башкаргансыз, кадырлуу адамсыз. Мамлекетибиз бүтүн, анын өз мыйзамы бар. Укугубуз тең. Баш мыйзамды бузуу, өлкө бүтүндүгүнө шек келтирүү – кылмыш го.

- Насиржан акеме эмнеге иш козгодуңар?

- Кечиресиз, ага биздин тиешебиз жок. Насиржан бизден башка шаарда турат, ага биз жооптуу эмеспиз. А сиз менен биз элдин тынчтыгын ойлойлу! Бул көпүрө аркылуу Ооганстанга чейин жүк барат. Ошон үчүн жолду ачалы, тоскон болбойт. Келгиле, бирибиздин тилибизди бирибиз алып, тынч таркайлы, туугандар! Жердеш болгон соң, биздин силерге, силердин бизге өчүбүз жок.

Көпүрөдөгүлөр ызы-чуу түшүп, ар кимиси ар кайсы кептин башын айтып жатышты. Майор алардын суроосуна өз орду менен жооп берип, алаксытуу менен убара. Баарынын

жүзү ага бурулган, эмнеге бул жерге топтолгонун саамга унуткандай да болушту. Бул арада улуттук коопсуздук башкармасынын өкүлү аларга баамдатпай барып, көпүрөнүн ылдыйына түштү. Көпүрөнүн түркүгүнө байланган каптын жибин чечти. Жардыргыч дүрмөттүү капты өтө акырындык менен дарыяга койо берди. Кылдаттык менен жасалган бул ишти коргондуктардын бири да көргөн жок. Коопсуздук кызматчысы кайра чыгаарда катар тизилген милиционерлер аны далысы менен калкалап турду. Ал "иш ойдогудай бүттү" дегенди ишаара кылгандай ала топуларды алаксыткан майоргo көз кысып койду.

- Жолдон өткөндөргө тоскоолдук кылбайлы, агалар, инилер!.. Келгиле, жолду ачалы! Кепти ынтымак менен залга барып сүйлөшөлү! "Ынтымак жакшы, ырк жакшы, уюткулуу журт жакшы" дейт го, жүргүлө! - Ой энеңди ... канчыктын баласы! – Кандаштарынын былк этпегенине корстон болгон Карягдынын муруту тикчийди. – Биздин эжебиз төрөгөнү менен кыргыз ырын үйрөнүп алганын карачы! Эй саткын, чыккынчы...

- Улут сүрүштүрбөйлү, раис аке! Сиз элди ынтымакка үйрөтүңүз! – Майор жигит артка кетенчиктеди. Мурда макулдашылгандай жоокерлерине бурулуп, баш ийкеди. Ишааранын түшүнгөн милиционерлер бир-бирден кармаган ала топуларды четке жетеледи.

- Сен бизди үндөбөй эле кой... – Каржаады жанындагыларга кайрыла берип, кыйкырды: - Эй жигиттер, буларга баш ийбегиле, булар бизге эч ким эмес. Мунун бизге жакшылык кылганын угалекмин. "Жолду ач" дейт. Көпүрөнү бошотсок, Бишкектен жолго чыккандар бизди чаап кетет.

- Жалган, - деди дагы бир милиционер. – Калпты айтып, элди тукурба! Жолдо эч ким жок.

- Көрдүңөрбү, эмнеге жолду ач деп жатканын. Начальник РОВД биздин өлүмдү каалайт. Буга чейин бизди сатып, канча адамды каматты?.. Карап турбай, соккула! Ургула, өлтүргүлө,

жанчкыла!.. Биз өзүбүзчө болушубуз керек - деп кыйкырды да, колундагы ташты майор жакка ыргытты. Аны туурап, калгандар да жамгырдай жаадырып, милицияны таш менен сокконго өтүштү.

Таш баранга кабылган милиция колдору менен коргоно артка чегинди. Жаалданган чаар топулар колдогу куралдары менен туш келди койгулап жатты. Каржаадынын урган ташы чекесине тийген майор жерге жыгылды. Жоокерлери аны коргоп, үстүнө үйрүлө түштү. Өөдө тургузушту да, баштыгын ийиндери менен калкалап, топ ичинен сууруп чыгышты. Союл, таш тийген милиция ала топуларга кайбат кылбай, чогулгандардын чок ортосунда токмокто калган капитанга да көңүл буруууга буямасы келбеди. Алп денелүү капитанды башка-көзгө таяк, таш менен койгулагандан тышкары учтуу-миздүү шиштери менен сайгылашты. Орок менен бөйрөк тушуна чабылган милиция оро-парасындагы жан алгычтарды муштуму менен кериле урмак болду. Бирок, ага жеткирбей атылган ок как жүрөгүнө тийгенде эсин жоготуп, көпүрөгө эт-бети менен оонады. Ала топулар көмөлөнүп жаткан денени бар күчү менен тепкилеп, балта менен чапкылады, айрынын жаркылдап, курчутулган учу, найзалары менен сайгылады. Жарым жан немени тал-терек тигилген арык ичине сүйрөп барып, үстүнө бензинди жаба куюшту. Орок менен баш-көзүн ойгулаган соң ширеңке жагып, өрттөп ийишти. Мунун баарын укук коргоочу өз көзү менен көрүп турду. Бирок, мыкаачыларды тыюуга дааган жок.. Кыйноого түшкөн пенденин укугун коргоону ойлободу. Өз кандаштарынан кимдир-бирөө ууруулугу менен колго түшүп, суракка алынганда толгон-токой кагаздарды толтуруп алып, "түпкүлүктүү улуттан болбогону үчүн кыйнап атат, уруп атат" деп жалганды чындай койгулап, айкай салчу. Өз уюмун каржылаган кеңсеге бул чатак тууралуу мурдагыдай жан далбастап, отчет да жазган жок. Качан гана ал мыкаачылар менен колго түшүп, тергелип, соттолгондо гана укук коргоо мекеме-

лери "укукчу милицияны өлтүргөн эмес. Ал – күнөөсүз" дешип, аны актоого алышты.

Сакадай мүлдө кишиге тегиз кароого озуйпалуу укук коргоочунун көпүрөдөгү улут бөлгөн кайдигер кылыгын кийин укканда анын кыйды мүнөзүнө таң калды. "Адилеттүүлүк үчүн жан талашып, жүгүрүп жүрдү эле... Бу курдай калыстыктан тайган экен. Укукчу болгондон кийин жалаң гана өз тууганларынын таламын талашпай, жаңжалды токтоткону барып, зөөкүрлөрдүн колунан ажал тапкан милициянын да укугун сактабайбы! Ушуга ишенип, долбоорлорун жактырып, каражат бөлгөн эл аралык уюмдар алданганын билет бекен? Милициянын өмүрүн кыйбаганы менен мамлекеттин бүтүндүгүн көрө албай, көпүрөнү тоскондорго кошулуп, баш аламандыкта жүргөнү - мыйзамды түшүнгөнгө айып иш. Коргондун акимин чек арадагы шериктери менен барымтага алып, чек арадан ары сүйрөп өтүүгө жасаган далалаты да жагымсыз жорук. Мыйзамдын тактыгын талашкан укукчунун өзү мыйзам бузганы, түпкүлүктүү калкка каршы чыкканын актоо татыксыз. Сотто "мен акмын!" - деп док урунуп, аксымдык кылганын көр. Аны "түрмөдөн чыгар" деген уюмдар жандырмагы чечилбеген бул иштин ушул өңүтүн ойлосо боло."

Коргондогу жана Узактагы жол боюндагы коогалаң кыска элдин кыйырына, узун элдин учуна жетти. Носиржон четке качып кеткенден кийин тоолук балдар шаарга атчан, жөө, унаа менен түштү. Алар териштирип олтурбай, байманалуу ала топулардын ээн калган үйлөрүнө, ашканаларына, дүкөндөрүнө өрт коюшту.

Түн жарымдан ооду. Сакадай тоз-тополоңдун качан токтоорун ойлоп, өз бөлмөсүндө кирпик какпай жатты. Зымсыз телефону чырылдап, аны алганда Кадыркулдун үнү чыкты.

- Жалаң эркектер районго чогулуп атат, байке.

- Эмнеге?

- Ош, Жалал-Абадга барабыз дебатышат.

- Бул жакка келип эмне кылышат экен?

- "Өч алабыз" дешет.

- Тезинен токтот, аларды. Быякка келсе, кызыл кыргын болбойбу!

- Аны бир эмес, миң айттым. Көнбөй жатышат, "Бейкүнөө туугандарыбыздын канын төгүп жатышса, тынч уктай албайбыз. Сен эс ала бер"- дешип, мени сүйлөттүрбөй коюшту.

- ....

- Ооба, ага далил жок деңизчи, курулай ушак... "Силерге – бийликке элдин кереги жок, бийлик менен өкмөт элди коргобосо, биз өзүбүз коргойбуз"- деп атышат.

- Арага аксакалдарды сал. Алардын арасында карылардын кебин угаар эстүүлөрү бардыр.

- Карыялар да жалбарышты: "Кой-ай, бөөдө кан төгүлбөсүн! Ачууга алдырбай, тынчтыкты сактайлы!"- деп. Сөз уккан адам жок.

- Куралдары барбы?

- Албетте, беш атар, винчестер деген мылтыктар...

- Кантип токтотсо болот?

- Билбейм, байке, айла кетти. Машиналар катар турат, тизилип.

- Акимдер Өкмөт менен телефондо түзмө түз сүйлөшө аласыңар го! Коргоо, же ички иштер министрине, болбосо, президентке чалсаң боло! – деди Сакадай аргасы куруп.

Кадыркулдун аргасы түгөндүбү, же чабарман менен сүйлөшкөндөн майнап чыкпашын сездиби, айтору, телефону өчтү.

Тоолуктардын жүрүшкө чыгаарын уккан соң, Сакадайдын тынчы кетти. Алыстан түрүлүп келаткан ал толкунду кантип токтотсо болот? "Жаңжал күчөсө, чек арада тизилген коңшу өлкөнүн аскерлери танк, артиллериясы менен басып кирбейби?" Ушул ойлор бүлүнттү. Милиция кеңсесинен

чыкпайт. Куралсыз аскердин күчү менен жолду тороп, тоолуктардын ачуусун басып, аларды артына кайтууга көндүрүү мүмкүнбү?.. Ээ-жаа бербей эч кимди тыңшабаган тоолук жигиттер жаш аскерлерди да жолдон сүрүп салат. Жол ачпаса, ортодо жаңжал чыгат. Эмне кылуу керек? Убактылуу Өкмөт, анын мүчөлөрү жер-жерлерди, от менен өрт чыгып, басташкан-касташкан аймак - шаарларды кыдырганы менен бирөөнү экинчиси укпай, өз арбайын сого албай жаткан кез. Ансыз деле областтагы аскердик бөлүккө курал алуу ниети менен кол салуу болду. Күнчыгыш тарапка жүрүш жасагандардын арасында автомат, тапанча, барденке да келе жатышы мүмкүн. Мындай баш аламандыкты ким тыят да, Ош менен Жалал-Абадда, Узак менен Коргондо дүрт чалган жалынды ким өчүрөт? Жоолашкан тараптарга акыл, сабырдуулук берсин!

14-июндун таңы атты. Сакадай кечээ, күүгүм талаш спортчулар жетеери менен Узактык жана Коргондук ала топулар чилдей тараганы тууралуу кабар алды. Кудайга "күнөөбүздү кечир" - деп жалынып, "калабанын кимге бар эле?" – деп өкүрүп-бакырып, мылтыгын талаага ыргытып качкандар болуптур. Коргондук Карягды өзү болжогондой Өзбекстандагы ата тегине өтө качты. Анын айылынын бир көчөсүнүн боюндагы турак-жайлар, мекемелер өрттөнүп, эли чек араны көздөй үркту. Бу ирет укук коргоочу алоолонгон кыштак менен ок тийип, көз жумган өз кандаштарын видеого бүтүндөй түшүрүп алды. Ал кезегинде кан жолдогу милицияга кол салуу менен капитандын өмүрүн кыйган зөөкүр туугандарынын мыкаачылыгы далилденбеши үчүн тасмага тартпай койгон эле.

Батиринен чыккан Сакадайдын алдын сырттан ичкери кирип келе жаткан коңшулаш орус аял тороду. Беш кабаттуу үйдө экөө эле калган. Ызы-чуу өр алгандан бери өйдөңкү кабаттарда, короолош бөлөк үйлөрдө тирүүлүктүн жышааны өчкөндөй: кирип-чыккан адам, короодо ойногон балдар жок,

кеч киргенде, түнүчүндө да жарык күйбөй, Айдын жарыгында ээн турак-жайлардын сөлөкөтү гана көрүнүүчү.

- Сиз кайда? – деди жашы алтымыштарга таяган аял.

- Жумушка...

- Ишке барбай эле туруңуз. Базарга чейин жөө кыдырып келдим, бир пенде жок. Дарактардын башында көзгө атарлар отурат. Көчөдө тандап, атып жатышат.

- Анда иш эмне болот?

- Ой, - кошунасы таң калды. – Сизге эмне кымбат: өмүрбү, же жумушпу?

- Экөө тең бирдей...

Сакадай да таң саар ойгонгон соң, бөлмөсүндө чайынып жатып, атылган октордун үнүн уккан. Аялдан эшиткен коркунучту ойлоп, денеси дүркүрөдү. Эмне кылаарын билбей, дендароо тартты. Көз ирмемден соң, суроо таштады:

- Өз көзүңүз менен көрдүңүзбү?

- Мага ишенбейсизби?

- Аман-эсен кайтыпсыз, жакшы... Сизге тийишпедиби?

- Мен орус болсом, эмне кылат эле... Тийишсе, мени коргоор Орусиям турат. Бизге бу жердеги эки тараптын согушу кызыксыз.

Сакадай ардана түштү. Орус аял ишенимдүү сүйлөгөндүктөн ичинен кейиди. Өз мамлекети көз карандык алгандан бери тынчтык бузулуп, үч-беш жыл сайын олку-солку түшкөнүнө ичи ачышты:"Көрдүңбү, жадесе биздин жерде төрөлүп, өсүп-өнгөн башкалар да бизге боор тартпайт. Орусубу, бөлөгүбү, орус жарандыгы барлар Россияны тирек кылат. А биз кимге ишенебиз? Биздин өлкөнү ким коргойт? Кимди тирек кылабыз?.. Биз ич ара урушуп-талашпай, ынтымак жашап, күнөстүү кыргыз жерин байырлагандар жеке өзүбүзгө гана ишенип, мамлекетибизди чыңашыбыз, байытышыбыз керек! Насыя бергендер аны он эселетип, үстөгү менен төлөтүп алат."

- Коңшулар жүйөөсү болбосо да, кээде имиш-сөгүштүн айынан араздашат. Бу курдай да ошондой болуп атат. Муну согуш дебеш керек. Согуш дегенди оозго албаш керек. Бул иш - саясатчылардын акмактыгынан чыккан жанжал. Элде айып жок, – деди ал кошуна аялга.

Сакадай жолго чыгып, бак-дараксыз көчөлөр менен жүрүүнү чечти. Ыраактан көрүнгөн дарактардын баш-этегине ага жакындай электе абай салып, бутак-шагында мылтык, же жаа кармаган адам аттуу жоктугуна ынанды. Бирок, шаардагы музыкалык мектептин тушунан тартып, Эркиндик аянтына дейре жайнаган адамдарды көрдү. Автоматын көкүрөгүнө асынып алган, колуна автомат, кош ооз мылтык кармагандарды учуратты. Кызыл чүпүрөк менен башын таңган найзалуусу да бар. Калың бак менен аянттын ортосуна курулган кош кабаттуу ресторан өрткө чулганып, жалын өөдө көтөрүлүүдө. Ашкана мурда ала топучан жигиттин менчиги болчу. Эшик-терезелери талкаланып, дубалдары кара түтүнгө ышталган ашканадан курал-жарактар табылганын ресторандын өйдөнкү кабаттарындагы айнектерге таш ыргыткандардан укту. Топ-топ болуп, ала топуларга кыжырданган кишилерди баштаган адам жок болуп чыкты, жигиттер өз ыктыяры менен чогулгандай. Чогулгандарды аралап жүрүп, Сакадай бирөөлөрдүн: "Узакка кириш керек... Узакты талкалаш керек" - деген үндөөлөрүн эшитти. Экинчи бири "ал жакка барба. Чаар топулар укмуш камданган. Бөөдө кырып салат" - деп атат. Аңгыча болбой, айнегинен кызыл тууну желбиреткен кара түстүү автоунаадан:

- Кеттик, Узакка! Узакты жок кылабыз - деген чакырык чыкты.

Бир топ киши анын артынан жүгүрдү. Көпчүлүк аянттан жылбай, аларды көз карашы менен гана узата карап турду. Алардын буту Узакка тарткан жок. Жашыл ыраң "Мерседести" айдаган адам шуу этип, алдыга кеткен кара түстүү унааны областтык автобекеттин тушунан токтотуп, артка кайрып келди.

15-июндун түнү да ала топулар байырлаган көчөнүн баш жагынан чыккан октун тарсылдагы көп кабаттуу үйлөрдүн жанында күчөдү. Атышуу үйдүн айланасында уланды. Чамасы, эч кимге ок жаңылбаган белем, кыйкырык-бакырык чыккан жок. Балким, бири кууп, экинчиси качкан топ дубалдарга калкаланып, кезек-кезеги менен ок үзүп атышкандай. Сакадай батиринин жарыгын өчүрдү да, сыртка кулак төшөдү. Куралчандар кирип келсе, кайда жашынаарын билбей, аргасы куруду. Жер төлөгө бекинүүнү, же терезеден качып чыгууну болжоду. Бирок, ок атыш көпкө узабай, токтоп калды.

## 11-БӨЛҮМ

Кара тасма жол чубалган адыр боору кыркалекей оюлган. Жер тереңине сүңгүгөн, жалгыз киши сыяр, оозу казандай бул оюктарды колу менен көмүр казгандар казган. Орусияга барып, иш табууга мурчасы жетпеген кырчындай жигиттер түйшүк менен тапкан көмүрүн бирткe тыйынга сатып, эптеп жан багат. Алар өмүрүн тобокелге салып, жер тереңиндеги кенге чычкан баткыдай ийин казып барышкан. Көмүр казганда, көзгө сайса көрүнгүс жер түбүндө иске ууланып, же көмүр басып калып, болбосо, жер көчүп түшүп, өмүрү кыйылгандар болду. Совет доорунда "Орто Азиянын от жагары" аталып, ишканалары күнү-түнү күрүлдөп иштеген адырлуу калаанын өнүмдүү, жумушка шарты белен шахталарын байлар ээлеген. Бирок, алардын да кен казганы сейрек. Сакадай бешенесине шам чырак кадалган уланды ээрчип, жер түбүнө түшүп баратты. Жалгыз аяк, тик ылдый чыйырдын оозу сырттан араандай чоң көрүнгөнү менен бара-бара бир адам араң баткыдай болуп, тарыды. Жер тепкич менен ылдыйлаган сайын көзүнө эчтеке көрүнбөй, баш-кулактары каптал дубалга урунуп атты. Кыйла тереңден чукулдуктун күрсө-күрс урулуп, көмүрдүн урап түшүп жатканы угулду. Үңкүрдө тизеси менен жылып, чалкалаган бирөө төбөсүндөгү кенди ургулап атат, ары жагында бүкчүңдөгөн боз бала додо болуп үйүлгөн көмүрдү капка салууда. Башка бирөөсү оозу байланган капты жер үстүнө чыгаруу үчүн таканчыктап сүйрөп, өйдөгө жылууда. Маңдайына кадалган шам чырактын күңүрт жарыгынан көмүрчүлөрдүн көзү-башы таанылбай, сөлөкөтү гана көзгө илешет. Эки бүктөлгөн Сакадай койну ысык тереңдин көңүл айланткан жытына чыдап:

- Жерге канча метр түштүк?

- Жүз элүү беш-жүз алтымыш метр болот го! -- деди чукулдук менен көмүрдү согуп аткан жигит.

- Дем алуу да оор экен. Өзүңөрдү аясаңар боло, жигиттер! Ооруп калуу мүмкүн, кооптуу жерде кырсык деген бар.

- Ооруну ойлогон адам, бу чуңкурга түшпөйт, байке! Аргасы жоктун амалы, жумуш жок. Үй-бүлө багаар жумуш чыкса, ушинтип көр казгандай мокочо болуп жүрбөйт элек.

- Мээнетиңер акталабы, анан?

- Нан-чайга жетет. Кымбат саталы десек, элдин колу жука. Баасын кымбаттатып, өкмөт өзү сатып алса, баймана-быз ашмак. Ак жака төрөлөр, атабыз менен тең сиздей чиновниктер бизге кам көрөөр бекен, салык төлө дегенден башка.

- Кечиресиз, мен өкмөт эмесмин, силердей эле карапайымбыз.

- "Кайыр-доом жок деп, тил кат жазып бергиле! Болбосо, тереңге түшпөгүлө!Өлүп каласыңар" – деп, анысы-мунусу коркутуп, кууп турушат.

- Ата-эне, бала-чакаңардын маңдайында аман-эсен жүрсүн дешет да.

- Эмесе, жакшы маяна төлөп беришсин.

Сакадай сөздү улантууну каалабады. "Бар тапканын той-аш менен бейчеки саясатка чача бербей, мамлекет жөнөкөй иштермандар менен кенчи-малчы, дыйканга кам көрсө экен. Четтен насыя суроого көнбөй, өз өндүрүшүбүздү жандантса"- деп ой жоруду, ал. Деми кысылганын сезип, оор үшкүрдү. Жер үстүнө батыраак чыгууну эңседи. Тереңге түшкөнгө караганда, тусмалдап, өөдө чыгуу кыйын туюлду. Алды жагында көмүрлүү капты бири үч бүктөлө жонуна көтөрүп, бири сүйрөп бараткан уландар. Кыйладан соң, оюктун оозунан жарыктын шооласы көрүндү.

2012-жыл. Обл Ак үйдүн короосу кайрале кыйсыпырга түштү. Кыйла күн көчөдө топтолуп, "Эркиндик" аянтында атчандары менен топурап, жыйын кургандар мүдөөлөрү таш капкандыктан облкеңсени ээлөөгө кайра жең түрүндү. Аянтка

тигилген боз үйлөрдө депутаттын эже-карындаштары менен ага туугандыгы жок байбичелер да наар татпай, абакта жаткан үч депутатты "бошот" деп турушту. Алар "кой-ай" дегенге көнбөй, кабылдамасын ээлегенден кийин губурнатырды иш бөлмөсүнөн кууп чыгышты. Анын: "Мен эмне кылайын? Сиздердин суроо-талабыңарды күндө Ак үйгө кабарлап атам. Балаңарды бошотуш колумдан келбейт" – деп актанганын тыңшаган пенде аз. Ага болбой, этек-жеңин жулкуп, беш-алты аял ороп, анын артынан сая түшүп алган. Ызы-чуунун басылаар түрү жок. Короо адамга толуп чыкты. Ар кимиси ар башка сөздүн башын айтууда.

- Депутаттар түрмөдөн чыккыча, губурнатырга орун жок.

- "Кумтөрдү" улутташтыруу керек. Чет элдиктер андагы алтындын ондон бирин да калтырбай атат.

- Ал эмес, мөңгүлөр да талкаланууда.

- Токтогула! Биз өз губурнатырыбызды шайлап алабыз.

- Ура-аа!.. Ким болот?

- Губурнатырлыкка Медер жарайт. Медер болсун!

- Келгиле, Медерди губурнатырлыкка шайлансын дегендер кол көтөргүлө. Добуш бергиле!

Короодогулардын баары кол көтөрүштү.

Эл ичинде ары-бери басып жүргөн Медерди бир топ балдар курчоого алып, кучактап, куттуктап ийишти. Аны колдоруна шак көтөрүштү да: "Балдар, коё тургула! Ал кызматтын мага кереги жок!" – дегенине көңүл бөлбөй, обл Ак үйдүн губурнатыр олтурган үчүнчү кабатын көздөй умтулушту. Губурнатырдын иш бөлмөсүн каалгасынын сыртынан тосуп алган аялдар эшикти ача коюшуп, жигиттерге жол бошотту. Алар көз ачып-жумгуча Медерди губурнатордун орундугуна жайландырышты. Бөлмөнүн ачык турган терезелеринен :

- Элдик губурнатыр Медер, Медер, Медер!.. – деп кыйкырган үндөр айланага жаңырып, аны уккан короодогулар

куттук айтып, кол чаап жатышты. Аксакалдар чепкен жаап, бата берди. Балпайган байбиче анын жүзүнөн өөп, калпак да кийгизе койду. Үч күн мурда ал он чакырым жол басып, жөө жүрүш менен өз айылдаштарын "Эркиндик" аянтына баштап келген болчу. Жыйналгандардын көкшүнү сууган он мүнөттөн кийин Медер чаңкаганын шылтоолоп, сыртты бет алды. Ошол бойдон обл Ак үйгө кайрылбай, үйүнө жөнөдү. Эртеси ишкерлигин ойлоп, кечке жасаар жумушун көңүлүндө чамалап, көчөгө чыга бергенде бурумда токтоп турган кара түстүү эки "ЖИП" унаасын көрдү. Унаалардан түшкөн тапанчалуу, жашыл ала шым кийген жигиттер аны эки колтугунан сүйөп, машинага түртүп чыгарышты. Аны кармагандар коопсуздук кызматынан болуп чыкты. Унаа катуу жүргөндүктөн Медердин соңунан жолго баш баккан анын аялы да машинанын номерин эсине түйүүгө үлгүрбөй калды.

Сакадай Медерди ким, эмне үчүн, кайда жетелеп кеткенин билүүгө ниеттенип, чөнтөк телефону менен Медерге тынбай чалды. Түштөн кийин гана андан үзүл-кесил жооп болду. Адегенде "Төө-Ашууда баратабыз" дегенин укту. Арада байланыш үзүлүп, кайра уланбай, оо бир канчадан соң, Медерден "Кара-Балта... Кара-Балта..." деген жооп келди. Сакадай "демек, аны Бишкекке алып бараткан экен" деп түкшүмөлдөдү.

Буга ачуулангандардын жарымы "Бишкек-Ош" жолун бууганга чамынды, калганы облкеңседен карыш жылбады. Бир апта жол тоскондор үч депутат менен Медер бошотулганда гана максаттарынан кайра жанаарын айтышты. Унаа жолу ал кайтып келип, айылдаштарынан сураганда гана ачылды.

***Биринчи китептин аягы.***

## *Мазмуну*

Алгы сөз ........................................3
1-бөлүм ........................................7
2-бөлүм ........................................13
3-бөлүм ........................................25
4-бөлүм ........................................33
5-бөлүм ........................................100
6-бөлүм ........................................102
7-бөлүм ........................................124
8-бөлүм ........................................131
9-бөлүм ........................................147
10-бөлүм ........................................150
11-бөлүм ........................................217

**Ырысбай Абдыраимов**

**ОК МЕНЕН
ЧОКТУ АРАЛАП**

*Повесть*

Редактору *Б. Табалдиев*
Корректору *А. Абдыраимова*
Компьютердик калыпка салган
*А. Кыдыралиев*

Басууга 10.10.2018 берилди. Форматы 60x84 1/16.
Офсеттик кагаз. Көлөмү 13,8 б.т.
Нускасы 150. Заказ № 70.

"Мега Формат" басмасында басылды.



**Ырысбай АБДЫРАИМОВ** - 1953 – жылы Жалал – Абад облусунун азыркы Ноокен районунда төрөлгөн. Кыргыз мамлекеттик СССРдин 50 жылдыгы атындагы университетинин «кыргыз филологиясы жана журналистика» факультетин бүтүргөн. Республикалык «Кыргыз Туусу» гезитинде, Эл аралык «Эркин Европа/Азаттык» радиосунда иштеген. Чыгармалары «Ала-Тоо», «Чалкан», «Кырчын» журналдары жана «Кыргызстан маданияты», «Советтик Кыргызстан», «Эркин Тоо», «Кыргыз Туусу», «Ленинчил Жаш», «Мугалимдер гезити» өңдүү республикалык гезит – журналдарда, адабий-көркөм альманахтарда, кыргыз улуттук радиодо, интернет журналдарда жарыяланган.

1990-жылы Фрунзе шаарында «Адабият» басмасынан «Бала кумары» аттуу аңгемелер жыйнагы жарык көргөн.

2017-жылы Бишкек шаарында «Өмүр кымбат» аттуу прозалык адабий-көркөм китеби басылып чыккан.

Кыргыз Республикасынын Ардак Грамотасы жана Эл аралык Азамат Алтай атындагы медаль менен сыйланган.